# ИСЛАМДАГЫ БАШКАРУУ ТҮЗҮМҮ

**Хизбут-Тахрир басылмаларынан**
1372-х. – 1953-м.

**<u>Исламда башкаруу түзүмү</u>**
**Кыргыз тилиндеги экинчи басылышы**
1432-х. – 2011-м.

﴿ وَأَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ مُصَدِّقٗا لِّمَا بَيۡنَ يَدَيۡهِ مِنَ ٱلۡكِتَٰبِ وَمُهَيۡمِنًا عَلَيۡهِۖ فَٱحۡكُم بَيۡنَهُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُۖ وَلَا تَتَّبِعۡ أَهۡوَآءَهُمۡ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ ٱلۡحَقِّۚ ﴾

- ***«****(Эй Мухаммад),* ***сага өзүнөн алдыңкы китептерди тастыктоочу жана ал*** *(китептер)* ***үстүндө күбө болгон бул Китепти акыйкат менен түшүрдүк. Демек, алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе».*** **[5:48]**

# КИРИШ СӨЗ

«Башкаруу түзүмү» китебинин биринчи басылышы элүүнчү жылдардын башында жазылган. Ал кезде мусулмандар интеллигенттеринин зээнинде Батыш сакафатынын күчтүү таасири болгон. Бул таасир себептүү алардын зээндеринде: «Ислам – кудайжөйлүк дини, анда азыркы замандын турмуштук проблемаларын чечүүгө жарактуу түзүм жок. Исламдагы мамлекет диний, рухий мамлекет болгондуктан, анда мамлекет үчүн башкаруу түзүмү да жок», - деген пикир өкүмдар болгон.

Ислам үчүн аракет кылып жаткандар ачык-айкын болбогон, жалпы пикирлер менен даъват кылышчу. Бул пикирлерде Ислам – турмуш, мамлекет жана коом үчүн – мукаммал (толук-кемтиксиз) түзүм катары ачык көрүнчү эмес. Жогорудагы аракет кылуучулар Ислам түзүмү жөнүндө жана Ислам менен өкүм жүргүзүүнү кайрадан баштоо жөнүндө зээндеринде ачык-айкын элестетүү болбогон абалда, ачык жана жалпы көрүнүштө Исламга кайтууга чакырышар эле. Аллах түшүргөн вахийге ылайык өкүм жүргүзүүнү кайта алып келүү Халифалык мамлекетин тикелөө менен гана жүзөгө чыга тургандыгы алардын даъватынан көрүнчү эмес. Ушул себептен улам, алардын аракет программаларында Халифалыкты тикелөөгө жана Аллах түшүргөн вахийге ылайык өкүм жүргүзүүнү кайта алып келүүгө орун берилбеген.

Мына ошол кезде бир уюм үммөттүн вакыйлыгын, түшүп калган абалын жана тарыхын үйрөндү. Ислам акыйдасына негизделген, ушул акыйдадан келип чыккан шаръий өкүмдөрдү колдонгон, аны бүткүл дүйнөгө рисалат катары жайган мамлекетин о.э. анын мамлекет катары дүйнөдөгү эң улуу мамлекет болуп турган кезиндеги күч-кубатын жана өкүмдарлыгын үйрөнүп чыкты. Кийин ушул уюм Исламды анын чыныгы булактары болгон Китеп жана сүннөттөн аң-сезимдүү түрдө үйрөндү о.э. «Ислам – турмуштун бардык проблемаларын чечип берүүчү, кеңири камтуучу жана мукаммал түзүм» деген тыянак чыгарды. Үйрөнгөн жана тыянак кылган натыйжаларын кыскача кылып, жөнөкөй көрүнүштө, тафсилаттарына киришпеген абалда баян кылуучу китептерди жазды. Ошентип, Ислам системасы, башкаруу түзүмү, экономикалык түзүм жана ижтимаий түзүм жөнүндө китептер жазылды. Бул китептерди жазууда амалий жакка көңүл бурду. Мындан максат: мусулмандар Исламдын амалий мабда экендигин жана колдонууга жарактуу, камил түзүм экендигин түшүнүп жетишсин; анын түзүмдөрүн табанний кылышсын; бул түзүмдөрдү колдонуу жана турмуш майданында пайда кылуунун жападан-жалгыз жолу болгон – Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу бул түзүмдөрдү турмуш майданында жүзөгө чыгарууга аракет кылышсын.

Бул пикир жана түзүмдөрдү турмуш майданында пайда кылуу үчүн уюм аларды жайды, үзгүлтүксүз көрүнүштө талкууларды уюштурду, алар жөнүндө айтты, аларды айкындаштырып берди жана алардын

булактарына кайрылды – мына ушулардын натыйжасында бул пикирлер кеңейди. Эми бул пикирлер негизги багыттарга жана кыскача сүрөттөөлөр алкагына чектелбей калды. Айрыкча, Ислам мусулмандардын арзуусуна, азыркы аянычтуу абалдарынан куткаруучу үмүт шооласына айлангандан кийин, алар Ислам турмуштун бардык проблемаларын чечүүчү кеңири камтуучу түзүм экендигин түшүнүшкөндөн кийин о.э. тикелөө үчүн аракет кылынып жаткан Халифалык мамлекети жөнүндө, Халифалык мамлекети тез арада аларга колдоно турган Ислам түзүмдөрү жөнүндө көптөгөн тафсилаттарды билүүгө үндөөчү фактор пайда болгондон кийин, бул пикирлер өзүнүн тар чөйрөсүнөн чыкты. Бул жараяндар бизди жогорудагы китептерди кеңейтүүгө, алгачкы басылып чыккан кезде болбогон тафсилаттар менен байытууга үндөдү.

«Башкаруу түзүмү» китебинин үчүнчү басылышында аны кеңейтүүгө о.э. Халифалык мамлекетинин вакыйлыгын, анын жихаздарын, иштерин жана аларга тиешелүү өкүмдөрдү кеңири баяндоого аракет кылдык. Исламдагы башкаруу формасы дүйнөдөгү бардык башкаруу түзүмдөрүнөн айырмаланып туруучу өзгөчө форма экендигин кеңири баяндадык. О.э. Халифалык мамлекетинин башкаруусу жана жихаздарынын негиздерин, халифаны шайлоо тарыйкатын жана анын услубдарын кеңири баяндадык. Халифалык мамлекети илахий эмес, инсаний мамлекет экендигин баян кылдык. Муавиндерге, алардын салахияттарына (ыйгарым укуктарына), шуронун өкүмүнө, Үммөт Межлиси жана анын салахияттарына кеңири токтолуп өттүк. Исламды толук бойдон колдонуу важиб экендигин, анын өкүмдөрүн баскычма-баскыч колдонуу арам экендигин ачык-айкын баян кылдык. О.э. мамлекетте башкаруунун полициялык, жандармдык башкаруу болушу арам экендигин, акимге моюн сунуу качан важиб да качан арам экендигин, качан ага каршы кылыч көтөрүү важиб экендигин жана ар дайым аны мухасаба кылуу (эсеп-китеп алып, тергеп-тескеп туруу) важиб экендигин көрсөтүп бердик.

Китептин үчүнчү басылышында хадистер кандай чыгарылганы айтылбаган болчу жана хадистер хадис китептеринде болгон тексттери менен баян кылынбаган эле. Алардын көбүн алууда ишеничтүү, муътабар фикх китептеринде келген тексттерге таянган элек. Бирок, фикх китептери да кээде хадистин маанисин риваят кылат, же болбосо далил кылып хадистин бир бөлүгүн келтирүү менен чектелет. Китептин үчүнчү басылышы таркап кеткенден кийин, төртүнчү басылышын чыгарууга киришкенибизде, үчүнчү басылыштагы кемчиликтерди оңдодук. Китепте келтирилген бардык хадистердин кандай чыгарып алынганын, бул хадистер кайдан алынгандыгын айтып өттүк. Хадистерди хадис китептеринде келген тексти менен келтирдик. Сахих экендигине же далил кылып келтирүүгө жарактуу экендигине толук ишенбеген

хадистерди алып салдык. Китепте келген бардык кабарларды өз булактарынан текшерип көргөндөн кийин гана, алардын сахих экендигине ишеним жараттык. Ишенимибиз толук болбогон же заиф деп тапкан хадистерди чыгарып таштадык. О.э. талкуулашуу жана булактарга кайрылуунун натыйжасында кээ бир түшүнүк жана өкүмдөрдү оңдодук. Акыры китеп, биз мусулмандарга сунуштап жаткан ушундай көрүнүштө чыкты.

Биз Аллах Субханаху ва Тааладан – бул китеп аркылуу көп жакшылыктарды беришин , китепте айтылган пикир жана өкүмдөрдү колдоно турган Халифалык мамлекетин тикелөө менен мусулмандарды тезирээк азиз кылышын – суранып калабыз. Бул иш Аллахка жеңил.

15-мухаррам, 1417-х.

1-июнь, 1996-м.

**Абдул-Кадим Заллум**

## АЛГЫ СӨЗ

Аллах Субханаху ва Таала Ислам рисалатын түшүрдү. Тавхид акыйдасы болгон «Аллахтан башка илах жок, Мухаммад Аллахтын элчиси» акыйдасын бул рисалатка негиз кылды.

Ушул рисалат бүткүл адамзат үчүн жалпы рисалат болуп, ал турмуштун бардык иштерин, анын өзүнөн мурунку Вужудга жана өзүнөн кийинки турмушка болгон байланышын тартипке салат. Адамдын адам катары бардык проблемаларын чечип берет. Бардык заман жана мекенде анын Жаратуучусу менен жана башка адамдар менен боло турган мамилелерин тартипке салат.

Ушул рисалат Жаратуучунун – аалам, адам жана тирүүлүккө – жаратуу жана тартипке салуу, тирилтүү жана өлтүрүү, хидаят жана залалат, ырыскы жана жардам берүү жагынан болгон байланышын; жана булардан башка кудурет, хакам, тадбир, тасарруф, бүткүл барлыкты камтып алуучу илим жана бардык иштерге тиешелүү ирада сыяктуу Аллах Таала сыпатталган сыпаттар жагынан болгон байланышын тартипке салып берет.

О.э. адам жана тирүүлүктүн Жаратуучу Аллахка болгон байланышын тартипке салуу менен биргеликте, адамга жалгыз Аллахка ибадат кылууну; мыйзамдарды Андан алууну; эч бир махлукту бир да нерседе Аллахка шерик кылбоону; Аллахка Анын Өзү адамдарга үйрөткөн көрүнүштө гана ибадат кылууну; Анын буйруктарын аткарып, кайтарууларынан кайтууну; Пайгамбар Мухаммад ﷺга гана ээрчип, андан өрнөк алууну, андан башкага ээрчибестикти жана өрнөк албоону фарз кылды, буйруду.

Бул рисалат белгилүү бир анык пикирлерди алып келип, бул пикирлер аркылуу эң жакшы хазаратты (дүйнө карашты) жүзөгө келтирди, турмуш жөнүндөгү түшүнүктөр топтомун белгилеп берди, бул пикирлерди кабыл алгандардын канааттануйларын ушул хазаратка ылайык тунукташтырды. О.э. турмуш жөнүндөгү анык бир көз карашты т.а. адал жана арамды белгилеп берди. Белгилүү бир турмуш таризин пайда кылды, муну менен пикирлеринде, туйгуларында, мыйзамдарында жана адамдарынын шахсияларында өзүнө таандык өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган бир коомду пайда кылды.

О.э. ушул рисалат мамлекет жана коомдогу бардык мамилелерди: башкарууга, экономикага, ижтимаий тармакка, таалимге, ички жана тышкы саясатка тиешелүү мамилелерди о.э. мамлекет менен калктын ортосундагы, мамлекет менен башка мамлекеттердин ортосундагы, улуттар жана калктар ортосундагы тынчтык жана согуш абалындагы жалпы мамилелерди, коомдогу адамдардын бири-бири менен боло турган мамилелерин тартипке сала ала турган мукаммал мыйзамчылыкты алып келди.

Муну менен ал бүткүл адамзаттын турмушун камтыган мукаммал түзүм болду. Ал бардык мусулмандарга ушул түзүмдү Халифалык түзүмүндө көөдөлөнүп-көрүнгөн белгилүү бир формадагы мамлекетте колдонууну фарз кылды.

## ИСЛАМДАГЫ БАШКАРУУ

«Хукм» сөзүнүн лугавий-лексикалык мааниси – буйрук. Хаким – хукмдун кылуучусу. Ал эми терминде болсо хукм (башкаруу), мулк (падышалык) жана салтанат (бийлик) бирдей мааниде болуп, алар хукмдарды (өкүм-мыйзамдарды) ишке ашыруучу күч дегенди түшүндүрөт. Б.а. ал шарият мусулмандарга важиб кылган башкаруу иши болуп, келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылуу жана зулумдардын алдын алуу үчүн колдонула турган күч дегени. Демек, хакимият дегени – Аллах Тааланын төмөнкү сөзүндө келген «амирлик»:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ أَطِيعُواْ اللّهَ وَأَطِيعُواْ الرَّسُولَ وَأُوْلِي الأَمْرِ مِنكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка моюн сунгула, жана Пайгамбарга моюн сунгула, жана өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге моюн сунгула».*** **[4:59]**

وَلَوْ ردوه إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَى أُولِي الْأَمْرِ مِنْهُمْ

***«Эгер (алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен) пайгамбарга жана өздөрүнөн болгон амирлерге гана жеткиришкенде...».*** **[4:83]**

Демек, «акимият» иштерди түздөн-түз амалий түрдө (иш жүзүндө) башкаруу дегени.

Ислам мамлекет, коом жана турмуш мабдасы болгондуктан, ал мамлекет жана башкарууну өзүнүн бир бөлүгү деп белгиледи. О.э. мусулмандарды мамлекет жана башкарууну тикелөөгө, Ислам мыйзамдары менен өкүм жүргүзүүгө буйруду. Куранда ондогон аяттар мусулмандарды Аллах түшүргөн вахий менен өкүм жүргүзүүгө буюрат:

فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهَمْ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ الْحَقِّ

***«Демек, алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе».*** **[5:48]**

وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَآ أَنْزَلَ اللهُ إِلَيْكَ

***«****(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе. Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!».*** **[5:49]**

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللّٰهُ فَأُولِئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер».*** **[5:44]**

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللهُ فَأُولَئِكَ هُمُ الظَّالِمُونَ

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда, алар залимдер».*** **[5:45]**

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللهُ فَأُولَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар фасиктер».*** **[5:47]**

فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لاَ يَجِدُوا فِي أَنْفُسِهِمْ حَرَجًا مِمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُوا تَسْلِيمًا

***«Жок, Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрүн чечүүдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай толук моюн сунушмайынча, эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الأَمْرِ مِنْكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка моюн сунгула, жана Пайгамбарга моюн сунгула, жана өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***амирлерге моюн сунгула».*** **[4:59]**

وَإِذَا حَكَمْتُمْ بَيْنَ النَّاسِ أَنْ تَحْكُمُوا بِالْعَدْلِ

***«****(Аллах Таала)* ***адамдар арасында өкүм кылганыңарда адилеттүүлүк менен өкүм кылууга буйруйт».*** **[4:58]**

Башкарууга тишелүү мындан башка да ондогон аяттар бар. Дагы көптөгөн аяттар бар болуп, ал аяттар башкаруу иштеринин тафсилаттарына далалат кылат. Мисалы, Куранда аскерий мыйзамчылык, саясий мыйзамчылык, кылмыштуулукка тиешелүү мыйзамчылык, ижтимаий мыйзамчылык, жарандык мыйзамчылык жана мындан башка мыйзамчылыктарга тиешелүү аяттар да бар. Аллах Таала айтат:

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قَاتِلُوا الَّذِينَ يَلُونَكُمْ مِنَ الْكُفَّارِ وَ لِيَجِدُوا فِيكُمْ غلظةَ

***«Эй момундар, айланаңардагы кафирлерге каршы согушкула жана алар силердеги күч-кубатты көрүшсүн!».*** **[9:123]**

فَإِمَّا تَثْقَفَنَّهُمْ فِي الْحَرْبِ فَشَرِّدْ بِهِمْ من خَلْفَكُمْ لَعَلَّهُمْ يَذَّكَّرُونَ. وَإِمَّا تَخَافَنَّ مِنْ قَوْمٍ خِيَانَةً فَانْبَذْ إِلَيْهِمْ عَلَى سَوَاءِ

***«Эгер алар менен согушта беттешсең, аларды жок кылуу менен аркаларындагы адамдарды коркутуп койгун! Балким сабак алышар. Эгер*** *(араңарда келишим болгон)* ***бирер коом тарабынан кыянатты***

***сезсеңер, аларга бап-барабар кылып таштагыла*** *(т.а. келишимди үз жана ортоңордогу келишим бүткөндүгүн эки тарап тең билсин)****».*** **[8:57-58]**

وَإِنْ جَنَحُوا لِلسَّلْمِ فَاجْنَحْ لَهَا وَتَوَكَّلْ عَلَى اللهِ

***«Эгер алар келишимге ыкташса, сен да ага ыктагын жана Аллахка тобокел кылгын!»*** **[8:61]**

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَوْفُوا بِالْعُقُودِ

***«Эй момундар, келишимдерге бапаа кылгыла!»*** **[5:1]**

وَلاَ تَأْكُلُوا أَمْوَالَكُمْ بَيْنَكُمْ بِالْبَاطِلِ وَتُدْلُواْ بِهَا إِلَى الْحُكَّامِ لِتَأْكُلُوا فَرِيقًا مِنْ أَمِوَالِكُمْ بَيْنَكُمْ بِالإِثْمِ وَأَنْتُمْ تَعْلَمُونَ

***«Мал-мүлк, байлыгыңарды өз араңарда арам жолдор менен жебегиле!*** *(Т.а. бири-бириңердин акыңарды жебегиле!)* ***Жана*** *(күнөө кылып жатканыңарды)* ***билип туруп, адамдардын мал-мүлкүнүн бир бөлүгүн арам жол менен жеш үчүн*** *(мүлкүңөрдөн пара кылып)* ***акимдерге узатпагыла!»*** **[2:188]**

وَلَكُمْ فِي الْقَصَاصِ حَيَاةٌ يَآ أُولِي الأَلْبَابِ

***«Силер үчүн өч алууда жашоо бар, эй акыл ээлери!»*** **[2:179]**

وَالسَّارِقُ وَالسَّارِقَةُ فَاقْطَعُوا أَيْدِيَهُمَا جَزَآءً بِمَا كَسَبَا نَكَالاً مِنَ اللهِ

***«Ууру эркектин да, ууру аялдын да – кылмыштарына жаза болсун үчүн – колдорун кескиле! Бул Аллахтын жазасы»*** **[5:38]**

فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَآتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ

***«Эгер*** *(талак кылган аялдарыңар)* ***силердин балдарыңарды эмизишсе*** *(т.а. өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе),* ***алардын акыларын төлөп бергиле!»*** **[65:6]**

لِيُنْفِقْ ذُو سَعَةٍ مِنْ سَعَتِهِ وَمَنْ قدر عَلَيْهِ رِزْقُهُ فَلْيُنْفِقْ مِمَّا آتَاهُ اللهُ

***«Бай-дөөлөттүү киши өз байлыгынан*** *(байлыгына жараша турган)* ***нафака берсин. Кимдин ырыскысы кысылган*** *(кембагал)* ***болсо, анда Аллах өзүнө тартуу кылган нерседен*** *(өз абалына жараша)* ***нафака берсин!»*** **[65:7]**

خُذْ مِنْ أَمْوَالِهِمْ صَدَقَةً تُطَهِّرُهُمْ

***«****(Эй Мухаммад),* ***сен алардын малдарынан бир бөлүгүн өздөрүн тазалай турган садака*** *(зекет)* ***катары алгын».*** **[9:103]**

О.э. Курандагы жүздөгөн аяттардан – о.э. көптөгөн сахих хадистерден да – жарандык, аскердик, кылмыштуулук, саясий мыйзамчылыктар жана мамилелер үчүн баяндарды табабыз. Ушул аят жана хадистердин

бардыгы өкүм жүргүзүү, турмушта колдонуу о.э. аткаруу үчүн түшүрүлгөн. Ушул аят жана хадистер Расулуллох ﷺ заманында, Хулафаи рошидиндер жана алардан кийин келген мусулмандар акимдери заманында иш жүзүндө колдонулган. Булардын баары Ислам башкаруу жана мамлекет, коом жана турмуш, үммөт жана жеке адамдар үчүн түзүм экендигин көрсөтүп турат. Демек, Ислам мамлекетинин иштери Ислам түзүмүнө ылайык жүргүзүлбөсө, анда ал башкарууга ээлик кыла албайт. Эгер Ислам мыйзамдарын аткара турган мамлекет болбосо, анда Ислам эч качан турмушта тирүү тура албайт. Ислам – бул дин жана мабда. Башкаруу жана мамлекет анын бир бөлүгү. Өз өкүмдөрүн колдонуу жана жалпы турмушта аткаруу үчүн Ислам белгилеген жападан-жалгыз шаръий тарыйкат – бул мамлекет. Исламды бардык абалдарда ишке ашыра турган мамлекет болбосо, анда Ислам турмушка активдүү аралаша албайт. Ислам мамлекети – саясий мамлекет, аны адам башкарат. Ал илахий-рухий мамлекет эмес. Анда ыйыктык жок. Ал мамлекеттин жетекчиси исмат (күнөөдөн тазалык) сыпатына ээ эмес.

Исламдагы башкаруу түзүмү – мамлекеттин формасы жана сыпатын; принцип жана жихаздарын; курула турган негизин о.э. иштерди башкаруудагы пикирлерди, түшүнүктөр жана өлчөөлөрдү; колдоно турган дустур жана мыйзамдарды (конституция жана закондорду) баян кылып бере турган түзүм болуп эсептелет.

Ал түзүм өзүнө хос белгилүү бир мамлекеттин түзүмү. Ал дүйнөдөгү бардык башкаруу түзүмдөрүнөн бүтүндөй айырмаланат. Ал башка түзүмдөрдөн курула турган негизинде да; иштерди башкаруудагы пикирлери, түшүнүктөрү жана өлчөөлөрүндө да; аны көөдөлөндүрүп турган формасында да; колдонуп жаткан дустур жана мыйзамдарында да бүтүндөй айырмаланат.

## ИСЛАМ МАМЛЕКЕТИ

Ислам мамлекети шариятты колдоно турган Халифада көөдөлөнүп-көрүнөт. Ислам мамлекети Ислам өкүмдөрүн колдонуу жана аткаруу о.э. бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын даъват жана жихад аркылуу алып чыгуу үчүн саясий аткаруучу вужуд болуп эсептелет. Ислам мамлекети – Исламдын өз түзүм жана мыйзам-өкүмдөрүн турмушта, коомдо колдонуу үчүн белгилеген бирден-бир тарыйкаты о.э. турмушта Исламдын тирүү болушунун негизи. Ислам мамлекетисиз Ислам турмушта мабдаъ жана турмуштук түзүм катары жашап тура албайт, ал куру рухий ырасымдар жана ахлакий сыпаттарга айланып калат. Ошондуктан, Ислам мамлекетинин бар болуу шарты убактылуу эмес, туруктуу.

Ислам мамлекети Ислам акыйдасынын гана үстүнө курулат. Ислам акыйдасы Ислам мамлекетинин негизи болуп, ар кандай абалда да андан ажыроосу шаръий жактан жайиз эмес. Расулуллох ﷺ Мединада өз бийлигин орнотуп, башкарууну өз колуна алган биринчи күндөн баштап мамлекетти Ислам акыйдасы үстүнө курду. Мыйзамчылыкка тиешелүү аяттар ал убакта түшүрүлбөгөн эле. «Аллахтан башка илах жок жана Мухаммад ﷺ анын элчиси» экендигине күбөлүк берүүнү мусулмандардын турмушуна, адамдардын ортосундагы мамилелерге, зулумдарды жоготууга жана келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылууга негиз кылды. Т.а. аны бүтүндөй турмушка, анын ичинде бийлик жана башкарууга да негиз кылды. Расулуллох ﷺ муну менен эле чектелип калбады, балким, жихадды мыйзамдаштырып, адамдарга бул акыйданы жеткирүү үчүн жихадды мусулмандарга фарз кылды. Имам Муслим жана Бухарий Абдулла ибн Умардан риваят кылат: Расулуллох ﷺ айтты: «Адамдар Аллахтан башка илах жок жана Мухаммад Аллахтын элчиси деп күбөлүк беришмейинче о.э. намазды толук өтөп, зекетти беришмейинче, алар менен согушууга буюрулдум. Эгер алар бул иштерди кылышса, менден өз жандары жана малдарын сактап калышат, бирок, Исламдын акысы мындан тышкары (т.а. шарият фарз кылган зекет жана касас сыяктуулар Исламдын акысы болуп эсептелет), алардын эсеп-китептери Аллахка калат».

Кийин Расулуллох ﷺ Ислам акыйдасы мамлекеттин туруктуу негизи болуп калышын коргоону мусулмандарга фарз кылды жана эгер ачык куфр жүз берсе – т.а. бийлик жана башкарууга Ислам акыйдасы негиз болбой жаткан болсо – кылыч көтөрүп согушууга буйруду. Ал эми «Залим акимдерге каршы кылыч көтөрүп күрөшөбүзбү?» деп суралганда, Расулуллох ﷺ: «Жок (күрөшпөйсүңөр), намазды толук аткарып жатышкан болсо», - деп жооп берди. Байъаттарда да мусулмандарга – башчылары тарабынан ачык куфр жүз бермейинче – алардан башчылыкты талашпоону шарт кылды. Имам Муслим Ауф ибн Маликтен жаман имамдар жөнүндө риваят кылат: «Я Расулуллох, аларга каршы кылыч көтөрүп күрөшпөйбүзбү?» - деп суралганда, Расулуллох ﷺ: «Жок, алар

араңарда намазды өтөп жатышкан болсо», - деп жооп берди. Имам Бухарий Убада ибн Сомиттен байъат жөнүндө: «Башчылардан жүз берген иштин ачык куфр экенине Аллах тарабынан анык далилибиз болбосо, алар менен башчылыкты талашпоого… байъат кылдык», - деп риваят кылат. Табароний бул хадисти «…ачык-айкын куфр» лафзи менен риваят кылган. Жогорудагы хадистердин бардыгы мамлекеттин негизи Ислам акыйдасы экендигин көрсөтүүдө. Себеби, Расулуллох ﷺ бийликти акыйда негизине курган жана акыйда бийликтин негизи болуп турушу жолунда кылыч көтөрүп согушууга жана жихад кылууга буйруган.

Ошондуктан, Ислам мамлекетинде Ислам акыйдасынан келип чыкпаган бирер пикир же түшүнүк да, бирер өкүм же өлчөө да болушу мүмкүн эмес. Себеби, Ислам мамлекети деп атап коюу менен эле Ислам акыйдасы негиз болуп калбайт, тескерисинче, бул акыйда мамлекеттин жашап турушуна тиешелүү болгон ар бир нерседе көрүнүп турушу керек о.э. чоң же кичине болушуна карабастан, ар бир иште даана көрүнүшү шарт. Ислам мамлекетинде турмуш жөнүндөгү бирер түшүнүктүн же бирер мыйзамдын Ислам акыйдасынан келип чыкпаган болушу жайиз эмес. Ислам мамлекетинде Ислам акыйдасынан келип чыкпаган бир да түшүнүккө орун жок. Ислам мамлекетинде демократия түшүнүгүн табанний кылууга уруксат берилбейт. Себеби, ал Ислам акыйдасынан келип чыкпаган. Мындан тышкары, демократия түшүнүгү Ислам акыйдасынан келип чыккан түшүнүктөргө тескери. Ислам мамлекетинде улутчулдук түшүнүгү этибарда болушу да жайиз эмес. Себеби, бул түшүнүк Ислам акыйдасынан келип чыкпаган. Мындан тышкары, Ислам акыйдасынан келип чыккан түшүнүктөр улутчулдук түшүнүгүн каралап, андан кайтарып жана анын коркунучун баян кылып келген. Ислам мамлекетинде мекенчилдик түшүнүгүнө да орун жок. Себеби мекенчилдик түшүнүгү Ислам акыйдасынан келип чыкпаган. Мындан тышкары, ал Ислам акыйдасынан келип чыккан түшүнүктөргө тескери келет. О.э. Ислам мамлекетинин жихазында (структурасында) демократия түшүнүгүндөгү сыяктуу министрликтер, өкүм жүргүзүүсүндө болсо императорлук, королдук же республика түшүнүктөрү болушу мүмкүн эмес. Себеби, алар Ислам акыйдасынан келип чыкпаган жана андан келип чыккан түшүнүктөргө карама-каршы. О.э. мамлекетти тергеп-тескөө да – мейли жеке адамдар, кыймылдар жана уюмдар тарабынан алып барылышына карабастан – Ислам акыйдасынан башка негизде алып барылышына катуу тыюу салынат. Ислам акыйдасынан башка негизге негизделген кыймыл, уюм жана партиялардын бар болушуна да жол берилбейт. Себеби, Ислам акыйдасынын мамлекетке негиз болушу ушулардын баарын талап кылат. Акимге жана мамлекетти башкарып жаткан жаранга аларды важиб кылат.

Ислам акыйдасы Ислам мамлекетинин негизи болушунун важиб экендиги мамлекеттин дустуру жана башка мыйзамдары Аллахтын

Китеби жана Расулунун сүннөтүнөн алынган болушун талап кылат. Аллах Таала аким жана султанды Расулуна түшүргөн түшүргөн вахий менен өкүм жүргүзүүгө буйруду жана Аллах түшүргөн вахийден башкасы менен өкүм жүргүзүп жаткан акимди – эгер ал мындай мыйзамга итикад кылып, Аллах түшүргөн вахийди жараксыз деп итикад кылса – кафир деп өкүм кылды. Эгер минтип итикад кылбаса, бирок, Аллах түшүрбөгөн нерсе менен өкүм жүргүзсө, аны залим, фасик жана күнөөкөр деп өкүм кылды. Аллахтын султан жана акимге өзү түшүргөн вахий менен өкүм жүргүзүүгө каратылган буйругу Куран жана Сүннөттө келген. Аллах Таала айтат:

فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ

***«Жок, Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрүн чечүүдө сени өкүм чыгаруучу кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللهُ

***«****(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын!».*** **[5:49]**

Аллах Таала мамлекет мыйзамчылыгын өзү түшүргөн вахийге чектеп жана андан башкасы менен өкүм жүргүзүүдөн т.а. куфр өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүүдөн кайтарды. Аллах Таала айтат:

وَمَنْ لَمْ يَحْكُمْ بِمَا أَنْزَلَ اللهُ فَأُولآئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер».*** **[5:44]**

Пайгамбарыбыз ﷺ айтат: «Биздин буйругубузга ылайык келбеген ар бир иш четке кагылат».

Булардын бардыгы дустур жана мыйзамдардан турган мамлекет мыйзамчылыгы Ислам акыйдасынан келип чыккан шаръий өкүмдөргө т.а. Аллах өз Расулуна түшүргөн Китеп жана сүннөттөгү о.э. бул экөө жол көрсөткөн кыястагы жана сахабалардын ижмасындагы өкүмдөргө чектелгендигине далалат кылат.

Мындан тышкары, Шариънин хитабы пенделердин иштерине тиешелүү болуп, адамдардын бардык иштеринде ушул хитабга моюн сунушу талап кылынган. Ошондуктан, бул иштерди тартипке салуу Аллах Субханаху ва Таала тарабынан келди. О.э. Ислам шарияты адамдардын бардык иштери жана мамилелерине тиешелүү болуп келди. (Бул мамилелер: пенденин Жаратуучусу менен болгон мамилеси; өзү менен болгон мамилеси; башкалар менен болгон мамилеси). Ошондуктан, Исламда адамдардын бардык мамилелерин тартипке салуу үчүн адамдар тарабынан мамлекеттин мыйзамдарын түзүүгө орун жок. Себеби, алар шарият өкүмдөрү менен чектелишкен. Аллах Таала айтат:

وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانْتَهُوا

***«Пайгамбар өзү силерге алып келген нерсени алгыла жана ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла!».*** **[59:7]**

وَمَا كَانَ لِمُؤْمِنٍ وَلاَ مُؤْمِنَةٍ إِذَا قَضَى اللهُ وَرَسُولُهُ أَمْرًا أَنْ يَكُونَ لَهُمُ الْخِيَرَةُ مِنْ أَمْرِهِمْ

***«Аллах жана Анын пайгамбары бир ишти буйруган убакта бирер момун жана мумина үчүн*** *(Аллахтын өкүмүн коюп)* ***өз иштеринде ыктыяр кылуусу жайиз эмес».*** **[33:36]**

Пайгамбар ﷺ айтат: «Аллах фарз иштерди белгиледи, аларды сая кетирбегиле; хаддарды белгиледи, алардан өтүп кетпегиле; бир канча нерседен кайтарды, аларды кылбагыла; көп нерселер жөнүндө – унутуп эмес – силерге жеңилдик кылып унчукпады, алар жөнүндө сүрүштүрбөгүлө». Имам Муслим Айша ؓ дан риваят кылат: Расулуллох ﷺ айтат: «Кимде-ким бул ишибизде андан болбогон нерсени пайда кылса, ал рад кылынат (четке кагылат)». Демек, шарият мыйзамдарын түзүүчү султан эмес, тескерисинче, Аллах Субханаху ва Таала. Султанды жана адамдарды өз мамилелери жана иштеринде бул мыйзамдарга ээрчүүгө буйруган да, буга чектелүүгө буюруп, андан башкасына ээрчүүдөн кайтарган да Аллах Таала.

Ушул себептен улам, Ислам мамлекетинде дустур жана мыйзамдарды иштеп чыгуу о.э. адамдардын бардык мамилелерин тартипке салуу үчүн өкүмдөрдү түзүүдө адам баласына орун жок. О.э. адамдардын бардык мамилелерин тартипке салууда адам тарабынан иштеп чыгылган мыйзам-эрежелерге ээрчи деп аларды мажбур кылууга, же аларга ыктыяр берүүгө султандын акысы жок. Чындыгында, Расулуллох ﷺ Мединада Ислам мамлекетин өзүнө хос негиздери менен жана өзүнө хос коидалары, өкүмдөрү, жихаздары, кошууну, ички жана тышкы мамилелери менен курду. Мединага жеткенден баштап мусулмандарга өкүмдарлык кылды, алардын бардык иштерин башкарды. Ислам коомун пайда кылды. Яхудийлер менен келишим түздү, кийин Бану Замра жана Бану Мудлиж менен, андан соң Курайш менен о.э. Айла, Жарба жана Азрах уруулары менен келишим түздү. Адамдарга бирер киши Байтуллага ажылыкка баруудан кайтарылбайт жана арам айларда эч ким коркутулбайт деп убада берди. Хамза ибн Абдул Мутталиб, Убайда ибн Хорис, Саъд ибн Абу Ваккосторду Курайшка каршы согушуу үчүн кошуундар менен жөнөттү. Зайд ибн Хориса, Жаъфар ибн Абу Талиб жана Абдулла ибн Равахаларды Румга каршы согушка жөнөттү. Холид ибн Валидди Дувматул Жандалга каршы согушка жиберди. Өзү бир нече казаттарда кошуунга башчылык кылды жана согуштарга кол баштап кирди. Вилаяттарга валийлерди жана шаарларга аамилдерди дайындады. Мекке фатх кылынгандан кийин, ал жерге Итаб ибн Усайдды валий кылып дайындады. Базан ибн Сосон Исламга киргенден кийин, аны Яманга валий кылып дайындады. Муаз ибн Жабалды Жанадга валий кылып дайындады. Холид ибн Саид ибн Асты Санаъга аамил кылып

дайындады. Ансарий Зияд ибн Лабид ибн Саълабаны Хазрамавтка аамил кылып дайындады. Абу Муса Ашъарийди Забидге жана Аданга валий кылып дайындады. Амр ибн Асты Санъага валий кылып дайындады. Абу Дужана Расулуллох ﷺдын Мединадагы аамили эле. Пайгамбарыбыз ﷺ валийлерди дайындоодо өзүнө тапшырылган иштерди жакшы аткара турган жана алдына келген адамдардын дилине ыйманды орното турган адамдарды тандачу. Алардан өкүм жүргүзүүдө жүрө турган тарыйкаттары жөнүндө сурап турган. Имам Байхакий, Ахмад жана Абу Давуддар Муаз ؓдан риваят кылышат: Расулуллох ﷺ Муазды Яманга жөнөтүп жатып, андан: «Эгер сен бирер ишке дуушар болсоң, кантип өкүм жүргүзөсүң?» - деп сурады. Муаз: «Аллахтын Китеби менен өкүм жүргүзөмүн», - деди. Расулуллох: «Аллахтын Китебинен таба албасаңчы?» - деп сурады. Муаз: «Расулунун сүннөтү менен өкүм жүргүзөмүн», - деди. Расулуллох ﷺ: «Расулунун сүннөтүнөн да таба албасаңчы?» - деди. Муаз ошондо: «Бардык күчүмдү жана мүмкүнчүлүгүмдү ишке салып, өз райым боюнча карай ижтихад кыламын», - деди. «Ошондо Расулуллох ﷺ көкүрөгүмө колун койду жана: «Расулуллох ﷺдын өкүлүн аны ыраазы кыла турган ишке жетиштирген Аллахка мактоолор болсун», - деди. Ибн Саъд Амр ибн Ауфтан риваят кылат: Расулуллох ﷺ Уббан ибн Саид ибн Асты Бахрейнге валий кылды жана ага: «Абду Кайс коомуна жакшылык кыл жана алардын улууларына сый-урмат көрсөт», - деди.

Расулуллох ﷺ Ислам динине киргендердин сый-урматка татыктууларынан валийлерди дайындап, аларды ар түрдүү вилаяттарга жөнөткөн. Аларды динди кабыл алган адамдарга динди үйрөтүүгө жана алардан зекеттерди чогултуп алууга буюрган. Көбүнчө валийге салыктарды чогултууну тапшырчу. Ошону менен бирге, адамдарга «жакшылык» кушкабарын жеткирүүнү, Куран үйрөтүү жана илимде билимдүү кылууну буюруп, адамдарга акыйкат жолунда жумшак мамиле кылууну о.э. зулумга каршы катуу кол болууну насаат кылар эле. Адамдар ортосунда келишпөөчүлүк келип чыкса, уруу жана туугандарын тарапкечтикке чакыруудан кайтарууну, шериги болбогон Зат – жалгыз Аллахка гана ибадат кылууну, олжолордун бештен бир бөлүгүн жыйып алууну жана мусулмандардын мойнуна фарз болгон зекеттерди чогултууну насаат кылар эле. Яхудий же насронийлерден бирөөсү акыйкат дин – Исламды кабыл алса жана ага моюн сунса, ал да момундардын бирине айлана тургандыгын о.э. мусулмандар менен бирдей укук жана милдеттерге ээ боло тургандыгын о.э. эгер бирер яхудий же насроний өз итикады жана дининен баш тартпаса, анын дининен баш тартууга мажбур кылынбашын айтат эле.

Ибн Аббас ؓдан имам Бухарий жана Муслим риваят кылат: Расулуллох ﷺ Муазды Яманга валий кылып жөнөтүп жатып ага мындай деди: «Сен ахли китеп болгон коомдун алдына бара жатасың. Аларды алгач Аллах Таалага ибадат кылууга чакыр! Эгер кабыл алышса, аларга

Аллах бир күн-түндө беш маал намазды фарз кылгандыгын айт. Эгер муну аткарышса, алардын моюндарына байларынан алынып кембагалдарына бериле турган зекетти фарз кылганы жөнүндө кабар бер, эгер итаат кылышса, алардан бул малды чогултуп ал жана мындан артыкча малдарын алуудан этият бол». Башка бир риваятта болсо: «Мазлумдун дубасынан (каргышынан) сактан, себеби, аны менен Аллахтын ортосунда эч кандай парда жок» - деген сөздөр кошумча кылынат.

Кээде Расулуллох ﷺ мал-каражатты топтоо үчүн атайын дайындалган адамдарды жөнөткөн. Жыл сайын Абдулла ибн Раваханы Хайбар яхудийлеринин мөмөлөрдөн ала турган түшүмүн өлчөө (болжол менен эсептөө) үчүн жөнөтөр эле. «Муваттаъ» деген китепте келгендей: «Пайгамбар ﷺ Абдулла ибн Раваханы яхудийлер менен өздөрүнүн ортосунда түшүмдү божомолдоп өлчөп берүү үчүн жөнөтөт эле. Ошондо Абдулла: «Кааласаңар өзүңөрдө калсын, кааласаңар мага калтыргыла», - дейт эле. Яхудийлер өздөрү алып калышчу».

Салман ибн Ясардан риваят кылынат: «Яхудийлер Абдуллага аялдарынын тагынчактарын чогултуп беришип: «Буларды өзүңө ал да, биздикин азайтып эсептеп кете бер», - дешти. Ошондо Абдулла ибн Раваха: «Эй яхудийлер жамааты, Аллахка ант болсун, силер мен үчүн Аллахтын калктары ичинен эң жаман көргөнүмсүңөр, бирок, бул нерсе силерге зулум кылышыма мажбур кылбайт. Ал эми, силер сунуш кылып жаткан парага келсек, ал арам болуп, биз аны жебейбиз», - деди. Ошондо яхудийлер: «Асмандар жана жер ушул нерсе менен өз ордунда турат», - деп айтышты». Пайгамбар ﷺ валийлер жана аамилдердин абалдарын текшерип, алар тууралуу ар дайым кабардар болуп турчу. Абду Кайс уруусунун өкүлдөрү арызданышканы себептүү Алаа ибн Хазрамийди Бахрейн аамилдигинен бошоткон. Ибн Саъд айтат: Мухаммад ибн Умар бизге мындай деп кабар берди: Амр ибн Ауф мага айтты: Расулуллох ﷺ Алаа ибн Хазрамийди Бахрейнге аамил кылды. Кийин аны четтетип, анын ордуна Уббан ибн Саидди аамил кылып жөнөттү. Окуянын тафсилатын баян кылып, Мухаммад ибн Умар айтат: Расулуллох ﷺ Алаа ибн Хазрамийге Абдул Кайс уруусунан жыйырма адамды алдына жөнөтүүнү буюруп кат жазды. Алаа жыйырма адамды тандап, аларды Абдулла ибн Ауф Ашажж башчылыгында жөнөттү жана Мунзир ибн Савийди өз ордуна коюп, өзү да келди. Өкүлдөр Алаа ибн Хазрамийдин үстүнөн арызданышты. Ошондо Расулуллох ﷺ аны четтетип, ордуна Уббан ибн Саид ибн Асты койду жана ага: «Абду Кайс коомуна жакшылык кыл жана алардын улууларын урматта», - деди. Расулуллох ﷺ жооптуулар үстүнөн толук эсеп-китеп талап кылып, аларды киреше-чыгашаларга ылайык тергеп-тескеген.

Имам Бухарий жана имам Муслим Абу Хамид Саидийден риваят кылат: «Пайгамбар ﷺ Ибн Лутбийяны Бану Салим уруусунун зекеттерин чогултуп

келүүгө башчы кылып жөнөттү. Ал кайтып келгенде Расулуллох ﷺ андан эсеп-китеп талап кылды. Ошондо ал: «Бул силерге тиешелүү, мунусу болсо мага берилген хадя», - деди. Ошондо Расулуллох ﷺ: «Эгер сөзүң ырас болсо, ата-энеңдин үйүндө ушул хадянын келишин күтүп отурбайт белең?!» - деди. (Т.а. эгер чындап эле хадя болсо, анда аны үйүңө алып келип беришмек). Андан соң Расулуллох ﷺ ордунан турду да, Аллахка хамду-сана айткандан кийин, адамдарга: «Амма баъд, Аллах тарабынан мага жүктөлгөн кээ бир иштерди аткарып келүүгө айрымдарыңарды жиберсем, алардын бири келип, «бул силердики, мунусу болсо мага берилген хадя» дейт. Эгер сөзү чын болсо, ата-энесининин үйүндө отуруп, бул хадясы келгенче күтүп отурса болмок?! Аллахка касам ичип айтамын, ичиңерден кимдир бирөө бирер нерсени акысыз түрдө алган болсо, кыямат күнү ошону Аллахтын алдына көтөрүп келет. Эсиңерде болсун, ал Аллахтын алдына алып келген нерсесин төөнүн боздогонунан, уйдун мөөрөгөнүнөн же койдун маараганынан билип аламын», - деди. Кийин Расулуллох ﷺ колдорун бийик көтөрүп (ал тургай колтуктары көрүнүп турду): «Эсиңерде болсун, мен мойнумдагы аманатты жеткирдимби?» - деди. Бурайда аттуу сахабадан Абу Давуд риваят кылат: Расулуллох ﷺ: «Биз кимди бирер ишке сунуш кылып, анын жеп-ичкенин камсыздаган болсок, мындан артыкча эмнени алса, ал арам», - деди. Яман калкы Муаз ﷺнун намазды узакка окуп жаткандыгынан арызданышты, Расулуллох ﷺ бул үчүн ал кишини тилдеди. Имам Бухарий жана Муслим Абу Масъуд Ансарийден риваят кылат: «Бир киши Расулуллох ﷺдын алдына келип: «Я Расулуллох, баланча намазды узун окуганы себептүү намазга келе албай жатамын», - деди. Пайгамбар ﷺдын ошол күндөгүдөй катуу каарданып маъруза кылганын эч качан көргөн эмесмин. Расулуллох ﷺ: «Эй адамдар, силер адамдарды качырасыңарбы? Кимде-ким адамдарга имам болуп намаз окуса, жеңилирээк окусун, себеби, алардын ичинде оорулуу, алсыз жана муктаждыгы бар адамдар болот», - деди. Имам Муслимдин Жабир аркылуу кылган риваятында болсо: «Эй Муаз, сен адамдарды намаздан качырасыңбы…» - деген сөздөр менен келген.

Расулуллох ﷺ адамдардын ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү чече турган казыларды дайындаган. Али ибн Абу Талибди Яманга казы кылып дайындады. Муаз ибн Жабал жана Абу Муса Ашъарийди Яманга казы кылып жөнөтүп жатып, аларга: «Эмне менен өкүм кыласыңар», - дегенде, алар: «Эгер өкүмдү Китеп жана Сүннөттөн таба албасак, эки иштин бири-бирине кыястап көрөбүз, кайсы бири акыйкатка жакын болсо, ошого амал кылабыз», - деп жооп беришти». (Байхакий, Абу Давуд жана Ахмад риваят кылган). Расулуллох ﷺ муну тастыктады. Бул болсо, Расулуллох ﷺдын казыларга ыктыяр бергендигине жана алардын кармана турган жолун анык сурап тургандыгына далалат кылат.

Расулуллох ﷺ адамдардын кызыкчылыктарын көзөмөлдөчү жана бул кызыкчылыктардын ар бирине катчы дайындачу. Бул катчылар тармак

мүдүрлөрү даражасында эле. Али ибн Абу Талиб Пайгамбарыбыз ﷺ түзгөн сулх жана келишимдердин катчысы болгон. Муайкиб ибн Абу Фатима мөөр басуучусу болгон. О.э. Муайкиб олжолорго да катчылык кылган. Хузайфа ибн Яман Хижаз жерлеринин түшүмүн болжомолдоп, эсебин жазган. Зубайр ибн Аввам зекет мал-каражаттарынын эсебин, Мугийра ибн Шуъба болсо карыздар жана мамилелерди, Шурахбил ибн Хасана болсо падышаларга жибериле турган расмий каттарды жазган. Расулуллох ﷺ ар бир кызыкчылыкка катчыларды дайындаган т.а. кызыкчылыктар канчалык көп болгонуна карабастан, аларга башчыларды дайындаган. Ал зат сахабалары менен өтө көп кеңешчү, зирек жана пикирдүү (акыл жана фазилат ээси экени белгилүү болгон жана даъватты жаюуда жан күйдүргөн) адамдар менен тынымсыз кеңешип турчу. Бул кеңешчилердин жетөөсү Курайштан, дагы жетөөсү мухажирлерден эле. Алардын айрымдары төмөнкүлөр: Хамза, Абу Бакр, Жаъфар, Умар, Али, Ибн Масъуд, Салман, Аммар, Хузайфа, Абу Зарр, Билал ж.б. Имам Ахмад Али رضي الله عنهдан риваят кылат: Расулуллох ﷺдын төмөнкү сөздөрүн укканмын: «Менден мурунку өткөн бардык пайгамбарлардын жетиден жөндөмдүү вазирлери болгон. Мага болсо он төрт жөндөмдүү вазир берилди. Алардын жетөө Курайш коомунан жана дагы жетөө мухажирлерден». Расулуллох ﷺ алардан башкалар менен да кеңешкен. Бирок, бул кишилер – Расулуллох ﷺдын эң көп кеңеше турган адамдары болгон жана алар («Мажлисуш-Шуъро») «Кеңештер межлиси» даражасында эле. Расулуллох ﷺ мусулмандарга жана башка диндеги адамдарга, жерлер, мөмөлөр жана айбандарга алардан чогултуп алына турган малдарды белгилеп койду. Булар зекет, ушр, файъ, хирож жана жизялар эле. Согушта колго түшүрүлгөн олжолор «Байтулмал»га түшө турган малдардан болгон. Расулуллох ﷺ зекетти Куранда айтылган сегиз тайпадагы адамдарга гана бөлүштүрүп берчү жана алардан башка эч кимге берген эмес. О.э. мамлекеттик иштерди башкарууда зекеттен түшкөн малдардан таптакыр пайдаланбаган. Мамлекет адамдардын иштерин башкарууда файъ, хирож, жизя жана олжолордон пайдаланган. Булар мамлекеттин иштерин башкарууга, кошуунду камсыздоого жетиштүү болгон жана мамлекет мындан башка бирер каражатка муктаждык сезбеген.

Ушундай тартипте Расулуллох ﷺ Ислам мамлекетинин жихазын өз колу менен тикеледи жана аны толук калыптандырды. Расулуллох ﷺ мамлекет башчысы болгон. Расулуллох ﷺдын муавиндери, валийлери, казылары, кошууну, тармак мүдүрлөрү жана кеңешүүчү межлиси болгон. Мына ушул жихаз өзүнүн формасы жана салахияттарында – ээрчүү важиб болгон тарыйкат болуп эсептелет. Ал таватур жолу менен сабит болгон. Расулуллох ﷺ Мединага жетип баргандан тээ өмүрүнүн акырына чейин мамлекет жетекчиси болуп турду. Абу Бакр жана Умар Расулуллох ﷺга муавин эле. Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийин сахабалар мамлекетти

башкарууда ал затка орунбасар (халифа) дайындоого токтом кылышты. Бул халифа – пайгамбарлык жана элчиликте эмес, мамлекет башчысы милдетинде гана орунбасар болчу, себеби, пайгамбарлык сулалеси Мухаммад ﷺ менен бүткөн. Ушинтип, Пайгамбарыбыз мамлекеттин башкаруу формасын жана мамлекеттин жихазын мукаммал жана анык көрүнүштө калтырып кеткен.

## ИСЛАМДАГЫ БАШКАРУУ ТҮЗҮМҮ

Исламдын башкаруу түзүмү курула турган негизинде да, иштерди башкарууда колдонулуп жаткан пикирлер, түшүнүктөр, өлчөөлөр жана өкүмдөрүндө да, колдонуп жаткан дустур жана мыйзамдарында да, Ислам мамлекети көөдөлөнгөн жана дүйнөдөгү бардык башкаруу формаларынан айырмаланып турган формасында да дүйнөдөгү бардык башкаруу түзүмдөрүнөн кескин айырмаланат.

### Исламдагы башкаруу түзүмү – королдук эмес

Исламдагы башкаруу түзүмү – королдук түзүмү эмес. Ал королдук түзүмүн тан албайт жана королдук түзүмүнө окшобойт.

Королдук түзүмүндө башкаруу аталардан балдарга, куду мал-дүйнөлөрү мурас калганы сыяктуу, мураска калат. Исламдагы башкаруу түзүмүндө болсо эч кандай мураскордук жок, тескерисинче, үммөт ыраазылык жана ыктыяр менен байъат берген адам башчылык кылат.

Королдук түзүмү королду башка жарандарда болбогон бир канча укук жана артыкчылыктар менен камсыздайт, аны мыйзамдан жогору коёт да, кол тийбес кылат. Бүгүнкү күндө королдук системанын эки түрүн кездештиребиз: а) Король бардык нерсеге ээ, бирок, башкарууга башчылык кыла албаган символикалуу шахс болот. Буга Европа королдору мисал болот; б) Бардык нерсеге ээ болот, ушуну менен бирге, башкарууга да башчылык кылат, а түгүл, бийлик булагы болуп алат, мамлекет жана жарандар үстүнөн өзү каалагандай, өз ыктыяры менен башкарат. Буга Саудия, Марокко жана Иордания королдору мисал боло алат.

Исламдагы башкаруу түзүмү болсо, Халифаны эч бир укук жана артыкчылыктар менен айырмалабайт, халифанын укугу үммөттүн ар бир адамы ээ болгон укуктар менен бирдей болот. Ал үммөт үчүн «ээлик кылып, бирок, өкмөттү башкарбай турган» шахс да эмес, «ээлик кыла турган, өкмөттү да башкара турган, мамлекет жана жарандар үстүнөн өзү каалагандай, өз ыктыяры менен башкара турган» шахс да эмес, балким, ал өкмөттү башкарууда жана бийлик иштеринде үммөттүн жардамчысы гана болот. Үммөт аны Аллахтын шариятын үммөткө карата колдонуусу жана аткаруусу үчүн ыраазылык менен байъат берип, тандап алган. Халифа үммөттүн иштерин жана кызыкчылыктарын сактоодо о.э. бардык өкүм жана тасарруфтарында шаръий өкүмдөр менен чектелген.

Мындан тышкары, Исламдын башкаруу түзүмүндө валиахддык (бийлик тактысын мураска калтыруу) жок, балким, Ислам бийликти мураска калтырууну жана бийликке мурас жолу менен олтурууну четке кагат. Акимият-бийликке ээ болуу жолун халифага үммөттүн ыктыяр жана ыраазылык менен байъат берүүсүнө чектейт.

### Исламдагы башкаруу түзүмү – республика түзүмү эмес

О.э. Исламдагы башкаруу түзүмү республика түзүмү эмес. Себеби, республика түзүмү кожоюндук элдики болгон демократиялык негизге курулат. Анткени, демократиялык түзүмдө эл өкүм жүргүзүү жана мыйзам чыгаруу иштерине ээлик кылат.

Исламдын башкаруу түзүмү Ислам акыйдасы жана өкүмдөрү негизине курулган. Исламда кожоюндук элдики эмес, шарияттыкы. Үммөт да, халифа да мыйзам чыгаруу укугуна ээ эмес. Анткени, мыйзам түзүүчү – жалгыз Аллах Субханаху ва Таала. Халифа болсо дустур жана мыйзамдарды Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнөн табанний кылуу укугуна гана ээ. Үммөт халифаны четтетүү укугуна ээ эмес, аны шарият четтетет. Үммөт халифаны дайындоо укугуна ээ. Себеби, Ислам бийлик жана башкаруу укугун үммөткө берген, үммөт өзү каалаган жана байъат берген кишисин бул ишке жардамчы кылып дайындайт.

Республика түзүмүнүн президенттик формасында мамлекет башчысынын жана министрлер төрагасынын укуктарын республика президенти ээлейт. Президент менен бирге министрлер гана болот. Буга Америка Кошмо Штаттарынын президентин мисал кылууга болот. Республика түзүмүнүн парламенттик формасында болсо, республика президенти жана премьер-министр болот. Мында өкүм жүргүзүү укугу республика президентинде эмес, балким, министрлер кеңешинде болот. Буга Германия республикасы мисал болот.

Ал эми, халифалык түзүмүндө болсо, халифа менен бирге компетенция жана вазыйпаларга ээ болгон демократиялык маанидеги министрлер да, министрлер кеңеши да болбойт. Балким, анда муавиндер болот. Алар Халифалык мамлекети жоопкерчилик жана милдеттерин өтөөдө жардам берүүлөрү үчүн халифа дайындаган вазирлер болот. Алар тафвид вазирлер же танфиз вазирлер болот. Мамлекет башчысы аларга башчылык кылган убакта премьер-министр катары же аткаруучу комитеттин башчысы катары эмес, балким, мамлекет башчысы катары башкарат. Аны менен бирге өкүм жүргүзүү укугуна ээ болгон министрлер кеңеши болбойт. Бардык укуктарга жалгыз халифа ээлик кылат. Муавиндер болсо бул укуктарды ишке ашырууда халифага жардамчы болушат.

Мындан тышкары, республика түзүмүнүн эки формасында тең президент элдин жана эл өкүлдөрүнүн алдында жоопкер болот, эл жана эл өкүлдөрү аны четтетүү укугуна ээ болушат. Себеби, республика түзүмүндө кожоюндук элдики болот.

Ал эми, халифа үммөт алдында, үммөт өкүлдөрү алдында жоопкер болсо да, алар тарабынан эсеп-китеп кылынып тергелип турулса да, бирок, аны үммөт да, үммөт өкүлдөрү да милдетинен четтете албайт. Халифа аны четтетүүнү важиб кыла турган даражада шарияткa тескери иш кылганда гана милдетинен четтетилет, муну болсо мазолим мекемеси чечет.

Республикалык түзүмдө – президенттик формасында болобу, же парламенттик формасында болобу айырмасыз – мамлекет башчысынын башкаруу мөөнөтү белгилүү бир убакыт менен чектелет.

Халифалык түзүмүндө болсо, халифага белгилүү бир убакыт белгиленбейт, балким, мөөнөт шариятты ишке ашыруу менен гана чектелет. Халифа адамдарга башчылык кылууда шариятка ылайык иш алып барса о.э. Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнөн алынган Ислам өкүмдөрүн колдонсо, халифалык мөөнөтү канчалык узак болбосун, ал халифа бойдон кала берет. Эгер ал шариятка тескери иш кылса жана Ислам өкүмдөрүн ишке ашыруудан алыстаса, мейли, халифа болгонуна бир ай же бир күн болгон болсо да, анын мөөнөтү бүтөт жана аны четтетүү важиб болуп калат.

Жогоруда баян кылынган нерселерден белгилүү болгондой, республика түзүмү менен Исламдагы Халифалык түзүмүнүн ортосунда о.э. республика түзүмүндөгү президент менен Ислам түзүмүндөгү халифанын ортосунда өтө чоң айырма бар.

Ушуга ылайык, Ислам түзүмү – республика түзүмү, же «Ислам республикасы» деп аталуусу таптакыр жайиз эмес. Себеби, бул эки түзүмдүн ортосунда: алардын ар бири курулган негизде да, алардын форма жана тафсилаттарында да өтө чоң айырма бар.

## Исламдагы башкаруу түзүмү – императорлук эмес

Исламдагы башкаруу императорлук эмес, тескерисинче, императорлук Исламдан таптакыр башка нерсе. Ислам мамлекетиндеги түрдүү регион-өлкөлөрдө жашап жаткан ар кыл улуттардан турган калктын бир жалгыз борборго байланышына карабастан, Ислам аларга карата императорлук түзүмү менен өкүм жүргүзбөйт, балким, ага тескери болгон түзүм менен өкүм жүргүзөт. Себеби, императорлук түзүмү өзүнүн кол астындагы өлкөлөрдө жашап жаткан улуттар арасында теңдик менен өкүм жүргүзбөйт, императорлук түзүмү борборго бийлик, байлык жана экономикада бир канча артыкчылыктарды жаратып берет.

Өкүм жүргүзүүдөгү Ислам тарыйкаты болсо, мамлекеттин бардык бөлүктөрүндө жашоочу жарандар ортосунда теңдикти орнотот, улутчулдукту жокко чыгарат, мамлекет жарандыгын кабыл алып жашап жаткан башка диндеги адамдарга да жарандык укук жана милдеттерди белгилейт. Мындан тышкары, Ислам мамлекети өз жарандарынын ар бирине – алар кайсы динде болушуна карабастан – ал тургай, жаран болбогон мусулмандарга бербеген бир катар укуктарды берет. Ислам бардык жарандарына мына ушундай тең укук жана милдеттерди бериши менен императорлук түзүмүнөн айырмаланат. Ислам өзүнүн бул түзүмү менен өлкөлөрдү колония жана эксплуатация зоналары о.э. жалаң өз пайдасы үчүн борборго кошуп алынган булактар кылып албайт, балким, алардын аралыгы канчалык узак болсо да, калкы ар түрдүү улуттар болсо да, өлкөлөрдүн бардыгын бириктирип бир бүтүн өлкө кылат жана

алардын ар бирине мамлекеттин бир бөлүгү деп карайт. Калкын болсо, борбор калкы болобу же башкабы, башка бир өлкө калкы ээ болгон бардык укуктарга ээ деп билет. Бардык өлкөлөр үчүн башкаруу бийлиги, түзүмү жана мыйзамы бирдей болот.

## Исламдагы башкаруу түзүмү – федерация эмес.

Исламдагы башкаруу түзүмү – өлкөлөрү кайсы бир деңгээлде өз алдынчалыгын сактап, ал эми, жалпы башкарууда бир болуп турган федеративдик түзүм эмес. Балким, ал бир бүтүн түзүм. Ислам мамлекетинин борбору Каирде болсо, Файюм регионуна кандай каралса, чыгыштагы Хурасон жана батыштагы Мароккого да ошондой каралат.

Мамлекет бюджети кайсы вилаят болушуна карабастан, бардык жарандар ортосунда тең бөлүштүрүлүшү керек деп карайт. Эгер кайсы бир вилаят калкынан жыйылган салыктын өлчөмү анын муктаждыктарынан эки эсе ашык өлчөмдө болсо, ага муктаждыгына жараша сарп кылынат, жыйылган өлчөмгө каралбайт. Эгер жыйылган салык муктаждыктарды каптабай турган даражада аз болсо, буга каралбайт, балким, ушул вилаятка жалпы бюджеттен муктаждыгына жараша сарп кылынат, жыйылган өлчөмдүн муктаждыктарга жетиш-жетпешине каралбайт.

Демек, Исламдын башкаруу түзүмү федеративдик түзүм эмес, балким, ал бир бүтүн түзүм. Ал башка түзүмдөргө айрым бир тышкы көрүнүштөрүндө окшош көрүнгөнү менен, бирок, келип чыгышында жана түп негиздеринде алардан кескин айырмаланат. Мындан тышкары, Исламдагы башкаруу түзүмү борборлошкон болуп, бийликти жалпы борборго чектеп коёт жана мамлекеттин чоң же кичине ар бир бөлүгүнө өкүмдарлык кылууну мына ушул борборго берет. Мамлекеттин бөлүктөрү таркап кетпеши үчүн алардын эч биринин өзүнчө эгемендүү болушуна жол койбойт. Ал аскер башчыларын, валийлерди, аамилдерди, каржы жана экономика боюнча жооптуу адамдарды дайындайт, ар бир өлкөгө казыларды дайындайт, өкмөт (башкаруу) иштеринде тура турган адамдарды да ал дайындайт. Бүткүл мамлекетте башкарууну түздөн-түз өзү аткарат.

Тыянак кылып айтканда, Исламдагы башкаруу түзүмүндө Халифалыктын бир бүтүндүгүнө жана бир гана халифага байъат кылуу жайиз экендигине ижма кылынган. Буга имамдар, мужтахиддер жана башка фикх аалымдары келишишкен. Эгер бир халифа болуп туруп, экинчи халифага байъат кылынса, экинчисине каршы согуш кылынат, эгер ал биринчи халифага байъат кылса, уруш токтойт, эгер андай кылбаса, ал өлтүрүлөт. Себеби, биринчи байъат кылынган халифанын байъаты шарият боюнча туура байъат деп эсептелет.

## ИСЛАМДАГЫ БАШКАРУУ ТҮЗҮМҮ – ХАЛИФАЛЫК

Халифалык – бул Ислам шариятынын өкүмдөрүн ишке ашыруу о.э. Ислам даъватын бүт дүйнөгө алып чыгуу үчүн бардык мусулмандарга мына ушул дүйнөдө жалпы башчылык кылуу дегени. «Имамат» сөзү менен «Хилафат» сөзү бирдей маанини түшүндүрөт, бул эки сөз сахих хадистерде бирдей мааниде келген. Бир да шаръий нусуста т.а. Куранда да, сүннөттө да алардын башка-башка мааниде колдонулганы учурабаган. Анткени, шаръий нусустар – бул Куран жана Сүннөт. Бул эки сөздүн т.а. имамат жана Хилафат сөздөрүнүн лафзи эмес, мазмуну этибарга алынат.

Дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндөгү мусулмандардын өздөрү үчүн бир халифа шайлап алуусу фарз. Бул фарзды өтөө Аллахтын мусулмандарга фарз кылган башка ар кандай фарзын өтөө сыяктуу. Анда эч кандай ыктыяр, суздук кылуу болбойт, аны аткарууда кайдыгерлик кылуу чоң күнөөлөрдөн болуп эсептелет. Бул үчүн Аллах Таала катуу азап берет.

Халифа тикелөө бардык мусулмандарга важиб экендигине сүннөт жана сахабалар ижмасы далил болот. Нафиъ мындай риваят кылат, Мага Абдулла ибн Умар ﷺ мындай деди: Пайгамбарыбыз ﷺдын мындай дегенин уккан элем: «Кимде-ким Аллахка итаат кылуудан колун тартса (т.а. баш тартса), кыямат күнүндө Аллахка хужжаты болбогон абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр». Пайгамбарыбыз ﷺ ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушуна буйруп жатат. Байъатсыз өлүмдү «динсиздик өлүмү» деп баалап жатат. Байъат халифага гана берилет. Пайгамбар ﷺ ар бир мусулмандын халифа менен байъат кылуусун эмес, тескерисинче, ар бир мусулмандын мойнунда халифа үчүн байъат болушуна буюруп жатат. Демек, ар бир мусулмандын мойнунда байъат болушу т.а. халифанын болушу важиб болуп, ал аркылуу гана мусулмандардын моюндарында байъат бар болот. Демек, халифанын бар болушу ар бир мусулмандын мойнунда – ал өз колу менен байъат кылган болсо да, же өз колу менен байъат кылбаган болсо да – байъатты пайда кылат. Ошондуктан, бул хадис байъаттын важибдигине эмес, тескерисинче, халифа шайлоонун важибдигине далил болот. Себеби, Пайгамбар ﷺ байъаттын болбошун эмес, тескерисинче, мусулмандын моюну өлгөнгө чейин байъатсыз болушун айыптап жатат. Муслим Аъраждан, Аъраж Абу Хурайрадан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Имам (халифа) – калкан, анын артында туруп согушулат жана аны менен коргонулат», - деди. Имам Муслим Абу Хозимден риваят кылат, ал мындай дейт: «Мен Абу Хурайра менен беш жыл бирге болдум, андан Расулуллох ﷺдын ушул хадисин уктум: «Бану Исраилге пайгамбарлар башчылык кылышат эле, бир пайгамбар өлсө, анын ордуна дагы бир пайгамбар келет эле. Менден кийин пайгамбар жок. Келечекте халифалар болот, алар көбөйүшөт», - деди. Сахабалар: «Бизди эмнеге буюрасыз», - дешти. Расулуллох: «Биринчинин,

биринчинин (т.а. биринчи халифанын) гана байъатына бапаа кылгыла. Алардын акыларын бергиле. Аларга тапшырылган нерсе туурасында Аллахтын Өзү алардан суроочу». Ибн Аббастан риваят кылынат, Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким амириндеги бир ишти жаман көрсө, ага сабыр кылсын. Анткени кимде-ким султандан бир карыш четке чыгып өлсө, анын өлүмү жахилият өлүмүнөн башка нерсе эмес», - деди. Мына бул хадистерде келечекте мусулмандарга бир канча башчылар башчылык кылышынын кабары берилип жатат, аларда халифа «калкан т.а. коргоочу» деп бааланып жатат. Расулуллох ﷺдын имамды калкан деп баалоосу – башчы бар болушунун пайдасы жөнүндө кабар берүүсү болуп эсептелет. Демек, мында талап кылуу мааниси бар. Себеби, Аллах тарабынан жана пайгамбар тарабынан кабар берүү каралоо маанисинде болсо, анда ошол кабары берилип жаткан нерсени таштоо талап кылынган болот. Эгер ал мактоону өз ичине алса, анда аны аткаруу талап кылынган болот. Эгер талап кылынган иш себептүү шарияттын өкүмү ишке ашырылса, же аны таштоо себептүү шарияттын өкүмү ишке ашырылбай калса, анда бул талап жазм (катъий) талап болот. Жогорудагы хадистерден түшүнүлгөндөй, мусулмандарды башкаруучулар халифалар болуп эсептелишет. Бул болсо, мусулмандардан халифа тикелөө талап кылынып жаткандыгын түшүндүрөт. Бул хадистерде мусулмандын султандан четке чыгуусу арам экендиги да бар. Демек, мусулмандын өзүнө бир султан т.а. аким тикелөөсү важиб. Расулуллох ﷺ халифаларга моюн сунууга, алар менен халифалыкты талашкандарга каршы күрөшүүгө буйруду. Бул халифа тикелөөгө жана аны коргоого болгон буйрук болуп эсептелет. Имам Муслим риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким бир имамга (халифага) колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, аны өлтүргүлө!» - деди. Халифага итаат кылууга буюруу аны тикелөөгө да буюруу болот. Халифалыкты талашкан кимсеге каршы күрөшүүгө буюруу болсо үзгүлтүксүз көрүнүштө бир халифа болуп туруусу керектигине жазм хужжат болот.

Эми сахабалар ижмасына келсек, алар Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийин ал кишинин ордуна бир халифа тикелөө важиб экендигине ижма кылышкан (келишишкен). Абу Бакр, Умар жана Усман ؓдар көз жумгандан кийин алардын ордуна да халифа тикелөөгө ижма кылынган. Расулуллох ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин ал кишини жайына коюуну кечиктирип, сахабалардын халифа тикелөө менен алек болгондуктары бул ижманы ого бетер тастыктайт. Анткени, сөөктү тезирээк жерге коюу фарз. Сөөктү даярдоо жана көмүү менен алектенүүсү керек болгон адамдын сөөктү жерге узатпай туруп башка иш менен алектенүүсү арам. Расулуллох ﷺды даярдоо жана жайына узатуу менен алектенүүсү керек болгон сахабалардын бир бөлүгү халифа тикелөө менен алектениушти. Калгандары болсо буга сүкүт сактап турушту. Эки бөлүк тең жайына

узатууну эки түнгө кечиктиришти. Акыйкатта болсо, алар бул ишти таштап, сөөктү жайына узатуу менен алектенүүгө кудуреттүү эле. Бул иш сахабалардын сөөктү коюуга караганда халифа тикелөө менен алектенүү зарыл экендигине кылган ижмасы болуп эсептелет. Мындан белгилүү болгондой, халифа тикелөө сөөктү жайына узатууга караганда важиб экен. Жалпысынан бардык сахабалар бүтүндөй халифа тикелөөнүн важиб экендигине ижма кылышкан. Алар болгону, халифалыкка шайланып жаткан адам тууралуу гана ихтилаф кылышкан (келишпөөчүлүккө барышкан). Бирок, халифа тикелөө тууралуу Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийин да, ал кишиден кийинки халифалар көз жумгандан кийин да эч кандай ихтилафка барышкан эмес. Сахабалардын ижмасы халифа тикелөөнүн важиб экендигине ачык жана күчтүү далил болот.

Динди турмушта колдонуу, дүйнө жана акыреттин бардык иштеринде шарият өкүмдөрүн аткаруу – субуту катъий жана далалаты катъий болгон далилдер менен – мусулмандардын мойнундагы фарз. Бул иш болсо бийлик ээси болгон аким – халифанын жардамы менен гана ишке ашат. «Важиб болгон ишти толук ишке ашыруу кайсы нерсеге байланыштуу болсо, ошол нерсени да ишке ашыруу важиб», - деген шаръий коида (эреже) да бар. Бул жагынан да халифа шайлоонун фарз экендиги көрүнөт.

Мындан тышкары, Аллах Таала Расулуллох ﷺга мусулмандар ортосунда өзү түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүүнү буйруган. Бул буйрук жазм шекилинде болгон. Аллах Таала Расулуллох ﷺга хитаб кылып айтат:

فَاحْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ عَمَّا جَآءَكَ مِنَ الحَقِّ

***«Демек, алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын жана сага келген акыйкаттан жүз үйрүп, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчип кетпе».*** **[5:48]**

وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَآ أَنْزَلَ اللهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَنْ يَفْتِنُوكَ عَنْ بَعْضِ مَآ أَنْزَلَ اللهُ إِلَيكَ

***«****(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе. Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп, фитнага салып коюуларынан этият бол!».*** **[5:49]**

Пайгамбарга кылынган хитабдын пайгамбардын өзүнө хос экендигине далил келбеген болсо, ал бүтүндөй үммөткө каратылган болот. Жогорудагы аяттарда мындай далил жок. Демек, Аллах Таала бардык мусулмандарды башкарууну тикелөөгө буйруп жатат. Халифа тикелөөнүн мааниси бийликти жана башкарууну тикелөөдөн башка нерсе эмес. О.э. Аллах Таала халифаларга моюн сунууну мусулмандарга фарз кылган. Бул да мусулмандардын бир жетекчиси, халифасы болушу шарт экендигине далалат кылат. Аллах Таала айтат:

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الأَمْرِ مِنْكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон (т.а. мусулман) башчыларга моюн сунгула».*** **[4:59]**

Аллах Таала өзү жок болгон халифага моюн сунууга буйрубайт. Демек, бул аят жетекчини (халифаны) жүзөгө чыгаруу важиб экендигине далалат кылат. Аллах Таала жетекчиге моюн сунууга буйруган убакта ошол жетекчини жүзөгө чыгарууга да буйруган болот. Анткени, жетекчинин (халифанын) бар болушу шаръий өкүмдү ишке ашыруунун кепилдиги болот, аны жүзөгө чыгарууну таштоо болсо шаръий өкүмдү сая кетирүүгө себеп болот. Демек, аны жүзөгө чыгаруу важиб. Анткени, аны жүзөгө чыгарбоо шаръий өкүмдү сая кетирүү болуп эсептелет, бул болсо, арам.

Жогорудагы далилдер акимиятты, салтанатты тикелөө мусулмандардын мойнундагы фарз экендигине ачык-айкын далилдер болду. Демек, ошол акимиятты жана салтанатты башкара турган халифаны тикелөө да мусулмандарга фарз. Себеби, мунун баары шарият өкүмдөрүн аткаруу үчүн болот, ал жөн эле бийлик орнотуу үчүн эмес. Расулуллох ﷺдын төмөнкү сөздөрүнө көңүл буруңуз, Расулуллох: «Жетекчилериңердин жакшылары – силер жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө турган, алар силерге рахмат айта турган жана силер да аларга рахмат айта турган жетекчилер. Жетекчилериңердин жамандары – силер жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө турган, силер наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай турган жетекчилер», - деди. Ошондо: «Я Расулуллох, аларга каршы кылыч менен күрөшпөйбүзбү!» - дешти. Расулуллох: «Жок, ырасында, араңарда намазды өтөп жатышкан болсо», - деди. Бул хадис жакшы жана жаман жетекчилер жөнүндө ачык кабар берип жатат. Ырас, алар динди өтөп жатышкандан кийин – себеби намазды тикелөө динди тикелөөгө, дин менен өкүм жүргүзүүгө бир ишара – аларга каршы кылыч көтөрүп чыгуу арам экендиги жөнүндө ачык кабар берип жатат. Демек, Ислам өкүмдөрүн киргизүүсү үчүн жана ага даъват кылууну майданга алып чыгуусу үчүн халифа тикелөө мусулмандар мойнундагы фарз экендигине жана бул фарздын сахих нусустарда сабит экендигине шек-күмөн жок. Мындан тышкары, Аллах Таала мусулмандарга Ислам бийлигин орнотуу жана мусулмандардын кол тийбестигин коргоону фарз кылган. Бул иш да халифа тикелөө менен ишке ашат. Бул жактан да халифа тикелөө фарз. Бирок, бул фарз – фарзи кифая. Эгер айрым адамдар аны аткарышса, бул фарз жүзөгө чыгат жана калгандардан сакыт болот. Эгер ошол айрым адамдар аны аткарууга аракет кылышса, аны тикелей турган иштерди аткарышса, бирок аны өтөсүнө чыгара алышпаса, анда бул фарз бардык мусулмандардын мойнуна түшөт. Ырас, мусулмандар халифасыз турабы, демек, бул фарз бир да мусулмандын мойнунан сакыт болбойт.

Мусулмандар үчүн халифа тикелөө ишин аткарбай коюу эң чоң күнөөлөрдөн. Анткени, ал иш Исламдын эң маанилүү фарздарынын бирин аткарбай коюу болуп эсептелет. Дин өкүмдөрүн колдонуу мына ушул фарзга байланыштуу. Дин өкүмдөрүн колдонуу эле эмес, балким турмуш майданында Исламдын бар болушу ага байланыштуу. Халифа тикелөө ишин аткарбай коюуда бардык мусулмандар катуу күнөөкөр болушат. Эгер алар келишкен абалда бул ишти кылбай коюшса, бүткүл дүйнөдөгү мусулмандардын ар бири күнөөкөр болот. Айрым мусулмандар халифа тикелөө үчүн аракет кылышса, ал эми, калган мусулмандар аракет кылышпаса, күнөө ушул ишке аракет кылгандардан сакыт болот. Тээ халифа тикеленгенге чейин бул фарз алардын мойнунда кала берет. Себеби, бир фарзды өтөөгө аракет кылуу менен аны өз убагында кыла албагандык, же жалпы эле кылбагандык күнөөсү сакыт болот. Анткени, аны аткарууга аракет кылынып жатат, аны ишке ашыруу жолундагы тоскоолдуктар жек көрүлүп жатат. Эми бул фарзды аткарууга аракет кылбагандарга келсек, бир халифа кетишинин үчүнчү күнүнөн баштап качан дагы бир халифа келгенге чейин алар күнөөкөр болушат. Себеби, алар Аллах аларга буйруган фарзды аткарышпады. Аткаруу үчүн аракет да кылышпады. Ошондуктан, алар күнөөкөр болуп, Аллах Тааланын азабына дуушар болушат, дүйнө жана акыретте Аллах Тааланын ырайымынан куру калышат. Халифа шайлоо ишин аткарбагандыктары же аткарууга аракет кылбагандыктары үчүн алардын күнөөкөр болуулары мусулмандардын фарз амалдардын бирин таштаганы үчүн азапка акылуу болушу сыяктуу ачык-айкын. Айрыкча, бул фарз ушундай бир фарз болуп, башка фарздар ал аркылуу аткарылат. Дин өкүмдөрү колдонулат. Исламдын иши өйдөлөп-өнүгөт, Аллах Тааланын калимасы Ислам диярында жана бүткүл дүйнө жүзүндө эң аалий-бийик болот.

Ушуга ылайык, жер жүзүндө Халифалык жок болгон убакта – Аллахтын хуруматтарын сактоо үчүн анын хаддарын аткара турган, дин өкүмдөрүн колдоно турган, мусулмандарды «Аллахтан башка илах жок, Мухаммад Аллахтын элчиси» туусу астында бириктире турган эч бир адам болбогон убакта – динди тикелөө үчүн Аллах Таала мусулмандарга фарз кылган ишти т.а. халифа тикелөө ишин аткарбай коюуга жер жүзүндөгү бир да мусулманга эч кандай үзүр жок. Бул фарз ишке ашырылганга чейин аны аткаруу үчүн аракет кылбоого Исламда эч кандай уруксат жок.

## БАШКАРУУ НЕГИЗДЕРИ

Башкаруу түзүмү төрт негизге курулат:

1. Кожоюндук шарияттыкы, элдики эмес.
2. Салтанат элдики.
3. Бир халифа шайлоо мусулмандарга фарз.
4. Шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу халифанын укугу, дустур жана мыйзамдарды мыйзамдуу күчкө киргизүүчү дагы анын өзү.

Булар Исламдагы башкаруу түзүмүнүн негиздери болуп, алар шаръий далилдерди терең үйрөнүү аркылуу иштелип чыгылган.

### Кожоюндук шарияттыкы

Башкаруу түзүмүндөгү биринчи негиз – «кожоюндук шарияттыкы». Мунун өз вакыйлыгы бар. Ал вакыйлык «кожоюндук» деген сөздө жатат. Бул негиздин өз далили бар. Ал далил: кожоюндук шарияттыкы болуп, элдики эмес экендиги. Ал эми, бул сөздүн вакыйлыгына келсек, бул сөз Батыш термини болуп («kratos»), андан ыктыярды өзү каалагандай көрүнүштө башкаруу түшүнүлөт. Анткени, шахс (жеке адам, индивид) өз ыктыярын өзү каалагандай башкарса, демек, кожоюндугу анын өзүндө болгон болот. Эгер бул ыктыярды башка адам башкарса, ал кул болот. Эгер калктын ыктыяры – т.а. ар бир шахстын ыктыярлары – калк анын башкаруусуна ыраазылык берип жаткан адамдардын жардамында башкарылып жаткан болсо, бул калк өзүнө-өзү кожоюн болгон болот. Эгер анын ыктыяры мажбурлуу түрдө башкалар тарабынан башкарылып жаткан болсо, андай абалда калк кул болгон болот. Ошондуктан, демократия («demos» – эл; «kratos» – кожоюндук) түзүмүнө ылайык: «Кожоюндук элдики т.а. калк өз ыктыярын өзү башкарат жана каалаган адамга өз ыктыярын башкаруу укугун берет». Өкүмү баян кылынмакчы болгон «кожоюндук» сөзүнүн вакыйлыгы ушундай. Ал эми ушул «кожоюндук» сөзүнүн өкүмүнө келсек: кожоюндук элдики эмес, шарияттыкы. Себеби, Ислам шариятына ылайык, адам өз ыктыярын өзү каалагандай башкара албайт, тескерисинче, анын ыктыяры Аллахтын буйрук жана кайтаруулары менен башкарылат. О.э. калк да өз ыктыярын өзү каалагандай башкарбайт, тескерисинче, анын ыктыяры Аллахтын буйрук жана кайтаруулары менен башкарылат. Буга далил Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّى يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ

***«Жок, Роббиңе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрүн чечүүдө сени өкүмдар кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الأَمْرِ مِنْكُمْ فَإِنْ تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللهِ وَالرَّسُولِ إِنْ كُنْتُمْ تُؤْمِنُونَ بِاللهِ وَالْيَوْمِ الآخِرِ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон** (т.а. мусулман) **башчыларга моюн сунгула! Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө тартышып калсаңар – эгер чындап Аллахка жана акырет күнүнө ишенсеңер – ал нерсени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**
Аллах жана пайгамбарына кайтаруунун мааниси шарият өкүмүнө кайтаруу дегени. Анткени, пайгамбар алып келген вахий калкка жана жеке адамга өкүмдарлык кылуучу о.э. алардын ыктыярын башкаруучу болуп эсептелет. Үммөт жана шахс шариятка моюн сунат. Мына ушундан келип чыгып, кожоюндук шарияттыкы болот. Ошондуктан, халифага демократиялык түзүмдөгү сыяктуу калктын каалоосун ишке ашыруу үчүн келишилген ижарачы катары байъат кылынбайт, тескерисинче, ага Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык, адамдардын каалоосун эмес, Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүн аткаруусу үчүн байъат кылынат. Ал тургай, халифага байъат берген адамдар шарияттан четке чыгып кетишсе, алар шарият өкүмүнө кайтышканга чейин халифа аларга каршы согушат.

## Салтанат элдики

«Салтанат элдики» деген негиз болсо, шарият халифа шайлоо укугун калкка бергендигинен жана халифа салтанатты ушул байъат аркылуу колго алышы мүмкүн экендигинен алынган. Ал эми шарияттын халифаны калк тарабынан шайлана турган кылгандыгына келсек, бул нерсе байъат жөнүндөгү хадистерде ачык баян кылынган. Имам Муслим Убада ибн Сомиттен риваят кылат: «Биз Расулуллох ﷺга кыйынчылык жана жыргалчылыгыбызда, курсантчылык жана капачылыгыбызда да кулак салып, итаат кылууга байъат кылдык». Жарир ибн Абдулла айтат: «Расулуллох ﷺга кулак салуу жана итаат кылууга о.э. ар бир мусулманга кайрымдуу болууга байъат бердим». Абу Хурайра رضي الله عنه айтат: «Расулуллох ﷺ: «Аллах Таала кыямат күнүндө үч тайпа адамдарга сүйлөбөйт жана алардын күнөөлөрүн кечирбейт о.э. аларга жан чыдагыс азаптар бар: ашыкча суусу бар болуп туруп, жолдо мусапырга суу бербеген адам; имамга дүйнөсү үчүн гана байъат кылган адам т.а. имам ага каалаган нерсесин берсе, ага бапаа кылат, эгер бербесе ага бапаа кылбайт; үчүнчү тайпа болсо, асрдан кийин бир адам менен бир нерсени соодалашып, буга мынча-мынча акча берилди деп Аллахтын аты менен касам ичет. Жанындагы адам анын сөздөрүн чын деп билип, ал нерсени алат. Акыйкатта болсо, ал нерсеге ошол акча берилбеген эле», - деген. (Бухарий жана Муслим риваяты). Байъат мусулмандар тарабынан халифага берилет, халифа тарабынан мусулмандарга берилбейт. Демек, мусулмандар халифага байъат беришет т.а. аны өздөрүнө аким кылып тикелешет. Хулафаи Рошидиндер (Туура жолдогу халифалар) байъатты үммөттөн алышкан жана үммөттүн байъатынан кийин гана халифа болушкан. Ал эми халифанын ушул байъат себептүү акимдикти алуусуна

келсек, бул итаат жөнүндөгү жана халифанын бирөө гана болушу важиб экендиги жөнүндөгү хадистерде ачык баян кылынган. Имам Муслим Абдулла ибн Амр ибн Астан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, кийинкисинин мойнуна (кылыч менен) ургула», - деген. Нафиъден риваят кылынат: Мага Абдулла ибн Умар минтип айткан: Расулуллох ﷺдан ушул сөздөрдү уктум: «Кимде-ким итааттан колун тартса, кыямат күнү Аллахка эч кандай хужжатсыз абалда жолугат, кимде-ким мойнунда байъаты жок абалда өлсө, жахилият өлүмүндө өлүптүр». (Имам Муслим риваяты). Абдулла ибн Аббас Расулуллох ﷺдан ушул хадисти риваят кылган: «Амиринен бирер иштн жаман көргөн адам ага сабыр кылсын, себеби, бирер адам султандан бир карыш четке чыгып өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр». (Муслим риваяты). Абу Хурайра Расулуллох ﷺдан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Бану Исраилге пайгамбарлар башчылык кылышат эле, бир пайгамбар өлсө, анын артынан дагы бир пайгамбар келет эле. Менден кийин пайгамбар жок. Келечекте халифалар болот жана алар көбөйүшөт», - деди. Сахабалар: «Бизди эмнеге буюрасыз?» - дешти. Расулуллох: «Эң биринчисине, жана дагы эң биринчисине берилген байъатка бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле. Анткени, алардын кылган башчылыктары туурасында Аллах Тааланын өзү сурап алуучу», - деди. (Муслим риваяты). Бул хадистер халифанын акимдикти ушул байъаттан гана алуусуна далалат кылат, себеби, Аллах Таала ага итаат кылууну байъат менен важиб кылды: «Кимде-ким байъат кылса… ага итаат кылсын». Халифа халифалыкты байъат менен алды жана ал байъат берилген халифа болгону үчүн ага итаат кылуу важиб болду. Демек, халифа салтанатты үммөттөн үммөттүн ага байъат бериши аркылуу алган жана халифага итаат кылуу ага байъат бергендерге т.а. мойнунда байъаты барларга важиб болот. Бул болсо, салтанат үммөттүкү экендигине далалат кылат. Расулуллох ﷺ да Аллахтын элчиси болуп туруп, адамдардан байъат алды. Бул байъат пайгамбарлык байъаты эмес, тескерисинче өкүм жана салтанатка берилген байъат эле. Байъатты эркектерден да, аялдардан да алды. Балагатка жетпеген жаш балдардан алган жок. Мусулмандар халифаны тикелөөчү адамдар болгону; ага Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык байъат берүүлөрү; халифанын султандыкты ушул байъаттан гана алуусу – булардын бары салтанат калктыкы экендигине жана калктын аны каалаган адамына беришине ачык-айкын далил болот.

## Бир халифа тикелөө фарз

Үчүнчү негиз т.а. «бир халифа тикелөө мусулмандарга фарз» экендигине келсек, халифа тикелөөнүн фарз экендиги хадисте келген. Имам Муслим Нафиъден риваят кылат, Мага Абдулла ибн Умар айтты: Расулуллох ﷺ дын мындай дегенин уктум: «Кимде-ким итааттан колун

тартса, кыямат күнү Аллахка эч кандай хужжатсыз абалда жолугат. Кимде-ким мойнунда байъат жок абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр». Бул хадистен Пайгамбар ﷺ ар бир мусулмандын мойнунда халифага байъат болушун важиб кылгандыгы жана ар бир мусулмандын (жекече түрдө) халифага байъат беришин важиб кылбагандыгы түшүнүлөт. Анткени, важиб ушул, ар бир мусулмандын мойнунда байъат бар болсун т.а. ар бир мусулмандын мойнундагы байъатына акылуу болгон халифа бар болсун, себеби, халифанын бар болушу ар бир мусулман иш жүзүндө байъат бергендигине же байъат бербегендигине карабастан, алардын мойнунда байъатты пайда кылат. Халифанын бирөө болушу маселесине келсек, ага төмөнкү хадис далил болот: Имам Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Эгер эки халифага байъат берилсе, алардын кийинкисин өлтүргүлө», - деген. Бул болсо, мусулмандардын халифасынын бирден көп болушу арам экендигине далил болот.

## Табанний укугу бир гана халифага тиешелүү

Төртүнчү негиз – «өкүмдөрдү табанний кылуу укугу бир гана халифага тиешелүү» экендиги болсо, сахабалардын ижмасы менен сабит болгон. Ушул ижмадан төмөнкү шаръий коидалар алынган: «Имамдын буйругу келишпөөчүлүктү жок кылат», «Имамдын буйругу аткарылат», «Султан көйгөйлөргө карата өкүмдөрдү иштеп чыгуу укугуна ээ».

Бул сөздөрдүн изахы, шархы жана далилдеринин баяны кийинчерээк халифанын укук жана милдеттери темасында баян кылынат.

## МАМЛЕКЕТ ЖИХАЗДАРЫ

Мамлекет сегиз жихаз негизине курулат:

1. Халифа.
2. Тафвиз муавини.
3. Танфиз муавини.
4. Жихад амири.
5. Валийлер.
6. Казылар.
7. Мамлекет кызыкчылыктары.
8. Үммөт межлиси.

Мунун далили, Расулуллох ﷺдын кылган иштери. Себеби, Расулуллох ﷺ ушундай көрүнүштө мамлекет жихазын курган. Расулуллох ﷺ мамлекет жетекчиси болгон. Мусулмандарды да өздөрү үчүн **халифа** (имам) тикелөөгө буйруган убакта мамлекет жетекчисин тикелөөгө буйруган. **Муавиндер**ге келсек, Расулуллох ﷺ өзү үчүн Абу Бакр жана Умарды муавин кылып тандаган. Абу Саид Худрийден Термизий жана Хаким риваят кылат: «Расулуллох ﷺ: «Менин асмандагы эки вазирим - Жабраил жана Микаил, жер калкынан болсо, Абу Бакр жана Умар», - деген. Ушул хадистердеги «вазирлерим» деген сөздүн мааниси муавиндерим (жардамчыларым) деген мааниде. Вазир сөзүнүн лугавий мааниси да муавинди түшүндүрөт. Ал эми бүгүнкү күндө вазир сөзүнөн адамдар түшүнүп жаткан маани болсо Батыштын термини болуп (т.а. министр), андан белгилүү бир тармактагы бийлик мансабы түшүнүлүүдө. Бул маанини мурун мусулмандар билишкен эмес жана ал Исламдын башкаруу түзүмүнө тескери болгон маани болуп эсептелет. Себеби, Расулуллох ﷺ вазир деп атаган муавин белгилүү бир иштин гана адиси болбойт, тескерисинче, халифа ага бардык иштерди башкаруу вакалатын толугу менен берет, ал муавин деп аталат. Аны белгилүү бир ишке хостоп коюу туура болбойт. **Валийлер.** Расулуллох ﷺ вилаяттарга валийлерди дайындаган. Мекке фатх кылынгандан кийин Уттаб ибн Усайдды Меккеге валий кылып дайындаган. Базан ибн Сасан Исламга киргенден кийин аны Яманга валий кылды. Алардан башка дагы көбүн валий кылып дайындаган. **Казылар** (козо)**.** Расулуллох ﷺ адамдардын арасында казылык кылуу үчүн казыларды дайындайт эле. Али ибн Абу Талибди Яманга казы кылып жөнөткөн болсо, Муаз ибн Жабал жана Абу Мусаны Яманга казылык жана амирликке дайындаган. Имам Табароний сахих адамдар аркылуу Масруктан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ заманында казылык кылуучулар алты адам эле: Алар Умар, Али, Абдулла ибн Масъуд, Убай ибн Каъб, Зайд ибн Сабит жана Абу Муса Ашъарийлер болчу». Ал эми **мамлекет кызыкчылыктары**н башкаруучу идарий жихазга келсек, ал Расулуллох ﷺ заманында бар болгон. Расулуллох ﷺ ар бир кызыкчылыкты башкаруу үчүн катчыларды дайындаган. Алар идара мүдүрү даражасында болушкан. Пайгамбарыбыз ﷺ Муайкиб ибн Абу

Фатиманы олжолорго катчы кылып дайындаган. Хузайфа ибн Яман Хижаз мөмөлөрүнүн эсебин жазган. О.э. башка кызыкчылыктарга да катчыларды дайындаган. Ар бир кызыкчылыкка же бир нече кызыкчылыктарга бирден катчы дайындаган. Ал эми **кошуунга** (жайш) келсек, ал башкаруу жагынан жихад амирине моюн сунган. Расулуллох ﷺ кошуундун иш жүзүндөгү командачысы болгон. Кошууну түздөн-түз башкаруу жана иштерине башчылык кылуу да Расулуллох ﷺдын колунда эле. Кээ бир убактарда белгилүү бир иштерди аткаруу үчүн командачыларды дайындачу. Мисалы, бир жамаат менен бирге барып Курайш кабарларын билип келүү үчүн Абдулла ибн Жахшты командачы кылып дайындады. Абу Салама ибн Абдуласадды бир жүз элүү адамдан турган кошуунга командачы кылып дайындады. Бул кошуундун сабында мусулмандардын эр жүрөк жигиттери Абу Убайда ибн Жаррох, Саъд ибн Абу Ваккос, Усайд ибн Хузайр  сыяктуу адамдар бар эле. Акимди мухасаба кылуу (тергеп-тескөө) жана ага кеңеш берүү иштерин аткаруучу **үммөт межлиси** болсо, Расулуллох доорунда туруктуу белгилүү бир межлис көрүнүшүндө эмес эле. Тескерисинче, Расулуллох ﷺ каалаган убагында мусулмандар менен кеңешкен. Мисалы, Ухуд согушу күнү мусулмандарды топтоп кеңешкен, доомат окуясы күнүндө да жана булардан башка бир нече окуяларда Расулуллох ﷺ мусулмандарды чогултуп, алардан кеңеш сураган. Бирок, Расулуллох ﷺ мусулмандарды чогултуп, алар менен кеңешкенине карабастан, коомдун алдыңкы адамдарынан болгон белгилүү бир адамдарды алдына чакырып, алар менен тынымсыз кеңешип турган. Алар: Хамза, Абу Бакр, Жаъфар, Умар, Али, Ибн Масъуд, Салман, Аммар, Хузайфа, Абу Зарр, Микдад жана Билал رضي الله عنهمдар эле. Расулуллох ﷺ аларды кеңешүүгө туруктуу хостоп койгондуктан, алар Шуро межлиси даражасында болушкан. Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, Расулуллох ﷺ өзүнө хос көрүнүшкө ээ болгон белгилүү бир мамлекеттик жихазды курган жана өмүрүнүн акырына чейин ушул жихазга ылайык жүргөн. Ал заттан кийин халифалары келишти жана алар да Расулуллох ﷺ орноткон бул жихазга ылайык өкүм жүргүзүштү. Булардын бардыгы сахабалардын көз алдында жүз берген. Ошол себептен улам, Ислам  мамлекетинин жихазы мына ушундай көрүнүштө болушу керек. Кээде «Расулуллох ﷺ мамлекеттин байлыгы үчүн малия (каржы) бөлүмүнө атайын жооптуу кызматкер дайындаган го» деп каршылык билдирилип, жана ушул иштен малия бөлүмү жихаздар курамына кирбеген өзүнчө бир жихаз экен деген пикир пайда болуп калышы мүмкүн. Мунун жообу мындай, Расулуллох ﷺ мейли, мамлекеттин байлыгы үчүн белгилүү бир адамды дайындап, ага өз алдынча бөлүм сыяктуу маани берген болсо да, Расулуллох ﷺ мамлекет байлыгын өз алдынча жихаз кылган эмес, тескерисинче, аны жихаздын бир бөлүгү кылган. Себеби, Расулуллох ﷺ дайындаган валийлердин бир бөлүгү өкүм (башкаруу) жана малияга валийлик кылса, бир бөлүгүнүн

валийлиги өкүм иштерин гана өз ичине алган. Малияга болсо, башка бир адамды жиберген. Расулуллох ﷺ Амр ибн Хазмды Яманга валий кылып жиберди. Ага жазып берилген жарлыктан белгилүү болгондой, анын валийлиги башкаруу жана малияны өз ичине алган. Фарва ибн Мусайкты Мурод, Зубайд, Музъиж урууларына валий кылган болсо, аны менен бирге Холид ибн Саид ибн Асты зекетке валий кылган. Башкарууга дайындалган валий «намаз валийи» деп аталган. Бул сөз термин болуп, ал адамдарга зекет чогултуудан башка ар бир иштеринде: башкаруу, казылык, саясат, согуш, ибадат жана башка иштерде башчылык кылууну өз ичине алган. Малия тармагына хос болгон валий «хирож валийи» деп аталган, бул болсо, зекет, хирож жана ушул сыяктууларды чогултууну түшүндүрөт эле. Валийлиги башкаруу жана малияга жалпы болгон валий «намаз жана хирож валийи» деп аталган. Ушуга караганда, малия өз алдынча жихаз эмес, тескерисинче, амирлик т.а. валийлик иштеринин бир бөлүгү болуп, ага кээ бир абалдарда башкаруу валийинен башка адам дайындалса, кээде малия башкаруу валийине тапшырылат. Бирок, эки абалда тең малиянын мамлекет борборунда кайрыла турган өз алдынча борбору болбойт, тескерисинче, малия тuурасында халифага кайрылынат. Демек, малия өз алдынча жихаз эмес, тескерисинче, жихаздын бир бөлүгү гана. Ал эми аскерий тармакка, ички жана тышкы о.э. иштеп чыгаруу тармактарына башчылык кылуучу жихад амирлигине келсек, Расулуллох ﷺ жана халифалар бул иштерди түздөн-түз башкарышкан. Ички жана тышкы тармактарга башчылык кылганы сыяктуу ага жетекчилик кылышкан. Расулуллох ﷺ кошуунду даярдаган, камсыздаган о.э. Яман устаканаларына курал-жарак жасоону үйрөнүүгө адам жөнөткөн. Халифалар да ушундай кылышкан. Мындан тышкары, Умар ؓ аскерлер диванын түзгөн жана ага башчы дайындаган. Бул жихад амиринин салахияттарына кирет.

Ушулардан келип чыгып, Расулуллох ﷺ Ислам мамлекетин жогорудагы жихаздар негизине курган деп айта алабыз.

## ХАЛИФА

Халифа – бул өкүм жүргүзүүдө жана салтанатта о.э. шарият өкүмдөрүн ишке ашырууда үммөткө жардамчы болгон адам. Себеби, Ислам өкүм жүргүзүүнү жана салтанатты үммөткө берди. Үммөт өзү тараптан наибдик (жардамчылык) кылуучу бир кишини бул ишти аткарууга шайлайт. Анткени, Аллах Таала шарияттын бардык өкүмдөрүн аткарууну үммөткө важиб кылган.

Халифаны мусулмандар тикелейт. Демек, анын вакыйлыгы төмөнкүдөй болот: Халифа үммөт тарабынан өкүм жүргүзүүдө жана салтанатта о.э. шарият өкүмдөрүн аткарууда наиб болуп эсептелет. Ошондуктан, халифа ага үммөт байъат берсе гана халифа болот. Үммөттүн аны халифа деп берген байъаты аны үммөткө наиб кылат. Байъат аркылуу ага халифалыктын берилиши халифага салтанатты берди. Үммөткө болсо, ага итаат кылууну важиб кылды.

Мусулмандар ишин башкарып жаткан адамга, үммөттүн арасынан «Ахлул-хал вал-акд» деп этибар кылынып жаткан адамдар ыраазылык жана ыктыяр менен о.э. Халифалыкты мыйзамдуу күчкө киргизе турган шаръий байъат менен байъат беришсе; халифа болуп шайланып жаткан адамда халифалык шарттары толук табылса; ал Халифалык мыйзамдуу күчкө киргенден баштап эле шаръий өкүмдөрдү колдонууга киришсе, ошондо гана ал мыйзамдуу халифа деп тан алынат.

Эми ушул мансап үчүн колдонулуп жаткан «халифа», «имам» же «амирул-муминин» деген атамаларга токтолуп өтөбүз. Бул атамалар сахих хадистерде жана сахабалар ижмасында келген. О.э. «Хулафаи Рошидин»дер да бул атамалар менен аталышкан. Абу Саид Худрий Расулуллох ﷺдан риваят кылган, Расулуллох ﷺ: «Эгер эки халифага байъат берилсе, кийинкисин өлтүргүлө», - деген. (Муслим риваяты). Абдулла ибн Амр ибн Ас Расулуллох ﷺдан ушул сөздөрдү уккандыгын риваят кылат: «Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын». (Муслим риваяты). Ауф ибн Малик Расулуллох ﷺдан риваят кылат: «Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган, алар да силерди жакшы көрө турган; силер аларга жакшы дуба кыла турган жана алар да силерге жакшы дуба кыла турган имамдар», - деди. (Муслим риваяты). «Амирул муминун» атамасы болсо алгачкы жолу Умар ибн Хаттабга карата колдонулган. Кийин ал сахабалар доорундагы жана алардан кийинки халифаларга карата да колдонулуп келген. Ушул үч атаманы гана колдонуу важиб эмес, тескерисинче, мусулмандарга башчылык кылып жаткан адамдарга карата анын мазмунуна далалат кыла турган «Момундар акими», «Мусулмандар жетекчиси», «Мусулмандар султаны» сыяктуу башка сөздөрдү да колдонууга болот. Ал эми башкарууга тиешелүү Ислам өкүмдөрүнө тескери болгон король, президент, император сыяктуу белгилүү бир маанидеги сөздөрдү мусулмандардын башчыларына карата

колдонуу мүмкүн эмес, себеби, алар далалат кылып жаткан маанилер Ислам өкүмдөрүнө бүтүндөй карама-каршы.

## Халифалыктын шарттары

Халифа Халифалыкка ылайыктуу болушу жана ал үчүн халифалык байъаты мыйзамдуу түскө кирүүсү үчүн, халифада жети шарттын толук табылышы важиб. Бул жети шарт Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү (инъикод) шарттары болуп эсептелет. Эгер алардын бир эле шарты табылбаса, анда Халифалык мыйзамдуу түскө кирбейт.

## Халифа болуу шарттары

**Биринчи:** Мусулман болушу. Халифа болуу кафир үчүн таптакыр мүмкүн эмес, ага итаат кылуу важиб да эмес. Себеби Аллах Таала айтат:

وَلَنْ يَجْعَلَ اللهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلا

***«Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт».* [4:141]**

Башкаруу – хаким махкум үстүнөн (б.а. аким жаран үстүнөн) өкүмдарлык кыла турган эң күчтүү жол. Аятта сүйлөмдүн абадий нахийди түшүндүрө турган «лан» (لَنْ) менен келиши кафирди – Халифалык болсун же андан төмөнүрөөгү болсун – башкарууга тиешелүү ишке башчылык кылуудан катъий кайтарууга ишара болуп эсептелет. Ырас, Аллах Таала кафирге момундар үстүнөн өкүмдарлык кылууну арам кылгандан кийин, демек, мусулмандардын өздөрүнө кафирди аким кылып алуулары да арам болот.

Мындан тышкары, Халифа амир – башчы болуп эсептелет. Аллах Субханаху ва Таала мусулмандардын башчысы мусулман болушун шарт кылган. Аллах Таала айтат:

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا أَطِيعُوا اللهَ وَأَطِيعُوا الرَّسُولَ وَأُولِي الأَمْرِ مِنْكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон** (т.а. мусулман) **башчыларга моюн сунгула».*** **[4:59]**

وَإِذَا جَآءَهُمْ أَمْرٌ مِنَ الأَمْنِ أَوِ الخَوْفِ أَذَاعُوا بِهِ وَلَوْ رَدُّوهُ إِلَى الرَّسُولِ وَإِلَى أُولِي الأَمْرِ مِنْهُمْ

***«Аларга тынчтык же кооп-коркунуч кабары келсе, аны жайып жиберишет. Эгер** (алар өздөрүнө келген кабарды ар кимге жайып жибербестен) **пайгамбарга жана өздөрүнөн болгон башчыларга жеткиришкенде эле...».*** **[4:83]**

Куранда «амир» (улил-амр – башчылар) сөзү канча орунда келген болсо, бардыгында алар мусулман болуулары ифадасы менен бирге келген. Бул болсо, башчылардын мусулмандардан болушу шарт экендигине далалат кылат. Халифа башчы болгону жана муавин жана аамилдерден турган башчыларды дайындоочу да анын өзү болгону себептүү, анын мусулман болушу шарт кылынды.

**Экинчи:** Эркек киши болушу. Халифанын аял киши болушу жайиз

эмес. Себеби, Бухарий Абу Бакрадан риваят кылат: «Жамал окуясы күндөрүндө Жамал согушунда катышкандар менен бирге согушуп жиберейин деп турганымда, мен Расулуллох ﷺдан уккан хадис себептүү Аллах Таала мага пайда берди. Расулуллох ﷺга фарстар Кисронун кызын малика (королева) кылып алышкандыгынын кабары жетип келгенде: «Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгиликке жетишпейт», - деген. Расулуллох ﷺдын «аял киши башчы болгон коом ийгиликке жетишпейт» деп айтуусу аны башчы кылуудан кайтаруусу болот. Себеби, бул сөз талап көрүнүшүндө келип жатат. Аял кишини өздөрүнө башчы кылган коомдун ийгиликке жетишпеши жөнүндөгү кабардын мазаммат менен берилиши бул кайтаруунун катъий экендигине ишара болот. Ушуга караганда, бул хадисте аял кишини башчы кылуудан кайтаруу жазм талап экендигине далил боло турган мазмун менен келген. Демек, аял кишини башчы кылуу арам. Бул жердеги «башчылык» сөзүнөн көздөлгөн нерсе халифалык жана өкүмдарлыктан деп эсептеле турган башка мансаптар. Себеби, хадистин мааниси Кисронун кызынын малика болушу тууралуу. Демек, ал жогорудагы хадис келтирген башкаруу темасына хос, Кисро кызынын малика болушу окуясынын өзүнө гана хос эмес. О.э. бул өкүм бардык нерседе умумий да эмес, башкаруу темасынан башкага эч бир тиешеси жок.

**Үчүнчү:** Балагатка жеткен болушу. Сабий болсо болбойт. Абу Давуд Али ибн Абу Талиб ؓдан риваят кылат, «Расулуллох ﷺ мындай деди: «Сабийден балагатка жеткенге чейин, уйкудагы адамдан ойгонгонго чейин жана майыптан айыкканга чейин калем көтөрүлгөн». Абу Давуддан риваят кылынган башка риваятта төмөнкүдөй лафз менен келген: «Калем жиндиден түзөлгөнгө чейин, уйкудагы адамдан ойгонгонго чейин, сабийден ихтилам болгонго чейин көтөрүлгөн». Кимден калем көтөрүлгөн (т.а. кылган иштерине жоопкер болбой турган) болсо, анын өз иштерин тасарруф кылышы (тейлөөсү) жакшы эмес. Ал шаръий жактан мукаллаф эмес. Анын халифа же өкүмдарлыкка тиешелүү төмөнкү мансаптарда болушу жайиз эмес. Себеби, ал тасарруф кылуу укугуна ээ эмес. Сабийдин халифа болушу мүмкүн эместигине дагы бир далил Имам Бухарий риваят кылган хадис. Абу Ухайл Захро ибн Муаббад чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан риваят кылат. Абдулланын энеси Хумайддын кызы Зайнаб аны Расулуллох ﷺдын алдына алып барып, Расулуллох ﷺга: «Я Расулуллох, Абдулланын байъатын кабыл алыңыз», - дегенде, Расулуллох ﷺ: «Бул али жаш» деп башын сылап, анын акысына дуба кылды». Сабий тарабынан байъаттын болушу жана анын өзүнөн башканы халифа деп байъат кылышы жайиз болбогон соң, демек, анын өзүнүн да халифа боло албашы анык.

**Төртүнчү:** Акылы толук болушу. Жинди (акылсыз) болушу жайиз эмес. Буга да Расулуллох ﷺдын «Калем үч тайпа адамдан көтөрүлгөн» деген хадиси далил болот. Ушул хадисте «жинди түзөлгөнгө чейин»

деген жери бар. Кимден калем көтөрүлгөн болсо ал мукаллаф эмес. Себеби, акыл – сунуштун байлануу орду жана иштерди тасарруф кылуу жайиз болушунун шарты. Халифа болсо башкаруу иштерин аткарат жана шаръий сунуштарды ишке ашырат. Ошондуктан, анын жинди болушу жайиз эмес. Анткени, мажнундун өз ишин башкаруусу жайиз эмес, демек, табигый түрдө башкалардын ишин башкаруусу да таптакыр жайиз болбойт.

**Бешинчи:** Адилеттүү болушу. Фасик болушу жайиз эмес. Адилеттүүлүк халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши жана туруктуу болушу үчүн зарыл болгон шарт. Себеби, Аллах Таала күбөнүн адилеттүү болушун шарт кылган. Аллах Таала айтат:

وَأَشْهِدُوا ذَوَيْ عَدْلٍ مِنْكُم

***«Жана өзүңөрдөн** (т.а. мусулмандардан) **болгон эки адилет ээсин күбө кылгыла».*** **[65:2]**

Күбөгө караганда даражасы бийик болгон халифанын адилеттүү болушу керектиги өзүнөн-өзү белгилүү, себеби, адилеттүүлүк күбө үчүн шарт кылынгандан кийин, анын халифа үчүн да шарт кылынышы табигый нерсе.

**Алтынчы:** Хур (азат) болушу. Себеби, кул кожоюндун ыктыярында болот. Ал өз алдынча иш кылуу укугуна ээ эмес. Өз алдынча иш кылуу укугуна ээ болбогон адамдын башкалар үстүнөн иш жүргүзө албашы анык. Ошондуктан, анын адамдар үстүнөн башчылык кылышы мүмкүн эмес.

**Жетинчи:** Халифалык милдеттерин аткарууга кудуреттүү болушу. Бул байъат талаптарынын бири болуп эсептелет. Анткени, алсыз адам байъаттын негизи болгон Китеп жана сүннөткө ылайык калктын ишин башкарууга кудуреттүү болбойт.

### Абзелдик шарттары

Жогоруда баян кылынгандар халифага халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизип берүүнүн шарттары. Бул жети шарттан башкалары алар жөнүндөгү нусустар сахих болгон кезде, же алар сахих нусус менен сабит болгон өкүм алкагына кирген кезде абзелдик шарты болушу мүмкүн болсо да, бирок, мыйзамдуу түскө киргизүү шарты боло албайт. Себеби, шарт мыйзамдуу түскө киргизүүчү шарт болушу үчүн ага жазм талапты өз ичине алган далил келтирилиши керек. Эгер далил жазм талапты өз ичине албаса, андайда мыйзамдуу түскө киргизүү шарты эмес, абзелдик шарты болуп калат. Жазм талапты өз ичине алган далилдерде, болгону, мына ушул жети гана шарт келген. Ошондуктан, мына ушулардын өзү гана Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүнүн шарттары болуп эсептелет. Далили сахих болгон башка шарттар болсо абзелдик шарттары болот. Ушуга караганда, халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү үчүн халифанын мужтахид болушу шарт эмес. Себеби, бул

жаатта сахих нусус жок. Мындан тышкары, халифанын иши өкүм жүргүзүү болуп, бул болсо, ижтихадга муктаж эмес. Себеби, халифа өкүмдү башка бирөөдөн сурашы, бирер мужтахидге таклид кылышы жана мына ушул таклидине негизделип өкүмдөрдү кабыл кылышы мүмкүн. Демек, халифанын мужтахид болушунун зарылдыгы жок. Бирок, мужтахид болсо абзел. Мужтахид болбосо да халифанын халифалыгы мыйзамдуу түскө кире берет. О.э. халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү үчүн халифанын эр жүрөк болушу же жарандарды башкарууга жетектей турган курч пикирдүү болушу да шарт эмес. Себеби, бул тууралуу сахих хадис жок. Бул нерселер аларды халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарты кылып коё турган шаръий өкүм алкагына кирбейт, мейли, эр жүрөк, курч пикирдүү болушу абзел болсо да. О.э. халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү үчүн халифанын Курайштан болушу да шарт эмес. Имам Бухарий Муавиядан риваят кылат, Расулуллох ﷺдын мындай дегенин укканмын: «Бул иш (т.а. халифалык) Курайшта. Ырас, алар динди колдонуп жатышкан соң, эч ким аларга каршылык кыла албайт. Ким каршылык кылса, Аллах аны жүз төмөн ыргытат (тозокко)». Дагы Бухарий ибн Умардан риваят кылган мына бул хадис: Расулуллох ﷺ мындай деген: «Бул иш ар дайым Курайшта болот, мейли, алардан экөө калса дагы». Бул жана ушул сыяктуу иснады сахих болгон, башчылыкты Курайшка берүү тууралуу башка хадистердин бардыгы кабар берүү ыкмасында келген. Алардын бири да буйрук сийгасында келбеген. Кабар берүү сийгасы мейли талапты түшүндүрсө да, ырас, анда таъкидге далалат кыла турган карийна жок болгондон кийин, демек, ал жазм талап деп этибар кылынбайт. Бир да сахих риваятта таъкидге далалат кыла турган карийна келбеген. Мына ушундан бул хадистердеги халифа Курайштан болушу жөнүндөгү кабарга келсек, ал иштин важиб экендигине эмес, мубахтыгына далил болот. Демек, бул шарт Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарты эмес, тескерисинче, абзелдик шарты болуп эсептелет. Жогорудагы хадистеги «Эч ким аларга каршы чыга албайт, каршы чыкканды Аллах жүз төмөн ыргытат» деген сөзүнө келсек, мындагы маани «бул иш Курайшта» сөзүнө таъкид эмес, тескерисинче, аларга каршылык кылуудан кайтаруу маанисинде. Демек, хадис иш Курайшта болуп турганда аларга каршылык кылуудан кайтарууга хужжат болот. Мындан тышкары, Курайш сөзү сифат эмес, исм. Усул илими истилахында ал «лакаб» деп аталат. Исмдин мааниси т.а. лакабдын мааниси жалпысынан иштетилбейт, себеби исмдин т.а. лакабдын мааниси жок. Ошондуктан, «Курайшта болот» деген хужжат «Курайштан башкасында болбойт» деген маанини түшүндүрбөйт. Т.а. Расулуллох ﷺдын «Бул иш Курайшта», «Бул иш ар дайым Курайшта болот» деген сөздөрүнөн «бул иштин Курайштан башкасында болушу жайиз эмес» деген маани чыкпайт. Тескерисинче, бул иш Курайшта жана алардан башкасында болушу да жайиз. Демек, бул хужжат

Халифалык Курайштан башкасында болушун четке какпайт. Ушуга ылайык, курайштык болуу Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарынан эмес, тескерисинче, абзелдик шарттарынан болуп калат.

Мындан тышкары, Расулуллох ﷺ Абдулла ибн Раваханы, Зайд ибн Харисаны жана Усама ибн Зайдды амир кылып дайындаган. Акыйкатта болсо, алардын баары Курайштан эмес эле. Демек, Расулуллох ﷺ курайштыктан башкасын да амир кылган. Бул жерде амир кылып дайындоонун мааниси башчылык маанисинде. Халифалык да башчылык болуп эсептелет. Расулуллох ﷺдын курайштыктан башкасын да башчы кылып дайындоосу башчылыктын Курайштын өзүнө гана чектелбегендигине далил болот. Демек, жогорудагы хадистер халифалыкка ылайыктуу болгон айрым адамдар туурасында алардын абзелдиктерине далалат кылууга хужжат болот. Халифалыкты Курайшка чектеп коюуга жана башкалар үчүн аны мыйзамдуу түскө киргизүү мүмкүн эместигине далил болбойт.

О.э. халифанын хашимий (Курайш урууларынын бири, Расулуллох ﷺдын уруусу) же алавий (Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه нун уругу) болушу да шарт эмес. Себеби, Расулуллох ﷺ Бану Хашим жана Бану Алиден башкаларды да башчы кылып дайындаган. Табук казатына чыгып бара жатканда Мединага Мухаммад ибн Масламаны башчы кылып калтырган. О.э. Яманга Муаз ибн Жабал жана Амр ибн Асты башчы кылган. Акыйкатта болсо, бул сахабалар хашимий да, алавий да эмес эле. Жазм далилдер менен сабит болгондой, мусулмандар Абу Бакр, Умар жана Усман رضي الله عنهمдарга Халифалыкка байъат беришкен. Алардын ар бири менен Али رضي الله عنه да байъат кылган. Акыйкатта болсо, алар Бану Хашимден эмес эле. Аларды «Хашимий жана алавий эмес экен» деп бирер мусулман четке какпаган. Бардыгы сүкүт сакташкан (унчугушпаган). Бул болсо, Хашимий жана алавийден башкалар да халифа болушу мүмкүн экендигине сахабалардын ижмасы болот. Алардын арасында Али رضي الله عنه Ибн Аббас رضي الله عنه жана башка хашимийлер да бар эле. Саййидибиз Али رضي الله عنهнун фазл-жакшылыгы жана тууган-уруктарынын фазли туурасында келген хадистер болсо Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүдө халифа ошолордон болушу шарт экендигине эмес, болгону, алардын фазлине гана далалат кылат.

Мына ушулардан көрүнүп тургандай, Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү үчүн жогоруда айтып өтүлгөн жети шарттан башка шарттын бар экендигине нусус жок. Бул жөнүндө келген сахих нусустардагы далилдер халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттары эмес, абзелдик шарттары болушу мүмкүн. Халифа болуу үчүн шаръий түрдө талап кылына турган нерсе халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттары болуп эсептелет. Калгандары болсо мусулмандарга айтылат, анткени муну менен Халифалыкка талапкерлер аларга белгилүү болуп, алардын ичинен абзелин тандап алышат. Алар тандаган адам үчүн халифалык

мыйзамдуу түскө кирет. Бул үчүн анда мыйзамдуу түскө киргизүү шарттары толук табылса болду, калган шарттардын толук болушу шарт эмес.

## Халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши

Халифалык – бул өз ара ыраазылык жана ыктыярыдуулук ахды (шерт-келишими). Себеби, ал итаат кылынуу укугуна ээ болгон башчы үчүн итаат кылууга байъат берүү болуп эсептелет. Демек, мында халифа болуп жаткан адамдын да, ага байъат кылып жаткандардын да ыраазылыгы болушу шарт. Ошондуктан, бир киши халифа болуудан баш тартса, ал бул ишке мажбур кылынбайт. Тескерисинче, андан башка адамга сунушталат. О.э. байъатты адамдардан мажбурлап алуу да жайиз эмес. Себеби, мындай кылынганда ахд туура ахд болбойт, себеби, мажбур кылуу бул ишке тескери келет. Анткени, халифалык өз ара ыраазылык жана ыктыярдуулук ахды болуп эсептелет. Башка ахддар сыяктуу ага да мажбур кылуу аралашпоосу керек. Бирок, эгер байъаттары этибарга алына турган адамдар тарабынан байъат ахды ишке ашса, байъат мыйзамдуу түскө кирген болот жана байъат кылынган адам халифага айланып, ага итаат кылуу важиб болуп калат. Эми ага байъат кылуу халифалыкка ахд кылуу байъаты эмес, тескерисинче, итаат кылуу байъаты болот. Мындайда халифанын калган адамдарды өзүнө байъат кылууга мажбур кылышы жайиз болот, себеби, бул иш халифага итаат кылууга мажбур кылуу болуп эсептелет. Бул болсо, шаръий жактан важиб. Мында «мажбур кылуу мүмкүн эмес» деп айтылбайт. Себеби, бул байъат Халифалыкка байъат кылуу ахды эмес. Ушуга ылайык, байъат алгач ыраазылык жана ыктыярдуулук менен боло турган ахд болот. Ал эми байъат халифа үчүн мыйзамдуу түскө киргенден кийин болуучу байъат болсо, халифанын буйругуна итаат кылуу жана ага моюн сунуу байъаты болуп эсептелет. Мында Аллахтын буйруктарын аткаруу үчүн мажбур кылуу жайиз. Халифалык ахд болгондуктан, ал ахд кылуучусуз ишке ашпайт. Дал эле казылык жана амирлик сыяктуу. Киши качан гана бирөөлөр тарабынан казылыкка дайындамайынча, өз алдынча казы боло албайт. Эч ким – аны бирөөлөр амирликке дайындамайынча – өз алдынча амир боло албайт. Эч ким – аны бирөөлөр Халифалыкка дайындамайынча – өз алдынча халифа боло албайт. Ушундан жыйынтык кылып айтсак, эч ким – качан гана аны мусулмандар дайындамайынча – өзүнчө халифа боло албайт. Халифалык ахды мыйзамдуу түскө кирмейинче, ал халифалык салахияттарына ээ боло албайт. Бул ахд эки тараптын ахд кылышы менен ишке ашат. Биринчи тарап, халифалыкты талап кылган, халифалык үчүн дайындалган адам. Экинчи тарап болсо, ал адамдын өздөрү үчүн халифа болушуна ыраазы болгон мусулмандар. Ошондуктан, халифалык мыйзамдуу түскө кириши үчүн мусулмандардын байъаты зарыл.

## Бийликти күч менен алуучунун өкүмү

Ушундан келип чыгып, бир зордукчул чыгып, бийликти күч менен тартып алса, ал муну менен халифа болуп калбайт, мейли ал өзүн «мусулмандар халифасымын» деп жарыяласа да. Себеби, ал үчүн халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши мусулмандар тарабынан болгон жок. Ал адамдарды зордоп, мажбурлап байъат кылдырган күндө да халифа боло албайт. Себеби, зордоо жана мажбурлоо менен кылынган байъат этибарга алынбайт жана муну менен Халифалык мыйзамдуу түскө кирбейт. Себеби, Халифалык өз ара ыраазылык жана ыктыярдуулук ахды болуп эсептелет. Ал зордоо жана мажбурлоо аркылуу эмес, ыраазылык жана ыктыярдуулук менен ишке ашат. Бирок, бул зордукчул мусулмандардын кызыкчылыгы ага байъат кылууда экенине о.э. шарият өкүмдөрүн аткаруу ага байъат кылууну важиб кылуусуна адамдарды канааттандыра алса, адамдар да буга канааттанып ыраазы болушса, кийин өз ыраазылыктары жана ыктыярлары менен ага байъат кылышса, ал киши ыраазылык жана ыктыярдуулук менен байъат кылынган ирмемден тартып – мейли алгач салтанатты күч жана зордук менен алган болсо да – халифа болуп калат. Анткени, шарт байъаттын пайда болушу жана бул иштин ыраазылык жана ыктыярдуулук менен болушу. Байъатты алган адамдын аким жана султан болгону же болбогондугунун айырмасы жок.

## Халифалык кимдер менен мыйзамдуу түскө кирет

Эми халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү үчүн кимдер байъат кылышы керек деген нерсеге келсек, аларды Хулафаи Рошидиндер байъатында болгон иштерден жана сахабалардын ижмасынан билип алабыз. Мисалы, Абу Бакр ﵁га кылынган байъатта Мединадагы мусулмандардан ахли хал вал акдга (башкаруу иштерине таасир көрсөтө ала турган шахстарга) чектелген. Меккедеги жана араб жарым аралынын башка жерлериндеги мусулмандардын райы алынган эмес жана алардан суралган да эмес. Умар ﵁нун байъатында да ушундай болгон. Усман ﵁нун байъатында болсо Абдуррахман ибн Ауф Мединадагы мусулмандардын райын алган. Абу Бакр ﵁ Умар ﵁нун талапкерлигин көрсөткөндө кылганы сыяктуу, ахли хал вал акддан суроо менен гана чектелбеди. Али ﵁нун заманында Медина жана Куфа калкынын көпчүлүгүнүн байъаты менен чектелди. Байъатта ал киши жалгыз өзү болду. Ага каршы чыккан, аны менен согушкандар да бул байъатты этибардуу деп эсептешти, себеби, алар ал кишиден башкасына байъат кылышпады о.э. бул байъатка каршылык да билдиришпеди. Алар болгону Усман ﵁нун өчүн алып берүүнү гана талап кылышты. Алардын өкүмү халифаны бир иште айыптоочу багийлер өкүмүндө болот. Мында халифанын милдети аларга бул иштин тура эместигин ачыктап берүү жана аларга каршы күрөшүү. Алар өз алдынча башка халифалык тикелеп алышпаган.

Булардын бардыгы – борбордун калкынын көпчүлүк бөлүгү тарабынан халифага байъат кылуу – сахабалардын көз алдында болуп өттү. Байъаттын Медина калкынын көпчүлүгү менен чектелишине эч ким каршы чыкпады, аны четке да какпады. Бул нерсе башкаруу иштеринде мусулмандардын райын чагылдыруучулар тарабынан халифалыктын мыйзамдуу түскө киришине сахабалар кылган ижма болуп эсептелет. Себеби, ахли хал вал акд о.э. Мединанын көпчүлүк калкы ошол кезде бүтүндөй Ислам мамлекетиндеги үммөттүн башкаруу иштериндеги райын чагылдыруучулардын көпчүлүгү эле.

Ушуга ылайык, Хулафаи Рошидиндер заманында болгону сыяктуу, кызматтан кеткен мурунку халифага итаатта болгон, эми анын ордуна башка халифа шайлоону көздөгөн Ислам үммөтүнүн басымдуу бөлүгүн көөдөлөндүрүүчү адамдардын көпчүлүгү тарабынан байъат берилсе, халифалык мыйзамдуу түскө кирет. Алардын бул байъаты халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү (инъикод) байъаты болот. Халифалык мыйзамдуу түскө киргизилгенден кийинки башка мусулмандардын байъаты болсо, халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү байъаты эмес, тескерисинче, ага итаат кылуу байъаты т.а. халифага моюн сунуу байъаты болот.

Бул иштер халифа өлгөндө же мансаптан бошогондо, анын ордуна башка бир халифа шайлоо зарылдыгы туулганда болот. Ал эми халифа таптакыр жок болуп, шарият өкүмдөрүн ишке ашыруу жана Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн мусулмандар өздөрүнө бир халифа тикелеп алуулары фарз болгон кезде – 1343-хижрий, 1424-миладий жылы Стамбулда Исламий Халифалык жок болгондон баштап бүгүнкү күнгө чейин т.а. 1417-хижрий, 1996-миладий жылга чейин мына ушундай абал уланууда – Ислам дүйнөсүндөгү ар бир Исламий өлкө бир халифага байъат кылып, Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүгө акылуу. Мына ушул өлкөлөрдөн кайсы бир өлкө халифага байъат кылып, халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизсе, бул өлкө калкынын байъат кылышы менен халифалык ошол халифа үчүн мыйзамдуу түскө киргенден кийин, калган мусулмандардын ага итаат кылуу т.а. моюн сунуу байъатын кылуулары фарз болуп калат. Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизген бул өлкөнүн Мисир, Түркия же Индонезия сыяктуу чоң өлкө болушунун же Иордания, Тунис жана Ливан сыяктуу кичинекей өлкө болушунун айырмасы жок. Болгону, төмөнкү төрт иштин толук табылуусу шарт:

1. Бул өлкөнүн көз карандысыз, бирер кафир мамлекетке же кафирдин таасирине эмес, жалаң мусулмандардын өздөрүнө гана сүйөнө турган бийлик-салтанаты болушу.

2. Бул өлкөдөгү мусулмандар коопсуздугунун камсыздалуусу кафирдин эмес, Исламдын камсыздоосу менен болушу т.а. анын ички жана тышкы коргоосу нукура Исламий кубат деп эсептелүүчү мусулмандардын кубаты менен боло турган Исламдын коргоосу астында болушу.

3. Дароо Исламды толук абалда, жалпы көрүнүштө, революциялык түрдө колдонууга киришүүсү о.э. Ислам даъватын дүйнөгө жаюуну өз ичине алган болушу.

4. Байъат кылынып жаткан халифада – мейли абзелдик шарттары толук болбосо да – халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарынын толук болушу. (Себеби, этибар халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарына гана каратылат).

Эгер ошол өлкөдө мына ушул төрт иш толук табылса, ал өлкөнүн байъаты менен Халифалык пайда болот, мыйзамдуу түскө кирет, ал тургай, алар Ислам үммөтүнүн үлкөн бөлүгүн көөдөлөндүргөн ахли хал вал акддын көпчүлүгүн түзүшпөсө да. Себеби, халифалыкты тикелөө фарзы кифая. Бул фарзды туура көрүнүштө аткарган адам аны аткарган болуп эсептелет. Ахли хал вал акддын көпчүлүгү болушу шарт деген сөзгө келсек, мындай иш халифалык өзү бар болуп, өлгөн же иштен алынган халифанын ордуна жаңы халифа шайлоо абалында болот. Эгерде халифалык таптакыр жок болуп, аны пайда кылмакчы болгон күндө болсо, шаръий көрүнүштө анын жүзөгө чыгышынын өзү аркылуу – байъат кылуучулардын санына карабастан – халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши үчүн керек болгон шарттарга толук ээ болгон ар кандай халифа менен халифалык мыйзамдуу түскө кирет. Себеби, бул убакта маселе мусулмандардын үч күндөн да көбүрөөк мөөнөттө аткара албай жаткан фарзды аткаруу маселеси болот. Алардын бул аткара албастыктары өздөрү каалаган адамды халифалыкка тандоо укуктарын таштаттырат. Ким бул фарзды аткарса, халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши үчүн жетиштүү болот. Качан гана ошол өлкөдө Халифалык жүзөгө чыкса жана бир халифа үчүн мыйзамдуу түскө кирсе, бардык мусулмандарга Халифалык туусу астына келип кошулуу жана халифага байъат кылуу фарз болуп калат. Эгер мындай кылышпаса, Аллахтын алдында күнөөкөр болушат. Бул халифа мусулмандарды өзүнө байъат кылууга чакыруусу керек. Эгер баш тартышса, алар багийлер эсептелишип, качан халифага моюн сунушканга чейин алар менен күрөшүү халифага важиб. Биринчи халифага байъат кылынгандан жана жогорудагы төрт иш толук болуп, шаръий түрдө халифалык мыйзамдуу түскө киргенден кийин, ошол өлкөдө же башка бир өлкөдө дагы бир халифага байъат кылына турган болсо, экинчи халифа биринчи халифага байъат кылганга чейин мусулмандардын кийинки «халифа»га каршы күрөшүүсү важиб. Мунун далили мындай, имам Муслим Абдулла ибн Амр ибн Астан риваят кылышынча, ал киши Расулуллох ﷺдын мындай дегенин уккан экен: «Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, аны өлтүргүлө!». Себеби, мусулмандарды Ислам байрагы астында бириктирип туруучу адам мусулмандардын халифасы болуп эсептелет. Халифанын пайда болушу менен мусулмандар жамааты

пайда болот жана бардык мусулмандардын ал жамаатка кошулуусу фарз болуп, андан чыгуу арам болот. Ибн Аббас ﷺдан риваят кылынат, Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким жаман көргөн нерсесинин өз амири тарабынан жүз берип жатканын көрсө, ага сабыр кылсын. Себеби, кимде-ким жамааттан бир карыш ажырап өлсө, жахилият өлүмү менен өлгөн болот», - деди. Имам Муслим ибн Аббастан, ибн Аббас Расулуллох ﷺдан риваят кылат: «Кимде-ким амиринен бир нерсени жаман көрсө, сабыр кылсын. Себеби, адамдардын бирөөсү султандан бир карыш четке чыгып өлсө, жахилият өлүмү менен өлгөн болот». Бул эки хадистин мааниси жамааттан жана султандан ажырабастык.

Байъатта мусулмандардан башкалардын акысы жок. Байъат аларга важиб да эмес. Себеби, ал Исламга ылайык, Аллахтын Китебине жана пайгамбарынын сүннөтүнө ылайык байъат кылуу болуп эсептелет. Бул болсо, Исламга, Китепке жана сүннөткө ыйман келтирүүнү талап кылат. Мусулман болбогондордун башкаруу иштеринде болуусу жана аким (халифа) шайлоосу жайиз эмес. Себеби, алар үчүн мусулмандар үстүндө туруууга жол жок о.э. алар үчүн байъатта орун жок.

## Халифаны кимдер тикелейт

Мыйзам чыгаруучу зат – Аллах Таала салтанатты үммөткө берди, халифа тикелөөнү болсо белгилүү бир тайпа же жамаатка эмес, мусулмандарааммасына берди. Байъат – бул бардык мусулмандардын мойнундагы фарз. «Мойнунда байъаты болбогон абалда өлгөн киши жахилият өлүмү менен өлүптүр». Бул хадисти имам Муслим Абдулла ибн Умардан риваят кылган. Бул хадис ар бир мусулманга тиешелүү. Ошондуктан, халифа тикелөө укугуна «ахли хал вал акд» же белгилүү бир адамдар эле эмес, тескерисинче, эч кандай чектөөсүз бардык мусулмандар ээ. Ал тургай – балагатка жеткенден кийин – фажирлер жана мунафыктар да бул укуктан четтетилишпейт. Себеби, нусустар умумий болуп келген. Балагатка жетпеген жаш баланын байъаты четке кагылгандан башка ал нусустарды хостой турган нусус келбеген. Демек, алар умумий бойдон калат.

Ушуну да айтып коюшубуз керек, бардык мусулмандардын бул укукту түздөн-түз иштетүүлөрү шарт эмес. Себеби, мейли байъат аларга фарз болсо да, бирок, ал фарзы айн эмес, фарзи кифая болот. Бул фарзды айрым мусулмандар аткарышса, калгандардан сакыт болот. Бирок, бардык мусулмандарга халифа тикелөөдөгү укуктарын – алардын бул укуктарын иштеткен же иштетпегенине карабастан – түздөн-түз иштетүүлөрүнө мүмкүнчүлүк берилиши важиб т.а. ар бир мусулман халифа тикелөө ишин аткарууга толук мүмкүнчүлүктүү болушу важиб. Бул жерде маселе мусулмандарга Аллах Таала аларга фарз кылган халифа тикелөө ишин аткарууга мүмкүнчүлүк берүү маселеси, анткени муну менен, алардан бул фарз сакыт болсун. Бул маселе бул фарзды бардык мусулмандар иш жүзүндө аткарышы маселеси эмес. Себеби,

Аллах фарз кылган нерсе халифанын бардык мусулмандар тарабынан шайлануусу эмес, тескерисинче, алардын ыраазылыгы менен шайлануусу. Мындан эки иш келип чыгат. Биринчиси, бардык мусулмандар халифа тикелөөгө чындыгында ыраазы болушат. Экинчиси, бардык мусулмандар ыраазы болушпайт. Бул эки абалда тең аларга тикелөө укуктарын иштетүүгө толук мүмкүнчүлүк берилет.

Биринчи иште халифаны тикелөөчүлөрдүн белгилүү бир өлчөмдө болушу шарт эмес. Тескерисинче, канча болушуна карабастан, бир канча адамдар халифа менен байъат кылса жана мына ушул байъатта мусулмандардын сүкүтү менен, же халифага байъат кылгандыктарына ылайык ага итаат кылуулары менен, же ыраазы экендиктерине далил боло турган кандайдыр нерсе менен алардын ыраазылыгы жүзөгө чыкса, ал шаръий түрдө халифа болот. Ал тургай, бул ишти беш гана адам кылса да. Себеби, ушул беш адамдын өзүндө да халифа шайлоону ишке ашыруудагы жетиштүүлүк бар. Тим туруу же итаатка шашылуу же башка бир көрүнүштө ыраазылык жүзөгө чыгат. Мында бул иштин толук ыктыяр менен болушу о.э. раъй билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берилиши шарт кылынат. Ал эми бардык мусулмандардын ыраазылыгы жүзөгө чыкпаса, андайда халифа шайлоо иши бүтпөгөн болот. Бирок, эгер аны ушундай бир жамаат шайлаган болуп, алардын шайлоосунда мусулмандар ааммасынын т.а. көпчүлүктүн ыраазылыгы жүзөгө чыкса, халифа шайлоо иши толук ишке ашырылган болот. Мында жамааттын саны канча болушунун айырмасы жок. Айрым фукахалардын «Халифа шайлоо иши ахли хал вал акддын ага байъат кылуулары менен ишке ашат» деген сөздөрү мына ушундан келип чыккан. Себеби, «алар ахли хал вал акд – бул бардык мусулмандардын ыраазылыгы жүзөгө чыга турган бир жамаат» деп этибар кылышат. Мына ушундан «халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарына толук ээ болгон кайсы бир кишиге алар байъат кылышса, мусулмандардын ыраазылыгы да ушуну менен болот» деп билишет. Мына ушулардан жыйынтык кылып айтышыбыз мүмкүн болгон нерсе, халифа шайлоо ишин аткаруучу нерсе ахли хал вал акддын байъаты эмес. Халифа шайлоонун шаръий болушу үчүн алардын байъаты шарт да эмес. Алардын байъаты болгону мусулмандардын мына ушул байъатка ыраазы экендиктерин көрсөтүп тура турган бир белги гана. Себеби, ахли хал вал акд мусулмандардын өкүлдөрү деп этибар кылынган. Кайсы бир белги, мусулмандардын бир халифага болгон байъатка ыраазы экендиктерине далалат кылса, ушул аркылуу халифа шайлоо толук ишке ашкан болот жана бул шайлоо шаръий болот.

Ушуга ылайык, шаръий өкүм мындай, халифа шайлоо ишин ушундай бир жамаат алып баруусу керек дейсиң, алардын шайлоосунда мусулмандардын ыраазылыгы кандайдыр бир белги менен көрүнүп турсун. Бул белги байъатчылардын ахли хал вал акддын көпчүлүгүн түзүүсү менен, же мусулмандар өкүлдөрүнүн көпчүлүгү болуулары менен,

же алардын байъатына мусулмандардын сүкүт сактоолору менен, же ушул байъатка ылайык моюн сунууга шашылуулары менен, же башка бир васита менен болушу мүмкүн. Алар үчүн раъй билдирүүгө толук мүмкүнчүлүк берилген болсо болду, алардын ахли хал вал акд болуулары, беш же беш жүз же мындан көп, же болбосо, аз болуулары, борбордун калкы же региондордун калкы болуулары шаръий өкүмдөн эмес. Тескерисинче, шаръий өкүм мындай, бул байъатта кайсы бир белги менен болсо да бардык мусулмандардын ыраазылыгы көрүнүүсү о.э. өз раъйларын билдирүүлөрүнө толук мүмкүнчүлүктүү болуулары.

«Бардык мусулмандар» дегени Ислам мамлекетине моюн сунуучу өлкөлөрдө жашаган мусулмандар т.а. эгер мурда Халифалык бар болгон болсо, мурунку халифанын жарандары. Эгер Ислам мамлекети жок болуп, Халифалыкты пайда кылуу жана бул аркылуу Исламий турмушту кайрадан баштоонун астанасында турулган болсо, алар менен Ислам мамлекети курула турган жана алар менен халифалык мыйзамдуу түскө кире турган адамдар. Калган мусулмандардын болсо байъатта ыраазылыгы шарт эмес. Анткени, алар же Ислам салтанатына каршы чыгуучулар болушат, же дарул-куфрда жашагандары себептүү Дарул-Исламга кошулууга мүмкүнчүлүгү болбой турган адамдар болушат. Экөөнүн тең мыйзамдуу түскө киргизүү (инъикод) байъатын берүүгө акылары жок. Алардын үстүндө моюн сунуу (итаат) байъаты гана бар. Себеби, Ислам салтанатына каршы чыгуучулар «багийлер» деп өкүм кылынат. Дарул-куфрдагылар менен болсо Ислам салтанатын тикелөө ишке ашпайт, качан гана аны өздөрү иш жүзүндө тикелешмейинче, же Ислам салтанатына кошулушмайынча. Ушуга ылайык, мыйзамдуу түскө киргизүү байъаты укугуна ээ болгон жана халифа шайлоо шаръий болушу үчүн ыраазылыктары шарт болгон мусулмандар менен гана Ислам салтанаты иш жүзүндө тикеленет. Бул сөздү эч кандай шаръий далили болбогон аклий талкуу деп айтууга болбойт. Себеби, ал өкүмдүн өзү жөнүндө эмес, өкүмдүн мавзусу (темасы) тууралуу талкуу болуп эсептелет. Ошондуктан, ал шаръий далил келтирүү менен эмес, анын маанисин баян кылуу менен болот. Мисалы, өлүмтүктү жеген арам экендиги шаръий өкүм, өлүмтүк өзү эмне экендигин аныктоо болсо ушул өкүмдүн мавзусу т.а. ушул өкүмгө байланыштуу болгон тема. О.э. мусулмандардын халифа тикелөө ишин аткаруусу шаръий өкүм жана мунун ыраазылык жана ыктыяр менен болушу да шаръий өкүм. Далил келтириле турган жагы мына ушул. Ал эми «тикелөө ишин ишке ашыра турган мусулмандар кимдер, ыраазылык жана тандоо кантип ишке ашат» деген сыяктуу маселелер өкүмдүн мавзусу болуп, өкүм аны чечүү үчүн келген. Шаръий өкүмдүн мына ушул мавзуга дал келиши аны ишке аша турган кылып коёт. Ушуга ылайык, шаръий өкүмдүн мазмунун баян кылып келген мына ушул нерсе тууралуу талкуу жүргүзүлөт. Шаръий өкүмдүн өзү тууралуу талкуу жүргүзүлбөйт.

Өкүм колдонулушу керек болгон вакыйлык (манатуль хукм) ал өкүмдүн иллети (иллатуль хукм) болуп эсептелет, ушундай болгондон кийин ага шаръий далил керек, - деп айтылбайт. Себеби, өкүм колдонулушу керек болгон вакыйлык анын иллети эмес. Иллет менен вакыйлыктын ортосунда өтө чоң айырма бар. Анткени, иллет өкүмгө үндөөчү фактор болуп эсептелет. Т.а. ал өкүм чыгаруучу Заттын ушул өкүмдөн көздөгөн максатына далалат кылуучу нерсе. Ушундай болгондон кийин, албетте ага шаръий далил болушу шарт. Анткени муну менен, өкүм чыгаруучу Заттын өкүмүнөн максаты ошол экендиги түшүнүлөт. Өкүм колдонулушу керек болгон вакыйлык болсо – өкүм келген мавзу. Т.а. ал өкүмдүн далили да, иллети да эмес, тескерисинче, өкүм ага дал келе турган маселе. Өкүмгө байланыштуу нерсе – өкүм аны дабалоо үчүн келген нерсе. Бул дегени, өкүм ошол иллеттен келди дегени эмес, ал өкүмдүн иллети деп айтылгыдай. Демек, өкүм колдонулушу керек болгон вакыйлык – шаръий өкүмдө наклий болбогон жак болуп эсептелет. Ошондуктан, анын мазмунун билүү иллеттин мазмунун билүүдөн башкача. Анткени, иллеттин мазмунун билүү үчүн ал иллет болуп келген нусусту түшүнүүгө кайрылынат. Бул болсо манат эмес, тескерисинче, наклий нерселерди түшүнүү болуп саналат. Манат наклий нерселерден башка. Манат – бул шаръий өкүм дал келе турган вакыйлык.

## Байъат

Байъат – бардык мусулмандардын мойнундагы фарз. Байъат ар бир мусулмандын акысы, ал эркекпи же аялбы, айырмасыз. Анын фарз экендигине далил боло турган көптөгөн хадистер келген. Расулуллох ﷺ айткан төмөнкү сөздөр мына ошондой хадистердин бири болуп эсептелет: «Кимде-ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр». (Имам Муслим риваяты). Эми ал мусулмандардын акысы экендигине келсек, байъат байъат болгондугу жагынан буга далалат кылат. Себеби, байъат халифа тараптан мусулмандарга эмес, мусулмандар тарабынан халифага берилет. Сахих хадистерде мусулмандардын Расулуллох ﷺга байъат кылгандары сабит болгон. Бухарийде Убада ибн Сомиттен риваят кылынат: «Расулуллох ﷺ менен курсантчылык жана капачылыгыбызда да кулак салып итаат кылууга, башчылыкты өз ээлеринен талашпоого жана кайда болсок да, Аллах жолунда жаманатты кылуучунун жаманаттысынан коркпостон акыйкатты айтууга байъат кылдык». Дагы Бухарийде Аюбдан, Аюб Хафсадан, Хафса Умми Атийядан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ менен байъат кылганыбызда, ал киши мага: «Бирер нерсени Аллахка шерик кылбоого» аятын окуп берди. Бизди өлүккө ыйлоодон кайтарды. Ошондо бизден бир аял колун тартып алып «баланча мага ыйлашып берген, мен ага кайтарып беришим керек» деди. Расулуллох ﷺ эч нерсе деген жок. Ал аял кетти, кийин кайтып келди». Бухарий Абу Хурайрадан мындай риваят кылат, «Расулуллох ﷺ мындай деди: «Үч тайпа адамдар бар, Аллах Таала

кыямат күнүндө аларга сүйлөбөйт, алардын күнөөлөрүн кечирбейт, алар үчүн ачуу азап бар: жолдо ашыкча суусу бар туруп, аны жолоочу-мусапырларга бербей турган адам; дүйнөсү үчүн гана имам-халифага байъат кылган, каалаган нерсесин берсе бапаа кылып, бербесе бапаа кылбай турган адам; дагы бири, асрдан кийин бир адам менен бир нерсени соодалашып, «буга мынча акча берилди» деп, Аллахтын аты менен ант ичкен адам. Жанындагы адам анын сөздөрүн чын деп билип, ал нерсени алат. Акыйкатта болсо, ал нерсеге ошол акча берилген эмес болчу» (Бухарий жана Муслим риваяты). Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Умардан риваят кылат: «Биз Расулуллох ﷺ менен кулак салуу жана итаат кылууга байъат кылганыбызда, бизге: «Күчүңөр жетишинче», - деп койчу эле». Дагы Бухарий Жарир ибн Абдулладан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ менен кулак салуу жана итаат кылууга байъат кылдым. Ошондо ал киши күчүм жеткенче кылышымды жана ар бир мусулманга жакшы мамиледе болууну буйруду». Имам Муслим жана Бухарий Жунада ибн Абу Умайядан риваят кылат: «Убада ибн Сомиттин алдына кирдик. Ал ооруп жаткан эле. Ага: «Аллах сага шыпаа берсин, Расулуллох ﷺдан уккан хадистериңдин бирди-жарымын айтып бергин. Бул аркылуу Аллах бардыгыбызга пайда жеткирет», - дедик. Ал киши айтат: «Бизди Расулуллох чакырды жана биз ал кишиге байъат кылдык. Бизге шарт кылган нерселердин ичинде төмөнкүлөр бар эле: курсантчылык жана капачылыгыбызда, кыйынчылык жана жыргалчылыгыбызда да кулак салып, итаат кылууга, башканын (т.а. пайгамбардын) кызыкчылыгын жогору коюуга о.э. башчылыкты өз ээлеринен талашпоого байъат кылуу». Дагы кошумчалады: «Бирок ачык куфрду (алар тарабынан жүз бергенин) көрсөңөр жана буга силерде Аллахтан хужжат болсо (башчыдан т.а. халифадан халифалыкты талашууга уруксат бар)».

Халифага байъат берүү мусулмандардын колунда. Бул алардын укугу. Байъат кыла тургандар алар. Алардын байъаты халифа үчүн Халифалыкты мыйзамдуу кылып берет. Байъат кол алышуу түрүндө же жазуу түрүндө болот. Абдулла ибн Дийнар айтат: «Адамдар Абдулмаликти халифа кылууга чогулушканда, мен Ибн Умардын: «Мен – Аллахтын пендеси, момундар амири Абдулмаликке – Аллахтын Китеби жана пайгамбарынын сүннөтүнө ылайык кудуреттүү болгонумча кулак салып, итаат кылууга токтом кыламын», - деп жазганына күбө болгонмун. Байъат кандай васита менен болсо да жайиз болот.

Бирок, байъаттын балагатка жеткендер тарабынан болушу шарт. Жаш балдардын байъаты жайиз эмес. Абу Укайл Зухра ибн Маъбад чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан риваят кылат. Чоң атасы Расулуллох ﷺды көргөн эле. Аны (т.а. Абдулла ибн Хишамды) энеси Зайнаб бинти Хумайд Расулуллох ﷺдын алдына алып барып «Я Расулуллох, муну менен да байъат кылыңыз» деди. Ошондо Расулуллох ﷺ «бул али кичине» деп башынан сылап, анын акысына дуба кылды.

Эми байъаттын сөздөрүнө келсек, ал белгилүү бир сөздөр менен чектелген эмес. Бирок, халифага карата Аллахтын Китеби жана пайгамбарынын сүннөтүнө амал кылууну, байъат берүүчүгө карата болсо жыргалчылык жана кыйынчылыкта да, курсантчылык жана капачылыкта да итаат кылууну өз ичине алуусу шарт. Качан гана байъат кылуучу халифага байъат берсе, же башка мусулмандар тарабынан халифа үчүн халифалык мыйзамдуу түскө кирсе, байъат байъат кылуучунун мойнундагы аманатка айланат жана андан кайтуусу адал болбой калат. Демек, халифалык мыйзамдуу түскө кириши этибары менен каралганда, байъат качан аны бергенге чейин байъат берүүчүнүн укугу болуп эсептелет. Эгер ал байъатты берсе, байъатта туруусу шарт болот. Эгер андан кайтууну кааласа, кайтуусу жайиз эмес. Бухарийде Жабир ибн Абдулладан риваят кылынат. «Бир аърабий Раусулулла ﷺга байъат кылган эле. Кийин кайра ойлонуп: «Байъатымды бекер кылгын», - деди. Расулуллох ﷺ көнбөдү. Кийин дагы келип: «Байъатымды бекер кылгын», - деди, Расулуллох дагы көнбөдү. Кийин ал (Мединадан) чыгып кетти. Ошондо Расулуллох ﷺ: «Медина – бул темирчинин барсканы сыяктуу, таза эместерин кетирет, тазасын жаркыратат», - деди. Имам Муслим Нафиъден риваят кылат. Ал айтат: «Мага Абдулла ибн Умар Расулуллох ﷺдын «Кимде-ким Аллахка итаат кылуудан колун тартса, кыямат күнү Аллахка хужжатсыз абалда жолугат» дегенин укканмын, - деп айтып берген. Халифага берген байъатты бузуу Аллахка итаат кылуудан колду тартуу болуп эсептелет. Бирок, мындай болушу ал адамдын халифага берген байъаты халифага халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү байъаты болгон, же мусулмандар ага ыраазы болуп, ага байъат кылышкан халифа үчүн итаат кылуу байъаты болгон күндө болот. Ал эми башында бир халифага байъат кылса, кийин ал халифа үчүн байъат толук болбосо, «мусулмандардын бардыгы аны халифа деп кабыл кылышпады» деген этибар менен ага кылган байъатынан чыгып алышы мүмкүн болот. Анткени, жогорудагы хадистеги кайтаруу халифалыгы толук чечилбеген бир кишинин байъатынан эмес, халифага кылган байъатынан кайтууга каратылууда.

## Халифалыкка талапкер болуу

Халифалыкка талапкерлигин коюу, анын үстүндө тартышуу бардык мусулмандар үчүн жайиз, бул иш макрух эмес. Анын үстүндө тартышуудан кайтара турган эч кандай нусус келген эмес. Мусулмандардын Бану Саъиданын бастырмасында, Расулуллох ﷺ жайына коюла элек кезинде, халифалык тууралуу бири-бири менен тартышкандыктары белгилүү. О.э. ахли шуродон болгон алты улуу сахабалар бардык сахабалардын көз алдында халифалык тууралуу талашып-тартышышкан. Аларды эч ким четке какпаган, бул тартышууну баары кабыл алышкан. Бул иш халифалык үстүндө тартышуунун, ага талапкер болуунун, ал үчүн аракет кылуунун, ага жетишүү жолунда

хужжат жана пикирлер менен күрөшүүнүн жайиз экендигине сахабалардын ижмасы болуп эсептелет. Ал эми хадистерде келген амирликке талапкер болуудан кайтаруу Абу Зарр сыяктуу амирликке жөндөмсүз, алсыз адамдарга каратылган. Ал эми амирликке жөндөмдүү адамдардын ага талапкер болуулары жайиз. Амр ибн Ас амирликке талапкер болгондо, Расулуллох ﷺ аны валий кылып дайындаган. Демек, халифалыкка талапкер болуудан кайтаруу маанисинде келген хадистер амирликке же халифалыкка татыктуу болбогон адамдарга хос. Расулуллох ﷺ ага татыктуу болгон адамдардын ага талапкер болууларын четке каккан эмес, тескерисинче, талаптарына макул болгон. Ырас, Расулуллох ﷺ амирликке талапкер болгон адамга амирликти өзү берип о.э. амирликке талапкер болуудан да өзү кайтарган. Ушундай болгон соң, демек, бул кайтаруу мутлак эмес, арийне, ага татыксыз болгон адамдардын талапкерлигин кайтаруу болуп эсептелет.

## Халифа тикелөөнүн тарыйкаты

Шарият Үммөткө халифа тикелөөнү важиб кылган кезде, бул ишти ишке ашыруу тарыйкатын да белгилеп берген. Бул тарыйкат Куран, сүннөт жана сахабалардын ижмалары менен далилденген. Бул тарыйкат – байъат. Т.а. халифа тикелөө мусулмандардын Аллахтын Китеби жана пайгамбарынын сүннөтүнө ылайык халифага байъат кылуулары менен ишке ашат. Эми бул тарыйкаттын байъат экендигинин далилине келсек, мусулмандар Расулуллох ﷺга байъат кылышкан. Расулуллох ﷺ бизди бир имам (халифа)га байъат кылууга буйруган. Мусулмандардын Пайгамбар ﷺга кылган байъаттары пайгамбарлыкка кылынган байъат эмес, акимдикке кылынган байъат болуп эсептелет. Себеби, ал тастыктоо байъаты эмес, амал кылуу байъаты болгон. Демек, Расулуллох ﷺга пайгамбар жана элчи деген этибар менен эмес, аким деген этибар менен байъат кылынган. Себеби, пайгамбарлык жана элчиликке икрор болуу байъат эмес, тескерисинче, ыйман болуп эсептелет. Ушундан көрүнүп тургандай, Расулуллох ﷺга мамлекет жетекчиси деген этибар менен байъат кылынган. Байъат Куранда да, хадисте да келген. Аллах Таала айтат:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَن لاَّ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَلاَ يَسْرِقْنَ وَلاَ يَزْنِينَ وَلاَ يَقْتُلْنَ أَوْلاَدَهُنَّ وَلاَ يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلاَ يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَاسْتَغْفِرْ لَهُنَّ اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

***«Эй пайгамбар, эгер сенин алдыңа муминалар келишип, Аллахка бөлөк нерсени шерик кылбоого, уурулук кылбоого, зина кылбоого,*** *(кембагалдык же шерменде болуудан коркуп)* ***өз балдарын өлтүрбөөгө, жана кол-буттарыбыздын алдында болду деп жалган айтпоого о.э. маъруф иште сага итаатсыздык кылбоого байъат кылыша, сен да***

***аларга байъат кылгын. Алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Албетте, Аллах кечиримдүү, мээримдүү».* [60:12]**

إِنَّ الَّذِينَ يُبَايِعُونَكَ إِنَّمَا يُبَايِعُونَ اللَّهَ يَدُ اللَّهِ فَوْقَ أَيْدِيهِمْ

*«(Эй Мухаммад),* ***Чындыгында сага байъат кыла турган заттар, эч шек-күмөнсүз Аллахка байъат кылышат. Аллахтын колу алардын колдорунун үстүндө болот».* [48:10]**

Имам Бухарий риваят кылат: «Исмаил Маликтен, Малик Яхя ибн Саидден хадис келтирет: «Атам мага Убада ибн Сомиттен кабар берген: «Расулуллох ﷺ менен курсантчылык жана капачылыгыбызда да кулак салып итаат кылууга, ишти өз ээлеринен талашпоого, кайда болсок да Аллахтын жолунда жаманатты кылуучунун жаманатты кылышынан коркпостон акыйкатты айтууга байъат кылдык». Бухарий риваят кылат: «Али ибн Абдулла Абдулла ибн Язидден, ал киши Саид ибн Абу Аюбдан, ал киши болсо Абу Укайл Захро ибн Муаббаддан, ал киши өзүнүн чоң атасы Абдулла ибн Хишамдан хадис келтирет: Бул кишинин энеси Расулуллох ﷺдын алдына барып: «Я Расулуллох, муну менен байъат кылгын», - деди. Ошондо Расулуллох ﷺ: «Бул али кичине», - деп башынан сылап, анын акысына дуба кылды». Дагы Бухарий риваят кылат: «Абдан Абу Хамзадан, Абу Хамза Аъмаштан, Аъмаш Абу Солихтен, Абу Солих Абу Хурайрадан риваят кылышынча, Расулуллох ﷺ мындай деген: «Үч тайпа адам бар, Аллах Таала кыямат күнүндө аларга сүйлөбөйт, аларды күнөөдөн арылтпайт жана алар үчүн ачуу азап бар. Биринчиси, жолдо ашыкча суусу бар болуп туруп, аны жолоочуларга бербеген адам. Экинчиси болсо, жалаң дүйнөсү үчүн гана башчы менен байъат кылган адам. Башчы ал каалаган нерсени берсе бапаа кылат, бербесе бапаа кылбайт. Үчүнчүсү болсо, бир киши менен асрдан кийин бир нерсени соодалашып, буга мынча акча берилген деп касам ичет. Соодалашкан адам аны чын айтып жатат деп билип, андан ошол нерсени сатып алат. Акыйкатта болсо, ал нерсеге ошол акча берилбеген болчу». Мына ушул үч хадис халифа тикелөөнүн тарыйкаты байъат экендигине ачык хужжат болот. Убаданын хадисинде ал Расулуллох ﷺ менен кулак салууга жана итаат кылууга байъат кылды. Бул болсо, аким үчүн болгон байъат эле. Абдулла ибн Хишамдын хадисинде болсо балагатка жетпегендиги үчүн аны менен байъат кылууну четке какты. Бул да байъаттын акимдикке экендигине далалат кылат. Абу Хурайранын хадисинде болсо, башчыга байъат кылуу ачык көрүнүп турат. Андагы «имам» сөзү накрада келген болуп, ар кандай имам (башчы) маанисин түшүндүрөт. Халифага байъат кылууга хужжат боло турган башка хадистер да бар. Имам Муслимде келет, Расулуллох ﷺ айтат: Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, аны өлтүргүлө!». Дагы Муслимде Абу Саид Худрийден риваят кылынышынча,

Расулуллох ﷺ: «Эгер эки халифага байъат кылынса, алардын кийинкисин өлтүргүлө», - деген. Дагы Муслим Абу Хозимден риваят кылат: Абу Хурайра менен беш жыл маектеш болдум жана анын Расулуллох ﷺдан ушул хадисти риваят кылганын уктум. «Бану Исраилге пайгамбарлар башчылык кылышар эле. Бир пайгамбар өлсө, анын артынан дагы бир пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Келечекте халифалар болот жана алар көбөйүшөт». Сахабалар: «Бизди эмнеге буюрасыз?» - дешти. Расулуллох: «Эң биринчиси, жана дагы эң биринчиси менен болгон байъатка бапаа кылгыла», - деди. Көрүнүп тургандай, халифа тикелөөнүн тарыйкаты байъат экендигине Китеп жана сүннөттөн алынган нусустар ачык хужжаттар болуп эсептелет. Бардык сахабалар муну түшүнүшкөн жана ушуга ылайык жүрүшкөн. Абу Бакр ؓга алгач бастырмада жекече байъат кылынып, кийин мечитте жалпы байъат кылынган. Андан кийин, ал киши менен мечитте да байъат кылбаган, каршы чыккан Али ибн Абу Талиб ؓ сыяктуу байъаты этибарга алына турган адамдар байъат кылышкан. Умар ؓга да мусулмандар тарабынан байъат кылынган. Усман ؓга да мусулмандар тарабынан байъат кылынган. Али ؓга да ушундай болгон. Демек, байъат мусулмандар үчүн халифа тикелөөнүн жападан-жалгыз тарыйкаты болуп эсептелет.

Эми бул байъатты ишке ашыруунун иш жүзүндөгү көрүнүштөрүнө келсек, бул иш Расулуллох ﷺдан кийин келген төрт халифаны тикелөөдө ачык көрүнүп турат. Алар Абу Бакр, Умар, Усман жана Али ؓлар. Бул иштерге бардык сахабалар сүкүт сактап ыраазы болушкан. Эгер булар шариятка тескери болгондо, анда алар четке кагышат болчу. Себеби, бул иштер ушунчалык бир маанилүү дейсиң, мусулмандардын бар болушу, Ислам менен өкүм жүргүзүүнү сактап калуу дал ушул ишке карай болот. Кимде-ким жогорудагы халифаларды шайлоодогу иштерди күзөтсө, кээ бир мусулмандардын Бани Саъиданын бастырмасында кылган талкуусун көрөт. Талапкерлер: Саъд, Абу Убайда, Умар жана Абу Бакр эле. Алардан башка талапкер жок болчу. Талкуунун натыйжасында Абу Бакрга байъат кылынды. Кийин экинчи күнү мусулмандар мечитке чакырылып, ал кишиге байъат кылышты. Бану Саъида бастырмаында болуп өткөн байъат халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү (инъикод) байъаты эле. Абу Бакр ؓ ушул байъат менен мусулмандардын халифасына айланды. Экинчи күндөгү мечиттеги байъат болсо, моюн сунуу (итаат) байъаты эле. Абу Бакр ؓ оор кеселге чалдыккандан кийин, мусулмандарды чакырып, өзүнөн кийин кимдин мусулмандар үчүн халифа болушу тууралуу кеңешет. Бул кеңеште пикир Али менен Умардын айланасында жүрдү. Алардан башка талапкер жок болчу. Бул иш үч айга созулду. Кийин Абу Бакр көпчүлүк мусулмандардын раъйын билген соң, Умарды өзүнөн кийинки халифа деп жарыялады. Ал киши көз жумгандан кийин мусулмандар түздөн-түз мечитте чогулушуп, Умарга байъат кылышты. Умар ؓ жүргүзүлгөн кеңештер менен, же Абу Бакр ؓнун жарыясы менен

эмес, мына ушул байъат менен мусулмандардын халифасына айланды. Умар ﷺ жарадар болгондон кийин болсо, мусулмандар андан өзүнөн кийинкиге бир халифа дайындоону талап кылышты. Умар ﷺ мындан баш тартты. Мусулмандар өз талаптарында катуу туруп алышты. Ошондо Умар ﷺ алты талапкердин атын атады. Умар ﷺ көз жумгандан кийин талапкерлер өздөрүнө бирөөнү т.а. Абдуррахман ибн Ауфту наиб кылышты. Кийин ал киши мусулмандардын районна кайрылып, алардан кеңеш сурады. Кийин, байъат Усман ﷺга деп жарыя кылды. Андан соң, мусулмандар туруп Усман ﷺга байъат кылышты. Демек, Усманﷺ Умарﷺнун дайындоосу менен да эмес, Абдуррахмандын жарыясы менен да эмес, тескерисинче, мусулмандардын байъаты менен халифага айланды. Кийин, Усман ﷺ өлтүрүлдү. Медина жана Куфадагы бардык мусулмандар Али ибн Абу Талиб ﷺга байъат кылышты. Мусулмандардын байъаты менен ал киши да халифага айланды. Мына ушундан көрүнүп тургандай, халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүнүн Ислам белгилеп берген бирден-бир тарыйкаты мусулмандардын ыктыяры жана ыраазылыгы менен кылган байъаттары болуп эсептелет.

Ал эми халифага байъат кылынуудан мурда халифа тикелөө ишке аша турган амалий ижраларга (иш жүзүндө аткарылчу иш-чараларга) келсек, ал «хулафаи рошидин»дерде жүз бергени сыяктуу, ар түрдүү көрүнүштөрдү өз ичине алышы мүмкүн. Анткени, алардын ар бири башкасынан өзгөчө көрүнүштө келген жана бул иште белгилүү бир көрүнүшкө амал кылынбаган. Бул көрүнүштөрдүн улуу сахабалар көз алдында жана алардын макулдугу менен жүз бергендиги халифа тикелөөдө белгилүү бир ижраий калыпка амал кылуу важиб эместигине ижма кылгандыктарынын далили болот. Ушул себептүү, халифа шайлоо иш-чарасы бир нече көрүнүштө ишке ашуусу мүмкүн. Төмөнкү көрүнүштөрдү мисал кылып келтирүүгө болот:

1. Халифалык мамлекети борборунун калкынан турган бир жамаат, же борбордогу «Ахли хал вал акд» деп этибар кылынган адамдар, же мусулмандардын көпчүлүгүнөн өкүл болгон адамдар, же халифалыкты башкара алууга ылайыктуу деп табылган адамдар халифа көз жумгандан же четтетилгенден кийин чогулушуп, халифалык мансабы үчүн бир же бир нече адамдын талапкерлигин коюшат. Кийин өздөрү каалаган бир ыкма менен алардын бирөөсүн тандап алышат. Кийин ага Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык кулак салуу жана итаат кылууга байъат беришет. Бул байъат менен халифалык мыйзамдуу түскө кирет. Кийин халифа же анын өкүлү мусулмандардан итаат байъатын алуу үчүн отурат. Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийин Абу Бакр ﷺ ушундай кылган. Анда Бану Саъида бастырмасында ансарийлер өз саййиди Саъд ибн Убадага байъат кылуу үчүн чогулушкан болчу. Алар Саъдга байъат берүүсүнөн мурда, алардын алдына Абу Бакр, Умар жана Абу Убайдалар кирип келишти. Алар менен ансарийлердин ортосунда

жаңжалдашуу даражасына жеткен катуу талаш-тартыштар болду. Катуу тартышуудан кийин иш Абу Бакрдын тандалышы менен аяктады. Чогулгандардан Саъд ибн Убададан башка баарынан байъат алынды. Саъд байъат бербеди. Бастырмадагы ушул байъат менен Абу Бакр мыйзамдуу халифага айланды. Бастырмада жүз берген бул окуялар төмөнкүдөй болгон:

Ибн Хишам тарихий эмгегинде Ибн Исхактын минтип баяндап бергенин келтирет: Бастырмадагы ансарлар жыйналышында эмнелер болгону жөнүндө Абдуллах ибн Абу Бакр мага Абдуллах ибн Аббастан укканын айтып берген. «Умар айтты: Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийин, ансарлар бизден обочолонуп, өз жетекчилери менен Бани Саида бастырмасында чогулушканы жөнүндө кабар келди. Мухажирлер Абу Бакрдыкында чогулушту. Буга Али ибн Абу Талиб, Зубайр ибн Аввама жана дагы бир тобу катышкан жок. Мен Абу Бакрга: Жүрүңүз ансар боордошторубузга баралы, - дедим. Биз Бани Саиданын бастырмасына бардык. Алардын арасында оронуп-чулганган бир киши жүрүптүр.

- Ким бул? – деп сурадым. Алар:

- Саъд ибн Убада, - деп жооп беришти.

- Ага эмне болгон? – дедим.

- Оорунун азабын тартып жатат, - дешти.

Биз жайланышып олтургандан кийин, алардын бири келме келтирди жана Аллахка мактоолор айткан соң, минтип кеп баштады: «Аллахтын ансарлары жана Исламдын жоокерлерибиз, а силер, эй мухажирлер, силер шашылып кеттиңер. Эгер мухажирлер бизден бийликти алып койсо…». Ал унчукпай калгандан кийин, мен өзүмчө сөз сүйлөөгө камданып, бирок, Абу Бакрга карап калдым. Абу Бакр «Тынчтан, Умар» деди. Мен аны ачуулантkым келген жок. Мына ошондо менден билимдүү, менден акылман Абу Бакр сүйлөдү. Аллахка ант болсун, ал мен жактырган сөздөрдүн, мен айтмакчы болгон кептердин бирин да калтырбай айтты. Ал: «Силер эсибизге сала кеткен силердин абелдигиңер жөнүндө айта турган болсок, силер ага татыктуусуңар. Бирок, арабдар бул ишти курайштардан башкасынан эч качан кабыл албайт. Алар арабдар ичинен теги жагынан да, жери жагынан да абзелдери. Ошондуктан, мына бул эки кишинин бирин тандасаңар, мен буга макулмун. Алардын кайсынысын каалсаңар, ошонусуна байъат бергиле», - деди да, ортобузда олтурган жеринен менин колумду жана Абу Убайда ибн Жаррохтун колун кармады. Анын айткандарынан мына ушунусу мага жакпай калды. Анткени, Аллахка ант болсун, мен үчүн – арасында Абу Бакр сыяктуу адамы бар коомго амир болуудан көрө – ушундай күнөөгө кабылуудан көрө, башымдын алынганы артык болчу. Ошондо ансарлардын бири: Эй курайштар, бизден да амир, силерден да амир болсун, - деди. Ызы-чуу көтөрүлүп кетти. Ал тургай чыр-чатак чыгып кетеби деп корктум. Ошондо мен: «Колуңузду бериңиз, Абу Бакр», - дедим. Ал мага колун берди, мен ага байъат кылдым. Менден

кийин мухажирлер байъат кылышты, алардан кийин ансарлар байъат кылышты. Биз Саъд ибн Убадага асылдык эле, ансарлардын бири: «Саъд ибн Убаданы өлтүрдүңөр», - деди. Мен: «Саъд ибн Убаданы Аллах өлтүрдү», дедим.

Ибн Касир да «Сийратун-Набий» китебинде дал ушундай келтирген.

Табарийдин риваятында мындай келген:

Мына ушундай кысталыш учурда Абу Убайда ибн Жаррох бул ишке аралашты. Ал ошол кезге чейин унчукпай турууну зарыл эсептеген эле. Ал ордунан туруп, ансарларга: «Эй ансарлар жамааты, силер эң биринчи жардам берген жана колдоп-кубаттаган элеңер. Эми өзгөрткөн жана алмаштыргандардын биринчиси болуп калбагыла», - деди.

Абу Убайданын хикматтуу сөздөрүнөн ансарлар катуу таасирленишти. Кийин Хазраж жетекчилеринен Башир ибн Саъд ордунан туруп: «Биз, Аллахка ант болсун, мейли мушриктерге жихад кылууда фазилат ээлери болсок да жана бул динде биринчилерден болсок да, муну менен Роббибиздин ыраазылыгын жана Пайгамбарыбызга итаат кылууну гана көздөгөнбүз. Арийне, бул аркылуу адамдардан өзүбүздү бийик кармашыбыз жана дүйнөнү каалашыбыз ылайыктуу эмес. Анткени, Аллах Таала бизге бул неъматты берди. Эсиңерде болсун, Мухаммад ﷺ Курайштан, демек, анын коому ага акылуураак жана ылайыктуураак. Аллахка ант болсун, Аллах Таала менин алар менен бул иш тууралуу талашып-тартышканымды көрбөсө экен. Аллахтан корккула, аларга каршы чыкпагыла жана алар менен талашпагыла», - деди.

Баширдин бул сөздөрү адамдарды тынчтандырды жана Хазраж ага канааттанды.

Ошондо Абу Бакр ؓ мындай кылды. Ал Умар менен Абу Убайдалардын колунан кармады – Абу Бакр алардын ортосунда отурган болчу – жана ансарларга «Бул Умар, бул Абу Убайда, каалаганыңарга байъат кылгыла», - деди да, адамдарды жамааттан чыкпоого чакырды, бөлүнүп кетүүнүн акыбетинен эскертти.

Ошондо, ал эми Умар ؓ болсо мындай кылды. Умар ызы-чууну көрүп, ихтилафтан корккон эле, бирок ошондой болсо да, ал бийик үн менен: «Колуңузду узатыңыз, эй Абу Бакр», - деди. Абу Бакр ؓ колун узатты. Ошондо Умар ؓ ага байъат кылып: «Пайгамбар сизди мусулмандарга намаз окуп берүүгө буйруган эмес беле, сиз Расулуллох ﷺдын халифасысыз. Биз Расулуллох ﷺ биздин баарыбыздан тең жакшы көргөн адамга байъат кылуу үчүн сизге байъат кылабыз», - деди. Кийин Абу Убайда колун узатты жана Абу Бакр ؓга байъат кылып: «Сиз мухажирлердин эң абзелисиз, экөөңөр үңкүрдө болгон кезде эки кишинин экинчиси болгонсуз, Расулуллох ﷺдын намазга орунбасарысыз жана мусулмандар дининин эң абзелисиз. Сизден алдыга өтүүгө же бул ишке ээ болууга сизден башка кимдин акысы бар?» - деди.

Башир ибн Саъд шашылып барып, Абу Бакрга байъат кылды. Аус

уруусунун башчысы Усайд ибн Хузайр Башир ибн Саъддын кылган ишине унчукпай карап турган коомуна кайрылып карады да, аларга: «Аллахка ант болсун, эгер халифалыкка Хазраж уруусун ээ кылсам, андайда алар ар дайым силерден артыкчылыктуу болот эле жана алар эч качан халифалыкты силерге беришпейт болчу. Тургула, Абу Бакрга байъат кылгыла», - деди. Аустуктар туруп Абу Бакрга байъат кылышты. Андан соң, адамдар шашылып Абу Бакрга байъат кыла баштаашты, ал тургай, бастырмадагы орун байъат берүүчүлөргө тардык кылып калды.

Бастырмадагы байъат ошону менен аяктады. Расулуллох ﷺдын денеси болсо дагы эле төшөгүнө оролгон бойдон жайына узатылбай турган эле. Байъат бүткөндөн кийин, адамдар бастырмадан таркап кетишти. Эртеси күнү Абу Бакр ؓ мечитке келип отурду. Умар ؓ ордунан турду жана адамдарга хутба окуду. Кечээги күнү «Расулуллох өлгөн жок, өлбөйт дагы» деген маанидеги сөздөрү үчүн кечирим сурап, төмөнкү сөздөр менен хутбаны аяктады: «Албетте, Аллах өз пайгамбарын туура жолго баштаган Китебин силерге калтырды, эгер силер аны бекем кармасаңар, Аллах пайгамбарын аны менен хидаяттаганы сыяктуу силерди да хидаяттайт. Аллах силердин ишиңерге эң жакшыңарды башчы кылды, ал Расулуллох ﷺдын досу жана үңкүрдөгү эки адамдын экинчиси. Тургула жана ага байъат кылгыла». Адамдардын баары Абу Бакрга байъат кылышты. Ошону менен байъат аягына чыкты. Кийин Абу Бакр ؓ ордунан турду жана адамдарга хутба окуду. Бул анын халифа болгондогу эң биринчи сөзү болчу, ал мындай деди: «Эй адамдар, мен силерге башчы кылындым, бирок, силердин эң жакшыңар эмесмин. Эгер мен жакшы иштерди кылсам, мага жардам бергиле. Эгер туура эмес иш кылсам, мени оңдоп койгула. Туура сөз – аманат, жалган – кыянат. Араңардагы алсыз киши – Аллах кааласа – анын акысын алып бермейинче, менин алдымда эң күчтүү киши болуп эсептелет. Араңардагы күчтүү киши – инша Аллах – андан акыны алмайынча, эң алсыз киши болуп эсептелет. Эч бир коом Аллах жолундагы жихадды таштабасын, болбосо Аллах аларды кордобой койбойт. Бирер коомдо бузуку иштер жайыла турган болсо, Аллах алардын баарына балээ жөнөтпөй койбойт. Ырас, мен Аллахка жана Расулуна итаат кылсам, силер мага итаат кылгыла, эгер асий болсом, силердин мага итаат кылышыңар важиб эмес, намазга тургула, силерге Аллахтын рахматы болсун».

Бул Абу Бакр ؓнун халифа болуп шайлануусу жана ага байъат кылынуунун кыскача баяны. Ал эми ансарийлер менен мухажирлердин халифа тууралуу тартышуулары эки тараптын халифалыкка эң татыктуу адамын аныктоо үчүн болгон эле. Абу Убайда жана Башир ибн Саъддын сөздөрүнөн кийин жыйындын райы мухажирлер тарапка ооду жана Абу Бакрга токтоду. Натыйжада Абу Бакрга байъат берилди, болгону Саъд ибн Убада гана байъат берген жок. Бастырмадагы бул байъат

Халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүчү байъат болду. Экинчи күнү мечитте болгон байъат болсо итаат байъаты болду.

Абу Бакрды халифа кылып шайлоодогу ижраий калыптан көрүнүп тургандай, Мединанын т.а. Ислам  мамлекетинин борборунун калкынан бир жамаат чогулуп, өз ара талкуулашты жана талашып-тартышышты. Халифалык мансабына талапкер адамдар көрсөтүлдү. Алар: Саъд, Абу Бакр, Умар жана Абу Убайдалар болчу. Кийин раъй Абу Бакрга токтоду жана ага байъат берилди.

2. Халифа ажалы жакындашып калганын сезген убакта, өзү тарабынан же адамдардын талаптарына ылайык, мусулмандарга же алардын ичиндеги «ахлул хал вал акд»га, же алардын башчыларына өзүнөн кийин ким халифа болушу жөнүндө кеңеш сурап кайрылат. Мына ушундан келип чыгып, ал бир адамга өзүнөн кийин мусулмандарга халифа болушуна ахд берет. Халифа көз жумгандан кийин мусулмандар ага халифалык байъатын беришет. Алардын байъаты менен ахд берилген адамдын халифалыгы мыйзамдуу түскө кирет. Ал мурунку халифанын ахднаамасы менен эмес, тескерисинче,  мусулмандардын байъаты менен халифага айланат.

Абу Бакр ؓ Умар ؓга ахд бергенде дал ушундай окуя болгон. Абу Бакр ؓ оорусу күчөп, өлө тургандыгын сезгенден кийин, адамдарды чогултту. Аларга: «Мага силер көрүп турган оору жетти жана ушул оорунун айынан өлсөм керек деп ойлоп жатамын. Аллах силерди мага берген байъаттарыңардагы касамыңардан куткарды жана менин ахдымды силерден азат кылды. Иштериңерди өзүңөргө кайтарды. Силер эми өзүңөр каалаган адамды өзүңөргө амир кылып алгыла. Эгер силер мен тирүү маалымда амирди дайындап алсаңар, менден кийинки ихтилафыңарга караганда жакшыраак болот», - деди.

Бирок, мусулмандар Абу Бакрдан кийин халифа болуучу киши жөнүндө келише алышпады. Ошондуктан, алар Абу Бакр ؓнун алдына кайтып келишип: «Эй Расулуллох ﷺдын халифасы, сиздин райыңыз – биздин райыбыз», - дешти. Абу Бакр: «Мүмкүн, менин райым макул келбестир», - деди. Алар «жок» дешти. Абу Бакр: «Ыраазы болууга Аллахка ант ичесиңерби?» - деди. Сахабалар «ооба» деп жооп беришти. Ошондо Абу Бакр: «Мага Аллах үчүн, дин үчүн жана пенделери үчүн ойлоп көрүүгө мөөнөт бергиле», - деди.

Бул мусулмандар тарабынан Абу Бакр ؓга алар үчүн халифа тандоо ишин толук тапшыруу эле. Абу Бакр ؓ улуу сахабалардын зээндеринде жүз берип жаткан нерсени сезип, алардын ар биринин халифа болуу үмүтү бар экендигин туюп жаткандай болду. Ошондуктан, алар менен шерттешти.

Мусулмандар тарабынан берилген анык ишенимге ээ болуп туруп, Абу Бакр ؓ сахабалардын улуулары Абдуррахман ибн Ауф, Усман ибн Аффан, Саид ибн Зайд, Усайд ибн Хузайрлар менен кеңешти, бирок бул кеңешүү

жашыруун түрдө болду. Абу Бакрдын оюнда Умар жана Али ؓ экөө болгон эле. Кийинчерээк райы Умар ؓга токтоду. Ошондон кийин Абу Бакр адамдар менен ачык кеңешүүгө өттү. Андан соң, адамдардын алдына чыгып, (аялы Асма Умайс кызы Абу Бакрды сүйөп турду) аларга карата: «Мен силерге халифа кылып калтырмакчы болгон кишиге ыраазы болосуңарбы? Аллахка ант болсун, мен бул ишке бүткүл күчүмдү жумшадым, тууганымды валий кылбадым», - деди. Алар «ыраазыбыз» дешкенден кийин: «Мен силерге Умар ибн Хаттабды халифа кылып калтырамын, ага кулак салгыла жана итаат кылгыла», - деди. Адамдар: «Кулак салдык жана итаат кылдык», - дешти. Ошондо Абу Бакр ؓ колдорун асманга көтөрүп: «Эй Аллахым, мен муну менен аларга жакшылыкты гана көздөдүм. Аларга фитна келишинен коркуп, алардын арасында сага белгилүү болуп турган ушул ишти кылдым. Алар үчүн катуу ойлондум жана аларга арасындагы эң жакшы, эң күчтүү жана аларды туура жолго баштоого эң кайраттуу адамды башчы кылдым», - деди. Адамдар Абу Бакр ؓнун дубасын угушту жана ал кылган иштен көңүлдөрү тынчтанды. Абу Бакр ؓ көз жумгандан кийин Умар ؓ мечитке барды. Адамдар Умар ؓга байъат кылууга ашыгышты. Байъаттан эч ким, ал тургай Талха да четте калбады. Умар таң аткандан тээ бешимге чейин мечитте болду. Мечит байъат берүүчүлөргө толгон эле. Бешим намазында Умар ордунан туруп, минбардын Абу Бакр чыга турган тепкичинен бир тепкич төмөнүрөөккө чыкты. Аллахка хамду-саналар, пайгамбарга салаваттарды айтты. Абу Бакр ؓну эстеп, анын фазилаттарын айтты. Кийин: «Эй адамдар, мен да силер сыяктуу эле карапайым бир инсанмын. Эгер Расулуллох ﷺга халифа болууну четке кагууну жаман көрбөгөнүмдө, силерге башчы болууну кабыл албайт элем», - деди. Андан соң, асманга карап: «Эй Аллахым, мен оройлмун, өзүң мени жумшак кыл. Эй Аллахым, мен алсызмын, өзүң мени кубаттуу кыл. Эй Аллахым, мен бакыл-сараңмын, өзүң мени сахий-жоомарт кыл», - деди. Андан соң, бир топко унчукпай турду. Андан кийин дагы улантып: «Аллах силерди мени менен, мени болсо силер менен сынады. Мени эки досумдан кийин силердин араңарда калтырды. Аллахка ант болсун, эгер (адамдар) жакшылык кылышса, аларга да жакшылык кыламын, эгер жамандык кылышса, жазасын катуу беремин», - деди. Ошондон кийин Умар ؓ минбардан түштү жана адамдарга намазда имамдык кылды. Мусулмандардын Умар ؓга мечитте берген байъаты менен халифалык мыйзамдуу түскө кирди. Ушул байъат менен Умар ؓга итаат кылуу мусулмандарга фарз болду.

Ал эми Абу Бакр ؓнун Умарга ахд берүүсү халифалыкка Умардын талапкерлигин коюу жана аны талапкерликке чектөө гана болчу. Муну менен Умар ؓнун халифалыгы мыйзамдуу түскө кирбеди жана ага итаат кылуу важиб болбоду. Себеби, Умар ؓ мечитте адамдар ага байъат беришкенден кийин гана мыйзамдуу халифа болду.

Умар ؓнун халифа болуп дайындалышындагы бул көрүнүштү терең үйрөнүү көрсөтүп тургандай, бул шекил Расулуллох ﷺ көз жумгандан кийинки Абу Бакрдын халифа болуп дайындалышынан айырмаланат.

3. Халифа өлүмү жакындашкан убакта өз демилгеси менен же мусулмандардын талабы менен халифалыкка ылайыктуу болгон адамдардын бир тобуна анын өлүмүнөн кийин алар өз ара кеңешип, өздөрүнөн бир кишини халифанын өлүмүнөн кийин, үч күндөн ашпаган мөөнөттө, мусулмандарга халифалыкка тандап алышы үчүн ахд берет. Ушул жамаат өздөрү келишип алган көрүнүштө халифаны тандап, аны жарыя кылат жана алардан халифага байъат алынат. Бул адам мусулмандардын тандоосу менен эмес, тескерисинче, алардын байъаты менен мусулмандардын халифасына айланат.

Умар ибн Хаттаб ؓ жарадар болгондо дал ушундай абал жүз берген. Мусулмандар Умар ибн Хаттаб ؓнун алдына барышып, андан өзүнөн кийинкиге бир халифа дайындоону талап кылышты. Умар ؓ: «Кимди халифа кылып дайындаймын? Эгер Абу Убайда ибн Жаррох тирүү болгондо, аны халифа кылып дайындаган болот элем, себеби, менден Роббим бул жөнүндө сураса, мен: Пайгамбарыңдын «ал бул үммөттүн ишенимдүү адамы» дегенин укканмын, - деп жооп берет элем. Эгер Абу Хузайфанын кулу Салим тирүү болгондо, аны халифа кылып дайындаган болот элем. Эгер ал тууралуу Роббим менден сураса: Пайгамбарыңдын «Салим Аллахты жакшы көрөт» дегенин укканмын, - дейт элем». Мусулмандардын бири: «Уулуңуз Абдулланы халифа кылып дайындаңыз», - деди. Умар: «Аллах сени өлтүрсүн. Мен муну көздөгөнүм жок. Өлгөнүң жакшы! Катынын талак кылууга алсыздык кылган адамды канткенде халифа кылып дайындаймын? Силерге башчы болууда биздин каалообуз жок. Үйүмдөгүлөрдүн бирин да бул ишке шыктандыруу үчүн халифалык мансабын мактаган эмесмин. Эгер анда жакшылык болсо, биз ага жетиштик. Эгер анда жамандык болсо, Умардын үй-бүлөсүнө алардан бир киши Мухаммаддын үммөтүнө башчылык кылгандыгы тууралуу эсеп-китеп кылынышынын өзү жетиштүү. Ал эми мен болсо өзүмдү кыйнадым жана үй-бүлөмдү да куру калтырдым, эгер күнөө да, сооп да жок болгон абалда барабар болуп нажат тапсам, өзүмдү бактылуу деп эсептеймин», - деди. Ошондон кийин адамдар «Умар ؓ бул иш жөнүндө ойлонуп бир чечимге келип алсын» деп аны жалгыз калтырышып, тышкарыга чыгышты. Белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин, Умар ؓнун алдына дагы кайрадан киришти жана андан мусулмандардын кызыкчылыгы үчүн өзүнөн кийинки халифаны дайындап беришин суранышты. Ошондо Умар ؓ аларга: «Силер Расулуллох ﷺ алардан ыраазы болгон абалда көз жумган жана алар жөнүндө «Алар бейиш калкынан» деп кабар берген топту ылайык көргүлө. Алар: Али ибн Абу Талиб, Усман ибн Аффан, Абдуррахман ибн Ауф, Зубайр ибн Аввам, Саъд ибн Абу Ваккос, Талха ибн Убайдуллох. Абдулла ибн Умар да алар менен бирге болсун, бирок,

анын талапкерлиги коюлбайт, бирок, анын райы алынат», - деди. Умар ﷺ ушул талапкерлердин бирин халифа кылып дайындоону осуят кылды. Бул ишти ишке ашыруу үчүн мусулмандарга үч күн мөөнөт белгиледи. Көпкө сүйлөгөндөн кийин, аларга: «Эгер өлсөм, үч күн кеңешкиле, адамдарга намазды Сухайб окуп берип турсун. Силер төртүнчү күнгө халифасыз кирбегиле», - деди. Кийин, Умар ﷺ Абу Талха Ансарийди ушул топко көзөмөлдөөчү кылып дайындады жана аларды ишке киришүүгө үндөдү. Абу Талхага: «Эй Абу Талха, албетте, Аллах Таала Исламды силер менен азиз кылды. Ансарийлерден элүү адамды танда жана мына бул топтун арасынан бир кишини тандоого үндө», - деди. Микдад ибн Асваддан ушул топ чогула турган жайды белгилөөнү талап кылды жана ага: «Мени көмгөнүңөрдөн кийин, ушул топту бир үйгө чогулткун жана алар өздөрүнөн бир кишини тандап алышсын», - деди. Кийин Сухайбдан ушул топтун жыйынын көзөмөлдөп турууну талап кылды жана ага: «Адамдарга үч күн намаз окуп берип тур. Али, Усман, Саъд, Абдуррахман ибн Ауф, Зубайр жана эгер жетип келсе Талханы бир үйгө топтогун, Абдулла ибн Умар да бул жыйында катышсын, анын талапкерлиги коюлбайт, бирок, райы алынат. Бул жыйынды толук көзөмөлдөп тур. Эгер бул талапкерлерден беш киши бир кишиге ыраазы болушса, бирок, бир киши буга ыраазы болбосо, анын башын чаап ташта. Эгер төрт киши бир кишини тандаса, бирок, калган эки киши буга ыраазы болбосо, алардын экөөсүнүн башын чаап сал. Эгер үч киши бир кишини, ал эми калган үч киши дагы бир кишини тандаса, анда, Абдулла ибн Умарды өкүм чыгаруучу кылгыла. Абдулла ибн Умар ушул эки топтун кай бирин тандаса, тандалган топ өздөрүнөн бир кишини шайласын. Эгер Абдулла ибн Умардын өкүмүнө ыраазы болушпаса, арасында Абдуррахман ибн Ауф болгон топтон бир кишини шайлагыла. Эгер адамдар келишкен нерсеге моюн сунушпаса, калгандарын өлтүргүлө», - деди. Андан соң халифалык жөнүндөгү талкууну көз жумганга чейин токтотуп турууну талап кылды.

Умар ﷺ дүйнөдөн кайтып, аны жайына узаткандан кийин, ал атап өткөн талапкерлер чогулушту. Талха жок болгону себептүү жыйында катыша албады. Жыйын Айша ﷺнун үйүндө болду. Жыйында Абдулла ибн Умар да катышты. Абу Талха Ансарийди башкы көзөмөлдөөчү кылып дайындашты. Жыйын башталганда Абдуррахман ибн Ауф: «Силердин кай бириңер өз талапкерлигинен баш тартып, халифалык мансабын араңардагы эң абзел талапкерге бере аласыңар. Т.а. кайсы бириңер өз талапкерлигиңерден баш тарта аласыңар. Ал калган талапкерлердин арасынан каалаганын тандап халифа кылып дайындоо укугуна ээ болот», - деди. Абдуррахман бул сөздү айткандан кийин баары бир топко унчукпай туруп калышты жана талапкерлердин бири да ага жооп бербеди. Ошондо Абдуррахман: «Мен өз талапкерлигимден баш тартамын», - деди. Усман: Мен буга биринчи болуп ыраазы боломун,

себеби, мен Расулуллох ﷺ Абдуррахман жөнүндө «Жерде да ишенимдүү, асманда да ишенимдүү» дегенин укканмын, - деди. Зубайр жана Саъд: Биз да ыраазыбыз, - дешти. Али ؓ унчукпай туруп калды. Ошондо Абдуррахман Али ؓдан: «Эмне дейсиң, эй Абу Хасан?» - деп сурады. Ошондо Али ؓ: «Мага акыйкатты ыктыяр кылууга, написке ээрчибестикке, тууганыңды тандабастыкка жана үммөт ишинде суздук жана көңүлкоштук кылбастыкка убада бер», - деди. Абдуррахман: «Силер мага (Исламды) өзгөртмөкчү жана алмаштырмакчы болгон кишиге каршы мени менен бирге болууга жана силерге башчы кылып тандаган адамга ыраазы болууга убада бергиле, мен да тууганымды тандабастыкка о.э. мусулмандар ишинде суздук жана көңүлкоштук кылбастыкка Аллахтын алдында убада беремин», - деди. Ошентип, алардан убада алып, аларга да ушул сыяктуу убада берди. Кийин, алар менен бир-бирден сүйлөштү жана алардын ар биринен: «Эгер халифалыкка талапкерлик сизден алынып ташталса, ушул талапкерлердин кайсы бирин халифалыкка татыктуу талапкер деп көрсөтө аласыз?» - деп сурап чыкты. Али ؓ: «Усманды», - деди. Усман ؓ болсо: «Алини», - деди. Саъд менен Зубайр Усман ؓнун талапкерлигин көрсөтүштү. Ошондон кийин, Абдуррахман ибн Ауф Мединадагы таасирдүү адамдардан айланып сурап чыкты. Андан кийин, бардык мусулман эркек жана аялдардан ушул талапкерлердин кай бирине добуш бериши жөнүндө сурап чыкты. Алардын бир бөлүгү Усман ؓга добуш бере тургандыгын, бир бөлүгү болсо Али ؓга добуш бере тургандыгын билдиришти. Абдуррахман ибн Ауф мындан адамдардын райы Усман менен Алинин ортосунда бөлүнгөндүгүн, курайштыктар ар кандай абалда да Усман ؓ тарапта экендигин билип алды.

Абдуррахман адамдарды айланып, алар менен жашыруун түрдө сүйлөшүп, баарынын райын билгенден кийин, мусулмандарды мечитке чакырды. Башына Расулуллох ﷺ ороп берген селдени кийип, кылычын тагынган абалда, минбарга чыкты. Көпкө унчукпай туруп, андан кийин сөз баштады: «Эй адамдар, мен силерден жашыруун жана ашкере түрдө имамыңар ким болушу жөнүндө сурап чыктым. Жана бул эки адамга бирер кишини теңдештирбей турганыңарды билдим», - деди. Кийин Абдуррахман ибн Ауф Али ؓ тарапка бурулуп, ага: «Мага жакыныраак кел, эй Али», - деди. Али ؓ жакыныраак барды жана минбардын жанында токтоду. Абдуррахман Али ؓнун колунан кармап: «Сен Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтү о.э. Абу Бакр жана Умардын ижтихадына ылайык байъат кыла аласыңбы?» - деди. Ошондо Али: «Жок, бирок, өз күчүм жана билимим менен ошол нерсеге ылайык байъат кыламын», - деди. (Т.а. мен Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык өз билимим жана күчүм менен амал кылууга байъат кыламын. Абу Бакр жана Умардын ижтихадына ээрчибеймин, тескерисинче, өз раъйым менен ижтихад кыламын, - деди). Андан кийин, Абдуррахман Алинин колун коё берди жана: «Менин жаныма кел, эй Усман», - деп

Усман ﵁ну чакырды. Усман ﵁ Али ﵁ турган жерге т.а. минбардын жанына келип турду. Абдуррахман Усмандын колунан кармап: «Сен Аллахтын Китеби, Расулунун сүннөтү о.э. Абу Бакр жана Умардын ижтиходына ылайык байъат кыла аласыңбы?» - деди. Усман ﵁: «Ооба, албетте», - деди. Абдуррахман Усман ﵁нун колун кармаган абалда башын өйдө көтөрдү жана: «Эй Аллахым, Өзүң ук жана күбө бол, эй Аллахым, мен өз мойнумдагы бул ишти Усманга тапшырдым!» - деди. Адамдар дароо Усман ﵁га байъат берүү үчүн келе баштаашты жана алар Усман ﵁ну ороп алышты. Кийин Али ﵁ адамдардын арасынан жарып өтүп, Усман ﵁га байъат берди. Ошону менен Усман ﵁га байъат берүү аяктады.

Усман ﵁ну халифа кылып тикелөөдө колдонулган бул ижраий калыпты талдап көрсөк, ал өзүнөн мурунку Абу Бакр ﵁ жана Умар ﵁ларды халифа кылып тикелөөдө колдонулган эки калыптан айырмалана тургандыгын көрөбүз.

4. Мусулмандардан бир жамаат, же «Ахлул хал вал акд» деп этибар кылынган адамдардын же таасирдүү адамдардын бир тобу халифа көз жумгандан кийин халифалык мансабына татыктуу болгон адамдын алдына келип, андан халифа болууну талап кылышат. Өз кезегинде ал да көпчүлүк мусулмандардын ыраазылыгын сезгенден кийин, алардын талабын кабыл алат. Кийин, мусулмандардан ашкере түрдө байъат алат. Мусулмандардан ашкере алынган ушул байъат менен анын халифалыгы мыйзамдуу түскө кирет жана ага итаат кылуу важиб болот.

Ошол адамдан халифа болууну талап кылгандардын талабы, ал халифа кылып дайындалуусу үчүн жалгыз анын талапкерлигин көрсөтүүдөн башка нерсе эмес. Бул талап менен халифалык мыйзамдуу түскө кирбейт. Тескерисинче, халифалык мусулмандардын байъаты менен мыйзамдуу түскө кирет.

Мындай абал Али ибн Абу Талиб ﵁нун халифа болушунда жүз берген. Халифа Усман ибн Аффан ﵁ козголоңчулар тарабынан өлтүрүлгөндөн кийин Медина беш күн бою халифасыз калды. Бул беш күндө Мединада амирлик милдетин козголоңчулар амирлеринин бири Гофикий ибн Харб аткарып турду. Козголоңчулар Али ибн Абу Талибден халифа болууну талап кылышкан, бирок, Али ﵁ алардан качып жүргөн. Кийин, Расулуллох ﷺдын сахабалары Али ﵁нун алдына барышты жана: «Бул адам (т.а. Усман ﵁) өлтүрүлдү, адамдарга имам керек. Бул ишке бүгүнкү күндө сизден көрө ылайыктуураак, динде алдыңкы жана Расулуллох ﷺга жакыныраак адамды таба албадык», - дешти. Али ﵁ аларга: «Мени халифа кылбагыла, менин амир болгонума караганда вазир болгонум жакшы», - деди. Алар болсо: «Жок, Аллахка ант болсун, сизге байъат кылбай туруп эч нерсе кылбайбыз», - дешти. Ошондо Али ﵁: «Анда мечитте байъат кылгыла, себеби, мага байъат кылуу жашыруун болбойт жана мусулмандардын ыраазылыгы менен гана болот», - деди. Абдулла

ибн Аббас айтат: «Мен Али ﷺ мечитке киргенде, адамдардын ага зыян жеткиришинен коркуп, анын мечитке киришин каалабадым. Али болсо «мечитке кирүү шарт» деп катуу туруп алды жана мечитке кирди. Анын артынан мухажирлер жана ансарийлер кирип, ал кишиге байъат беришти. Кийин көпчүлүк мусулмандар – Бану Умайя жана кээ бир сахабалардын каршы чыгышына карабастан – байъат беришти».

Али ибн Абу Талибге сахабалар жамааты жана мусулмандар тарабынан мечитте ашкере түрдө берилген бул байъат менен халифалык мыйзамдуу түскө кирди жана мусулмандардын ага итаат кылуулары важиб болду.

Али ﷺну халифа кылып шайлоодо колдонулган бул ижраий калыпты үйрөнүп чыксак, ал өзүнөн мурунку үч халифаны шайлоодо колдонулган ижраий калыптардан башкача экендигин көрөбүз.

5. Халифалык мамлекети бар болуп туруп, анда кеңеште жана акимдерди эсеп-китеп кылууда үммөткө наибдик кылуучу үммөт межлиси бар болгон убакта, бул межлис мүчөлөрү халифалыкка татыктуу болгон жана халифалыктын шарттарына ээ болгон адамдардан турган талапкерлерди көрсөтүшөт.

Талапкерлиги межлис мүчөлөрү тарабынан көрсөтүп берилгенден кийин, алардын аттары мусулмандарга жарыя кылынат. Кийин алардын бири мусулмандарга халифа болушу үчүн шайлоо күнү дайындалат. Халифаны Халифалык мамлекетинин дустурунда белгиленгенине карай, үммөт же межлис мүчөлөрү шайлайт. Шайлоочулардын көпчүлүк добушун алган талапкер калкка жарыя кылынат. Талапкер үммөттүн көбүрөөк добушун алабы, же үммөт межлисинин көпчүлүк добушун алабы, баары бир, мындан кийин ага үммөт межлисинин мусулман мүчөлөрү тарабынан халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү (инъикод) байъаты берилет. Андан соң, бүткүл мусулмандардан жалпы түрдө итаат байъаты алынат.

Ушул беш шекил т.а. халифа тикелөөдө колдонула турган ушул беш көрүнүш мусулмандардын халифалык мамлекети бар болуп, аларга Исламды гана колдонуп жаткан кезде, эгер халифа көз жумса, анын ордуна халифа шайлоодо аткарылат.

Мусулмандардын халифалык мамлекети да, халифасы да болбосо жана аларга куфр түзүмдөрү менен өкүмдөрү колдонулуп жаткан болсо – 1924-жылы Халифалык мамлекети кулатылгандан бүгүнкү күнгө чейин уланып келе жаткан мусулмандардын учурдагы абалы сыяктуу – бир же бир нече өлкөлөрдө мусулмандар бутка турса, же алардан бир жамаат же кубат жана таасир ээлеринен турган бир топ адамдар бутка турушса; жана алар ошол өлкөдөгү бийликти өз колдоруна алышса; Исламий турмушту кайрадан баштоо жана Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм жүргүзүү максатында куфр түзүмдөрү жана өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүп жаткан куфр акимдигин жок кылышса, мындай абалда

салтанатты ээлеген адамдар мусулмандардан халифалыкка ылайыктуу болгон жана халифалык келишими шарттарын өзүндө камтыган адамдын талапкерлигин көрсөтүүлөрү жана ошол өлкөдөгү «ахлул-хал вал-акд» деп этибар кылынуучуларды же мусулмандардын көпчүлүгүн чогултуп, алардан халифалыкка талапкерлиги көрсөтүлгөн бул адамга байъат берүүсүн талап кылуулары жана «ахлул хал вал акд» деп этибар кылынган адамдар болсо ага ыраазылык жана ыктыяры менен Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүнө ылайык байъат берүүлөрү жайиз. Ушул байъат менен халифалык мыйзамдуу түскө кирет. Андан кийин, бул өлкөдөгү мусулмандар ага жалпы түрдө итаат жана ыраазылык байъатын беришет. Ошондон кийин эле халифа Исламды толугу менен колдонуу жана ишке ашырууга эч кечиктирбестен түздөн-түз киришет.

Ошону менен Халифалык мамлекети турмушка кайтып келет, Ислам өкүмү жана түзүмдөрүн колдонуу ишке ашат о.э. ошол өлкөдөгү куфр дияры Ислам  диярына айланат.

## Өз ордуна калтыруу же тапшыруу

Халифалык өз ордуна калтыруу т.а. бийликти жөн эле тапшыруу менен мыйзамдуу түскө кирбейт. Себеби, ал мусулмандар менен халифанын ортосундагы келишим. Демек, ал мыйзамдуу түскө киришинде мусулмандар тарабынан байъат берүү, алар байъат кылып жаткан адам тарабынан болсо байъатты кабыл алуу шарт болот. Өз ордуна калтырууда же жөн эле тапшырууда болсо мындай иштер болбойт. Ошондуктан, аны менен халифалык мыйзамдуу түскө кирбейт. Ушундан белгилүү болгондой, бир халифанын өзүнөн кийин келе турган башка бирөөгө халифалыкты тапшыруусунда халифалыктын мыйзамдуу түскө кириши жүз бербейт. Себеби, ал халифалык келишимин тапшыруу укугуна ээ эмес. Анткени, халифалык халифанын эмес, мусулмандардын акысы болуп эсептелет. Мусулмандар аны өздөрү каалаган адамга тапшырышат. Демек, халифанын өзүнөн башкага халифалыкты калтыруусу же тапшыруусу мүмкүн эмес. Себеби, бул иш өзү ээ болбогон, өзүнүкү болбогон нерсени берүү болуп эсептелет. Өзү ээ болбогон нерсени өткөрүп берүү болсо шаръий жактан жайиз эмес. Эгер бир халифа башка бирөөнү өз ордуна халифа кылып калтырышы – ал уулу болобу, тууганы болобу, же болбосо, башка адам болобу, айырмасыз – жайиз эмес. Халифалык ал үчүн эч качан мыйзамдуу түскө кирбейт. Себеби, халифалык ахдын берүү ушул ахдды берүүгө ээ болгон адамдар тарабынан ишке ашкан жок. Ошондуктан, ал жайиз болбогон артыкбаш келишим болуп эсептелет.

Ал эми Абу Бакрдын Умарды халифа кылып калтырганы, Умардын алты адамды калтырганы, сахабалардын бул ишти четке какпагандыгы жана бул четке какпагандыгы алардын ижмасы экендигине келсек, бул иш өз ордуна калтыруу же тапшыруунун жайиз экендигине далалат кылбайт. Себеби, Абу Бакр ﷺ өзүнөн кийин халифа калтырган жок.

Тескерисинче, мусулмандардын өздөрү ал кишиден өздөрү үчүн ким халифа болушу жөнүндө кеңеш сурашкан эле. Али ﷺ жана Умар ﷺларды талапкер кылып көрсөттү. Кийин Абу Бакрдын тирүү кезиндеги үч айдын ичинде мусулмандардын көпчүлүгү Умар ﷺну тандашты. Абу Бакр ﷺ көз жумгандан кийин, адамдар келип Умар ﷺ менен байъат кылышты. Мына ошол кезде Умар ﷺ үчүн халифалык мыйзамдуу түскө кирди. Ал эми байъаттан мурда болсо, ал халифа эмес эле. Абу Бакр ﷺ анын талапкерлигин көрсөтүүсү менен да, мусулмандардын аны тандоосу менен да халифалык ал үчүн мыйзамдуу түскө кирген жок, тескерисинче, мусулмандар ал менен байъат кылган жана ал халифалыкты кабыл алган кезде халифалык ал үчүн мыйзамдуу түскө кирди. Ал эми Умардын алты кишиге ахд бериши да мусулмандардын талабына ылайык талапкер көрсөтүү болуп эсептелет. Кийин Абдуррахман ибн Ауф бул алтоонун кайсы бири халифа болушу туурасында мусулмандар менен кеңешти. Ошондо мусулмандардын көпчүлүгү Абу Бакр ﷺ жана Умар ﷺдын ижтихады боюнча башкаруу шарты менен Алини тандашты, эгер ал бул шартка көнбөсө, анда Усманды тандай турган болушту. Али Абу Бакр ﷺ жана Умар ﷺдардын ижтихадына чектелүүдөн баш тарткандан кийин, Абдуррахман Усман менен байъат кылды жана адамдар да аны менен байъат кылышты. Арийне, халифалык Усман ﷺ үчүн Умар ﷺнун анын талапкерлигин көрсөтүүсү же адамдардын аны тандоосу менен эмес, тескерисинче, адамдардын байъаты аркылуу мыйзамдуу түскө кирди. Эгер адамдар ага байъат кылышпаганда жана Усман ﷺ аны кабыл албаганда халифалык ал киши үчүн мыйзамдуу түскө кирбеген болот эле. Демек, халифалык үчүн мусулмандардын байъаты керек. Тапшыруу же өз ордуна калтыруу менен бул иштин болушу жайиз эмес. Себеби, ал башчылык ахдын берүү болуп эсептелет. Башка ахддарга эмне шарт болсо, ага да ошол нерсе шарт болот.

### Валиахддык

Халифалыкты мураска калтыруу (валиахддык) мункар иш болуп эсептелет жана Ислам түзүмүнө бүтүндөй тескери деп этибар кылынат. Себеби, Исламда салтанат халифаныкы эмес, үммөттүкү. Халифа салтанатта үммөткө наиб катары турган болсо, анан ал кантип салтанатты бирөөгө бере алат? Абу Бакрдын Умарга карата кылган иши мураска калтыруу эмес, тескерисинче, халифа тирүү маалында үммөт тарабынан шайлоо өткөрүү болгон жана халифанын өлүмүнөн кийин байъат кылынган. Ошону менен бирге, Абу Бакр ﷺ өзүнөн кийин Умар ﷺну халифа кылып калтыруу жөнүндө жазм токтомго келген болсо да, адамдарга карата кылган хутбасында, бул иш алардын ыраазылыгы менен ишке ашуусу жөнүндө толгонуп: «Силерге халифа кылып калтырып жаткан адамга ыраазы болосуңарбы? Мен, Аллахка ант болсун, бул иште күчүмдүн жетишинче аракет кылдым жана тууганымды башчы кылбадым», - деди. Дал ушул негизге ылайык, Умар халифалыкка

шайлануу укугуна ээ болгон алты киши менен бирге уулу Абдулла ибн Умардын атын атады. Бирок, валиахддык жөнүндө күмөн туулуп калбасын үчүн, уулуна халифалыкка шайлануу укугун бербеди, тескерисинче, ага иш боюнча кеңеш берүү укугун гана берди. Ал эми Муавия кылган иш болсо, Ислам түзүмүнө тескери болгон валиахддык эле. Муавияны мындай мункар ишке (валиахддыкка) алып барган факторлор төмөнкүлөр болчу:

1) Муавия мамлекет жетекчилигин халифалык эмес, балким королдук деп түшүнгөн эле. Тынчтык келишими түзүлгөндөн кийин Куфа калкына кылган хутбасына бир назар салыңыз: «Эй Куфа калкы, мени силер менен намаз, зекет жана ажылык себептүү согушту деп ойлойсуңарбы? Мен силердин намаз окушуңарды, зекет беришиңерди жана ажылыкка барышыңарды билчүмүн. Мен силерге башчы болуу жана моюн сундуруу үчүн силерге каршы согуштум. Силер каалабасаңар да Аллах буга жетиштирди. Эсиңерде болсун, бул фитнада мусибат жеткен ар бир мал жана жан унутулат (т.а. өч алынбайт). Менин убадаларым бутумдун алдында (т.а. убадалар аткарылбайт)», - деген.

Саид ибн Сувайддан Ибн Абу Шайба риваят кылат: «Муавия биз менен жума намазын окуду, андан кийин бизге кайрылды…». Муну Бухарий да «Ат-тарихул кабир»де дал ушундай келтирген.

Ооба, Муавиянын ушул сөздөрү жөнүндө пикирлеп көрсөңүз, ал адамдарга каршы аларга амир болуу жана аларды моюн сундуруу үчүн согушкандыгын жарыя кылып жаткан кезде, ал Исламга тескери иш кылып жаткандыгын жарыя кылып жатканын о.э. «мен койгон ар бир шарт бутумдун алдында» дегенде болсо мындан да катуураак жана оорураак кылмышка кадам койгондугун көрөсүз. Акыйкатта болсо, Аллах Таала айтат:

وَأَوْفُواْ بِالْعَهْدِ إِنَّ الْعَهْدَ كَانَ مَسْؤُولاً

***«Убадага бекем тургула. Анткени, убада** (Кыямат күнү) **сурала турган нерсе».*** **[17:34]**

Ооба, ага караңыз, анын бул сөздөрдү айтып жатканда Исламга байланбашын жарыя кылып жатканын көрөсүз. Язидди шайлоо услубуна карасак, бул услуб Муавия билип туруп Исламга тескери иш кылып жатканын т.а. өз түшүнүгүнө ылайык, Язидди валиахд кылып жатканын көрөсүз. Себеби, ал бардык адамдардын райын алды, ага эч ким кошулбады. Андан кийин, мал-дүйнө сарптоого өттү. Мында аны коомдо орду жок жана мусулмандар назарында мааниси жок адамдар гана кабыл алышты. Андан соң кылычты ишке салды. Ибн Касир, Ибн Асир жана башка тарыхчылар айтышат: «Муавиянын валийлери Хижазда Язид үчүн байъат алууга жетишишпегенден кийин, бир кыйла мал-дүйнө жана аскерлер менен ал жерге өзү барды жана мусулмандардын кадыр-барктуу кишилерин чакырып, аларга: «Силер менин өмүр баянымды

жана туугандык алакаларымды билесиңер. Язид силердин боордошуңар болот. Язидге халифалыкты сунуштооңорду жана аны бошотуучу да, валий кылуучу да, амир кылуучу жана малды чогултуп бөлүштүрүүчү да силер болушуңарды каалаймын», - деди. Абдулла ибн Зубайр ага жооп катары: «Расулуллох ﷺ эч кимди халифа кылып калтырбагандыктан, же Абу Бакр ؓнун, же Умар ؓнун кылган иштеринин бирин тандашыңды сунуш кыламын», - деди. Муавия ачууланып, башка адамдардан сурады. Алар да Ибн Зубайр айткан сөздөрдү айтышты. Ошондо Муавия: «Эскерткен киши үзүрлүү. Мен ушул сөзүмдө турамын. Аллахка ант ичип айтамын, кимде-ким ушул жайымда мага бирер сөз кайтарса, башка сөз айтуусунан мурда башынан айрылат. Ар бир киши эми өзүнөн көрсүн!» - деди. Кийин сакчылардын башчысына ар бир кадыр-барктуу кишиге жана ар бир каршылык кылуучуга экиден адам коюуну буйруду жана бул эки адамга анын сөзүн кайтарган кишинин башын алып салууну буйруду.

Кийин минбарга көтөрүлүп: «Тиги топ – мусулмандардын жетекчилери жана эң жакшылары. Аларсыз бирер иш чечилбейт жана алардын кеңешисиз бирер маселе да чечилбейт. Алар ыраазы болушту жана байъат кылышты, демек ошондой болгондон соң, силер да Аллахтын аты менен байъат кылгыла», - деди.

Муавия мына ушул негизге ылайык, валиахддык түзүмүн орнотту. Бул негиздин болсо Исламга тескери экендиги белгилүү. Умар ؓ: «Кимде-ким момундар ичинде андан жакшыраагы бар болуп туруп, бир кишини тууганлыгы же достугу себептүү амир кылса, ал Аллахка, Расулуна жана момундарга кыянат кылыптыр», - деген.

2) Муавия шаръий нусустарга айла-амал иштеткен жана аларды таъвил кылган. Чындыгында, Ислам халифа тандоо укугун үммөткө берди, Расулуллох ﷺ да ушундай кылды жана мусулмандарды өздөрүнө башчы тандоосу үчүн өз ыктыярына койду. Бирок, Муавия болсо, ошол кезде өкүмдар болгон Византия жана Сасаниддер мамлекеттеринен таасирленген болчу. Бул эки мамлекетте бийлик мураска калчу. Ошондуктан, Язидди валиахд кылды жана өзүнүн тирүү маалында ага байъат алуу менен айла-амал иштетти.

3) Муавиянын саясий иштердеги ижтихад тарыйкаты пайда негизине курулган. Ошондуктан, шаръий өкүмдөрдү проблемага ылайыкташтырды жана проблеманы шаръий өкүмдөр менен дабалаган жок, тескерисинче, өкүмдөрдү проблемага ылайыкташтыруу үчүн таъвил кылды. Акыйкатта болсо, ал маддий кызыкчылыкты эмес, тескерисинче, Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүн негиз кылган абалда ижтихаддагы исламий тарыйкатка ээрчиши зарыл болчу жана Ислам өкүмдөрүн проблемаларга ылайыкташтыруу үчүн аларды өзгөртүү, алмаштыруу жана аларга тескери иш кылуунун ордуна, бул проблемаларды чечүүдө шаръий өкүмдөрдү негиз кылып алышы керек эле.

## Халифанын жетекчилик мөөнөтү

Халифанын жетекчилиги бирер мөөнөткө чектелген эмес. Ырас, ал шариятка амал кылып, анын өкүмдөрүн аткарып, мамлекеттик иштерди жана халифалык жоопкерчиликти аткарууга кудуреттүү болгон соң, халифа боюнча кала берет. Себеби, хадистерде келген байъаттын матни (тексти) мутлак болуп, белгилүү бир мөөнөткө чектелбеген. Бухарий Анас ибн Маликтен, ал киши Набий ﷺдан мындай риваят кылат: «Мейли, силерге башы кара мейиз сыяктуу хабаш кул башчы кылынса да, ага кулак салып итаат кылгыла». Уммул Хусайн аркылуу келген Муслимдин башка бир риваятында: «Аллахтын Китеби менен башчылык кыла турган», - деп риваят кылынган. О.э. хадистерде риваят кылынгандай, Хулафаи Рошидиндерге да мутлак байъат кылынган. Алардын мөөнөтү чектелбеген. Алардын ар бири байъат берилгенден тээ көз жумганга чейин мамлекетти башкарып келишкен. Бул болсо, халифалыктын мөөнөтү чектелбеген, мутлак экендигине сахабалардын ижмасы болот. Ушуга ылайык, эгер бир халифага байъат берилсе, ал дүйнөдөн кайтканга чейин халифа бойдон кала берет.

Эгерде халифаны четтете турган же четтетүүнү талап кыла турган бирер иш жүз берсе, анын мөөнөтү бүтөт жана четтетилет. Бирок, бул халифалыктагы анын мөөнөтүн чектөө эмес, тескерисинче, халифалыктын шарттарында кемчиликтин пайда болушу болуп эсептелет. Себеби, шаръий нусус менен сабит болгон байъаттын көрүнүшү жана сахабалардын ижмасы халифалыктын мөөнөтүн чектелбеген кылып коёт. Бирок, халифалык байъатта ахддашылган иштерди аткарууга чектелген, ал чек – Китеп жана сүннөт. Т.а. Китеп жана сүннөткө ылайык амал кылуу жана Китеп жана сүннөт өкүмдөрүн аткаруу менен чектелген. Эгер халифа шариятка моюн сунбаса жана анын өкүмдөрүн аткарбаса, аны четтетүү важиб болот.

## Халифа тикелөө үчүн мусулмандарга берилүүчү мөөнөт

Халифа шайлоо үчүн мусулмандарга эки түн жана үч күн мөөнөт берилет. Демек, мусулмандын мойнунда байъат болбогон абалда эки түндү өткөрүшү адал эмес (мүмкүн эмес). Ал эми мөөнөттүн эки түн менен белгилениши берилген мөөнөттүн эң акыркы мөөнөтү болот. Себеби, халифа шайлоо мурунку халифа көз жумган же халифалыктан четтетилген убактан баштап фарз болот. Бирок, ушул иш менен алек болгон абалда шайлоону эки түн жана үч күн кечиктирүү жайиз. Эки түндө тең халифа шайлай алышпаса, анда каралат. Эгер мусулмандар халифа шайлоо иши менен алек болушса жана алар бир тараптуу кыла албай жаткан иштер себептүү эки түндүн ичинде аны ишке ашыра албай жатышса, фарзды ишке ашыруу менен алек болгондуктары үчүн күнөө алардын бардыгынан сакыт болот. Ибн Хаббан жана ибн Мажа ибн Аббастан Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Аллах менин үммөтүмдөн ката кетирүү, унутуу жана мажбур кылынган иштерин

кечирген». Эгер бул ишти өтөө менен алек болушпаса, качан халифа шайлаганга чейин бардыгы күнөөкөр болушат. Халифа шайлангандан кийин гана бул фарз алардан сакыт болот. А бирок, ошондо да халифа тикелөөгө кайдыгер болгондуктары себептүү кылган күнөөлөрү алардын мойнунда калат. Аллах бул иш үчүн аларды эсеп-китеп кылат. Мунун эсеп-китеби мусулман кишинин фарзды таштап коюудагы кылган башка күнөөлөрүн эсеп-китеп кылуу сыяктуу болот.

Халифа тикелөө фарзын өтөө үчүн мусулмандарга берилген мөөнөттүн эки түн жана үч күн экендигине келсек, буга далил мындай, сахабаларга Расулуллох ﷺдын көз жумгандыгынын кабары жетип келери менен, алар халифа тикелөө тууралуу талкуулашуу үчүн бастырмада чогулушту, алар кимди тикелөө үстүндө талашып-тартышышты. Кийин, экинчи күнү адамдарды байъат үчүн мечитке чогултушту. Бул иш үчүн эки түн жана үч күн кетти. Дагы бир далил Умар ؓ канжар соккусунан өлө тургандыгы анык болуп калгандан кийин, шуро ахлине халифа тикелөө ишин тапшырып, аларга үч күндү белгилеп берди. Кийин, ушул үч күндүн ичинде бир халифага келишилбесе, үчүнчү күндөн кийин мухолифти өлтүрүүнү насаат кылды. Бул ишти т.а. мухолифти өлтүрүү ишин аткарууга мусулмандардан элүү адамды өкүл кылды. Акыйкатта болсо, алар улуу сахабалардан жана ахли шуродон эле. Бул иштер сахабалардын көз алдында болду. Алардын биринин да бул ишти четке какканы же ага каршы чыкканы накл кылынган эмес. Демек, мусулмандарга эки түн жана үч күндөн ашык халифасыз болуу мүмкүн эместиги сахабалардын ижмасы болуп эсептелет. Сахабалардын ижмасы Китеп жана сүннөт сыяктуу эле шаръий далилдерден болуп эсептелет.

## Халифалыктын бир бүтүндүгү

Бардык мусулмандардын бир бүтүн мамлекеттин курамына кириши жана алардын бир гана халифасы болушу важиб. Дүйнөдө мусулмандардын бирден ашык мамлекети жана халифасы болушу шаръий жактан арам.

О.э. халифалык мамлекетинде башкаруу түзүмүнүн бир бүтүн түзүм болушу важиб. Иттифак түзүмү (т.а. союз) болушу болсо арам.

Мунун далили мындай, имам Муслим Абдулла ибн Амр ибн Астан риваят кылат, ал киши Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын уккан экен: «Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, аны өлтүргүлө!». Дагы Муслим Арфажадан риваят кылат, Мен Расулуллох ﷺдын мындай дегенин укканмын: «Баарыңар бир кишиге моюн сунуп турган кезиңерде, биримдигиңерди бузмакчы же жамаатыңарды бөлүп таштамакчы болуп келген кишини өлтүргүлө». Дагы Муслим Абу Саид Худрийден риваят кылат, Расулуллох ﷺ мындай деген: «Эгерде эки халифага байъат кылынса, алардын кийинкисини өлтүргүлө». Дагы Муслим Абу Хозимден риваят кылат, Абу Хурайра

менен беш жыл бирге болуп, анын Расулуллох ﷺдан мындай хадис риваят кылганын укканмын: «Бану Исраилге пайгамбарлар башчылык кылар эле. Бир пайгамбар өлсө, анын артынан дагы бир пайгамбар келчү. Менден кийин болсо пайгамбар жок. Келечекте халифалар болот жана алар көбөйүшөт», - деди. Сахабалар: «Бизди эмнеге буюрасыз?» - дешти. Расулуллох: «Эң биринчиси, жана дагы эң биринчиси менен болгон байъатка бапаа кылгыла жана алардын акыларын бергиле. Анткени, алардын кылган башчылыктары туурасында Аллах Тааланын Өзү сурап алуучу», - деди. Алгачкы хадис баян кылгандай, имамат т.а. халифалык бир кишиге берилгенде, ага итаат кылуу важиб болот. Эгерде халифалыкты талашып башка бир адам келип, бул талашуудан кайтпаса, ага каршы согушуу жана аны өлтүрүү важиб болот. Экинчи хадис болсо, мусулмандар бир халифа башчылыгында бир жамаат болуп турушканда, алардын биримдигин бузмакчы жана жамаатарын таркатмакчы болуп башка бир адам келсе, аны өлтүрүү важиб экендигин баян кылат. Ушул эки хадис мамлекеттин бөлүнбөстүгүнө, мейли күч менен болсо да, анын бөлүнүп кетүүсүнө жол койбоого далил болот.

Үчүнчү хадис болсо, мамлекет халифасыз калып – анын өлүмү, четтетилиши же иштен бошошу себептүү – эки кишиге байъат берилгенде, алардын кийинкисин өлтүрүү важиб экендигине далил болот. Экиден көбүрөөк адамдарга байъат берилгенде да так ушундай кылынат. Бул болсо мамлекетти бөлүштүрүүгө тыюу салат. Т.а. мамлекетти бир нече мамлекеттерге бөлүп таштоо арам экендигинин далили. Демек, Ислам мамлекетинин бир бүтүн мамлекет болушу важиб.

Төртүнчү хадис келечекте Расулуллох ﷺдан кийин халифалардын көбөйүшүн көрсөтөт. Сахабалар ﵃ халифалар көп болгондо эмнеге буюра тургандыгын сурашканда, байъат берилген биринчи халифага бапаа кылуулары важиб экендигин айтты. Анткени, ал шаръий халифа болуп, жалгыз ошого гана итаат кылынат. Башкаларына итаат кылынбайт. Алардын байъаты батыл т.а. шаръий эмес. Себеби, мусулмандардын бир халифасы бар болуп туруп, башка бир халифага байъат бериши мүмкүн эмес. О.э. бул хадис итаат бир гана халифага болушу важиб экендигине о.э. мусулмандардын бирден артык халифасы жана мамлекети бар болушу мүмкүн эместигине далил болот.

## Халифанын салахияттары

Халифа – бул мамлекет дегени. Ал мамлекеттин бардык салахияттарына (ыйгарым укуктарына) ээ болот. Алар төмөнкүлөр:

1. Ал шаръий өкүмдөрдү табанний кылган убакта, аларды аткарыла турган даражага көтөрөт. Бул кезде табанний кылынган шаръий өкүмдөр итаат кылуу важиб болгон жана каршы чыгуу мүмкүн болбой турган мыйзамдарга айланат.

2. Ал мамлекеттин ички жана тышкы саясатына жоопкер. Ал кошуун командачылыгына жетекчилик кылат. Согуш жарыя кылуу, тынчтык

келишимин, убактылуу тынчтык келишимин жана башка келишимдерди түзүү да анын укугу.

3. Ал чет элдик элчилерди кабыл алуу же четке кагуу жана мусулман элчилерди дайындоо же четтетүү укугуна ээ.

4. Ал муавиндер жана валийлерди дайындайт жана аларды иштен бошотот. Алардын баары халифа алдында о.э. Үммөт межлиси алдында жоопкер болушат.

5. Ал башкы казыны, идара мүдүрлөрүн, кошуун командачыларын о.э. кошуун бөлүмдөрүнүн башчыларын жана кошуун байрактары амирлерин дайындайт жана аларды иштен бошотот. Булардын бардыгы халифанын алдында жоопкер болушат. Ал эми Үммөт межлиси алдында болсо жоопкер эмес.

6. Ал мамлекеттин бюджетин белгилей турган шаръий өкүмдөрдү табанний кылат о.э. бюджеттин бөлүмдөрү жана ар бир тармак үчүн керектүү болгон каражаттарды (бул каражаттар кирешелерге тиешелүү болобу же чыгашаларга тиешелүү болобу) белгилейт.

Халифалыктын вакыйлыгы дин өкүмдөрүн тикелөө жана Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн дүйнөдөгү бардык мусулмандарга жалпы башчылык болгондугу тарабынан бул салахияттарга далил болот. Мамлекет сөзү жалпы колдонулуучу термин болуп, анын мааниси калктардын көз караштарынын ар түрдүүлүгүнө карай ар түрдүү болот. Мисалы, батыш калктары мамлекет дегенде жер, калк жана акимдер топтомун назарда тутушат. Себеби, алардын назарында мамлекет мекен деп атала турган чек аралардын ичинде курулат. Кожоюндук болсо, элдики. Акимият т.а. салтанат (бийлик) алардын түшүнүгүндө фардий (шахсий-жекече) болбой, тескерисинче, жамаий (көпчүлүк түрдө) болот. Мына ушундан белгилүү болгондой, алардын түшүнүгү боюнча «мамлекет»: мекен деп атала турган жер, мекендештер деп атала турган адамдар, бийликти түздөн-түз башкара турган акимдер топтомунан турат. Ошондуктан, батыштыктарда мамлекет жетекчиси т.а. акимдер, калк, өлкө жетекчиси о.э. өкмөт жетекчиси т.а. премьер-министр бар экендигин көрөбүз. Ал эми Исламда туруктуу чегаралар болбойт. Анткени, Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу важиб. Ошондой болгон соң, ал Ислам салтанаты башка өлкөлөргө көчүп өтүүсүнө карай өзгөрүп турат. «Мекен» сөзүнөн адамдын туруктуу жашап турган жайы т.а. үйү жана шаары назарда тутулуп, мындан башка эч кандай маанилер назарда тутулбайт. Сиядат (кожоюндук) элдики эмес, шарияттыкы. Ушуга ылайык, акимдер да, калк да шарият өкүмү менен башкарылышат. Башкаруу т.а. салтанат жамаий эмес, тескерисинче, фардий болот. Баззар Ибн Умардан Расул ﷺдын мындай дегенин риваят кылат: «Эгерде сапарда үч киши болушса, өздөрүнөн бир кишини башчы кылып алышсын». Абу Саид Худрий аркылуу Абу Давуд риваятында мындай келген: «Эгер сапарга үч киши чыкса, өздөрүнөн бир кишини амир кылып

алышсын». Муслим Абу Саид Худрийден, ал киши болсо Расулуллох ﷺдан мындай риваят кылат: «Эгер эки халифага байъат кылынса, алардын кийинкисин өлтүргүлө». Мына ушундан белгилүү болгондой, Исламда мамлекет мааниси башка түзүмдөрдөгү мамлекет маанисинен айырмаланат. Исламда мамлекет дегенде башкаруу жана салтанат назарда тутулат. Мамлекет салахияттары салтанат салахияттары болуп саналат. Исламда салтанатты халифа башкарат. Ошондуктан, халифа мамлекет деп эсептелет.

Расулуллох ﷺ Мединада Ислам мамлекетин тикелеген кезде салтанаттын башкаруучусу эле. Бардык салтанат түздөн-түз Расулуллох ﷺдын колунда болуп, салтанатка тиешелүү бардык салахияттарга ээ болчу. Мындай абал Расулуллох ﷺ дүйнөдөн кайтканга чейин уланды. Кийин Хулафаи рошидиндер келишти. Алардын ар бири салтанатты толук башкарган о.э. салтанатка тиешелүү бардык салахияттарга ээ болгон. Бул да халифанын мамлекет экендигине далил болот. О.э. Расулуллох ﷺ амирге каршы чыгуудан эскерткен кезде, бул сөздү «Султандан чыгуу» сөзү менен айткан. Муслим ибн Аббастан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким амиринен бир ишти жаман көрсө, ага сабыр кылсын. Анткени, кимде-ким султандан бир карыш четке чыгып өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр», - деди. Халифалык – момундардын амирлиги, халифа болсо – султан дегени. Ал салтанаттын бардык салахияттарына ээ. Т.а. халифа мамлекет жана ал мамлекеттин бардык салахияттарына ээ. Булар ушул салахияттардын ижмалий (кыскача) далили. Ал эми жогоруда айтып өтүлгөн халифа ээ болгон салахияттардын саны болсо, Ислам мамлекетиндеги бардык салахияттар вакыйлыгынын санагы болуп эсептелет. Мындан максат, ушул салахияттардын тафсилий далилдерин баян кылуу.

Эми жогоруда көрсөтүп өтүлгөн алты бөлүмдүн тафсилий далилдерине келсек, биринчи бөлүмдүн далили – сахабалар ижмасы. «Конун» (мыйзам) сөзү терминдик сөз болуп, анын мааниси: адамдар ага ылайык жүрүүсү үчүн султан чыгарган буйрук дегени. Мыйзамга «Султан адамдарды өз ара мамилелеринде ээрчүүгө мажбур кыла турган коидалар (эрежелер) топтому» деген аныктама да берилген. Т.а. эгер султан белгилүү бир өкүмдөргө буйруса, бул өкүмдөр адамдар ага амал кыла турган мыйзамга айланат. Эгер султан ага буйрубаса, мыйзам деп эсептелбейт жана адамдар да ага амал кылышпайт. Мусулмандар шарият өкүмдөрүнө ылайык жүрүшөт. Демек, алар султандын буйрук жана кайтарууларына эмес, тескерисинче, Аллахтын буйрук жана кайтарууларына ылайык жүрүшөт. Ушундай болгон соң, алар амал кылган мыйзамдар султандын буйругу эмес, тескерисинче, шаръий өкүмдөр болот. Бирок, сахабалар кээ бир шаръий өкүмдөр туурасында ихтилаф кылышкан. Алардын кээ бирлери шаръий нусустардан башкалары түшүнгөн нерседен башка нерсени түшүнүшкөн. Алардын ар

бири өз түшүнүгүнө ылайык амал кылган. Анын түшүнүгү ал жөнүндөгү Аллахтын өкүмү болуп калат. Бирок, үммөттүн иштерин башкарууну талап кыла турган ушундай бир шаръий өкүмдөр бар болуп, бул өкүмдөрдө мусулмандардын ар бири өз ижтихадына ылайык жүрбөстөн, тескерисинче, баары бир раъйга ылайык жүрүүсү керек болот. Мына ушул нерсе иш жүзүндө болуп өткөн. Абу Бакр мусулмандардын укугу тең болгону үчүн, алардын арасында малды бирдей бөлүштүрүүнү туура деп эсептеген. Умар болсо Расулуллох ﷺ менен бирге согушка катышкандар менен Расулуллох ﷺга каршы согушта катышкандарга олжону бирдей бөлүштүрүүнү жана кембагалга бай киши сыяктуу берүүнү туура эмес деп эсептеген. Бирок, Абу Бакр халифа болгону үчүн өз райына ылайык амал кылууга буйруган. Т.а. малды бирдей бөлүштүрүүнү табанний кылган. Мусулмандар мына ушул маселеде Абу Бакрга ээрчишкен. Казы жана валийлер да ушул өкүмгө ылайык жүрүшкөн. О.э. Умар да Абу Бакрга моюн сунуп, анын райына ылайык амал кылган. Умар халифа болгондо, Абу Бакрдын райына карама-каршы раъйды табанний кылды. Т.а. малды бирдей эмес, тескерисинче, айырма менен бөлүштүрүүгө буйруду. Натыйжада мал биринчиликке жана муктаждыкка карай берилди. Мусулмандар Умардын райына ээрчишкен. Казы жана валийлер да ага амал кылышкан. Белгилүү бир өкүмдөрдү табанний кылуу, ага амал кылууга буюруу имамдын акысы экендигине жана табанний кылынган шаръий өкүмдөргө – мейли, ал шаръий өкүмдөр алардын ижтихаддарына тескери болсо да – итаат кылуу мусулмандар үчүн важиб экендигине сахабалар ижма кылышкан. Бул табанний кылынган өкүмдөр мыйзамдар болуп эсептелет. Шаръий өкүмдөрдүн бирин табанний кылып, аны мыйзамдуу күчкө киргизүү жалгыз халифанын гана укугу экендиги, халифадан башка бирер адам мындай укукка ээ эмес экендиги белгилүү болду.

Экинчи бөлүмгө келсек, анын далили Расулуллох ﷺ валий жана казыларды дайындап, аларды эсеп-китеп кылып, соода-сатыкты күзөтүп, алды-саттыда жалгандан кайтарып, байлыкты адамдарга бөлүштүрүп, жумушсуз адамдарга жумуш табууга жардам берип, мамлекеттин бардык ички иштерин башкарган о.э. падышаларга кат жолдоп, элчилерди кабыл алуу менен мамлекеттин бардык тышкы иштерин да башкарган. Мындан тышкары, Расулуллох ﷺ казаттарда командачы катары катышкан, сарийяларды жиберип, аларга командачыларды дайындаган. Расулуллох Усама ибн Зайдды Шам өлкөсүнө жөнөтүлө турган сарийяга башчы кылып дайындады. Анын жашы кичине болгондуктан сахабалар буга каршы чыгышты. Бирок, Расулуллох ﷺ аларды Усаманын командачылыгын кабыл кылууга мажбур кылды. Бул иштерден белгилүү болгондой, халифа башкы командачы эле эмес, кошуундун амалий командачысы да болуп эсептелет. О.э. Расулуллох ﷺ Курайшка, Бани Курайзага, Бани Назирге, Бани Кайнукого, Хайбарга жана Румга каршы

согуш жарыялады. Мындан тышкары, бардык болуп өткөн согуштарды Расулуллох ﷺ жарыя кылган. Бул иштер көрсөтүп тургандай, согуш жарыялоо жалгыз гана халифанын укугу. О.э. Расулуллох ﷺ яхудийлер менен келишимдерди түзгөн. Бани Мудлиж жана алардын иттифакташтары Бани Зумра, Руъба жана Айла уруулары менен келишимдерди түздү. Худайбийя келишимин да Расулуллох ﷺ түзгөн. Ал тургай, Худайбийя келишимине мусулмандар ачууланган убакта, Расулуллох ﷺ алардын сөздөрүн кабыл албастан, райларын четке каккан жана келишимге кол койгон. Бул иштер келишимдерди түзүү – ал тынчтык келишими болобу же андан башка келишимдер болобу – жалгыз халифанын гана укугу экендигине далил болот.

Үчүнчү бөлүмдүн далили төмөнкүдөй: Расулуллох ﷺ Мусайламанын эки элчисин жана Курайштан Абу Рофиъни элчи катары кабыл алган. О.э. Ираклийге, Кисрого, Мукавкиске, Хайра падышасы Хориса Гассонийге, Яман падышасы Хориса Хумайрийге жана Хабашистан падышасы Нажашийге элчилерди жиберген. Усман ибн Аффанды Худайбийяда Курайшка элчи кылып жөнөткөн. Бул иштер элчилерди кабыл алуу, аларды четке кагуу о.э. элчилерди дайындоо халифанын укугу экендигине далил болот.

Төртүнчү бөлүмгө келсек, Расулуллох ﷺ валийлерди дайындаган. Муазды Яманга валий кылып дайындаган. О.э. валийлерди иштен бошоткон. Бахрейн калкы анын үстүнөн арызданганы себептүү Аъла ибн Хазрамийди Бахрейн валийлигинен четтеткен. Булар көрсөтүп тургандай, валийлер халифа алдында жоопкер болушкандай эле, вилаят калкы алдында да жоопкер болушат. О.э. алар Үммөт межлиси алдында да жоопкер болушат. Себеби, Үммөт межлиси бардык вилаяттарды көөдөлөндүрүп турат. Жогоруда айтып өтүлгөн иштер валийлерге тиешелүү. Ал эми муавиндерге келсек, Расулуллох ﷺдын муавиндери Абу Бакр ؓ жана Умар ؓдар эле. Расулуллох ﷺ өмүрүнүн акырына чейин аларды мансабынан четтетпеди жана алардан башка эч кимди муавиндик мансабына дайындабады. Алардын экөөнү тең Расулуллох ﷺ дайындаган. Бирок, аларды иштен четтетпеген. Бирок, муавиндин өкүмдарлыкты халифадан гана алышы мүмкүн болгондуктан, ал халифанын орунбасары катары болот. Ушуга караганда, муавинди четтетүү вакилди (өкүлдү) четтетүүгө кыястап ишке ашырылат. Себеби, вакалат берүүчү вакилди вакилдиктен четтетүү укугуна ээ.

Бешинчи бөлүмдүн далили: Расулуллох ﷺ Яман казылыгын Али ؓга тапшырган. Амр ибн Астан Ахмад мындай риваят кылат: «Расулуллох ﷺдын алдына чатакташкан эки киши келди. Ошондо Расулуллох Амрга: «Эй Амр, алардын ортосунда казылык кыл!» - деди. Амр: «Бул иште сиз менден жакшырааксыз, Я Расулуллох», - деди. Расулуллох ﷺ: «Ошондой болсо да», - деди. Амр: «Эгер алардын ортосунда өкүм кылсам, мага эмне болот?» - деп айтканда, Расулуллох: «Эгер сен алардын ортосунда

казылык кылып, туура өкүм чыгарсаң, сага он сооп, эгер ижтихад кылып ката кетирсең, сага бир сооп берилет», - деп жооп берди.

Умар ﷺ казыларды дайындаган. Мисалы, Шурайх ﷺну Куфа шаарына, Абу Муса ﷺну Басра шаарына казы кылып дайындаган. Шурахбил ибн Хасананы Шам вилаяты валийлигинен четтетип, ордуна Муавияны дайындаган. Ошондо Шурахбил Умар ﷺга: «Мени коркоктук себептүү же кыянат себептүү четтетип жатасызбы?» - дегенде, Умар: «Бул эки нерсе себептүү эмес. Тескерисинче, сага караганда күчтүүрөөк кишини тандадым», - деди. Али ﷺ Абу Асвадды валий кылып дайындап, кийин аны четтеткен. Ошондо Абу Асвад Али ﷺга карата: «Мен кылмыш да, кыянат да кылган жокмун, эмне үчүн мени четтетип жатасыз», - деди. Али буга жооп катары: «Мен эки келише албай жаткан адамга карата үнүң бийик чыгып жатканын көрдүм», - деди. Умар жана Али ﷺ ушул иштерди сахабалардын көз алдында ишке ашырышты. Сахабалар бул иштерге каршылык билдиришпеди. Демек, казыларды умумий түрдө дайындоо о.э. казыларды дайындоодо – өкүлдүккө салыштырып – өзүнө орунбасар жолдоо халифанын акысы. Халифа бардык укуктары жана жайиз болгон башкарууларында өзүнө орунбасар дайындоо укугуна ээ.

Идара мүдүрлөрүн дайындоого келсек, Расулуллох ﷺ мамлекет кызыкчылыктары идарасына катчыларды дайындаган. Алар идара мүдүрлөрү даражасында болушкан. Муайкиб ибн Абу Фатима Давсийди олжолорго жана мөөрлөргө катчы кылып дайындаган. Хузайфа ибн Яманды Хижаз мөмөлөрүнүн түшүмүн жазып баруугa, Зубайр ибн Авамды зекет малдарын, Мугийра ибн Шуъбаны карыздар жана мамилелерди жазып барууга дайындаган.

Расулуллох ﷺ кошуун башчыларын, кошуун байрагы амирлерин да дайындаган. Хамза ибн Абдул Мутталибди деңиз жээгинде Курайштын жолун тосуу үчүн 30 кишиге башчы кылып дайындаган. Убайда ибн Харисаны болсо Курайш менен салгылашуу үчүн 60 кишиге башчы кылып Робиь өрөөнүнө жиберген. Саъд ибн Абу Ваккосту 20 кишиге башчы кылып, Мекке тарапка жөнөткөн. Ушул сыяктуу кошуун башчыларын дайындаган. Бул иштер кошуун башчылары жана байрак амирлерин дайындай турган адам халифа экендигине далил болот.

Алардын баары Расулуллох ﷺдын алдында гана жоопкер болушуп, башка эч кимдин алдында жоопкер эмес эле. Булар көрсөтүп тургандай, казылар, идара мүдүрлөрү, кошуун башчылары жана башка кызматкерлер Үммөт межлиси алдында жоопкер болбой, халифанын алдында гана жоопкер болушат. Үммөт межлиси алдында болсо муавиндер, валийлер жана аамилдер гана жоопкер болушат. Алардан башка бирер киши Үммөт межлиси алдында жоопкер эмес. Тескерисинче, бардыгы халифанын алдында гана жоопкер болушат.

Алтынчы бөлүмгө келсек, киреше жана нафака булактарына карата мамлекет бюджети шаръий өкүмдөргө чектелген. Ушуга караганда, ар

бир тыйын шаръий өкүмгө ылайык гана алынат жана шаръий өкүмгө ылайык жумшалат. Бирок, нафака тафсилаттарын белгилөө халифанын райы жана ижтихадына жүктөлөт. Киреше бөлүмдөрү да ушул сыяктуу. Мисалы, жер хирожу канча болушун жана алына турган жизя канча болушун да халифа белгилейт. Бул жана ушул сыяктуу иштер киреше бөлүмдөрү болуп эсептелет. «Жолдорго мынча, ооруканаларга мынча жумшалат» деп айта турган да халифа. Бул жана ушул сыяктуу иштер нафака бөлүмдөрүнө кирет. Булар халифанын райына тапшырылат. Халифа болсо өзүнүн райы жана ижтихадына ылайык бул иштерди чечет. Себеби, Расулуллох ﷺ кирешелерди аамилдерден алып, анын жумшалуусуна өзү башчылык кылган. Кээ бир валийлерге малдарды кабыл кылып, өздөрү аны жумшоосуна уруксат берген. Муазды Яманга валий кылып дайындаганда ушундай болгон. Хулафаи рошидиндер халифа катары малдарды кабыл алуу жана иштетүүдө өз рай жана ижтихаддарына ылайык өз алдынча болушкан. Бирер киши муну четке каккан эмес. Халифадан башка эч бир адам бир да тыйынды иштете албаган. Болгону, халифа уруксат берген адам гана жумшай алган. Мындай иш Умар Муавияны валий кылып дайындаганда жүз берген. Умар Муавияны малды өзү кабыл алып, өзү жумшай турган умумий валий кылып дайындаган. Бул иштердин бардыгы мамлекет бюджети бөлүмдөрүн халифа же ал тарабынан дайындалган орунбасары белгилей тургандыгына далил болот.

Булар халифа салахияттарынын тафсилаттарына тафсилий далилдер болуп эсептелет. Бухарий жана Ахмад Абдулла ибн Умардан Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын уккандыгын риваят кылат: «Имам – башчы жана ал раийяттан жоопкер». Т.а. калктын ишин башкарууга тиешелүү бардык иштер халифанын акысы о.э. – вакалат коидасына салыштырылып – ал кандай кааласа ошондой чечим кабыл алат жана өзү каалаган кишини өзүнө орунбасар кылып дайындоо укугуна ээ.

## Башкаруу иштерин халифа кандай башкарат

Халифа өз райы жана ижтихадына ылайык калк иштерин башкарууда толук укукка ээ. Бирок, кызыкчылыкты хужжат кылып бирер шаръий өкүмгө тескери иш кылышы жайиз эмес. Мисалы, мамлекеттин өндүрүшүн коргоону хужжат кылып, калктын тышкарыдан мал алып келүүсүнө тыюу салбайт. Бирок, тышкарыдан мал алып келүү мамлекеттин экономикасына зыян жеткирсе гана тыюу салат. О.э. эксплуатацияга тыюу салууну хужжат кылып, адамдарга бааларды белгилеп бербейт жана калкты туракжай менен камсыздоону хужжат кылып, мүлкү бар адамды өз мүлкүн ижарага берүүгө мажбур кылбайт. Өтө зарылдык туулган абалдар мындан тышкары. О.э. халифанын мубахты арам кылышы же арамды мубах кылышы мүмкүн эмес.

Мунун далили Расулуллох ﷺдын төмөнкү: «Имам – башчы жана раийятынан (калкынан) жоопкер», - деп айткан сөздөрү жана шарият

иштетүү укугун халифага берген өкүмдөр. Мисалы, халифанын рай жана ижтихадына тапшырылган байтулмалдын малдарын иштетүү, адамдарды бир маселеде белгилүү бир районга мажбур кылуу же мына ушул сыяктуу иштер. Бул хадис халифага калктын иштерин эч кандай чектөөсүз мутлак көрүнүштө башкаруу укугун берген. Байтулмал, табанний, кошуунду даярдоо, валийлерди дайындоо жана башка ушул сыяктуу халифага тапшырылган иштер халифага бирер чектөөсүз тапшырылган. Булар халифанын иштерди эч кандай чектөөсүз башкарышына далил болот. Бул иштердин бардыгында халифага итаат кылуу важиб, ага итаат кылбоо күнөө болот. Бирок, бул иштерди аткаруу шаръий өкүмдөргө т.а. шаръий нусустарга ылайык ишке ашырылышы важиб. Мейли, халифага толук салахият укугу берилген болсо да, бул салахият шарият менен чектелген. Т.а. шарияттын өкүмдөрүнө ылайык болушу керек. Мисалы, халифага өзү каалагандай валийлерди дайындоо укугу берилген. Бирок, анын кафирди же жаш баланы, же аял кишини валий кылып дайындоосу жайиз эмес. Себеби, шарият буга тыюу салат. О.э. халифага жалпы көрүнүштө өз өкүмдарлыгы астындагы өлкөлөрдө кафир мамлекеттердин элчиканаларын ачууга уруксат берилген. Бирок, элчиканаларды Ислам өлкөлөрүнүн үстүнөн өкүмдарлык кылуу үчүн васита кылып алууну көздөп жаткан кафир мамлекеттерге элчикана ачууга уруксат бериши жайиз эмес. Себеби, шарият бул ишке тыюу салат. Бюджет бөлүмдөрүн жана ар бир бөлүм үчүн зарыл болгон каражаттарды белгилөө да халифанын укугу. Бирок, дарыяларга тосмо куруу үчүн – байтулмалдын кирешелери жетиштүү болбогон абалдарда, аны куруу үчүн салыктарды жыйып алууну хужжат кылып – бюджетте өзүнчө бир бөлүмдү белгилеши мүмкүн эмес. Мындай тосмолорду куруу зарыл болсо да, бирок, ал себептүү салыктарды салуу шаръий жактан жайиз эмес. Ушул сыяктуу халифа иштерди башкарууда шарият ага укук берген орундарда толук салахиятка ээ. Бирок, бул укук шарият өкүмдөрүнө ылайык ишке ашырылат. Иштерди башкарууда ага толук укук берилиши мамлекеттин иштерин башкаруу үчүн өзү каалаган мыйзамдарды иштеп чыгуу укугуна ээ дегени эмес. Тескерисинче, мунун мааниси, уруксат берилген орундарда өзүнүн райына ылайык өзү зарыл деп тапкан көрүнүштө башкаруу укугу берилген дегени. Халифа өзүнүн райы менен башкаруу уруксат берилген бул иштер жаатында мыйзам иштеп чыкканда, ага итаат кылуу важиб болот. Анткени, шарият ага өз райы менен өз алдынча башкаруу укугун берген жана бизди ага итаат кылууга буйруган. Ушуга ылайык, бул райды мыйзам кылуу, халифага адамдарды бул мыйзамга мажбур кылуу укугун берет. Мисалы, ага байтулмалдын иштерин өзүнүн райы жана ижтихады менен башкаруу укугу берилген. Бул иштерде адамдар ага итаат кылууга буюрулушкан. Халифа байтулмалдын каржылык мыйзамдарын иштеп чыккан убакта бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб. Мисалы, ага кошуунга командачылык

кылуу о.э. анын иштерин өзүнүн райы жана ижтихады менен башкаруу укугу берилген. Мына ушул иштерде адамдар ага итаат кылууга буюрулушкан. Ушуга ылайык, халифа кошуунга командачылык кылуу жана аны башкаруу үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуу укугуна ээ болуп, бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб болуп калат. Мисалы, халифа өзүнүн райы жана ижтихады менен калк кызыкчылыктарын идара кылуу укугуна, же өзүнүн ижтихады жана райы менен аны идара кыла турган о.э. аны менен алектене турган адамды дайындоо укугуна ээ. Мына ушул иштерде адамдар ага итаат кылууга буюрулган. Ушуга ылайык, кызыкчылыктар идарасы жана мүдүрлөр үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуу анын мойнунда. Бул мыйзамдарга итаат кылуу болсо важиб болуп калат. О.э. халифа анын райы менен ижтихадына таштап коюлган жана анын салахияттарынан болгон ушул иштер үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуу укугуна ээ. Халифа иштеп чыккан бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб. Бул орунда: «Бул мыйзамдар – услубдар (ыкмалар). Услубдар болсо мубах иштерден. Ушундай болгон соң, ал мусулмандардын бардыгына мубах. Халифага да белгилүү бир услубду дайындоо жана аны фарзга айландыруу адал эмес. Себеби, бул иш мубахка амал кылууну важиб кылуу болуп эсептелет. Мубахка амал кылууну важиб кылуу мубахты фарзга айландыруу жана башка услубдарды тыюу менен мубахты арамга айландыруу болуп калат. Бул болсо, мүмкүн эмес», - деп айтылбайт. Себеби, услуб услуб болгондугу жагынан мубах. Ал эми байтулмалды башкаруу услубдары бардык адамдарга мубах болбой, тескерисинче, халифанын өзү үчүн мубах. О.э. кошуунга командачылык кылуу услубдары, калк кызыкчылыктарын башкаруу услубдары да бардык адамдарга мубах болбой, халифанын өзү үчүн гана мубах. Мына ошондуктан халифа тандаган бул мубахка амал кылууну важиб кылуу бул мубахты фарз кылып койбойт. Тескерисинче, шарият халифа өзүнүн райы жана ижтихады менен башкаруу укугун берген иштерде т.а. иштерди башкаруу үчүн ал тандаган рай жана ижтихадга итаат кылууга буюрат. Анткени, ал услуб мубах болсо да, халифа аны важиб кылат жана андан башкасына тыюу салат. Бирок, ал халифанын өзүнө мубах. Себеби, башкаруу анын укугу. Башка адамдарга болсо мубах эмес. Мына ошондуктан иштерди башкаруу үчүн халифа табанний кылган мубах иштерге т.а. шарият халифага өзүнүн райы жана ижтихады менен башкаруу укугун берген иштерге амал кылуунун важиб экендиги, халифа мубахты фарз же мубахты арам кылып койду дегени эмес. Тескерисинче, шарият халифага өзүнүн райы жана ижтихады менен башкаруу укугун берген иштерде ага итаат кылуу важиб экендигин көрсөтөт. Ушуга ылайык, иштерди башкаруу үчүн халифа зарыл деп билген мубах иш бардык адамдарга важиб болот. Мына ушуга карай, Умар ибн Хаттаб диван иштерин орноткон. О.э. халифалар өз аамилдери жана жарандар үчүн белгилүү бир тартиптерди орнотушкан жана аларды буларга амал

кылууга буюрушкан. Мына ушуга ылайык, идарий мыйзамдардын жана ушул түрдөн болгон башка мыйзамдардын белгилениши жайиз. Бул мыйзамдарга итаат кылуу важиб. Себеби, бул нерсе шарият халифага укук берген иштерде ага итаат кылуу болуп эсептелет.

Бирок, бул иштерди башкаруу үчүн мубах болгон иштерде т.а. халифага өзүнүн районы жана ижтиходы менен башкаруу укугу берилген иштерде жайиз. Мисалы, идараларды жана кошуунду тартипке салуу о.э. ушуга окшогон башка иштерде мүмкүн. Мындан башка мубах иштерде эмес, тескерисинче, халифа катары болгону халифанын өзү үчүн гана мубах болгон иштерде болот. Ал эми бардык адамдар үчүн фарз, мандуб, макрух, арам жана мубах болгон башка өкүмдөрдө халифа шаръий өкүмдөр менен чектелген жана андан четке чыгышы таптакыр жайиз эмес. Мунун далили, Бухарий жана Муслим Айша ﵂дан риваят кылган Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадиси: «Кимде-ким биздин ишибизден болбогон ишти пайда кылса бул иш мардуд (кайтарылган)». Бул хадис умумий болуп, халифаны да андан башкасын да өз ичине алат.

## Халифа табанний кылууда шаръий өкүмдөр менен чектелген

Халифа өкүмдөрдү табанний кылууда шаръий өкүмдөр менен чектелген. Ушуга ылайык, анын шаръий далилдерден туура истинбат кылынбаган бирер өкүмдү табанний кылышы арам. О.э. ал тандап алган өкүмдөр жана тандап алууда өзү жүргөн истинбат тарыйкаты менен чектелген. Халифанын өзү табанний кылган тарыйкатка тескери болгон тарыйкатка ылайык иштелип чыгылган өкүмдү табанний кылышы жана өзү табанний кылган өкүмдөргө тескери буйрук бериши жайиз эмес. Бул жерде эки иш бар. Алардын бири, халифа өкүмдөрдү табанний кылууда шаръий өкүмдөр менен чектелген т.а. мыйзамчылыкта Ислам шариятына ылайык мыйзам иштеп чыгаруу менен чектелген. Ушуга ылайык, халифанын шаръий өкүмдөрдүн тескерисин табанний кылышы жайиз эмес. Себеби, анын тескериси куфр өкүмдөрү болуп эсептелет. Эгер халифа Ислам шариятынан башка бирер жерден бирер өкүмдү табанний кылса жана ал бул өкүмдү Ислам шариятынан башкасынан табанний кылганын да билсе, анда каралат. Эгер халифа өзү табанний кылган өкүмгө итикад кылса, анда Исламдан кайткан кафир болот. Эгер ага итикад кылбаса – Усманий халифаларынын акыркы жылдарында жүз бергени сыяктуу – Исламга тескери эмес деген этибарда аны кабыл алган болсо, кафир болбой, арам иш кылган болот. Ал эми халифа иштеп чыккан мыйзам үчүн – «Масолихи мурсала» же «Муктаждыктарды камсыздоо» же «Амалдардын натыйжасы» коидаларына ылайык өкүм иштеп чыккан кишинин далили сыяктуу – күмөндүү далил болсо, анда каралат. Эгер халифа бул коидаларды шаръий коидалар жана шаръий далилдер деп эсептеп өкүм чыгарган болсо, анда бул өкүм арам болбойт. Халифа да куфрду кылган болбойт. Тескерисинче, «халифа ката

кетирген» деп этибар кылынат. Халифа истинбат кылган ушул өкүм бардык мусулмандардын назарында шаръий өкүм деп этибар кылынат. Эгер халифа ушул өкүмдү табанний кылса, ага итаат кылуу важиб болот. Себеби, бул өкүм далили күмөндүү болгон шаръий өкүм болуп эсептелет. Халифа болсо, болгону, далилден истинбат кылууда ката кетирип жатат. Ар кандай абалда теӊ халифанын Ислам шарияты менен табанний кылууга чектелиши жана шаръий далилдерден туура истинбат кылынган шаръий өкүмдөрдү табанний кылууга чектелиши важиб болот. Мунун далили төмөнкүдөй:

Биринчиден, Аллах Таала бардык мусулмандарга – ал халифа болобу же халифадан башкасы болобу – бардык иштерди шаръий өкүмдөргө ылайык жүргүзүүнү фарз кылган:

فَلاَ وَرَبِّكَ لاَ يُؤْمِنُونَ حَتَّىَ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ

***«Жок, Роббиӊе ант болсун, алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрүн чечүүдө сени өкүмдар кылышмайынча, эч качан момун боло алышпайт».*** **[4:65]**

Амалдарды шаръий өкүмдөргө ылайык жүргүзүү халифага Шариънин хитабын түшүнүү ар түрдүү болгондо т.а. шаръий өкүм ар кыл болгондо, белгилүү бир өкүмдү табанний кылууну шарт кылат. Ушуга карай, мусулман бир ишти аткаруу же бирер өкүмдү колдонууну ыктыяр кылган убакта, өкүмдөр ар түрдүү болсо, белгилүү бир өкүмдү табанний кылуу ага важиб болуп калат. О.э. бул нерсе халифага да өз амалын аткарып жаткан убакта важиб болот.

Экинчиден, халифага бериле турган байъаттын матни да анын Ислам шариятына катъий түрдө баш ийишин шарт кылат. Анткени, бул байъат Китеп жана сүннөткө ылайык өкүм жүргүзүү үчүн берилген байъат. Ушуга караганда, халифанын Китеп жана сүннөткө ылайык өкүм жүргүзүүдөн четке чыгышы адал эмес. Эгер халифа Китеп жана сүннөткө ылайык өкүм жүргүзүүдөн итикад менен четке чыкса, кафир болот. Эгер итикад кылбастан четке чыкса, күнөөкөр, залим жана фасик болот.

Үчүнчүдөн, халифа шариятты аткаруу үчүн шайланган. Ушуга ылайык, халифа мусулмандарга карата аткаруу үчүн шарияттан башкасынан алуусу адал эмес. Себеби, шарият мындан катуу кайтарган жана бул кайтарууда Исламдан башкасын өкүм чыгаруучу кылган кимседен ыйманды инкар кылуу даражасына чейин барган. Бул болсо, жазмга карийна. Анын мааниси, халифа өкүмдөрдү табанний кылууда т.а. мыйзамдарды иштеп чыгууда шаръий өкүмдөр менен чектелген. Эгер мыйзамдарды булардан башкасынан иштеп чыгып, ага итикад кылса, кафир болот. Эгер итикад кылбаса, күнөөкөр, залим жана фасик болот.Бул үч далил биринчи иштин далилдери.

Эми экинчи ишке келсек, халифа табанний кылган өкүмдөрү жана өзү жүргөн истинбат тарыйкаты менен чектелген. Буга далил ушул, халифа

киргизип жаткан шаръий өкүм халифа үчүн шаръий өкүм болуп саналат. Т.а. ар кандай шаръий өкүм эмес, балким, ал өзүнүн иштерин жүргүзүү үчүн өзү табанний кылган шаръий өкүм ал үчүн шаръий өкүм болот. Эгер халифа бирер өкүмдү иштеп чыкса, же бирер өкүмдө таклид кылса, бул шаръий өкүм халифа үчүн Аллахтын өкүмү деп этибар кылынат. Халифа мусулмандар үчүн бул шаръий өкүмдү табанний кылууга чектелген жана анын ушул шаръий өкүмгө тескерисин табанний кылышы адал эмес. Себеби, башка өкүм ал үчүн Аллахтын өкүмү деп этибар кылынбайт. Демек, бул башка өкүм халифа үчүн да, мусулмандар үчүн да шаръий өкүм болбойт. Мына ошондуктан, халифа калк үчүн иштеп чыккан буйруктарында табанний кылган шаръий өкүм менен чектелген. Халифанын өзү табанний кылган өкүмдөргө тескери буйрукту чыгарышы адал эмес. Себеби, ал чыгарган мына ушул тескери буйрук өзү туурасындагы Аллахтын өкүмү деп этибар кылынбайт. Демек, бул өкүм өзү үчүн да, мусулмандар үчүн да шаръий өкүм болбойт. Мында ал шаръий өкүмдөн башка булакка таянып буйрук чыгаргандай болот. Мына ушундан белгилүү болгондой, халифанын өзү табанний кылган өкүмдөргө тескери болгон буйрукту бериши жайиз эмес.

Мындан тышкары, истинбат тарыйкатынын өзгөрүүсүнө карай шаръий өкүмдү түшүнүү да өзгөрөт. Эгер халифа «өкүмдүн иллети шаръий нусустан алынган болсо, ал иллет шаръий иллет деп этибар кылынат» деген пикирде болсо, «кызыкчылык шаръий иллет эмес, «Масолихи мурсала» шаръий далил эмес» деген пикирде болсо, демек, ал өзү үчүн истинбат тарыйкатын белгилеп алган болот. мындай абалда халифанын ушул истинбат тарыйкатына чектелиши важиб болот. Далили масолихул мурсала болгон өкүмдү табанний кылышы же шаръий нусустан алынбаган иллетке кыясташы жайиз болбойт. Анткени, бул өкүм ал жөнүндөгү шаръий өкүм деп этибар кылынбайт. Себеби, ал бул өкүмдүн далилин шаръий далил деп эсептебейт, демек, бул өкүм анын назарында шаръий өкүм болбойт. Ырас, бул өкүм халифа туурасында шаръий өкүм деп этибар кылынбаган соң, башка мусулмандар үчүн да шаръий өкүм эмес. Мындай убакта халифа шаръий өкүмдөрдөн башкасынан өкүм табанний кылгандай болуп калат. Бул болсо, халифага арам. Эгер халифа мукаллид болсо, же бир мужтахиди масала болсо, истинбат кылууда анын белгилүү бир тарыйкаты болбосо, андайда далили кандай болушуна карабастан, ар кандай шаръий өкүмдү табанний кылышы жайиз, мейли, андай далилдин күмөнү болсо да. Мындайда халифа өкүмдөрдү табанний кылууда бирер нерсеге чектелбейт. Тескерисинче, ал өзү табанний кылган өкүмгө ылайык чыгарган буйруктарга гана чектелген болот.

## Халифаны четтетүү

Халифанын абалы аны халифалыктан чыгарып жибере турган даражада өзгөргөн болсо, ал халифалыктан бошойт. Эгер халифалыктан

чыгарып жибере турган даражада өзгөрбөгөн, бирок, анын халифалыкта туруусу шаръий жактан жайиз болбой калган болсо, аны четтетүү важиб болуп калат.

Халифаны халифалыктан чыгарып жибере турган абал менен халифаны четтетүү важиб болуп калган абалдын арасындагы айырма төмөнкүдөй, биринчи абалда ушул абал пайда болушу менен ага итаат кылуу важиб болбой калат. Экинчи абалда болсо, ага итаат кылуу тээ амалдан четтетилгенге чейин важиб болуп кала берет.

Төмөнкү үч иш халифанын абалы өзгөргөнү себептүү аны халифалыктан чыгарып жибере турган иштер:

1. Эгер ал Исламдан кайтса. Анткени, Ислам халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүчү шарттардын бири жана ал халифаны мансабында кармап туруу шарты. Ким Исламдан кайтса, ал кафир болот. Эгер кафирлигинен кайтпаса, аны өлтүрүү важиб болот. кафирдин мусулмандарга аким болушу жана алардын үстүнөн өкүм жүргүзүшү жайиз эмес. Себеби, Аллах Таала айтат:

وَلَن يَجْعَلَ اللّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً

***«Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт».*** **[4:141]**

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ أَطِيعُواْ اللّهَ وَأَطِيعُواْ الرَّسُولَ وَأُوْلِي الأَمْرِ مِنكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***башчыларга моюн сунгула».*** **[4:59]**

Аятта башчылар (амирлер) Исламда (т.а. мусулман) болуулары керектиги анык айтылган. Эгер башчы кафир болсо, бизден болбойт. Демек, анда Куранда шарт кылынган иш т.а. мусулмандык сыпаты жок болот. Ошондуктан, халифа муртад болуу менен халифалыктан чыгат жана мусулмандарга халифа боло албайт. Ага итаат кылуу важиб болбойт.

2. Айыкпай турган болуп акылынан ажырап калса. Себеби, акыл халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүүчү шарттардын бири жана ал халифаны мансабында кармап туруу шарты. Буга далил Расулуллох ﷺдын «Калем үч тайпа адамдан көтөрүлгөн» деген хадиси. Ушул хадисте «Жинди айыкканга чейин» делген жери да бар. Кимден калем көтөрүлгөн болсо, анын өз ишин башкарышы мүмкүн эмес. Ушундан келип чыгып, адамдардын иштерин башкара турган халифа болуп турушу таптакыр жайиз эмес.

3. Душмандын колунда туткунда болуп, андан кутулууга кудуреттүү болбосо, кутулуусунан эч кандай үмүт да болбосо. Себеби, бул туткундук менен мусулмандардын ишин башкарууга алсыздык кылат жана ал жок адамдай болуп калат.

Мына ушул үч абалда халифа халифалыктан чыгат жана дароо четтетилет. Мейли, аны четтетүүгө өкүм кылынбаган болсо да, халифада бул үч сыпаттын бирин анык көргөн ар кандай киши үчүн ага итаат кылуу

жана анын буйруктарын аткаруу важиб болбойт. Бирок, бул абалдардын пайда болгонун далилдеши важиб. Аны далилдөө мазолим мекемеси алдында болушу керек. Бул мекеме аны халифалыктан чыккан деп жана халифалыктан четтетилсин деп өкүм чыгарат. Анткени муну менен, мусулмандар башка бир халифага байъат беришет.

Төмөнкү беш абалда, халифанын абалы аны халифалыктан четтете турган даражада өзгөрбөсө да, бирок баары бир анын халифалыкта турушу жайиз болбойт.

1. Фасиктиги ачык болуп, адилеттүүлүгүнө зыян жетсе т.а. ага карата ишенимсиздик пайда болсо. Адилеттүүлүк халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү шарттарынын бири жана ал халифаны мансабында кармап туруу шарты. Аллах Таала адилеттүүлүктү күбөгө шарт кылган соң, демек, аны халифага шарт кылышы өзүнөн-өзү келип чыгат.

2. Аялга же хунасага (ажыкызга) айланып калса. Себеби, эркек киши болуу – халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү жана халифаны мансабында кармап туруу шарты. Мунун далили Абу Бакра аркылуу Бухарий риваят кылган Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадиси. «Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгиликке жетишпейт».

3. Кез-кезде эсине келип кала турган жинди болсо. Себеби, акыл халифалыкты мыйзамдуу түскө киргизүү жана халифаны мансабында кармап туруу шарты болуп саналат. Буга далил Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадиси: «Калем үч тайпа адамдан көтөрүлгөн...». Ушул хадисте «Жинди түзөлгөнгө чейин» делген жери да бар. Жинди адамдын өз ишин башкарышы мүмкүн эмес. Демек, адамдардын иштерин башкаруусу да жайиз эмес. Мындай абалда халифанын бир васийи же вакили болушу мүмкүн эмес. Себеби, халифалык жүгү анын мойнуна түшкөн. Анын ордуна башка киши турушу мүмкүн эмес.

4. Кандайдыр бир себептерден улам халифалык жүгүн көтөрүүгө алсыздык кылып калса. Буга денесиндеги бирер мүчөнүн жетишпестиги же ишти аткарууга тоскоолдук кыла турган айыкпас бирер оору себеп болобу, айырмасыз. Бул орунда, ишти аткарууга алсыздыгы этибарга алынат. Себеби, халифалык жүктөрүн көтөрө алуу – бул халифалык келишими. Эгер халифа келишилген милдеттерди аткарууга алсыз болуп калса, аны четтетүү важиб болот. Себеби, ал жок адам катары болуп калат. О.э. халифанын халифалык иштерин аткарууга алсыздыгы себептүү дин иштери жана мусулмандардын кызыкчылыктары изден чыгат. Бул тезинен жоюлушу керек болгон мункар. Аны жоюу болсо халифаны четтетип, башка бир халифаны шайлоо аркылуу ишке ашат. Ошондуктан, мындай абалда халифаны четтетүү важиб болот.

5. Кандайдыр бир зомбулук себептүү, өз райы менен шариятка ылайык көрүнүштө мусулмандардын кызыкчылыгын көздөп иш кылууга алсыздык кылып калса. Эгер зордукчулдун таасири аны шарият өкүмдөрүнө ылайык көрүнүштө жалгыз өзүнүн райы менен мусулмандар

кызыкчылыгын көздөп иш кылууга алсыз кылып коё турган даражага жетсе, халифалык жүктөрүн көтөрүүгө алсыздык кылуу өкүмү беилет. Мындай абалда халифаны четтетүү важиб болуп калат. Бул иштин вакыйлыгын эки абалда элестетүүгө болот.

Биринчи абал. Ага өз айланасындагылардан бир же бир нече адамдар өкүмдар болуп алып, иштерди аткартышат жана аны өз райлары менен жүрүүгө зордук менен мажбур кылышат. Ушунчалык даражада дейсиң, халифа аларга каршы чыгууга алсыздык кылып, алардын райлары менен жүрүүгө мажбур болуп калат. Мындай абалда каралат. Эгер алардын өкүмдарлыгынан кыска мөөнөт ичинде кутулууга үмүт болсо, ага мына ошол мөөнөт ичинде алардан кутулуу үчүн убакыт берилет. Эгер ушул иштин аягына чыга алса, тоскоолдук жоголуп, алсыздыгы кетет. Эгер кутулууга үмүт болбосо, аны четтетүү важиб болот.

Экинчи абал. Зордукчул душмандын колуна туткунга түшүп калат. Бул иш иш жүзүндө туткун болуу менен, же душмандын өкүмдарлыгы астына түшүп калуу менен болот. Мындай абалда каралат. Эгер кыска мөөнөт ичинде андан кутулууга үмүт болсо, кутулуу үчүн ага убакыт берилет. Эгер кутулушуна үмүт болбосо, аны четтетүү важиб болот. Себеби, мына ушул эки абалда халифа халифалык жүктөрүн шарият өкүмдөрүнө ылайык көрүнүштө өз алдынча аткарууга алсыз болот. Эгер бул эки абалда кутулууга үмүт болсо, кутулуудан үмүтсүздүк пайда болгонго чейин, мөөнөт берилет. Эгер кутулууга мүмкүнчүлүк болбосо, иштен бошотулат. Эгер башынан баштап эле кутулууга үмүт болбосо, дароо четтетилет. Мына ушул беш абалдын кай бири жүз берсе, халифаны халифалыктан четтетүү важиб болот. Бирок, ал өкүм чыгаруучунун өкүмү аркылуу гана четтетилет. Бул беш абалдын бардыгында тең ага итаат кылуу жана анын четтетилгени жөнүндөгү өкүм чыкканга чейин анын буйруктарын аткаруу важиб болду. Бул абалдардын бардыгында халифалык келишими өз алдынча бекер кылынбайт. Тескерисинче, мында өкүм чыгаруучунун өкүмү керек.

## Үммөт халифаны четтетүү укугуна ээ эмес

Үммөт халифаны тикелеп, ага байъат берген болсо жана байъат ахды шаръий көрүнүштө ишке ашкан болсо, анда аны четтетүү укугуна ээ эмес.

Халифа күнөө ишке буйрубаса жана ачык кафирликти көрсөтпөсө, демек – мейли мункар ишти кылса да, мейли зулум кылса да, мейли укуктарды тебелесе да – ага итаат кылуу важиб. Буга далил болуп бир нече сахих хадистер келген. Бухарий Расулуллох ﷺдын төмөнкү сөздөрүн ибн Аббастан риваят кылган: «Кимде-ким амиринен өзү жактырбаган бирер жаман ишти көрсө, ага сабыр кылсын. Анткени, кимде-ким жамааттан бир карыш четке чыгып өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр». Хадистеги «амири» сөзү умумий болуп, ага халифа да кирет. Себеби, ал момундардын амири болуп эсептелет.

Муслим Абу Хурайрадан Расулуллох ﷺдан мындай дегенин риваят кылат: «Бану Исраилге пайгамбарлар башчылык кылар эле, бир пайгамбар өлсө, анын ордуна дагы бир пайгамбар келчү. Менден кийин пайгамбар жок, келечекте халифалар болот, алар көбөйүшөт». Ошондо сахабалар: «Бизди эмнеге буюрасыз», - дешти. Расулуллох: «Биринчисинин, жана дагы биринчисинин байъатына бапаа кылгыла. Алардын акыларын бергиле. Аларга тапшырылган нерсе тууралуу Аллахтын өзү алардан сурап алуучу», - деди. Муслим риваят кылат: Салама ибн Язид Жаъфий Расулуллох ﷺдан: «Эй Аллахтын пайгамбары, эгер бизден өз акыларын сурай турган жана бизди болсо өз акыбыздан куру калтыра турган амирлер бизге башчылык кылса, бизди эмнеге буюрасыз?» - деп сурады. Ошондо Расулуллох ﷺ андан жүз үйрүдү. Кийин дагы суроо берди. Расулуллох ﷺ дагы жүз үйрүдү. Кийин, экинчи же үчүнчү жолу сураганда, аны Ашъас ибн Кайс кайтарды. Ошондо Расулуллох: «Кулак салып итаат кылгыла. Анткени, аларга тапшырылган иш алардын мойнунда, силерге жүктөлгөн иш силердин мойнуңарда», - деди. Дагы Муслим Ауф ибн Маликтен риваят кылат: Мен Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын уктум: «Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө тургандары; силер аларды мактай турган жана алар да силерди мактай тургандары. Имамдарыңардын жамандары – силер аларды жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө тургандары; силер аларды наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай тургандары». Ошондо сахабалар: «Я Расулуллох, мына ушундайда аларга каршы күрөшөбүзбү?», - деп сурашканда, Расулуллох: «Жок, эгерде араңарда намазды өтөп жатышкан болсо. Эсиңерде болсун, кимде-кимдин үстүнө бир киши башчы болсо, кийин анын Аллахтын күнөөсүнөн бирер ишти кылганын көрсө, ошол нерсе үчүн аны жаман көрсүн. Бирок, эч качан ага итаат кылуудан колун тартпасын», - деп жооп берди.

Муслим Хузайфа ибн Ямандан Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Менден кийин менин хидаятымдан башка нерсеге баштай турган жана менин сүннөтүмдөн башка жолго чакыра турган имамдар болот. Келечекте силердин ичиңерде дили шайтандын дили сыяктуу адам көрүнүшүндөгү башчылар болот». Ошондо: «Эгер ошону билсем, эмне кылайын, я Расулуллох?» - деп сурадым. Расулуллох: «Амирге кулак салып итаат кыласың, мейли, малыңды тартып алып койсо да. Кулак салып итаат кыл», - деди.

Ахмад жана Абу Давуд Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Эй Абу Зарр, сенин зыяныңа бул олжого ээлик кыла турган валийлердин алдында болгон кезиңде эмне кыласың?» - деди. Ошондо Абу Зарр: «Сизди акыйкат менен жиберген Затка ант болсун, кылычымды көтөрөмүн жана сиз менен жолукканга чейин алар менен согушамын», - дегенде, Расулуллох: «Сага буга караганда жакшыраак ишти

көргөзөйүнбү? Сен мага жолукканга чейин сабыр кыл», - деди.

Бул хадистердин бардыгында халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери иш кылышы баяндалууда. Бирок, ошого карабастан, Расулуллох ага итаат кылып, зулумуна сабыр кылууга буйруп жатат. Булар үммөт халифаны четтетүү укугуна ээ эмес экендигине далил болот. Дагы Расулуллох ﷺ байъатын бекер кылууну суранган бир аъробийдин өтүнүчүн четке каккан. Бухарий Жабир ибн Абдулладан риваят кылат: «Бир аъробий Исламга кирип, Расулуллох ﷺга байъат кылды. Кийин айнып «байъатымды бекер кылыңыз» деди. Расулуллох баш тартты. Кийин дагы келип «байъатымды бекер кылыңыз» деди. Расулуллох баш тартты. Ал чыгып кетти. Ошондо Расулуллох ﷺ: «Медина темирчинин барсканы сыяктуу. Ал кирин кетирет жана тазасын жаркыратат», - деди. Бул хадис байъат берүүчүлөр байъат бергенден кийин ага амал кылуулары шарт экендигине далил болот. Мунун мааниси: Алардын халифага берген байъаттарын бекер кылууга акылары жок болгон соң, халифаны четтетүүгө да акылары жок. Аъробий байъатын бекер кылууну суроо менен Исламдан чыгууну каалады деп айтылбайт. Себеби, эгер мындай болгондо, анын кылган иши муртаддык болот эле жана Расулуллох албетте аны өлтүрткөн болор эле. Себеби, муртад өлтүрүлөт. Байъат болсо Исламга карата болгон байъат эмес, тескерисинче, итаатка карата болгон байъат. Мына ошондуктан, ал Исламдан чыгууну эмес, тескерисинче, итааттан чыгууну каалады. Ушуга ылайык, мусулмандардын байъаттарынан кайтуулары жайиз эмес жана алар халифалык милдетинен четтетүү укугуна ээ эмес. Бирок, шарият халифанын качан четтетилишин же четтетүү зарыл болушун баян кылып берген. Бул болсо, аны четтетүү үммөттүн акысы дегени эмес.

## Махкаматул мазолим гана халифаны иштен четтетүү укугуна ээ

Махкаматул мазолим жалгыз өзү халифанын абалы аны халифалыктан чыгарып жибере турган даражада өзгөргөн же өзгөрбөгөнүн аныктайт жана аны четтетүү же эскертүү салахиятына ээ. Анткени, халифа дароо четтетиле турган, же аны четтетүү зарыл боло турган ар кандай иштин жүз бериши зулум болуп эсептелет. Муну болсо жоюу зарыл. О.э. бул иш далилди талап кылат. Муну далилдөө казынын алдында болушу керек. Мазолим мекемеси зулумдарды жоюу жөнүндө өкүм чыгаргандыктан, зулумду далилдөө жана өкүм чыгаруу укугуна ушул мекеменин казысы гана акылуу. Мына ошондуктан, мазолим мекемеси жогоруда айтылган абалдар жүз берген же жүз бербегенин аныктайт жана халифаны четтетүүнү ишке ашырат. Эгер бул абалдардын бири халифада жүз берсе жана аны өзү жойсо, иш ушуну менен бүтөт. Эгер мусулмандар «халифада мындай абалдын жүзөгө келиши менен дароо аны кызматынан бошотуу керек» деп табышса, бул иш ажырым кылынуусу үчүн ал өкүм чыгаруучуга сунушталат. Мунун далили Аллах Тааланын

төмөнкү сөзү:

فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللّهِ وَالرَّسُول

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө тартышып калсаңар, ал нерсени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла».*** **[4:59]**

Т.а. силер менен акимдер талашып-тартышып калсаңар – себеби, бул тартышуу аким менен үммөттүн ортосунда болот – бул ишти Аллахка жана Расулга кайтаргыла б.а. аны өкүм чыгаруучу мазолим мекемесине сунуштагыла дегени.

## ХАЛИФАЛЫК МАМЛЕКЕТИ ИЛАХИЙ МАМЛЕКЕТ ЭМЕС, ИНСАНИЙ МАМЛЕКЕТ

Ислам мамлекети – бул Халифалык. Халифалык – бул башкаруу, салтанат жана мыйзамчылык салахияттарынын бардыгын өз мойнуна ала турган адам ээлик кыла турган мансап. Ал Ислам алып келген пикирлер, Ислам мыйзам кылып берген өкүмдөр менен – Ислам шариятын турмушта колдонуу үчүн о.э. Исламды тааныттуу, ага даъват кылуу жана Аллах жолунда жихад кылуу менен Ислам даъватын бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн – дүйнөдөгү бардык мусулмандарга жалпы башчылык кылуу болуп эсептелет. Халифалык Момундардын Амирлиги же Имамдыгы деп да аталат. Демек, ал ухровий (акыретке тиешелүү) мансап болбой, тескерисинче, бул дүйнөгө тиешелүү мансап. Халифалык Ислам динин адамзатка колдонуу жана аны адамдардын арасында жаюу үчүн болот. Ал пайгамбарлыктан (нубувват жана рисалаттан) башка нерсе. Себеби, нубувват жана рисалат – набий жана расул шариятты колдонушу же колдонбошуна карабастан – аны адамдарга жеткирүү үчүн вахий аркылуу Аллахтан кабыл кылып ала турган мансап. Аллах Таала айтат:

وَمَا عَلَى الرَّسُولِ إِلاَّ الْبَلاَغُ الْمُبِينُ

***«Пайгамбардын мойнунда жалаң гана жеткирүү бар».*** **[24:54]**

فَإِنَّمَا عَلَيْكَ الْبَلاَغُ

***«Сенин мойнуңдагы милдет жеткирип коюу гана».*** **[3:20]**

مَّا عَلَى الرَّسُولِ إِلاَّ الْبَلاَغُ

***«Пайгамбардын мойнунда болгону жеткирүү гана бар».*** **[5:99]**

Бул аяттардан пайгамбарлык халифалыктан башка мансап экендиги айкын болууда. Демек, халифалык – адамзатка Аллахтын шариятын колдонуу. Набий жана расулга ал пайгамбар болушу үчүн Аллах ага жиберген вахийди колдонуу шарт кылынбайт. Тескерисинче, расул жана набий болуу үчүн Аллахтын ага шариятты вахий кылышы жана расул аны жеткирүүгө буюрулушу шарт кылынат. Саййидибиз Муса, Иса жана Иброхим алайхиссаламдар – мейли, өздөрү алып келген шариятты колдонушпаса да жана аким болушпаса да – набий жана расулдар болушкан. Мына ушундан келип чыгып, «рисалат жана нубуват мансабы халифалыктан башка мансап» деп айта алабыз. Пайгамбарлык Аллах Өзү каалаган адамга бере турган илахий мансап болуп эсептелет. Халифалык болсо башарий (адамзаттык) мансап болуп, мусулмандар өздөрү каалаган адамга байъат беришет жана мусулмандардан өздөрү каалаган кишини халифа кылып алышат. Саййидибиз Расулуллох ﷺ өзү алып келген шариятты колдоно турган аким болгон. Ушуга ылайык, Мухаммад ﷺ нубуват жана рисалатка башчылык кылган, ошол эле убакта, Ислам өкүмдөрүн колдонууда мусулмандарга жетекчилик мансабын өз мойнуна алган. Аллах Таала Мухаммад ﷺды рисалатты жеткирүүгө буйругандай

эле, ал менен өкүм жүргүзүүгө да буйруган:

وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُم بِمَآ أَنزَلَ اللّهُ

***«****(Эй Мухаммад),* ***алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын!».*** **[5:49]**

إِنَّا أَنزَلْنَا إِلَيْكَ الْكِتَابَ بِالْحَقِّ لِتَحْكُمَ بَيْنَ النَّاسِ بِمَا أَرَاكَ اللّهُ

***«Албетте Биз сага ушул чындык Китепти адамдар арасында Аллах көрсөткөн нерсе менен өкүм кылышың үчүн түшүрдүк».*** **[4:105]**

يَا أَيُّهَا الرَّسُولُ بَلِّغْ مَا أُنزِلَ إِلَيْكَ مِن رَّبِّكَ

***«Эй Пайгамбар, сага Роббиң тарабынан түшүрүлгөн нерсени жеткиргин».*** **[5:67]**

وَأُوحِيَ إِلَيَّ هَذَا الْقُرْآنُ لأُنذِرَكُم بِهِ وَمَن بَلَغَ

***«Силерди жана Куран жетип барган адамдарды (акырет азабынан) эскертишим үчүн мага мына ушул Куран вахий кылынды».*** **[6:19]**

يَا أَيُّهَا الْمُدَّثِّرُ ● قُمْ فَأَنذِرْ

***«Эй*** *(кийимдерге)* ***чүмкөнүп алган зат, тургун дагы,*** *(адамдарга акырет азабын)* ***эскерткин».*** **[74:1,2]**

Бирок, Расулуллох ﷺ рисалатты сөз менен жеткирген убагында, мисалы ушул аятты жеткиргени сыяктуу:

وَأَحَلَّ اللّهُ الْبَيْعَ وَحَرَّمَ الرِّبَا

***«Аллах сооданы адал кылды жана сүткордукту арам кылды».*** **[2:275]**
же Худайбия келишимин түзгөнү сыяктуу рисалатты амалий көрүнүштө жеткирген кезинде, жалаң гана жеткирүүнү жазм кылган о.э. ишти ишке ашырууга катъий буйрук берген, кеңешип отурган эмес, тескерисинче, кеңеш берилгенде, ар кандай райды четке каккан. Вахий келген абалдарда ушундай болгон. Эгер вахий түшө элек өкүм жөнүндө суроо берилсе, качан вахий түшкөнгө чейин жооп бербей турган. Ал эми түшүрүлгөн жана адамдарга жеткирилген өкүмдөрдү колдонууга киришип жатканда болсо, адамдардан кеңеш сурап, мейли өз пикирине тескери болсо да, көпчүлүктүн райына ылайык амал кылган. Мухаммад ﷺ бирер окуя жаатында өкүм кылса, «бул өкүм ушул окуяга ылайык өкүм» деп катъий айтпастан, «бул өкүм бар болгон хужжаттарга ылайык өкүм» деп айткан. Расулуллох ﷺ «Бароат» сүрөсү түшүрүлгөн убакта, Али ибн Абу Талибди Абу Бакрга жетип алышы үчүн узатып койду жана Али رضي الله عنه га «Бароат» сүрөсүн адамдардын арасында жарыя кылууну о.э. ажылык мезгилинде аны адамдарга жеткирүүнү буйруду. Ошондон кийин, Али رضي الله عنه аны Арафатта адамдарга окуп берди жана аны жеткиргенге чейин адамдардын арасында айланып жүрдү. Ал эми Худайбийя келишимин түзгөн кезинде болсо, бардык сахабалардын пикирлерин четке какты

жана аларды өз пикирине мажбур кылды. Себеби, бул орунда Расулуллох ﷺдын пикири Аллах тарабынан түшкөн вахий болчу. Ал эми Жабир «мал-дүйнөмдү эмне кыламын?» деп суроо бергенде, өкүм менен вахий түшкөнгө чейин ага жооп бербеди. Бухарий Мухаммад ибн Мункадирден риваят кылат, Мен Жабир ибн Абдулланын мындай деп айтканын уктум: «Мен ооруп калдым. Мени көргөнү Расулуллох ﷺ менен Абу Бакр رضي الله عنهлар жөө келишти. Расулуллох ﷺ менин жаныма келди. Менин эсим ооп калды. Ошондо ал киши даарат алып, дааратты суусун менин үстүмө куйду. Ошондо мен көзүмдү ачтым жана: Я Расулуллох, малдарымды эмне кыламын? Малдарым жөнүндө кандай өкүм кыламын? - дедим. Расулуллох ﷺ мурас аяты түшкөнгө чейин мага жооп бербеди». Булар пайгамбарлык жана элчилик милдетин өтөө жана адамдарга жеткирүү жаатындагы иштер. Ал эми, башкарууга тиешелүү милдеттерди аткарууга келсек, Расулуллох ﷺ бул иштерде өзгөчө жол туткан. Мисалы, Ухуд согушунда мусулмандарды мечитке топтоду да: Мединада согуш кылынабы же Медина тышкарысына чыгылабы? - деп кеңеш сурады. Көпчүлүктүн райы тышкарыга чыгуу, Расулуллох ﷺдын райы болсо ичкериде калуу болчу. Ошондо Расулуллох ﷺ көпчүлүктүн пикирине амал кылып, тышкарыга чыкты жана Медина тышкарысында согушту. О.э. Расулуллох ﷺ адамдардын арасында өкүм кылган убакта, башкалардын зыянына алардын пайдасына өкүм кылуудан эскертет эле. Бухарий Умму Саламадан, Умму Салама Расулуллох ﷺдан риваят кылат: Расулуллох ﷺ эшик алдынан чыккан жаңжалды угуп калды жана алардын жанына чыгып: «Мен да силер сыяктуу инсанмын. Менин алдыма чатакташкандар келет. Ыктымал, силердин кээ бириңер башкасына караганда жеткиликтүү түшүндүрүшү мүмкүн. Мен аны чынчыл деп ойлоп, анын пайдасына өкүм кыламын. Кокустан, мен бирер мусулмандын пайдасына башкасына зыян келтирүү менен өкүм кылып кылсам – анын боордошунан тартып бул алган нерсеси – ал үчүн тозок отунан бир алоо болот. Ал каалаcа аны алсын, же таштасын», - деди. О.э. Ахмад Анас ибн Маликтен Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадисин риваят кылат: «Мен мал жана жанда туура эмес өкүм кылуу менен кылып алган зулумду бирер киши менден талап кылбаган абалда Аллахка жолугууну үмүт кыламын». Булардан белгилүү болгондой, Расулуллох ﷺ эки мансапка башчылык кылган. Биринчиси, нубуват жана рисалат мансабы. Экинчиси болсо, Расулуллох ﷺга вахий кылынган Аллахтын шариятын колдонуу үчүн дүйнөдөгү мусулмандарга башчылык кылуу мансабы. Расулуллох ﷺ бул мансаптардын ар бири талап кылган милдеттерди аткарган. Алардын биринде экинчисинен башкача иш жүргүзгөн. Мисалы, Расулуллох ﷺ өкүм ишинде адамдардан байъат алган. Байъатты аялдардан да, эркектерден да кабыл алган. Бул болсо, байъаттын пайгамбарлыкка эмес, өкүм ишине карата болгондугун тастыктайт. Мына ушулардан белгилүү болгондой, Аллах Таала өз пайгамбарына рисалатты жеткирүүдө жана анын

милдеттерин аткарууда бирер иш туурасында эскертүү берген эмес. Тескерисинче, адамдар Расулуллох ﷺ даъватын кабыл албай жатканы себептүү кыжалат болбошун талап кылган. Себеби, элчилик милдетин өтөө жеткирүүдөн гана туруп, Расулуллох ﷺдын мойнунда болгону жеткирүү гана бар болчу. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

وَلاَ تَحْزَنْ عَلَيْهِمْ وَلاَ تَكُن فِي ضَيْقٍ مِّمَّا يَمْكُرُونَ

***«Демек,** (эй Мухаммад) **жаның алардын** (ыйман келтирбегендиктери) **үстүндө бушайман чегип кетпесин».*** **[35:8]**

إِنْ عَلَيْكَ إِلاَّ الْبَلاَغُ

***«Сенин мойнуңда** (Биз сага түшүргөн вахийди) **жеткирүү гана бар».*** **[42:48]**

Бирок, Аллах Таала Расулуллох ﷺга башкаруу иштерине тиешелүү милдеттерди аткарган убакта, өкүмдөрдү эң абзел жол менен колдонбогонуна эскертүү берген. Аллах Таала айтат:

مَا كَانَ لِنَبِيٍّ أَن يَكُونَ لَهُ أَسْرَى حَتَّى يُثْخِنَ فِي الأَرْضِ

***«Пайгамбар үчүн тээ жерде үстөмдүк кылганга чейин, туткун алуу жайиз эмес эле».*** **[8:67]**

عَفَا اللّهُ عَنكَ لِمَ أَذِنتَ لَهُمْ

*«(Эй Мухаммад), **Аллах сени кечирсин. Эмне үчүн сен аларга** (жихадга чыкпастыкка) **уруксат бердиң?»*** **[9:43]**

Булардын бардыгынан белгилүү болгондой, өкмөттө мусулмандарга башчылык кылуу мансабы пайгамбарлык мансабынан башка жана халифалык мансабы ухровий эмес, бул дүйнөгө тиешелүү мансап болуп эсептелет. О.э. халифалык дүйнөдөгү бардык мусулмандарга жалпы башчылык болуп, ал илахий мансап эмес, инсаний мансап болуп эсептелет. Себеби, башкаруу мансабы Расулуллох ﷺ башчылык кылган мансап болуп, Расулуллох ﷺ аны өзүнөн кийин калтырган жана мусулмандардан бирер кишинин бул мансапта Расулуллох ﷺга орунбасар болушун фарз кылган. Т.а. Расулуллох ﷺдын ордуна пайгамбарлыкта эмес, тескерисинче, өкмөт иштеринде халифа болушу важиб. Демек, халифалык Аллахтан вахий алып, анын шариятын кабыл алуу эмес, балким, Ислам өкүмдөрүн колдонуу жана даъватты жаюу үчүн мусулмандарды башкарууда Расулуллох ﷺга орунбасарлык болуп эсептелет. Ал эми, Расулуллох ﷺдын исматы (күнөөдөн аруу экендиги), аким экендигинен эмес, тескерисинче, пайгамбар экендигинен келип чыккан. Себеби, күнөөдөн аруулук бардык пайгамбар жана элчилер сыпатталышы керек болгон сыпаттардан болуп, бул орунда алар өз шарияттары менен өкүм жүргүзүп аны ишке ашыргандыгынын, же өкүм жүргүзүү иштерин мойнуна албай, бир гана шариятты жеткирүүгө чектелип калгандыгынын айырмасы жок. Саййидибиз Муса, Иса жана

Иброхим алайхиссаламдар да Мухаммад алайхиссалам сыяктуу маъсум т.а. күнөөдөн таза болгон. Демек, күнөөдөн тазалык өкүм үчүн эмес, балким, пайгамбарлык жана элчилик үчүн болот. Ал эми, Расулуллох ﷺдын өкүм жүргүзүү иштерин аткаруу маалында бирер арам ишти кылбагандыгы, же бирер важиб ишти таштабагандыгына келсек, бул нерсе Расулуллох ﷺ аким болгондугу жагынан эмес, тескерисинче, пайгамбар жана элчи болгону себептүү маъсум болгондугу жагынан болгон. Расулуллох ﷺдын мамлекетти башкарганы ал заттын күнөөдөн таза болуу сыпаты менен сыпатталууну талап кылбайт. Лекин, Расулуллох ﷺ пайгамбар жана элчи болгондугу себептүү маъсум эле. Мына ушуга караганда, Расулуллох ﷺ адамдарга өкүмдү колдоно турган адам катары өкмөт иштерине башчылык кылар эле. Расулуллох ﷺ да биз сыяктуу адам экендиги жөнүндө Куранда ачык аят келген:

قُلْ إِنَّمَا أَنَا بَشَرٌ مِّثْلُكُم

*«(Эй Мухаммад, аларга)* ***айткын: «Эч шексиз, мен да силер сыяктуу бир адаммын».*** **[18:110]**

Дагы Куранда пайгамбардын башка адамдардан айырмаланган жактарын баян кылып ушул аят келген:

يُوحَىٰ إِلَيَّ

***«Мага вахий кылынууда».*** **[18:110]**

Демек, айырмаланган жагы Расулуллох ﷺга вахий кылынуусунда т.а. пайгамбарлыкта. Мындан башка абалдарда болсо, Расулуллох ﷺ да башка адамдар сыяктуу эле бир адам. Демек, Расулуллох ﷺ мамлекетти башкарууда башкалар сыяктуу эле адам болчу. Ким Расулуллох ﷺга халифа болсо, шексиз ал да башкалар сыяктуу эле адам болот. Себеби, ал пайгамбарга набийлик жана элчиликте эмес, мамлекетти башкарууда халифа болот. Мына ошондуктан, мамлекетти башкарууда күнөөдөн таза болуу шарт кылынбайт. Себеби, күнөөдөн таза болуу башкаруу талап кыла турган иштерден эмес, ал пайгамбарлык талап кыла турган иштерден. Ушуга караганда, халифалык мансабын башкара турган адамда күнөөдөн тазалык шарт кылынышына муктаждык жок. Т.а. халифалык мансабын башкара турган адамга күнөөдөн таза болууну шарт кылуу жайиз эмес. Себеби, күнөөдөн таза болуу пайгамбарларга гана таандык болуп, алардан башкаларга карата колдонулушу жайиз эмес. Анткени, пайгамбар жана элчиде күнөөдөн тазалык сыпаты болушун даъватты жеткирүү талап кылат. Демек, ал даъватты жеткирүүдөгү күнөөдөн тазалык. Себеби, пайгамбардагы күнөөдөн тазалык арам иштерди кылбастык менен өз көрүнүшүн табат. Күнөөдөн тазалыкты талап кыла турган нерсе адамдардын тастыктоосу же тастыктабастыгы жана иштерде ката кетирүү же ката кетирбестик эмес, тескерисинче, рисалатты жеткирүү. Т.а. күнөөдөн тазалыкты талап кыла турган нерсе рисалатты жеткирүүдөн башка нерсе эмес. Эгерде

пайгамбар Аллах тарабынан маъсум болбосо, рисалатты жашырышы, ага кошумча кошуп жибериши же кемитип жибериши, Аллах айтпаган нерсени айтты деп Аны жалганчы кылышы же ката кетириши мүмкүн болот эле. Натыйжада, жеткирүүгө буюрулган нерседен башка нерсени жеткирген болот эле. Бул иштердин бардыгы Аллах тарабынан болгон рисалатка о.э. тастыктоо важиб болгон элчи экендигине тескери келет. Ушуга ылайык, пайгамбар рисалатты жеткирүүдө күнөөдөн тазалык менен сыпатталышы шарт жана пайгамбардын күнөөдөн тазалыгы арам иштерди кылуудан таза экендигинен келип чыккан. Ошондуктан, уламалар пайгамбарлардын арам иштерди кылуудан тазалыгы туурасында ар түрдүү пикирде болушкан. Алардын кээ бирлери пайгамбар чоң күнөөлөрдү кылуудан маъсум, кичине күнөөлөрдү кылышы жайиз деп айтышкан. Кээ бирлери болсо, ал чоң жана кичине күнөөлөрдү кылуудан маъсум деп пикир билдиришкен. Бул пикирлерди даъватты жеткирүү кемтиксиз болушу же болбошу негизделе турган иштерге карай болот деп айтышкан. Эгер ал рисалатты жеткирүү толук болушуна тиешелүү иш болсо, рисалатты жеткирүүдөгү күнөөдөн тазалык аны өз ичине алат жана пайгамбар күнөөдөн маъсум болот. Анткени, рисалатты жеткирүү пайгамбар маъсум болушу аркылуу гана толук болот. Эгер иш рисалатты жеткирүү толук болушуна тиешелүү болбогон иш болсо, күнөөдөн тазалык аны өз ичине албайт жана пайгамбар ал иштерде маъсум болбойт. Себеби, рисалатты жеткирүү ансыз деле ишке ашат. Мына ошондуктан рисалатты жеткирүү толук болушуна тиешесиз иштерде пайгамбар абзел болбогон иштерди кылуудан маъсум эместиги туурасында бардык мусулмандар ортосунда ихтилаф жок. Демек, күнөөдөн тазалык рисалатты жеткирүүгө гана таандык экен о.э. ал пайгамбарлар жана элчилерден башкалар үчүн эмес, тескерисинче, жалаң гана пайгамбарлар үчүн экен.

Мындан тышкары, күнөөдөн тазалыктын далили наклий далил болбой, балким, аклий далил болуп эсептелет. Себеби, шаръий нусустарда Куранда да жана хадисте да бирер киши үчүн, пайгамбар жана элчилер үчүн күнөөдөн тазалыктын бар экендигине бирер нусус келген эмес. Демек, рисалатты жеткирүүдөгү күнөөдөн тазалыктын пайгамбар жана элчи үчүн болушун шарт кылып жаткан фактор – бул акыл. Анткени, пайгамбар жана элчи болуу маъсум болууну талап кылат. Эгер ал маъсум болбосо пайгамбар жана элчи эмес. Мындан тышкары, акыл Аллах тарабынан келген рисалатты жеткирүү мойнуна жүктөлбөгөн адамды «күнөөдөн таза болушу мүмкүн эмес» деп тастыктайт. Себеби, ал инсан. Инсандын жаралуу табиятына ылайык, андан ката жана унутуу жүз бериши мүмкүн. Анткени, ал Аллах Таала тарабынан келген рисалат мойнуна жүктөлгөндүгү себептүү анда күнөөдөн таза болууну талап кыла турган нерсе табылбайт. Эгер ал өзүнүн маъсумдугун айтса, демек, мунун мааниси Аллах тарабынан келген рисалат анын мойнуна жүктөлгөндүгүн

түшүндүрөт. Бул болсо, мүмкүн эмес. Анткени, Аллахтын элчиси Расулуллох ﷺдан кийин эч кандай пайгамбар жок. Аллах Таала айтат:

وَلَكِن رَّسُولَ اللَّهِ وَخَاتَمَ النَّبِيِّينَ

***«Бирок, ал – Аллахтын пайгамбары жана пайгамбарлардын акыркысы».*** **[33:40]**

Демек, күнөөдөн тазалыкты дааба кылуу, элчиликти дааба кылууну талап кылат. Себеби, пайгамбар Аллах тарабынан жеткирүүчү болгону жана ал да инсан катары Аллах тарабынан рисалатты жеткирүүдө ката жана унутууга жол коюусу мүмкүн болгону үчүн, Аллахтын рисалатын жеткирүүдө ар түрдүү өзгөртүүлөр кирип калышынан коргоо, пайгамбардын ката кылуудан жана унутуудан маъсум болушун талап кылат. Жалгыз мына ушул себептен улам, күнөөдөн тазалык пайгамбардын сыпаттарынын бири болду жана күнөөдөн тазалык дал ушул нерсени талап кылат. Эгер пайгамбардан башка бирер киши бул сыпатты өзүндө дааба кылса – белгилүү болгондой, күнөөдөн тазалык талап кыла турган нерсе Аллах тарабынан келген рисалатты жеткирүү – демек, ал күнөөдөн тазалыкты жана анын себептерин т.а. рисалатты жеткирүүнү дааба кылган болот жана бул аркылуу өзүн «Аллахтын рисалатын жеткирүүчү» деп айткан кылган болот. Ушуга караганда, халифага күнөөдөн тазалыктын шарт кылынышы жайиз эмес. Себеби, анын шарт кылынышы Аллах Таала тарабынан келген рисалатты жеткирүү анын мойнуна жүктөлгөндүгүн түшүндүрөт жана анын маъсум болушун талап кылат. Бул болсо, мүмкүн эмес.

Мына ушулардын бардыгынан белгилүү болгондой, халифа да ката кетириши жана ката кетирбеши о.э. ар кандай адам тарабынан жүз бере турган ката, унутуу, жалган, кыянат, күнөө жана башка иштер жүз бериши мүмкүн болгон адам болуп эсептелет. Себеби, ал пайгамбар же элчи эмес, инсан. О.э. ал тараптан адамдарды каарданта турган жана алардын наалатына ылайыктуу боло турган зулум, күнөө жана башка ушул сыяктуу иштердин жүз бериши мүмкүн экендиги тууралуу хадисте кабар берилген. Ал тургай, имам тарабынан ачык куфр жүз бериши мүмкүн экендиги билдирилген. Муслим Абу Хурайрадан Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Албетте, имам – калкан, анын артында туруп согуш кылынат жана аны менен коргонулат. Эгер ал Аллахтан коркууга буюрса жана адилеттүү болсо, мына ушул себептүү ага сооп жазылат. Эгер андан башка ишке буюрса, андан өзүнө зыян болот». Бул хадис имамдын маъсум эместигин жана анын Аллахтан коркуудан башка нерсеге да буюрушу мүмкүн экендигин түшүндүрүүдө. Муслим Абдулладан Расулуллох ﷺдын ушул хадисин риваят кылат, Расулуллох ﷺ «Келечекте менден кийин өзүмчүлдүк жана силер инкар кыла турган иштер жүз берет», - деди. Ошондо сахабалар: «Ошол күндөргө чейин жетип барган адамдарды эмнеге буюрасыз?» - деп

сурашканда, Расулуллох ﷺ: «Мойнуңардагы акыны өтөгүлө жана акыларыңарды Аллахтан сурагыла», - деп жооп берди. Муслим Ауф ибн Маликтен, ал киши Расулуллох ﷺдан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө тургандары; силер аларды мактай турган жана алар да силерди мактай тургандары. Имамдарыңардын жамандары – силер аларды жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө тургандары; силер аларды наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай тургандары», - деген. «Я Расулуллох, аларга каршы кылыч менен күрөшпөйбүзбү?» деп сурашты. Расулуллох: «Жок, эгер араңарда намазды өтөп жатышкан болсо. Эгер башчыңардан силер жактырбаган бирер ишти көрсөңөр, кылган ишин жаман көргүлө жана итаат кылуудан колуңарды тартпагыла», - деди. Имам Бухарий Жунада ибн Абу Умаййадан риваят кылат: «Убада ибн Сомиттин алдына кирдик. Ал ооруп жаткан эле. Ага: «Аллах сага шыпаа берсин! Бизге Расулуллох ﷺдан уккан хадистериңден айтып бергин. Бул аркылуу Аллах бардыгыбызга пайда жеткирет», - дедик. Ал айтты: «Бизди Расулуллох чакырды жана биз ал кишиге байъат кылдык. Бизге шарт кылган нерселердин ичинде булар бар болчу: курсантчылык жана капачылыгыбызда да, кыйынчылык жана жыргалчылыгыбызда да кулак салып, итаат кылууга, башканын кызыкчылыгын жогору коюуга жана башчылардан ишти тартып албоого байъат бердик» деп, Расулуллох ﷺга байъат берип жатканыбызда, Расулуллох: «Бирок, куфр экенине Аллахтан анык далил келген ачык кафирликти көргөнүңөрдө (алардан башкаруу ишин тартып алууга аракет кылууңарга байъат кыламын)», - деди.

Айша ؓдан риваят кылынат, Расулуллох ﷺ мындай деди: «Мүмкүн болушунча мусулмандарга хаддарды (жаза-чараларды) колдонбогула. Эгер андан кутулуунун мүмкүнчүлүгү болсо, ага мүмкүндүк бергиле. Анткени, имамдын жазалоодо ката кетирүүсүнөн көрөкчө кечирүүдө ката кетирүүсү жакшыраак». Бул хадисти имам Термизий риваят кылган. Ушул хадистер имамдын ката кетириши, унутушу же күнөө иш кылышы мүмкүн экендигине ачык далил болот. Ушундай болушуна карабастан, Расулуллох ﷺ эгер алар Ислам менен өкүм жүргүзүп, алар тарабынан ачык куфр пайда болбосо жана күнөө иштерге буйрушпаса, аларга итаат кылууга буйруган. Расулуллох ﷺдын – келечекте халифалар болуп, алар тарабынан мусулмандар инкар кыла турган иштер жүз беришине карабастан – аларга итаат кылууга буйругандыгы жөнүндөгү кабардан кийин да, «халифанын маъсум болушу важиб жана башка адамдарга мүмкүн болгон иштер, ага мүмкүн эмес» деп айтууга болобу? Демек, Халифалык мамлекети илахий мамлекет эмес, инсаний мамлекет болуп эсептелет.

## ИСЛАМ ДА ЖЕТЕКЧИЛИК ЖАМАИЙ ЭМЕС, ФАРДИЙ

Жетекчилик, башчылык жана амирлик бирдей мааниде. О.э. жетекчи, башчы жана амир да бир эле маанини түшүндүрөт. Бирок, халифалык дүйнөдөгү бардык мусулмандарга жалпы башчылык маанисин түшүндүрсө да, ал амирликтен өзгөчөрөөк түшүнүк болуп эсептелет. О.э. халифа да амирден өзгөчөрөөк. Анткени, амирлик халифалыкты түшүндүрүшү мүмкүн о.э. кошуун амирлиги, вилаят амирлиги жана жамаат амирлиги сыяктуу халифалыктан башка мансаптарды да түшүндүрүшү мүмкүн. Демек, амирлик халифалыкка караганда жалпыраак. Амир сөзү халифаны түшүндүрүшү мүмкүн. О.э. вилаят амири, аскерий амир, жамаат амирин жана сапар амирин да түшүндүрүшү мүмкүн. Демек, амир сөзү халифа сөзүнө караганда жалпы экен. Ушуга караганда, халифалык сөзү баарыбызга белгилүү болгон мансапка таандык болуп, амирлик сөзү болсо бардык амирлер үчүн жалпы болот.

Ислам жетекчи, башчы жана амирдин бирөө болушун важиб кылды. О.э. бул жаатта бирден көп болушуна уруксат бербеди. Исламда жамаий жетекчилик, жамаий раистик сыяктуу сөздөр жок. Тескерисинче, Исламда жетекчилик фардий (жекече) болот. Т.а. жеке адам башкарат. Демек, Исламда жетекчи, раис жана амирдин бир гана адам болушу, бир кишиден ашык болбошу важиб. Буга Расулуллох ﷺдын сөздөрү жана кылган иштери далил болот. Ахмад Абдулла ибн Умардан Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадисин риваят кылат: «Чөлдүн бир четинде үч киши болушса, өздөрүнөн бир кишини амир кылып алышмайынча, адал болбойт». Абу Давуд Абу Саидден Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Эгерде үч киши сапарга чыкса, арасынан бир кишини амир кылып алышсын». Баззар Абдулла ибн Умардан, ал киши Расулуллох ﷺдан риваят кылат: «Эгерде сапарда үч киши болсо, өздөрүнөн бир кишини амир кылып алышсын». Бул хадистердин бардыгы амирдин бирөө гана болушун көргөзүүдө. «Өздөрүнөн бир кишини амир кылышсын», «арасынан бир кишини амир кылып алышсын». Бир (ахад) сөзү жалгыз дегенди түшүндүрүүчү сөз болуп, ал «бир» санына далалат кылат. Муну мафхумул мухолафадан да түшүнүп алууга болот. Сан жана сыпаттагы мафхумул мухолафага нусус болбосо да амал кылына берет. Буга мисал Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

قُلْ هُوَ اللَّهُ أَحَدٌ

*«(Эй Мухаммад),* ***айткын: «Ал Аллах жалгыз».*** **[112:1]**

Т.а. Анын экинчиси жок. Эгер мафхумул мухолафаны бекер кыла турган нусус келсе, ал мафхумул мухолафага амал кылынбайт. Буга мисал Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

وَلاَ تُكْرِهُوا فَتَيَاتِكُمْ عَلَى الْبِغَاءِ إِنْ أَرَدْنَ تَحَصُّنًا

***«Эгерде өздөрүн сактоону каалашса, күңдөрүңөрдү зинакердикке мажбур кылбагыла».*** **[24:33]**
Бул аяттагы мафхумул мухолафа: Эгер алар сактанууну каалашпаса, зинакердикке мажбурланышат, - деген маанини түшүндүрөт. Бирок, бул мафхумул мухолафа төмөнкү аят менен бекер кылынат:

وَلاَ تَقْرَبُواْ الزِّنَى إِنَّهُ كَانَ فَاحِشَةً وَسَاء سَبِيلاً

***«Зинага жакындашпагыла! Себеби, бул фахишалык – эң жаман жол».*** **[17:32]**
Эгерде мафхумул мухолафаны бекер кыла турган нусус келбесе, ага амал кылынат. Буга мисал Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

الزَّانِيَةُ وَالزَّانِي فَاجْلِدُوا كُلَّ وَاحِدٍ مِّنْهُمَا مِئَةَ جَلْدَةٍ

***«Зинакер аял жана зинакер эркек – алардын ар бирине жүз даррадан ургула».*** **[24:2]**
Аяттагы дарра атайын санак менен т.а. жүз дарра менен чектелген. Анын бул атайын санак менен чектеп коюлушу жүз даррадан ашыгы мүмкүн эместигине далил болот. Ушуга караганда, Расулуллох ﷺдын ушул хадистериндеги: «Арасынан бир кишини амир кылып алышсын», - деп айткан сөздөрүндөгү мафхумул мухолафа бирден көбүрөөк кишини амир кылып алуулары мүмкүн эместигине далил болот. Демек, амирлик, жетекчилик, башчылык бир киши үчүн гана болот. Тескерисинче, бир кишиден көбүрөөк болушу хадистердин матнине ылайык лафз жагынан да, маани жагынан да таптакыр мүмкүн эмес. Муну Расулуллох ﷺдын кылган иштери да кубаттайт. Ал киши амир кылып дайындаган бардык хадистерде бир гана кишини амир кылып дайындаган. Бир орунга бир кишиден ашыгын амир кылып дайындаган эмес.

Ал эми, Расулуллох ﷺдан риваят кылынган ушул хадиске келсек, Расулуллох ﷺ Муаз жана Абу Мусаны Яманга жөнөтүп жатып аларга: «Элге жеңил шарттарды жараткыла, аларды таңсык абалга салып койбогула! Алардын дилдерине курсантчылык тартуулагыла, ирээнжитип койбогула! Бири-бириңер менен келишип иш жүргүзгүлө!» - деген. Расулуллох ﷺ аларды Ямандагы бир жерге эмес, тескерисинче, экөөнү эки башка тарапка жиберген. Имам Бухарий бул хадисти эки нусус менен риваят кылган. Нусустардын биринде экөөнүн эки башка жерге жиберилгендиги келтирилген: «Муса бизге Абу Аванадан, ал Абдулмалик Абу Бурдадан риваят кылып айтат: Расулуллох ﷺ Абу Муса жана Муаз ибн Жабалды Яманга жиберген. Алардын ар бирин бирден вилаятка жиберген. Яман эки вилаяттан турар эле. Расулуллох ﷺ аларга: «Калкка жеңил шарттарды жаратып бергиле, аларды таңсык абалга салып койбогула! Алардын дилдерине курсантчылык тартуулагыла, ирээнжитип койбогула!» - деген. Мына ушуга караганда, бир ишке эки башчы жана бир жерге эки башчы болушу мүмкүн эмес. Тескерисинче, башчы,

жетекчи, амирдин бирөө гана болушу важиб жана бирден ашык болушу арам».

Бүгүнкү күндө мусулмандар өлкөлөрүндө «кеӊеш», «комитет», «административдик аппарат» жана ушул сыяктуу аталыш менен башкаруу укуктарына ээ болгон бир канча жамаий жетекчиликтерди түзүү кеӊири жайылган. Эгер ушул аппарат, кеӊеш жана комитеттерге башкаруу укугу берилсе, шаръий өкүмгө тескери болот. Себеби, мында амирлик жамаатка берилген болот. Бул болсо, хадистин матнине ылайык, арам болот. Ал эми, эгер аппарат, кеӊеш же комитет оор милдеттерди көтөрүү, кээ бир иштер тууралуу талкуу жүргүзүү жана кеӊешүү (шуро) менен аткаруу жүзөсүнөн болсо, бул иш жайиз болот жана ал Исламдан болуп саналат. Анткени, мусулмандардын иштери өз ара кеӊешүү менен болушу мактоого татыктуу болгон иштерден. Шуро эгер иштерди аткарууга тиешелүү болсо, ал убакта көпчүлүктүн пикири негизинде амал кылынат. Эгер шуро мыйзамдарга, пикирге алып бара турган райларга, илимий маселелер жана аныктамаларга тиешелүү болсо, бул орунда кеӊешүү үчүн гана кайрылынат.

## МУАВИНДЕР

Муавиндер – бул вазирлер. Аларды халифа дайындайт. Алар халифалык жүктөрүн көтөрүүдө жана анын жоопкерчиликтерин аткарууда халифага жардам беришет. Халифалык жүктөрүнүн көбөйүүсү менен, айрыкча Халифалык мамлекети кеңейген убакта, халифа жалгыз өзү бул жүктөрдү көтөрүүдөн кыйналат. Ошондо халифа бул жоопкерчиликтерди аткарууда жана кыйынчылыктарды жоюуда өзүнө жардам бере турган адамга муктаж болот.

Халифалык жүктөрүн көтөрүүдө халифага жардам берүү үчүн халифа дайындай турган муавиндер эки бөлүккө бөлүнүшөт:

1) Тафвид муавин.

2) Танфиз муавин.

### Тафвид муавин

Тафвид муавин – халифа өзү менен бирге башкаруу жана салтанат жоопкерчилигин көтөрүү үчүн дайындаган вазир. Халифа тафвид муавинге иштерди өз райына ылайык башкаруу укугун жана шаръий өкүмдөргө ылайык өз ижтихадына ылайык жүргүзүү укугун берет.

Халифа жоопкерчилик жана иштерди аткарууда өзүнө жардам бере турган муавинди дайындоо укугуна ээ. Хаким жана Термизий Абу Саид Худрийден Расулуллох ﷺдын мындай деп айтканын риваят кылат: «Менин асмандагы вазирлерим – Жабраил жана Микаил, жердеги вазирлерим болсо – Абу Бакр жана Умар». Хадистеги «вазир» сөзүнүн лугавий мааниси «жардам берүүчү, көмөктөшүүчү» деген маанини түшүндүрөт. Курани Карим «вазир» сөзүн мына ушул лугавий мааниси менен колдонгон. Аллах Таала айтат:

وَاجْعَل لِّي وَزِيرًا مِّنْ أَهْلِي

***«Мага өз үй-бүлөмдөн бир вазир кылгын».*** **[20:29]**

Т.а. жардамчы, көмөктөшүүчү. Хадистеги вазир сөзү умумий болуп, бардык иштерде ар кандай жардам жана ар кандай көмөктү өз ичине алат. Мисалы, халифалык жоопкерчиликтери жана иштериндеги халифага бериле турган жардамды да өз ичине алат. Абу Саиддин хадиси өкмөт иштериндеги жардамга гана хос эмес. Себеби, Жабраил жана Микаил Расулуллох ﷺдын асмандагы вазирлери болуп, алардын өкмөттүк иштерди аткаруудагы жардамга тиешеси жок. Мына ошондуктан хадистеги «вазирлерим» сөзү лугавий маанини т.а. менин жардамчыларым деген маанини гана түшүндүрөт. Жардам жана көмөктүн ар кандай иш үчүн ар кандай адам тарабынан алынышы мубах иштерден. О.э. вазир алуу да мубах иштерден. Расулуллох ﷺдын Абу Бакр жана Умарды вазир кылып алышы бул лугавий мааниден четке чыккан эмес. Себеби, Расулуллох ﷺ менен бирге өкмөт иштерин аткаруу аларда көрүнбөгөн. Бирок, аларды вазир кылып алышы, аларга чектөөсүз бардык иштерде Расулуллох ﷺга жардам берүү салахиятын бергендиги

о.э. Расулуллох ﷺдын аларды вазир кылып дайындоосу, халифа өзүнө бардык иштерде о.э. өкмөт иштеринде жардам бере турган адамды вазир кылып дайындоосу жайиз экендигине далалат кылат. Абу Бакр ؓ халифа болгондон кийин Умарды өзүнө муавин кылып дайындады. Умардын муавиндиги бардык иштерде ачык көрүнүп турган. Ал тургай, сахабалар Абу Бакрга: «Биз түшүнбөй калдык, сиз халифасызбы же Умарбы?» - деп айтышкан. Умар ؓ халифа болгондон кийин болсо, Усман жана Али муавин болушкан. Бирок, Усмандын да, Алинин да өкмөт иштеринде Умар менен бирге муавиндик иштерин аткаргандыгы ачык көрүнгөн эмес. Умардын доорундагы муавиндик абалы Расулуллох ﷺга муавин болгон Абу Бакр жана Умардын абалына окшогон. Усман ؓнун халифалыгы заманында Али жана Марван ибн Хакам муавин болгон. Бирок, Али кээ бир иштерге ыраазы эместиги себептүү, өзүн четке алган. Ал эми Марван ибн Хакамдын мамлекеттик иштерде Усманга муавин экендиги ачык көрүнүп турган.

Эгер халифа өкмөт иштеринде өзүнө муавин болушу үчүн бирер адамды дайындаса, ага өзүнүн орунбасары катары бардык иштерди толук башкарууну тапшырат. Ушул адам бул тапшыруу менен халифанын вазирине жана танфид муавинине айланат. Анын салахияттары халифанын салахияттары сыяктуу болот. Бирок, ал бул салахияттарга халифа сыяктуу жеке өзү ээлик кылбайт. Тескерисинче, ага вазирлик мансабы жүктөлгөндүгү себептүү, ушул салахияттарга халифанын орунбасары катары ээ болот. Мисалы, халифа «Мен баланчыны өзүмө башкаруу вазири же танфид муавини кылып дайындадым» десе, же болбосо «мен тараптан менин мойнумдагы иштерде мага орунбасар бол» деп айтса, же ушул сыяктуу сөздөрдөн айтса, ошол адам орунбасар катары халифанын бардык салахияттарына ээ болот. Мындай абалды Мавардий «Салтанат өкүмдөрү» китебинде «башкаруу вазирлиги» деп атаган жана төмөнкүдөй аныктама берген: «Имамдын иштерди райы менен башкарууну жана өз ижтихадына ылайык аткарууну тапшыра турган адамды вазир кылып дайындашы – башкаруу вазирлиги болуп саналат».

Бул танфид муавиндин вакыйлыгы. Ал халифалык иштеринин бардыгында халифанын муавини болуп эсептелет. Ал халифалык иштеринин бардыгын – халифа ал ишти ага тапшырган болобу же жокпу, ага карабастан – аткаруу салахиятына ээ болот. Себеби, ага бардык салахияттар берилген. Бирок, ал аткара турган ар бир ишинен халифаны кабардар кылып турушу керек. Себеби, ал халифа эмес, халифанын муавини. Ушуга ылайык, ал жалгыз өзү иш алып барбайт, тескерисинче, чоң-кичине бардык иштерде халифаны кабардар кылышы керек. Себеби, өкмөт иштерин башкаруу халифага тапшырылган.

Бул муавин жана вазирдин шаръий вакыйлыгы. Ал демократиялык түзүмдөгү вазирликтин (министрликтин) вакыйлыгынан бүтүндөй

айырмаланат. Анткени, демократиялык түзүмдөгү министрлик акимият (бийлик) болуп эсептелет. Ал белгилүү бир кеңеш катары бийликти башкара турган адамдардын топтому. Демократиялык түзүмдө бийлик бир кишиге берилбей, тескерисинче, жамаатка берилет. Т.а. амирлик фардий болбой, жамаий болот. Өкүм жүргүзүү ыйгарым укугунун бардыгына ээлик кыла турган аким – министрлер кеңеши болот. Министрликтердин бири да толук өкүмдарлыкка ээ эмес. Тескерисинче, бардык министрликтер биргеликте толук өкүмдарлыкка ээ болушат. Бир министр башкаруу тармактарынан бирер тармакка дайындалат да, ушул тармакта министрлер кеңеши берген салахияттарга толук ээ болот. Эгер министрлик бул тармакта кайсы бир иштин укугун министр үчүн бербеген болсо, ал бул салахиятка ээ болбой, бул салахият министрлер кеңешинин өзүндө калат. Мисалга адилет министрин алып көрөлү. Адилет министри өз министрлигиндеги салахияттарга ээ. Ошону менен бирге, ал бир нече салахияттарга ээ эмес. Салахияттарды министрлер кеңеши белгилеп берет. Бул демократиялык түзүмдөгү вазирликтин б.а. министрликтин вакыйлыгы. Мына ушундан демократиялык түзүмдөгү вазирлик менен Ислам түзүмүндөгү вазирликтин ортосундагы айырма көрүнөт. Т.а. Ислам түзүмүндөгү вазир же муавин сөзү менен демократиялык түзүмдөгү вазир сөзүнүн ортосундагы ачык айырма көрүнөт. Ислам түзүмүндөгү вазир жана вазирликтин мааниси истиснасыз бардык иштерде халифанын муавини дегени. Муавин иштерди аткарат жана аткара турган иштеринен халифаны кабардар кылат. Вазирлик жеке адам ээлик кыла турган мансап болуп эсептелет. Эгер вазирлик бирден ашык адамга берилсе, алардын ар бири халифа ээлик кыла турган салахияттарга ээ болот. Демократиялык түзүмдөгү вазирлик – жамааттан турган мекеме, аны шахс башкарбайт. Демократия түзүмүндө вазир бийликтин белгилүү бир тармагын гана башкарат. Вазирликтин бардыгына ээ эмес, тескерисинче, белгилүү бир бөлүгүнө ээлик кылат. Мына ошондуктан, Исламдагы вазирлик жана вазир түшүнүгү менен демократиялык түзүмдөгү вазирлик жана вазир түшүнүгүнүн ортосундагы айырма ачык-айкын болот. (Көпчүлүк мусулман өлкөлөрүндөгү азыркы жасалма мамлекеттерде минисрликтерди «вазирлик» деп аташат. Котормочудан). Демократиядагы вазир жана вазирлик сөздөрүнөн көздөлгөн маани демократияны колдонууну түшүндүргөндүктөн, ал Исламдагыдан айырмаланат. Эгер бул маани колдонулса, ал демократиялык мааниге гана кайтат. Ошондуктан, бул сөздөрдүн шаръий маанисин аныктап алып, халифанын муавинине карата вазир жана вазирлик сөзү менен бирге демократиялык мааниден буруп жибере турган бирер кошумча кошуп, бир гана Исламий маанини колдонушубуз керек. Же ага карата нукура шаръий мааниси т.а. муавин сөзү колдонулат. Мына ушулардын бардыгынан белгилүү болгондой, муавин – бул мамлекетке моюн суна турган бардык өлкөлөрдөгү мамлекеттик

иштердин бардыгында орунбасар деңгээлиндеги адам. Мына ошондуктан, «халифа муавинди өзү тараптан катчы катары жалпы көрүнүштө өкүл кылып дайындайт» деп айтышкан. Ушуга ылайык, муавиндин милдетинин вакыйлыгы: халифа тарабынан мамлекеттин бардык иштеринде жалпы көрүнүштө орунбасар болушу дегени. Демек, ал аким о.э. муавин да болот.

## Тафвид муавиндин шарттары

Халифага эмне нерсе шарт кылынган болсо, ошол нерсе тафвид муавинге да шарт кылынат. Т.а. тафвид муавин эркек киши, хур, муслим, балагатка жеткен, акылы толук жана адилеттүү болушу шарт. Буга кошумча түрдө, өзүнө тапшырылган иштерде жөндөмдүү адамдардан болушу да шарт кылынат.

Бул шарттардын далилдери халифанын далилдеринин дал өзү. Башкаруу муавини эркек киши болушу важиб экендигине далил Бухарий Абу Бакрадан риваят кылган Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадиси: «Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан нажат таппайт». Хур болушу. Себеби, кул өзүнүн ишине ээ эмес. Демек, ал башка адамдын иштерин башкаруу укугуна да ээлик кыла албайт. Балагатка жеткен болушу. Мунун далили, Расулуллох ﷺдын төмөнкү сөздөрү: «Калем уктап жаткан адамдан ойгонгонго чейин, сабийден балагатка жеткенге чейин, акылы кемден түзөлгөнгө чейин көтөрүлгөн». (Абу Давуд риваяты). Акылы толук болушу. Буга да жогорудагы хадис далил болот: «Акылы кемден түзөлгөнгө чейин» жана башка бир риваятта: «Эсин жоготкон кишиден айыкканга чейин», - деп келген. Адилеттүү болушу. Себеби, Аллах Таала күбөлүктө адилеттүүлүктү шарт кылган:

وَأَشْهِدُوا ذَوَيْ عَدْلٍ مِّنكُمْ

***«Өзүңөрдөн эки адилеттүү адамды күбө кылгыла».*** **[65:2]**

Ушуга ылайык, адилеттүүлүк халифанын муавинине да шарт кылынат. О.э. халифалык жүктөрү жана акимият жоопкерчиликтерин көтөрүүдө халифага жардам берүүгө кудуреттүү болушу үчүн муавиндин башкаруу ишинде жөндөмдүү адамдардан болушу да шарт кылынат.

## Тафвид муавинди дайындоо шарттары

Тафвид муавиндик эки ишти өз ичине алышы шарт кылынат: алардын биринчиси – жалпы назар (мында тафвид муавин бардык башкаруу иштеринде бардык салахияттарга ээ болот); экинчиси – наибдик (тафвид муавиндин орунбасар экендиги). Мына ошондуктан, халифанын «Мен сени өз мойнумдагы иштерге өзүм тараптан наиб кылып дайындадым» деп айтышы важиб. Же ушундай маанидеги жалпы назар жана наибдикти өз ичине ала турган сөздөрдү айтышы зарыл. Эгер дайындалуу мына ушул услубга ылайык болбосо, ал тафвид муавин болбойт. Дайындоо мына ушул услубга ылайык ишке ашырылса гана ал тафвид муавиндин

салахияттарына ээ болот.

Мунун далили, тафвид муавиндин иштеринин вакыйлыгы. Муавин халифа тараптан наиб болуп эсептелет. Наибдик болсо ахддашуу дегени. Ахддар ачык сөздөр менен гана кабыл алынат. Ошондуктан, муавинди дайындоонун халифа тарабынан наиб экенине далалат кыла турган сөз менен болушу шарт кылынат. Мындан тышкары, муавиндин вакыйлыгы, өкмөт иштеринде халифа ээ боло турган бардык салахияттарга ээ болушу. Демек, дайындоо бардык нерседе жалпы назарга далалат кыла турган сөздү өз ичине алышы керек. Т.а. башкаруу салахияттарынын бардыгына наибдин акылуу экенине далалат кыла турган сөздөрдү өз ичине алышы керек. Мисалы, халифа муавинге «Мен сени мага жүктөлгөн иштерде өзүмө наиб кылдым» деп, же «Мага орунбасар болушуңа ишенип, сени муавин кылып дайындадым» деп айтышы керек, же болбосо, ушуга окшогон сөздү айтышы керек. Эгер аны жалпы назар менен дайындап, бирок, «мага наиб бол» деп айтпаса, ахд вазирлик ахды болбой, валиахддык болуп калат. Валиахддык болсо батыл. Демек, ал да батыл болот. Эгер халифа муавиндин наибдигин ачык айтып, а бирок, жалпы назарды ачык айтпаса, мында аны наиб кылып дайындоо – бардык иштергеби же белгилүү бир тармактаргабы, башкаруугабы же аткаруугабы – булар белгисиз болуп калат да, вазирлик ал үчүн мыйзамдуу түскө кирбейт. Эгер халифа «мен тараптан казылык иштеринде, же таалим иштеринде, же ушул сыяктуу иштерде наиб бол» деп айтса, вазирлик мыйзамдуу түскө кирбейт жана ал тафвид муавин болбойт. Демек, тафвид муавинди дайындоодо муавиндин вакыйлыгына далалат кыла турган сөздөрдүн болушу шарт. Ал халифага орунбасарлык жана халифанын бардык салахияттарына ээ болуу дегени. Т.а. тафвид муавиндин вазирлик ахды үчүн эки шартты өз ичине алган сүйлөм болушу шарт: алардын бири жалпы назар, экинчиси болсо наибдик. Эгер лафз ачык болуп, бул эки шартты өз ичине албаса, тафвид муавиндин вазирлиги мыйзамдуу түскө кирбейт. Муавиндердин бир нече болушу мубах болгондуктан, халифанын бир муавин же бир нече муавинди дайындашы жайиз. Бирок, тафвид муавин иштеринин вакыйлыгы өкмөт иштеринде халифа ээ болгон бардык салахияттарга ээ болуу болот. Бул вакыйлык тафвид муавиндердин бир нече болушу жайиз экендигине карабастан, анын бирөө гана болушун талап кылат. Эгер бирөөдөн ашык муавинди дайындаса, алардын ар бири халифа ээ болгон жалпы назарга ээ болот. Мындан тышкары, эки муавинди, алардын башкаруусу жалпы болгондуктан, бир мезгилде дайындоосу жайиз эмес. Себеби, Исламда акимиятты башкаруу шахсий болот. Эгер мына ушул услубда эки адам дайындалса, экөөнүн тең дайындалышы батыл болот. Себеби, ал амирди дайындоо болуп эсептелет. Амирлик бир адамга гана дайындалат. Буга далил Расулуллох ﷺдын: «Арасынан бир кишини амир кылып алышсын», - деген сөзү. Демек, бул амирликтин шарты болуп эсептелет.

## Тафвид муавиндин милдеттери

Тафвид муавиндин милдеттери – өзү токтом кылган тадбирин (иш-чарасын) халифага билдирүү; андан кийин аткарган тадбирлери жөнүндө халифага кабарлоо; о.э. дайындоолору жөнүндө халифаны кабардар кылуу. Анткени, анын салахияттары халифанын салахияттары сыяктуу болуп калбашы керек. Демек, тафвид муавиндин милдети: үйрөнүп чыккан тадбирин халифага билдирүү, эгер халифа бул тадбирди ишке ашыруудан кайтарбаса, аны ишке ашыруу.

Буга далил муавиндин халифага наиб экендигинен келип чыга турган вакыйлык. Наиб аны орунбасар кылып дайындаган адамга наибдик милдетин аткарат. Демек, ал халифадан үзүлүп өз алдынча иш жүргүзбөйт, тескерисинче, бардык иштерден аны толук кабардар кылып турат. Умар ﷺ Абу Бакрдын халифалыгы заманында вазир болгон. Умар бардык пландаштырылган тадбирлеринен Абу Бакр ﷺну кабардар кылган жана аларды Абу Бакр ﷺнун райына ылайык ишке ашырган. Халифаны бардык тадбирлерден кабардар кылуунун мааниси, ар бир жузъий иштерде да андан уруксат суроо дегени эмес. Себеби, бул муавиндин вакыйлыгына тескери келет. Тескерисинче,  кабардар кылуунун мааниси, иш туурасында аны менен кеңешип алуу дегени. Мисалы, бир вилаятка жөндөмдүү валийди дайындоого болгон муктаждыкты жоюу, же базарларда азык-түлүктүн аздыгынан кылынган даттанууларды кароо, же ушул сыяктуу бардык мамлекеттик иштер тууралуу кеңешип алуу. Же халифанын ушул иштерден жана муавиндин тадбирлеринен кабардар болушу үчүн, муавин халифаны ушул иштер жана тадбирлер менен тааныштырып чыгат. Халифанын бул иштер менен таанышып чыгышы, муавинди халифадан уруксат күтпөй эле пландаштырган тадбирлерин бардык тафсилаттары менен ишке ашырышы үчүн жетиштүү. Бирок, халифа ушул иштер жана тадбирлерин ишке ашырбоо тууралуу буйрук берсе, муавиндин аларды ишке ашырышы мүмкүн эмес. Демек, кабардар кылуу ишти аткарууга уруксат алуу эмес, тескерисинче,  кеңешип алуу болуп эсептелет. Эгерде халифа аны ишке ашыруудан кайтарбаса, муавин бул ишти ишке ашырышы мүмкүн.

Халифа, тафвид муавиндин туура иштерине уруксат берип каталарынын алдын алуу максатында, анын иштерин жана иштерди башкарышын көңүл коюу менен текшерип турушу важиб. Себеби, иштерди тадбир кылуу халифага тапшырылган жана анын ижтихадына жүктөлгөн.

Буга Расулуллох ﷺдын төмөнкү: «Имам – башчы жана ал калкынан жоопкер», - деген хадиси далил болот. Тафвид муавин калктан жоопкер эмес, ал өзү аткара турган иштерден жоопкер. Калктын жоопкерчилиги халифага жүктөлгөн. Ошондуктан, халифага муавиндин иштерин жана иштерди башкаруусун көңүл коюу менен текшерип турушу важиб. Анткени муну менен, халифа калк алдындагы өз жоопкерчилигин өтөгөн

болот. Мындан тышкары, тафвид муавин кээде ката кетириши мүмкүн. Мындай убакта халифанын жүз берген катаны оңдоп турушу жана анын бардык иштерин көңүл коюп текшерип турушу шарт. Бул эки иш т.а. калк алдындагы жоопкерчилигин аткаруу жана тафвид муавиндин катасын оңдоп туруу халифага муавиндин бардык иштерин текшерип турууну важиб кылат.

Эгер тафвид муавин бирер ишти тадбир кылса жана халифа аны тастыктаса, ал аны халифа тастыктагандан ашырбай да кемитпей аткарышы керек. Эгер халифа муавин аткарган кайсы бир иште ага каршы чыкса, анда каралат. Эгер ал иш бирер өкүмдү өз жолунда ишке ашырган, же каражатты өз ордуна жумшаган иш болсо, тафвид муавиндин райы таасирдүү болот. Себеби, ал аслинде (түпкүлүгүндө) халифанын райы болуп эсептелет. Өзү ишке ашырган өкүмдү жана өзү жумшаган каражатты ката болду деп кайтарууга халифанын акысы жок. Эгер муавин ишке ашырган иш мындан башка болсо, мисалы, валийди дайындоо же кошуунду даярдоо сыяктуу иштер болсо, халифанын тафвид муавинге каршы чыгышы жайиз. Мында халифанын райы ишке ашырылат о.э. муавиндин иши бекер кылынат. Себеби, халифа мындай иштерде өзү кылган тадбирлерди оңдоого акылуу. Демек, муавиндин бул жааттагы иштерин оңдоп турууга да акылуу.

Бул тафвид муавин өз милдеттерин аткарышындагы услубдун баяны о.э. халифа муавиндин иштерин текшерип турушундагы услубдун баяны. Бул баян халифанын кайсы иштерде буйругун кайтарып алышы мүмкүн да, кайсы иштерде мүмкүн эместиги вакыйлыгынан алынды. Себеби, тафвид муавиндин иши аслинде халифанын иши болуп эсептелет. Мунун баяны мындай: Халифа үчүн жайиз болгону сыяктуу эле, тафвид муавиндин да өкүм жүргүзүшү жана акимдерди дайындашы жайиз. Себеби, мында өкүм (жүргүзүү) шарттары этибардуу болот. Анын зулумдарды өзү көрүшү да, өзүнөн бул ишке наиб дайындашы да жайиз. Себеби, мында мазолим шарттары этибардуу болот. Анын жихадга өзү башчылык кылышы да, башчылык кыла турган адамды дайындашы да жайиз. Себеби, мында согуш шарттары этибардуу болот. О.э. муавин өзү тадбир кылган иштерди түздөн-түз өзү ишке ашырышы да, аткарууга наиб дайындашы да жайиз. Себеби, мында рай жана тадбир шарттары этибардуу болот. Бирок, булар – эгер халифа бул иштерден кабардар кылынган болсо – муавин кылган иштерди халифа бекер кыла албайт дегени эмес. Тескерисинче, мунун мааниси: Муавин халифа ээ болгон ыйгарым укуктарга ээ, бирок, өз алдынча болуп эмес, халифага наиб болуп дегени. Арийне, халифанын муавин ишке ашырган ишти четке кагуу жана бекер кылуу үчүн каршылык кылышы жайиз. Бирок, халифа мында өзү ишке ашырган иштен кайтышы мүмкүн болгон абалдар алкагында иш жүргүзөт. Мисалы, муавин бир ишти өз жолунда ишке ашырган болсо же, каражатты өз ордунда жумшаган болсо, халифа

келип, ишке ашырылгандан кийин муавинге каршылык кылса, анын бул каршылыгы эч кандай мааниге ээ эмес. Тескерисинче, муавиндин иши аткарылган күчүндө калат жана халифанын райы менен каршылыгы четке кагылат. Себеби, бул аслинде халифанын райы болуп эсептелет. Анткени, халифанын мына ушундай абалдарда өз райынан кайтышы, же аткарылган ишти бекер кылышы мүмкүн эмес. Арийне, мындай иштерде муавиндин иштерин да бекер кылышы мүмкүн эмес. Ал эми, эгер муавин валийди, кызматкерди, кошуун амирин жана ушул сыяктууларды дайындаса, же бир экономикалык саясатты, же аскердик долбоорду, же өнөржай долбоорун ж.б.у.с. жолго койсо, мындай учурларда халифанын аларды бекер кылышы жайиз. Себеби, булар халифанын райы деп этибар кылынса да, бирок, бул иштер халифа өзү ишке ашырганда кайтса боло турган иштердин түркүмүнө кирет, арийне, наибинин мындай иштерин бекер кылышы ага жайиз. Демек, мындай абалда халифага муавиндин ишин бекер кылышы жайиз болот. Мында төмөнкү коидага амал кылынат: Халифага өзү ишке ашырган иштерден кайсыларын оңдошу жайиз болсо, ошол иштерде муавиндин иштерин да оңдошу жайиз болот. Кайсыларын оңдошу жайиз болбосо, ошолордо муавиндин иштерин да оңдошу жайиз эмес.

Тафвид муавин өзүнчө бир бөлүмгө, мисалы, таалим бөлүмүнө, же өзгөчө бир амалдарга, мисалы, кошуунду даярдоо жана куралдандырууга хостоп коюлбайт. Себеби, анын валийлиги умумий (жалпы). О.э. идарий иштерди да түздөн-түз өзү ишке ашырбайт. Ал да халифа сыяктуу идарий жихазды жалпы көрүнүштө көзөмөлдөп турат. Эгер дайындаса, бул аркылуу ал үчүн вазирлик мыйзамдуу түскө кирбейт жана халифага мына ушул дайындаган ишинде муавин болбойт. Себеби, бул жерде ахд хос болуп калууда жана тафвид муавинди дайындоодо шарт болгон жалпы назарды өз ичине албай жатат. Ал эми башкы казыны дайындоого келсек, бул казылык иштеринде халифа үчүн муавин дайындоо эмес, балким, кошуун амирлиги, зекеттер валийи ж.б.у.с. өзүнчө бир валийлик мансабына валий (башкаруучу) дайындоо болуп эсептелет. Булар тафвид муавин дайындалышы мыйзамдуу күчкө кире турган абалдар менен эмес, балким, валийлик мыйзамдуу күчкө кире турган абалдар менен күчкө кирет. Ал т.а. башкы казы бир амир болуп, ага казыларды дайындоо, казылык абалдарын жана адамдар ортосунда казылык кылууларды текшерүү укуктары берилген. Ал муавин эмес. Мына ушундан белгилүү болгондой, тафвид муавинди кайсы бир бөлүмгө хостоп коюу мүмкүн эмес. Эгер ал кайсы бир бөлүмгө хостоп коюлса, анын дайындалуу ахды бекер болот. Себеби, тафвид муавинди дайындоо туура болушу үчүн ахд болушу керек т.а. эки шартты өз ичине алган ачык сүйлөм болушу керек. Биринчи шарт – жалпы назар, экинчиси – наибдик. Аны бирер бөлүмгө хостоп коюу бул эки шарттын бирин жок кылат т.а. анын (муавин катары) дайындалуу ахды да бекер болот. Эми идарий иштерди түздөн-түз

аткарбашына келсек, идарий иштерди аткаруучулар аким эмес, ажирлер (жалданма кызматчылар) болуп эсептелишет. Тафвид муавин болсо ажир эмес, аким болуп эсептелет. Т.а. анын иши адамдардын иштерин башкаруу. Анын иши аткарып берүүлөрү үчүн ажирлер ишке алына турган иштерден эмес.

Мына ушундан тафвид муавиндин идарий иштерди түздөн-түз аткарбашы келип чыгат. Мунун мааниси, ал идарий иштердин эч бирин аткарбайт дегени эмес, тескерисинче, ал идарий иштерге хостоп дайындалбайт жана ал үчүн жалпы назар салахияты берилген дегени.

## Танфиз муавин

Танфиз муавин – бул да халифа дайындай турган вазир. Ал иштерди көзөмөлдөп барууда жана аткарууда халифага муавин болот. Ал халифа менен мамлекет жихазынын, калктын ортосундагы ортомчу болот о.э. тышкы иштерди да көзөмөлдөп барат. Ал халифанын буйруктарын ишке ашырат жана халифага маалымат берет. Ал аткарууда гана халифага муавин болот, ал валий эмес. Танфиз муавиндин милдети идарий иш болуп, башкаруу эмес. Танфиз муавиндин ишмердүүлүгү халифа тарабынан чыгарылып жаткан ички жана тышкы иштерге тиешелүү токтомдорду ишке ашыруудан, ички-сырткы тараптан келип жаткан талап жана каалоолорду халифага жеткирүүдөн турат. Демек, танфиз муавин халифа менен башкалар ортосунда ортомчу болуп, халифанын буйруктарын аткарат жана халифага маалымат берет.

Халифа – бийлик жүргүзө турган, аткаруу иштерин аткара турган, адамдардын иштерин башкара турган аким. Бийлик жүргүзүү, аткаруу иштери жана адамдардын иштерин башкаруу идарий иштерге муктаж болот. Бул болсо, өз кезегинде өзүнчө бир жихазды пайда кылууну талап кылат. Бул жихаз халифалыктын жоопкерчиликтерин өтөө үчүн иштерди башкарууда халифа менен бирге болот. Ошондуктан да халифа дайындай турган, башкаруу иштери менен эмес, идарий иштер менен алектене турган танфиз муавин болушу зарыл. Т.а. танфиз муавиндин милдети башкаруу иштеринде эмес, идарий иштерде халифага жардам берүү болот. Танфиз муавин тафвид муавин сыяктуу башкаруу иштери менен алектенбейт. Т.а. валий же аамилди дайындабайт, адамдардын иштерин башкарбайт. Тескерисинче, танфиз муавиндин милдети идарий болуп, халифа тарабынан же Тафвид муавин тарабынан буюрулуп жаткан идарий иштерди аткарат. Ошондуктан, ал танфиз (аткаруучу) муавин деп аталат. Фукахалар танфиз муавинди «аткаруучу вазир» деп да аташкан. Себеби, вазир сөзү лугат китептеринде жардамчы дегенди түшүндүрөт. Ошондуктан, бул вазир халифа менен калк жана валийлер ортосундагы ортомчу болуп эсептелет. Ал халифанын буйруктарын жеткирет, айтылган иштерди аткарат, өкүм кылынган нерселерди жүргүзөт, валийлердин дайындалганы, кошуунду камсыздоо жана коргоо жөнүндөгү кабарларды жеткирет о.э. халифага алар тарабынан келип

жаткан талап жана каалоолорду, жаңылыктарды – булар тууралуу халифа эмнени буюрса ошону аткаруу үчүн – халифага жеткирип турат. Демек, танфиз муавин амирлик иштерин аткарууда халифага жардамчы болот. Ал иштерге валий да эмес, иштер үчүн валий кылып дайындалган да эмес.

Танфиз муавин да тафвид муавин сыяктуу түздөн-түз халифа менен байланышкандыктан, ал халифанын жакындарынан болуп эсептелет. Мейли, анын милдети идарий иш болсо да, бирок, баары бир башкарууга байланыштуу. Ошондуктан, танфиз муавиндин аял киши болушу жайиз эмес. Себеби, аял кишинин башкарууга байланыштуу милдеттерден четтетилиши важиб. Мунун далили: «Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгиликке жетишпейт», - деген хадис. Бул хадисти Абу Бакрадан Бухарий риваят кылган. О.э. танфиз муавиндин кафир болушу да мүмкүн эмес, тескерисинче, мусулман болушу важиб. Себеби, ал халифанын жакындарынан болуп эсептелет. Аллах Таала айтат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ لاَ تَتَّخِذُواْ بِطَانَةً مِّن دُونِكُمْ لاَ يَأْلُونَكُمْ خَبَالاً وَدُّواْ مَا عَنِتُّمْ قَدْ بَدَتِ الْبَغْضَاءُ مِنْ أَفْوَاهِهِمْ وَمَا تُخْفِي صُدُورُهُمْ أَكْبَرُ

***«Эй момундар, өзүңөрдөн башкаларды дос тутпагыла! Алар силерге кастык кылууда күчтөрүн аяшпайт жана силердин балээге кабылышыңарды каалашат. Алардын силерди жаман көрүүлөрү ооздорунан ашкере болду. Дилдериндеги душмандыктары болсо андан да чоңураак».*** **[3:118]**

Бул аятта халифанын мусулмандардан башкаларды жардамчы кылып алышына тыюу салынууда. Ошондуктан да, танфиз муавиндин кафир болушу мүмкүн эмес, тескерисинче, анын мусулман болушу важиб. Себеби, ал тафвид муавин сыяктуу халифа менен үзгүлтүксүз байланышкан. Танфиз муавин муктаждыкка карай бирден көп болушу да мүмкүн.

Танфиз муавин халифа менен башкалардын ортосунда ортомчу боло турган иштер төртөө:

1. Мамлекет жихаздары.
2. Кошуун.
3. Үммөт.
4. Мамлекеттер аралык иштер.

Бул танфиз муавин аткара турган иштердин вакыйлыгы. Танфиз муавин халифа менен башкалардын ортосунда ортомчу болгон соң, демек, ал халифадан калкка, калктан халифага жеткирүүчү жихаз болуп эсептелет. Ушуга караганда, ал мамлекеттик жихаздын иштеринен көзөмөлдөө зарыл болгондорун көзөмөлдөшү да мүмкүн.

Халифа – иш жүзүндөгү чыныгы аким болуп, ал жеке өзү бийлик

жүргүзүүгө, аткаруу иштерин аткарууга о.э. адамдардын иштерин башкарууга түздөн-түз башчылык кылат. Ошондуктан, ал бийлик жүргүзүү жихазы менен, эл аралык байланыштар менен, калк менен тынымсыз түрдө байланышып турат, өкүмдөрдү чыгарат о.э. токтомдорду кабыл алат. Калкка камкордук кылат, бийлик жүргүзүү жихазынын ишмердүүлүгүнөн, дуушар болуп жаткан кыйынчылыктарынан жана ага зарыл болгон нерселерден кабардар болуп турат. О.э. калктан келип жаткан талаптар, даттануулар жана иштер халифага сунушталат. Халифа эл аралык иштерди да көзөмөлдөп турат. Ошондуктан, танфиз муавин бул иштерде ортомчулук милдетин өтөйт т.а. иштерди халифага жеткирип, халифа тарабынан чыгарылган өкүмдөрдү аткарат. Халифа чыгарып жаткан өкүмдөрдү жихаздарга, ал эми, жихаздардан келип жаткан иштерди халифага жеткирүү бул өкүмдөрдүн ишке ашырылышын көзөмөлдөп барууга муктаж болот. Ошондуктан, танфиз муавин аткаруу аяктаганга чейин ушул көзөмөлдөө менен алектенип, халифаны да, жихаздарды да күзөтүп барат. Халифа андан көзөмөлдөөнү токтотууну талап кылганга чейин көзөмөлдүүнү уланта берет. Халифа андан көзөмөлдүүнү токтотууну талап кылганда, халифанын буйругуна моюн сунушу жана көзөмөлдү токтотушу важиб. Себеби, халифа чыныгы аким жана анын буйругу таасирге ээ.

Ал эми кошуун жана эл аралык мамилелерге келсек, бул иштер жашыруун иштер болуп, алар менен халифа гана алектенет. Ошондуктан, танфиз муавин бул иштерди күзөтпөйт жана бул иштердин аткарылышын көзөмөлдөбөйт. Эгер халифа танфиз муавинден ушул иштерге тиешелүү бирер ишти көзөмөлдөөнү талап кылса гана, аны көзөмөлдөйт.

Ал эми үммөттү башкаруу, талаптарын ишке ашыруу, даттанууларын текшерүү халифанын же халифа ушул иш үчүн дайындаган адамдын иши. Бул иштер танфиз муавиндин иши эмес. Бирок, халифа ушул иштердин бирөө-жарымын текшерүүнү талап кылса, анда танфиз муавин муну текшериши мүмкүн. А бирок, анын иши текшерүү эмес, тескерисинче, халифанын буйругун аткаруу болуп эсептелет. Ушул иштер халифа аткара турган иштердин о.э. танфиз муавин аткара турган иштердин вакыйлыгы.

## ЖИХАД АМИРИ

Жихад амири – бул тышкы иштер, аскердик иштер, ички коопсуздук жана өнөржайды башкаруу үчүн халифа дайындай турган адам.

Ушул төрт тармакка башчылык кылышына карабастан, ал «жихад амири» деп аталат. Себеби, бул тармактардын бардыгы жихадга тиешелүү тармактар болуп эсептелет. Анткени, тышкы мамилелер тармагы тынчтык же согуш болушуна карабастан, жихад кызыкчылыгы талап кылган иштерге ылайык алып барылат. Аскерий тармак болсо жихад үчүн даярдалган кошуунга жана аны калыптандырууга о.э. аны даярдоо жана куралдандырууга байланыштуу болот. Ички коопсуздукту сактоо болсо мамлекетти коргоо жана анын бир бүтүндүгүн сактоо, андагы бейпилдикти туруктуу кылуу жана каракчылар менен козголоңчуларга каршы иш алып баруу үчүн жихадга даярданган кошуундун бир бөлүгү болгон, «миршаб» деп аталган ички кошуунга муктаж болот. Өнөржай болсо жихад үчүн кошуунду аскерий курал-жарак жана жабдыктар менен толук камсыздоону өз ичине алат. Демек, бул тармактардын бардыгы жихадга байланыштуу болот. Ошондуктан, ушул тармактарды башкаруучу адам «жихад амири» деп аталат.

Жихад амиринин аким болбосо да амир деп аталышынын себеби, анын иш-аракет алып баруу чөйрөсүнүн кеңдигинде жана чыгарып жаткан буйруктарынын көптүгүндө. Себеби, «амир» лафзи исми фаилдин күчөтүп айтылган түрү болуп, күнү-түнү чыгара турган буйруктарынын көптүгүн түшүндүрүүчү «көп буйрук берүүчү» деген маанини түшүндүрөт. Бул болсо, «рохийм» сөзүнүн «Ал тарабынан чексиз ырайым болуучу ырайымдуу Зат» дегенди түшүндүргөнүнө окшойт.

Жихад амиринин бөлүмү төмөнкү төрт бөлүмдөн турат:

1. Тышкы мамилелер бөлүмү
2. Аскерий бөлүм
3. Ички коопсуздук бөлүмү
4. Өнөржай бөлүмү

Жихад амири ушул бөлүмдү башкарат.

Жихад – бул Исламий даъватты бүткүл дүйнөгө жаюу үчүн Ислам белгилеген тарыйкат. Ислам өкүмдөрүн мамлекеттин ичинде колдонгондон кийин, Исламий даъватты мамлекеттин тышкарысына жаюу Ислам мамлекетинин негизги иштеринен болот. Ошондуктан, жихад өкүмдөрү согуш жана тынчтык абалдарына, келишимдер жана макулдашууларга, чет мамлекеттер менен боло турган мамилелерге тиешелүү өкүмдөрдү өз ичине алат. О.э. ал кошуун өкүмдөрүн, кошуунду даярдоо, машыктыруу жана ага жетекчилик кылуу өкүмдөрүн, байрактар өкүмдөрүн о.э. кошуунду курал-жарактар жана жабдуулар менен толук камсыздоо мүмкүнчүлүгүн бере турган, ачык жана жашыруун душманды коркуугa салуучу куралдарды иштеп чыгара турган аскерий өнөржайдын бар болуш зарылдыгы өкүмдөрүн, мамлекет ичкерисинде туруктуулукту

сактоо жана ага карата ар кандай каршы чыгууга тыюу салуу өкүмдөрүн, өлкөдө тынчтыкты бузуунун, жарандарга карата кылмыштарды кылуунун жана каракчылыктын алдын алуунун өкүмдөрүн өз ичине алат.

Жихад иштеринин бардыгын Пайгамбар ﷺ түздөн-түз өзү башкарган. Ал заттан кийин халифалары да ошондой кылышкан. Расулуллох ﷺ жана ал заттан кийинки халифалары кошуун даярдоо же согушууда, сулх жана тынчтык келишимдерин түзүүдө, тышкы мамилелерди орнотууда, мамлекетке каршы чыгуучулар менен муртаддарга каршы согушууда – ушул иштердин бардыгын аткарууда айрым бир адамдарды амир кылып дайындаган.

Халифа өзү аткара турган иштерде бирер адамды бул иштерди аткаруу үчүн өзүнө наиб кылып дайындашы мүмкүн. Мына ушундан жихад амирин дайындоо жана анын бөлүмүн түзүү келип чыккан.

Жихад амири бөлүмү жихад жана анын өкүмдөрүнө байланыштуу болгондуктан, тышкы мамилелерди өз ичине алат. Себеби, бардык тышкы мамилелер Исламий даъватты жаюу негизине курулган. О.э. бул бөлүм аскерий тармакты да өз ичине алат. Себеби, жихад – бул Аллах Тааланын сөзүн бийик кылуу үчүн Аллах жолунда согушуу. Согуш кошуунга жана кошуун үчүн зарыл болгон даярдыкка, кошуун командачылыгына, башкы штабга, офицерлер штабы жана аскерлер штабын түзүүгө о.э. аларды машыктыруу, камсыздоо жана колдоп-кубаттоого муктаж болот.

Кошуун үчүн курал зарыл. Курал үчүн болсо өндүрүштүк өнөржай зарыл. Ошондуктан, өнөржай кошуун жана жихад үчүн зарыл болгон шарттардан. Дал ушул нерсе мамлекеттеги бардык өнөржай ишканаларындагы өндүрүш аскерий өнөржай негизине курулган болушун, өнөржай болсо жихадга жана жихад амирине моюн сунган болушун талап кылат.

Кошуун даъватты чет мамлекетке жаюу үчүн жихад алып барганы сыяктуу эле, мамлекетти сактоо жана коргоо ишин да аткарат. Ошондуктан, козголоңчуларга, мамлекетке каршы чыгуучуларга жана каракчыларга каршы согушуу кошуундун милдеттеринен болуп эсептелет. Ошондуктан, ички коопсуздук жихадга, анын амирине жана анын бөлүмүнө караштуу болот. Ушуга караганда, жихад амиринин бөлүмү төрт бөлүмдөн тура турган болду:

1. Тышкы мамилелер бөлүмү.
2. Аскерий бөлүм.
3. Ички коопсуздук бөлүмү.
4. Өнөржай бөлүмү.

## Тышкы мамилелер бөлүмү

Тышкы мамилелер бөлүмү Халифалык мамлекетинин чет мамлекеттер менен болгон мамилелерине тиешелүү бардык тышкы иштерди башкарат. Бул мамилелер жана иштер саясатка (келишимдер, сулхтар, тынчтык

шартнамалары жана сүйлөшүүлөр, элчилерди алмаштыруу жана өкүлдөрдү жиберүү, элчиканаларды ачуу) тиешелүү болобу, же экономикага, айыл чарбасына, соода-сатыкка, почта, телефон, радио байланыштарына тиешелүү болобу – булардын бардыгын тышкы мамилелер бөлүмү башкарат. Себеби, бул иштер мамлекеттин башка мамлекеттер менен боло турган мамилесине байланыштуу.

Расулуллох ﷺ чет мамлекеттер менен тышкы мамилелерди тикелеген. Расулуллох ﷺ Усман ибн Аффанды Курайш уруусу менен сүйлөшүүлөрдү алып баруу үчүн жөнөттү о.э. өзү да Курайштын элчилери менен сүйлөшүүлөрдү алып барды. Король жана амирлердин элчилерин кабыл алганы сыяктуу эле, королдорго өз элчилерин жиберген, келишимдерди жана сулхтарды түзгөн. О.э. Расулуллох ﷺдан кийинки халифалары да чет мамлекеттер жана өлкөлөр менен саясий мамилелерди алып барышкан. Ошону менен бирге, алар өздөрүнөн өкүл же наиб катары кээ бир адамдарды бул иштерди аткаруу үчүн дайындашкан.

## Аскерий бөлүм

Аскердик бөлүм: кошуун, миршаб, аскердик техника, курал-жарак жана ар түрдүү аскерий жабдыктар, аскердик окуу жайлар, аскерий делегацияларды жиберүү сыяктуу куралдуу күчтөргө байланыштуу болгон иштерди; кошуунга тиешелүү Исламий сакафатты жана жалпы аскерий сакафатты; согуш жана ага даярдык көрүүгө байланыштуу болгон бардык иштерди башкарат.

Бул иштердин бардыгына аскерий бөлүм башчылык кылат. Аскерий (харбий) бөлүмдүн аты түздөн-түз согушка байланыштуу (харб - согуш). Согуш кошуунга муктаж болот. Кошуун болсо өз кезегинде даярдыкка, кошуун командачылыгына, башкы штабга, офицерлер жана аскерлерден турган өздүк курамга муктаж болот.

Кошуундун өз байрактары болот. Кошуунду түзүү даярдыкка жана ар түрдүү куралдар менен согушуу билимин өз ичине алган илимий жана жисманий таалимге муктаж болот. Ошондуктан, аскерий жана назарий билимдерди үйрөнүү кошуундун милдеттеринен болуп эсептелет. Согуш тактикасы жана ар түрдүү куралдар менен согуштук даярдык алып баруу анын негизги милдеттеринен болуп саналат.

Кошуун Ислам кошууну жана Ислам даъватын жаюучу Халифалык мамлекетинин кошууну болгондуктан, ал жалпы Исламий сакафат боюнча о.э. согуш жана анын өкүмдөрүнө тиешелүү, сулх, тынчтык келишимдери, алды-берди өкүмдөрүнө тиешелүү Исламий сакафат боюнча толук билим алышы зарыл. Ошондуктан, ар түрдүү аскердик окуу жайларын түзүү жана аскерий өкүлдөрдү жиберүү аскерий бөлүмдүн иш алкагына кирет.

О.э. аскерий кошуундун курамында ички коопсуздук үчүн адистешкен миршаб деген бөлүк бар. Кошуун, анын ичинде миршаб да, бардык курал-жарактар, техника жана жабдуулар менен толук камсыздалган

болушу керек.

Ошентип, жогорудагы иштердин бардыгын аскерий бөлүм өз ичине алат.

## Ички коопсуздук бөлүмү

Ички коопсуздук бөлүмү – бул тынчтыкка байланыштуу болгон иштерди башкара турган бөлүм. Бул бөлүм мамлекеттин ичинде тынчтык жана туруктуулукту сактоону куралдуу күчтөр жардамында алып барат. Тынчтык жана туруктуулукту сактоо үчүн миршабды негизги курал кылып алат. Ушул бөлүм миршабдан каалаган убакта каалагандай пайдаланат жана анын буйругу дароо ишке ашырылат. Ал эми, тынчтыкты камсыздоо аскерий кошуундан жардам алууга муктаж болуп калса, андай убакта бул бөлүм мындай абалды халифага маалымдашы керек. Халифа болсо ички коопсуздук бөлүмүнө жардам берүү үчүн аскерий кошуунга буйрук бериши, же аз гана аскерий күчтөр менен жардам бериши, же өз пикирине ылайык каалаган буйругун бериши, же болбосо, ички коопсуздук бөлүмүнүн талабын четке кагып, миршаб менен гана чектелүүгө буйрушу мүмкүн.

Ички коопсуздук бөлүмү мамлекеттин ичинде тынчтыкты сактоо үчүн иш алып барат. Ички коопсуздукка коркунуч келтириши мүмкүн болгон иштер төмөнкүлөр: Исламдан кайтуу жана козголоң чыгаруу т.а. мамлекетке каршы чыгуу. Мамлекетке каршы чыгуу болсо иш таштоо менен, мамлекеттин маанилүү стратегиялык борборлорун ээлеп алуу менен, шахсий мүлк, умумий мүлк жана мамлекеттик мүлктөргө кол салуу сыяктуу иштер менен, же мамлекетке каршы куралдуу козголоңдорду чыгаруу менен болот. Ички коопсуздукка коркунуч келтирүүчү иштердин дагы бири каракчылык, адамдардын малдарын тоноо жана өмүрүнө кол салуу.

Адамдардын мал-дүйнөсүнө уурулук, баскынчылык, талап-тоноочулук сыяктуу иштер менен кол салуу о.э. мушташ, денеге зыян жеткирүү жана өлтүрүү сыяктуу иштер менен адамдардын жандарына зыян жеткирүү, доомат кылуу, аброюн төгүү жана зордуктоо сыяктуу иштер менен алардын кадыр-баркына кол салуу да ички коопсуздукка коркунуч келтирүүчү иштерден болуп эсептелет.

Ички коопсуздук бөлүмү мамлекет жана адамдарды бул иштердин бардыгынан коргоо үчүн кызмат кылат. Ошондуктан, Исламдан кайткан муртад тообо кылышы талап кылынгандан кийин да Исламга кайтпаса, өлүмгө өкүм кылынат. Тынчтык бөлүмү ушул өкүмдү ишке ашырат. Эгер муртаддар жамаат болушса, алар менен жазуу түрүндө сүйлөшүүлөр алып барылат жана алардын Исламга кайтышы талап кылынат. Исламга кайтышса, алар өз абалына таштап коюлат, эгер кайтышпаса, аларга каршы согушулат. Эгер алар кичинерээк жамаат болуп, аларга каршы согушууга миршабдын күчү жетсе, миршаб бул иш менен жалгыз өзү алектенет. Эгер муртаддар чоң жамаат болуп, миршабдын аларга каршы

согушууга күчү жетпесе, анда миршаб халифадан белгилүү бир аскерий күчтөр менен жардам беришин талап кылат. Эгер ал аскерий күчтөр да жетиштүү болбосо, анда бул ишке аскерий кошуунду ишке салууну халифадан талап кылат.

Булар муртаддарга карата колдонула турган чаралар. Ал эми козголоңчуларга карата, эгер алардын иштери куралсыз иштер болсо т.а. иш таштоо, демонстрацияларды өткөрүү жана маанилүү стратегиялык борборлорду ээлеп алуу, шахсий, мамлекеттик жана умумий мүлктөргө кол салуу жана талап тоноого чектелген болсо, бул иштерди токтотуу үчүн ички коопсуздук бөлүмү миршабдан пайдалануу менен гана чектелет. Эгер миршаб менен бул иштерди токтотууга күчү жетпесе, анда халифадан аскерий күчтөр менен жардам беришин талап кылат. Бул иш козголоңчу жана көтөрүлүшчүлөр ишке ашырып жаткан бузгунчулук жана төңкөрүш иштери токтотулганга чейин уланат.

Эгер козголоңчулар мамлекетке каршы баш көтөрүп, колдоруна курал алып, бир жерге орношуп алышса жана ички коопсуздук бөлүмү миршабдар аркылуу аларды кайтарууга, козголоңун токтотууга кудуреттүү болбой турган күчкө ээ болушса, анда ички коопсуздук бөлүмү халифадан козголоңчуларды тыйып коюу үчүн кырдаалга ылайык ички куралдуу күчтөр же аскерий кошуун менен жардам беришин талап кылат. Ички коопсуздук бөлүмү аларга каршы согушту баштоодон мурда элчилерди жөнөтүп, алардын пикирлерин үйрөнөт жана алардан итаатка кайтуу, жамаатка кошулуу о.э. курал иштетүүдөн тыйылууну талап кылат. Эгер козголоңчулар талапты кабыл алышса жана итаатка кайтышса, ички коопсуздук бөлүмү согушту токтотот. Эгер алар итаатка кайтуудан баш тартышса, козголоң жана согушууга катуу туруп алышса, тээ итаатка кайтышканга чейин жана куралды таштап козголоңду токтотконго чейин, аларга каршы аларды бүлүндүрүп жок кылуу үчүн эмес, тескерисинче, аларга адеп берүү үчүн согушулат. Имам Али ﵁нун козголоңчуларга каршы согушканы буга мисал болот. Анткени, Али ﵁ козголоңчуларды алгач итаат кылууга чакырган. Эгер алар козголоңду таштап итаат кылышса, аларга каршы согушту токтоткон. Эгер козголоңунда бекем туруп алышса, тээ итаат кылууга кайтып куралды жана козголоңду таштамайынча, аларга адеп берүү үчүн согушкан.

Ал эми адамдардын жолдорун тосуп, алардын мал-мүлктөрүн талап-тоной турган жана өмүрлөрүнө кол сала турган каракчылар маселесине келсек, ички коопсуздук бөлүмү аларга карата Курани Каримдин өкүмүнө ылайык, аларды кууп чыгуу, өлтүрүү же дарга асуу, кол-буттарын кайчылаш кесүү же башка өлкөгө сүргүн кылуу сыяктуу жазаларды колдонуу үчүн миршабдарды жиберет. Аллах Таала айтат:

إِنَّمَا جَزَاء الَّذِينَ يُحَارِبُونَ اللّهَ وَرَسُولَهُ وَيَسْعَوْنَ فِي الأَرْضِ فَسَادًا أَن يُقَتَّلُواْ أَوْ يُصَلَّبُواْ أَوْ تُقَطَّعَ أَيْدِيهِمْ وَأَرْجُلُهُم مِّنْ خِلافٍ

***«Албетте, Аллах жана пайгамбарына каршы согуша турган жана жерде бузгунчулук кылуу аракетинде жүргөн адамдардын жазасы – өлтүрүлүү, же дарга асылуу, же кол-буттары кайчы*** *(т.а. оң кол жана сол бут же сол кол менен оң бут)* ***кесилиши…».*** **[5:33]**
Аларга каршы алып барыла турган согуш козголоңчуларга каршы алып барылган адеп берип коюу согушу сыяктуу эмес, тескерисинче, өлтүрүү согушу болуп эсептелет. Алардын каршы чыккандары менен да, качкандары менен да согушулат. Аларга карата аятта келгендей мамиле кылынат. Т.а. кимде-ким адам өлтүрсө жана мал-мүлктү тартып алса, өлтүрүлөт жана дарга асылат. Кимде-ким адам өлтүрсө, бирок, мал-мүлктү тартып албаса, өлтүрүлөт, бирок, дарга асылбайт. Кимде-ким мал-мүлктү тартып алса да, бирок, ээсин өлтүрбөсө, анын буту-колу кайчы кесилет, өзү өлтүрүлбөйт. Кимде-ким курал көтөрүп адамдарды коркутса жана эч кимди өлтүрбөсө о.э. мал-мүлктү да тартып албаса, өлтүрүлбөйт, дарга да асылбайт жана колу-буту да кесилбейт, тескерисинче, өз шаарынан башка шаарга сүргүн кылынат.

Ички коопсуздук бөлүмү тынчтыкты сактоодо миршабдардан гана пайдаланууга чектелген. Тынчтыкты сактоого миршабдар алсыздык кылганда гана башка күчтөрдөн пайдаланылат. Т.а. мындай абалда кырдаалга карай куралдуу күчтөр менен же аскерий кошуун менен жардам беришин халифадан талап кылат.

Уурулук, талап-тоноочулук жана баскынчылык менен адамдардын мал-мүлкүнө кол салууга; уруш, денеге зыян жеткирүү, өлтүрүү сыяктуу иштер менен адамдардын жандарына кол салууга; абройун төгүү, доомат кылуу, зордуктоо сыяктуу иштер менен алардын кадыр-баркына кол салууга карата болсо, ички коопсуздук бөлүмү аларды жоюуну өз сергектиги, сакчылары жана күзөтүүчүлөрү жардамында о.э. мүлккө, жанга же абройго кол салуучуларга каршы казылар чыгарган өкүмдөрдү аткаруу менен ишке ашырат. Бул иштердин бардыгында миршабдардын кызматына гана таянат.

## Өнөржай бөлүмү

Өнөржай бөлүмү – өндүрүшкө байланыштуу болгон бардык иштерди башкара турган бөлүм. Бул өнөржай транспорт, станоктор, ири курулуштар өнөржайы, химия өнөржайы, электроника өнөржайы сыяктуу оор өнөржай болобу, же жеңил өнөржай болобу, мунун айырмасы жок. Бул өнөржай аскерий өнөржайга байланыштуу болуп, умумий мүлккө кире турган ишканалардан болобу, же шахсий мүлккө кире турган ишканалардан болобу, мунун айырмасы жок. Ушул ишканалардын бардыгы аскерий саясат негизине курулушу керек.

Жихад жана согуш кошуунга муктаж, кошуун болсо согушуу үчүн курал-жаракка муктаж. Кошуун жогорку деңгээлдеги курал-жарак менен камсыздалышы үчүн, мамлекет өз аскерий өнөржайына ээ болушу керек. Ошондуктан, аскерий өнөржай толук бойдон жихад менен тыгыз

байланышта болот.

Мамлекет өз ишин көзкарандысыз башкара алышы жана тышкы таасирден алыс болушу үчүн, өзү курал-жарак иштеп чыгышы жана аны өнүктүрүшү керек. Анткени мунун менен, мамлекет өзүнө өзү кожоюн болсун жана курал-жарак өнөржайын өнүктүрүп, ал дагы эң күчтүү жана заманбап куралдарга ээ болсун о.э. Аллах Таала Куранда айтканы сыяктуу, ага ачык душман болгон же душмандыгынын ыктымалы болгон ар кандай душманды коркутуу үчүн өзүнө зарыл болгон ар кандай курал анын кол астында болсун. Аллах Таала айтат:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدْوَّ اللّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِن دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللّهُ يَعْلَمُهُمْ

*«(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды о.э. алардан тышкары, силер билбей турган – Аллах биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».*** **[8:60]**

Бул аркылуу мамлекет өз ыктыярына өзү ээ болот, өзүнө зарыл болгон курал-жаракты иштеп чыгарат жана аны өнүктүрөт. Мамлекет ачык жана жашыруун болгон бардык душмандарды амалий түрдө коркутуп коюуга кудуреттүү болушу үчүн эң күчтүү жана заманбап куралдарга ээ болушун камсыздай турган көрүнүштө аны өнүктүрүүдө туруктуу иш алып барат. Ушул себептен улам, мамлекет өз куралдарын өзү иштеп чыгарышы керек. Башка мамлекеттерден сатып алууга таянышы мүмкүн эмес. Себеби, мындай абал мамлекеттин ыктыярына, куралына, кошуунуна жана согушуна башка мамлекетти өкүмдар кылып коёт.

Башка мамлекеттерге курал сатып жаткан мамлекеттер бардык куралдарын, айрыкча, өнүккөн куралдарын сатышпайт. Саткан күндө да, куралды иштетүүгө тиешелүү болгон бир нече шарттарды коюп, сатып алып жаткан мамлекеттин талабына ылайык эмес, өз кызыкчылыктарына ылайык, өзү каалаган белгилүү бир көлөмдө гана сатат. Бул болсо сатып алып жаткан мамлекеттин үстүнөн курал сатып жаткан мамлекеттин өкүмдарлыгы жана таасирин камсыздайт о.э. ага өз каалоосун өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Айрыкча, курал сатып алып жаткан мамлекет согуштук абалга түшүп калса, ал кошумча куралдарга, запастык тетиктерге көбүрөөк муктаж болот. Натыйжада курал сатуучу мамлекетке анын көзкарандылыгы күчөйт жана анын талаптарына ыраазы боло баштайт. Бул болсо курал иштеп чыгаруучу мамлекетке сатып алуучу мамлекеттин үстүнөн толук өкүмдар болуу мүмкүнчүлүгүн жаратат. Айрыкча, согуштук абалда т.а. анын куралга жана запастык тетиктерге муктаждыгы күчөгөн маалда бул мүмкүнчүлүк кеңейет. Бул аркылуу курал сатып алып жаткан мамлекет өзүнүн каалоо-ыктыярын, согушун

жана өздүгүн курал иштеп чыгаруучу мамлекетке тапшырып коёт.

Ушул себептерден улам, мамлекет курал иштеп чыгарууну жана өзү муктаж болгон курал-жарактарды, запастык тетиктерди ж.б. бардык нерселерди иштеп чыгарууну өз алдынча ишке ашырышы керек. Бул болсо, мамлекет оор өнөржайды курса гана жана аны иштеп чыгара турган станокторду, аскерий жана аскерий болбогон өнөржайды курса гана ишке ашат. Демек, мамлекетте ядролук куралдарды жана космостук курулмаларды иштеп чыгарууга, ракеталарды, спутниктерди жана самолётторду, танктарды, артиллериялык куралдарды о.э. аскерий кемелерди, ар түрдүү моделдеги брондолгон техникаларды, оор жана жеңил куралдарды иштеп чыгарууга адистешкен ишканалар болушу керек. О.э. анда станокторду, кыймылдаткычтарды жана ар түрдүү нерселерди иштеп чыгаруучу өнөржайы, электрондук өнөржайы о.э. умумий мүлккө тиешелүү болгон ишканалары, аскерий өнөржайга тиешелүү болгон жеңил өнөржай ишканалары болушу керек. Булардын бардыгын мусулмандарга фарз болгон «согушка болгон даярдыктын важибдиги» талап кылат. Аллах Таала айтат:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ

***«****(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч даярдап койгула».*** **[8:60]**

Ислам мамлекети Ислам даъватын даъват жана жихад тарыйкаты менен жаюучу мамлекет болгондуктан, ал жихад алып баруу үчүн дайым даяр мамлекет болот. Бул болсо анда оор жана жеңил өнөржай аскерий саясий негизге курулган болушун талап кылат. Анткени муну менен, зарыл болгон убакта бул ишканаларды аскерий өнөржай ишканаларына айландыруу мүмкүн болот. Ошондуктан, Халифалык мамлекетиндеги иштеп чыгаруу өнөржайы жалпысынан аскерий саясий негизге курулушу зарыл. Оор же жеңил продукция өндүрүшүнө карабастан, бардык ишканалар – мамлекет каалаган убакта аларды аскерий өнөржайга айландыруусу оңой болушу үчүн – аскерий негизге курулган болушу керек.

## КОШУУН

Аллах Субханаху ва Таала мусулмандарды бүткүл дүйнөгө Ислам рисалатын жаюучулар кылуу менен азиз кылды. Аларга даъватты жаюу тарыйкаты кылып даъват жана жихадды белгилеп берди, жихадды фарз кылды жана аскердик даярдыкты важиб кылды.

Аллах Таала он беш жашка кирген ар бир мусулманга жихадга даяр болушу үчүн аскердик даярдыкты фарз кылды. Ал эми аскерий кызматты өтөө болсо, фарзы кифая.

Буга төмөнкү аят жана хадистер далалат кылат. Аллах Таала айтат:

وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ كُلُّهُ لِلّه

***«Тээ фитна бүтүп, бүткүл дин Аллах үчүн гана болгонго чейин алар менен согушкула!».*** **[8:39]**

Пайгамбар ﷺ: «Мушриктерге каршы малыңар, жаныңар жана тилиңер менен күрөшкүлө!» - деген. Бул хадисти имам Абу Давуд Анас ؓдан риваят кылган. Бүгүнкү күндө согушуу үчүн аскерий даярдык зарыл. Душман зулумунан кутулуу жана башка өлкөлөрдү фатх кылуу шарият талап кылгандай алып барылышы үчүн да аскерий даярдык зарыл. Ошондуктан: «Важиб кайсы иш менен ишке ашса, ошол иш да важиб», - деген шаръий коидага ылайык, ушул даярдык да жихад сыяктуу фарз болот. Себеби, аяттагы согушуунун талап кылынышы аны да өз ичине алат, анткени, *«Аларга каршы согушкула»* - деген аяттагы буйрук умумий болуп, согушка о.э. согушуу мүмкүнчүлүгүн жаратып берүүчү иштерге болгон буйрукту түшүндүрөт. Мындан тышкары, Аллах Таала айтат:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ

***«****(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч даярдап койгула».*** **[8:60]**

Аскерий даярдык жана жогорку аскерий билимдерге ээ болуу күч-кубатты даярдоого кирет. Себеби, согушуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу үчүн ушул билимдерге толук ээ болуу зарыл. Анткени, ушул билимдер да аскерий техника, аскерий машыгуулар жана башкалар сыяктуу «кубат»тан деп эсептелет. Аскерий кызмат болсо, адамдарды кошуун сабындагы куралдуу аскерлерге айландырууну т.а. жихад жана анын талаптарын амалий түрдө аткара ала турган мужахиддерди пайда кылууну түшүндүрөт. Бул болсо фарз. Себеби, душмандын бизге чабуул кылышы же кылбашына карабастан, жихад ар дайым фарз. Ушундан аскерий кызматтын фарзи кифая экендиги келип чыгат.

### Кошуундун бөлүктөрү

Кошуун эки бөлүккө бөлүнөт:

1) Запастагы бөлүк: булар курал көтөрүүгө кудуреттүү болгон бардык мусулмандар.

2) Мамлекеттик бюджеттен маяна ала турган жоокерлерден куралган

туруктуу аскерий кошуун.

Бул жихаддын фарздыгынан келип чыккан. Себеби, ар бир мусулманга жихад фарз жана жихад үчүн даярдык көрүү да фарз. Ошондуктан, бардык мусулмандар запастагы бөлүктүн аскерлери болушат. Себеби, аларга жихад фарз. Ал эми мусулмандардын бир бөлүгүнүн туруктуу аскерий кошуун кылынышына келсек, анын далили «важиб кайсы иш менен ишке ашса, ал иш да важиб» деген шаръий коидадан алынган. Себеби, жихад фарзын үзгүлтүксүз аткаруу, мусулмандарды кафирлерден коргоо жана Ислам кол тийгистигин сактоо кошуундун туруктуу турушу аркылуу гана ишке ашат. Ошондон халифанын туруктуу кошуун курашы фарз экендиги келип чыгат.

Ал эми туруктуу кошуун аскерлерине бюджеттик кызматчылар сыяктуу маяна төлөп берүү маселесине токтолсок, бул нерсе кафирлерге карата колдонулган иштерде ачык көрүнөт. Себеби, кафирден жихад талап кылынбайт, бирок, ал өз ыктыяры менен жихад кылса, андан кабыл алынат жана ага акы төлөө жайиз болот. Буга Термизий Зухрийден риваят кылган хадис далил болот: «Расулуллох ﷺ мусулмандар сабында согушкан яхудийлерге да олжо берди». Ибн Хишамдан риваят кылынат: «Сафван ибн Умайя Хунайн казатында Пайгамбар ﷺ менен бирге чыкты, ал кезде Сафван мушрик болчу. Казаттын акырында Расулуллох ﷺ ага да Исламга дили ыктап болуп жаткандар катары Хунайн олжолорунан берди». Дагы төмөнкү хадис ибн Хишам сийратында келген: «Биз менен бирге Кузман аттуу кайсы уруудан экендиги белгисиз болгон бир киши бар эле. Ал жөнүндө Расулуллох ﷺга айтылса, «ал тозок калкынан» дечү. Кузман Ухуд согушунда аябай катуу согушту, анын өзү жети же сегиз мушрикти өлтүрдү...». Бул далилдер кафирдин Ислам кошууну сабында катышуусу мүмкүн экендигине жана ага кошуун сабында болгону үчүн акы төлөп берүү мүмкүн экендигине далалат кылат. О.э. ижарага жалдоо бар. Ижаранын аныктамасы мындай: «Кандайдыр бир пайда келтирүүгө акы төлөөнү келишип алуу». Бул аныктама ижаранын ар кандай пайда келтирүүчү нерселерге түзүлүшү мүмкүн экендигин көрсөтөт. Адамды жоокердикке же согушка жалдоо да, бул нерсенин пайдалуу экендигинен келип чыккан абалда, жайиз экендиги белгилүү болот. Демек, ижара өкүмүнүн ар кандай пайдага умумий экендиги кафирдин жоокердикке же согушка жалданышы жайиз экендигине далил болот. Бул мусулман эместерге карата болгон өкүм. Эми мусулманга карата айтсак, мейли, жихад ибадат болсо да, мусулманды жоокердикке жана согушка жалдоо жайиз. Буга ижаранын умумийлиги жана ибадатты өтөөгө да жалдоо жайиз экендиги далил болот, мейли ибадаттын пайдасы башкаларга тийсе да. О.э. Расулуллох ﷺдын ушул сөздөрү да далил болот. Пайгамбар ﷺ: «Акы алышыңар үчүн эң акылуу нерсе Аллахтын Китеби», - деген. Бул хадисти имам Бухарий ибн Аббастан риваят кылган. Аллахтын Китебин үйрөтүү ибадат болуп эсептелет. Мусулманды ибадаттардан болгон

иштерге т.а. Куран үйрөтүүгө, имамдыкка жана азан айтууга жалдоо жайиз болгону сыяктуу эле, аны жихадга жана жоокердикке жалдоо да жайиз. Мусулмандарды жихадга жалдоонун жайиз экендигинин, ал тургай, жихад дайын болгон киши үчүн да жалдоо жайиз экендигинин далили хадисте ачык келген. Имам Абу Давуд Абдулла ибн Амрдан риваят кылат: Расулуллох ﷺ: «Жихад кылуучуга жихад кылгандын сообу берилет, жихадга сапарбар кылган адамга өзүнүн жана жихад кылгандын сообу берилет», - деген. Жихад кылуучу – жихадда түздөн-түз өзү катышкан киши, жихадга сапарбар кылуучу болсо – бир кишини өзүнүн ордуна белгилүү өлчөмдө акы төлөп согушка жөнөткөн адам. Ажр сөзү «сооп» жана «кызмат (ижара) акы»га жалпы колдонулат. Ал эми, «Сооп Аллах Таала тарабынан пенденин кылган жакшы амалдарынын акысына сыйлык үчүн берилет, ижара акысы болсо адамдын амалына карата адам тарабынан берилүүчү нерсе» деген сөз негизсиз. Лугаттын далалатына ылайык, ажр – бул амалга берилген сыйлык. Ал-Комус ал-Мухитте мындай деп айтылган: «Ажр – амалга берилген сыйлык». «Казат кылуучуга – казат кылгандыгынын сообу, сапарбар кылуучуга өз сообу жана казат кылгандын сообу берилет» - деген хадистин маанисине келсек, бул орунда экөө тең үчүн Аллах бере турган ажр-соопту түшүндүрөт, себеби, алардын экөөсү тең көздөлгөн маанини түшүндүрүүчү карийна болуп эсептелет. Имам Байхакий Жубайр ибн Нуфайрдан риваят кылат: «Үммөтүм ичиндеги душманга каршы согушуп, ал үчүн акы алуучулар Муса алайхиссаламдын энесине окшойт. Анткени, Мусанын энеси өз баласын эмизип, акысын да алган». Бул жердеги ажр дегенде кызмат акы көздөлүп жатат. Мындан тышкары, жихад ибадат кылуучуларга гана хостоп коюлбагандыктан, анда ижара (жалдоо) мүмкүн экендиги келип чыгат. Аскерлерге да кызматкерлер сыяктуу эле маяна белгилениши ушундан алынган.

Куралдуу күчтөр бир бүтүн күч. Ал кошуун деп аталат. Кошуундан атайын бир бөлүм ажыратылып алынып, ал өзүнө хос түзүм менен тартиптелет жана ага белгилүү бир билим берилет. Бул бөлүнүп алынган бөлүм – миршаб деп аталат.

Расулуллох ﷺдын кол астында куралдуу күчтөр т.а. кошуун бар эле. Расулуллох ﷺ ушул кошуундун бир бөлүгүн миршабдык иштерин алып баруу үчүн бөлгөн. Расулуллох ﷺ кошуунду даярдап, ага командачылык кылган жана кошуунду башкаруу үчүн амирлерди дайындаган. Имам Бухарий Анас ؓдан риваят кылат: «Кайс ибн Саъд Расулуллох ﷺ алдындагы амирлер ичинде миршаб башчысы мансабында эле». Бул хадисте Кайс ибн Саъд ибн Убада Ансарий Хазражий назарда тутулууда. Имам Термизий риваятында болсо, Ансарий: «Кайс ибн Саъд Расулуллох ﷺ кол астындагы миршабдар башчысы мансабында эле. Т.а. миршабдардын ишин башкарат эле» - деген. Бул хадисти ибн Хаббан төмөнкүдөй шархтаган: «Мушриктер Расулуллох ﷺдын алдына

киришкенде, Кайс ибн Саъд Расулуллох ﷺдын жан сакчысы эле». Дагы, «шурта (миршаб) – кошуундун алдыңкы сабындагылар» деп да түшүнүлөт. Азхарий айтат: «Ар бир нерсенин шуртасы – анын жакшыраагы. Куралдуу күчтөрдүн шуртасы да анын эң жакшылары. Шурта кошуундун эң алдыңкы отряды деп да аталган. Шурта деп аталышынын дагы бир себеби, алардын өзгөчө кийим кийишкендигинде». Жогоруда келтирилген далилдердин бардыгы – миршаб куралдуу күчтөрдөн экендигинин жана халифа амирди дайындаганы сыяктуу эле миршаб башчысын да дайындай тургандыгынын о.э. миршаб кошуундун бир бөлүгү экендигинин далили болот. Ал эми миршаб кошуундун ажырагыс бөлүгү же өз алдынча бир бөлүгү болушу болсо халифанын ыктыярында. Бирок, хадистен түшүнүлгөндөй, миршабдар башчысы халифанын же акимдин буйругун аткаруу үчүн, же ага келиши мүмкүн болгон коркунучту жок кылуу үчүн дайындалган соң, демек миршаб куралдуу күч болушу керек. Дагы лугаттан түшүнүлгөндөй, миршаб кошуундун алдыңкы сабындагы бир бөлүк болуп, анын өзүнө хос өзгөчө белгилери бар. Ал эми «кошуундун алдыңкы сабында боло турган бөлүк» дегени, кошуундун бир бөлүгү экендиги. Ал эми акимдердин кол алдында боло турган миршабдын кошуундан бир бөлүк экендигине далил жок. Себеби, анын иши акимдин кол алдында болуудан турат. Бирок, анын мамлекеттин куралдуу күчтөрүнүн бир бөлүгү экендигине далалат кылуучу далилдер бар. Ошондуктан, халифа аны куралдуу күчтөрдүн ажырагыс бир бөлүгү кылышы же өз алдынча кылышы мүмкүн. Бирок, куралдуу күчтөр халифа тарабынан дайындалышы, ага байланыштуу болушу жана буйруктарды андан алышы жагынан бир бүтүн болгондуктан, куралдуу күчтөрдү кошуун жана миршабга бөлүү – миршаб акимдер алдында жөнөкөй иштерди аткаруу менен алектенгендиктен – куралдуу күчтөрдүн согушкердигин алсыратууга алып барат. Ошондуктан, жихадга тиешелүү иштерде бир бүтүн түзүмгө моюн сунуулары себептүү жана алардагы согушкердик жогорку даражада болушу үчүн кошуун менен миршабдын ажырагыс бир бүтүн болушу абзел. Ошондуктан, куралдуу күчтөр кошуун болуп, андан бир бөлүгү миршабдык иштерин аткаруу үчүн тандалып алынат о.э. ал кошуундун бир бөлүгү болуп калат. Белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин, бул курам кошуунга кайтат да, жихад майдандарына кирүүгө ар дайым даяр жана бир бүтүн болушу үчүн, кошуундан дагы башка бир курам миршабдыкка келет.

Миршабга шариятты аткаруу жана мыйзамды коргоого, ички туруктуулукту жана тынчтыкты сактоого тиешелүү болгон бардык иштерди аткаруу тапшырылат. Буга Анас ؓдан Кайс ибн Саъд жөнүндө риваят кылынган хадис далил болот. Себеби, бул хадис миршабдын акимдердин кол астында болушуна далалат кылып жатат. Т.а. шариятты аткаруу, мыйзамды, туруктуулукту, тынчтыкты сактоо сыяктуу иштерди

аким күч-кубат менен камсыздайт. О.э. миршаб уурулар менен бузукуларды кармоо жана кооптуу адамдарды аныктоо үчүн түнкүсүн айланып жүрүү менен алектенет. Абу Бакр رضي الله عنه заманында Абдулла ибн Масъуд түнкү сакчыларга башчы болгон. Умар رضي الله عنه болсо, бул ишти өзү аткарган, бул иште ага бирер досу шерик болор эле, көбүнчө Абдуррахман ибн Ауф رضي الله عنه шерик болчу. Ошондуктан, бүгүнкү күндө кээ бир Исламий өлкөлөрдө колдонулуп жаткан – сакчыларды түнкүсүн үйлөрдү кайтаруу үчүн кароолчу кылып коюшу, же мамлекеттик сакчылардын эсебинен кароолчуларды коюшу туура эмес. Себеби, түнкүсүн тынчтык жана бейпилдикти сактоо үчүн айланып жүрүү мамлекеттин мойнунда жана ал миршабдын милдети болуп эсептелет. Арийне, ага адамдар тартылбайт жана адамдар бул иш үчүн нафака берүүгө да мажбурланышпайт.

Ислам кошууну бир нече кошуундардан түзүлгөн бир бүтүн кошуун кылынат. Алардын ар бирине иреттик саны коюлат. Мисалы, биринчи кошуун, үчүнчү кошуун ж.б… Же вилаяттардын аты менен аталат. Мисалы, Шам кошууну, Египет кошууну жана Сана кошууну ж.б.у.с…

Ислам кошууну атайын гарнизондорго жайгаштырылат. Ар бир гарнизонго аскерлердин бир тобу жайгаштырылат. Ал бир кошуун же кошуундун бир бөлүгү, же болбосо, бир нече кошуун болушу мүмкүн. Бирок, бул гарнизондор ар түрдүү вилаяттарга жана кээ бирлери болсо аскерий базаларга жайгаштырылышы керек. Кээ бирлери болсо, тынымсыз көчүп жүрүүчү гарнизондор кылынат жана алар сокку берүүчү күч болот. Ар бир гарнизондун өзүнө таандык аты болот, мисалы, Хабания гарнизону. Ар бир гарнизондун өз туусу болот.

Бул тартиптердин кээ бирлери ыктыярдуу иштер болуп, халифанын райы жана ижтихадына сунушталат, мисалы, кошуунду вилаяттардын аты менен же белгилүү бир цифралар менен атоо сыяктуу. Кээ бирлери өлкөнү коргоо жана кошуунду бекемдөө үчүн зарыл болот, мисалы, кошуунду гарнизондорго жайгаштыруу, кээ бир гарнизондорду түрдүү вилаяттарга жайгаштыруу жана өлкөнү коргоо үчүн кээ бирлерин стратегиялык чекиттерге жайгаштыруу сыяктуу.

Умар ибн Хаттаб رضي الله عنه кошуун гарнизондорун вилаяттарга бөлгөн. Палестинаны бир аскерий бөлүк, Мавсилди да бир аскерий бөлүк кылган. Мамлекеттин борборунда да аскерий бөлүк түзгөн. Өзүнүн кол алдында буйрук болор замат согушка кирүүгө шай турган кошуунду түзгөн.

## Кошуундун чоң жана кичине туулары

Кошуун үчүн чоң (лива) жана кичине (роя) туулар кылынат. Халифа кошуун башчысы кылып дайындаган кишиге чоң тууну берет. Кичине тууларды болсо чоң туунун ээлери беришет.

Буга Расулуллох ﷺдын кылган иштери далил болот. Расулуллох ﷺ кошуун үчүн чоң жана кичине тууларды кылган. Ибн Мажа ибн Аббастан риваят кылат: «Расулуллох ﷺдын кичине туулары (роя) кара, чоң (лива)

туулары ак түстө эле». Имам Термизий Барро ибн Аазибден Расулуллох ﷺдын роялары жөнүндө суралганы окуясын риваят кылат: «Ал кара, төрт бурчтуу жол-жол матадан эле». Пайгамбар ﷺдын кара жүндөн токулган «Укоб» аттуу роясы болгон. Имам Ахмад жана ибн Мажа Хариса ибн Хисан Бакрийден риваят кылышат: «Мединага келдик. Расулуллох ﷺ минбарда эле. Билал ؓ Расулуллох ﷺдын алдында кылычын асынган абалда туруптур. Ошондо кара тууларга (рояларга) көзүм түштү. «Бул байрактар кандай байрактар?» - деп сурадым. Адамдар: «Амр ибн Ас казаттан кайтып келди», - дешти. Термизийдин риваятында болсо: «Мединага келип, мечитке кирдим. Мечит адамдарга толтура болчу. Кара роялар желбиреп турду. Билал болсо, Расулуллох ﷺдын алдында кылычын асынган абалда туруптур. Мен: Адамдар эмнеге чогулушту? - деп сурадым. Алар: «Расулуллох ﷺ Амр ибн Асты жихадга жөнөтмөкчү болуп жатат», - деп жооп беришти. Ибн Мажа Жабирден риваят кылат: «Расулуллох ﷺ Мекке фатх кылынган күнү Меккеге кирди, ливасы ак түстө эле». Насаий Анастан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ катышкан кээ бир согуштарда ибн Умму Мактумда кара роя болгон». Расулуллох ﷺ Усама ибн Зайдды Рум менен согушуу үчүн амир кылып жөнөтүп жаткан кезде, өз колу менен лива тиккендиги Анастан риваят кылынат. Байрактар (лива жана роя) бири-биринен айырмалуу болгон. Абу Бакр ибн Арабий айтат: «Лива роядан айырмаланат, Лива найзанын учуна байланып ороп коюлат. Роя болсо найзага орнотулуп, шамалда желбирей турган абалда таштап коюлат». Имам Термизий бул айырманы баян кылып өзүнүн хадистер топтомунда жогоруда лива жөнүндө Жабирден жана роя жөнүндө Барродон риваят кылынган хадистерди келтирген. Роя согуш маалында аскербашы тарабынан иштетилген. Буга Муъта согушу жөнүндөгү төмөнкү хадис мисал болот: «Зайд өлтүрүлдү, рояны Жаъфар колго алды». Лива болсо кошуун штабынын үстүнө анын белгиси катары орнотулат жана штаб амирине тапшырылат. Усаманы Шамга жөнөтүү жөнүндөгү хадис буга мисал болот: «Пайгамбар ﷺ байракты (ливаны) өз колу менен берди» т.а. аны амир кылып дайындады. Лива менен роянын ортосундагы айырма ушул, лива найзанын бир учуна орнотулат жана ороп коюлат, ал «алам» деп да аталат. Ал роядан чоң болот. Ал кошуун амиринин турган ордун билдирип турат. Байрак ар дайым кошуун менен бирге алып жүрүлөт. Роя болсо ливадан кичинерээк болуп, найзанын учуна байланат, бирок оролбойт, шамалга желбирей турган кылып коюлат. Ал согуш амирине берилет жана «согуштун энеси» деп да аталат. Бир кошуунда бир гана роя болот. Кошуун бөлүктөрү жана бөлүктөрдүн өз-өзүнчө өзүнө таандык роялары болот.

Кара байракка ак тамгалар менен «**ЛАА ИЛААХА ИЛЛАЛЛОХ, МУХАММАДУР РАСУЛУЛЛОХ**» калимасы жазылат, ал эми ак байракка болсо бул калима кара тамгалар менен жазылат.

Исламдагы биринчи лива Абдулла ибн Жахшка берилген. Саъд ибн

Малик Аздийге болсо ак түстөгү айдын сүрөтү бар кара роя берилген. Булар кошуундун лива жана роя туулары болушу шарт экендигине далалат кылат. Халифа кошуунга башчы кылып дайындаган адамга лива туусун тапшырат. Рояларды болсо халифа бериши да жана лива ээлери бериши да мүмкүн. Халифа беришинин жайиздигине имам Муслим жана Бухарий Салама ибн Акубадан риваят кылган хадис далил болот. Салама айтат, Расулуллох ﷺ: «Эртең рояны Аллах жана Расулу жакшы көргөн жана Аллах жеңиш тартуулай турган адамга беремин», - деди. Эртеңкиге чейин баарыбыз үмүттөнүп турдук. Таң эрте биздин алдыбызда Али турду. Адамдар: Бул Али, - дешти. Расулуллох ﷺ байракты Алиге тапшырды жана Аллах жеңиш берди». Рояларды амирлердин тапшырышы да жайиз экендигине Хариса ибн Хисон Бакрийдин хадиси далил болот: «Карасак, көптөгөн кара роялар туруптур». Мунун мааниси, роялар көп болгон жана кошуун амиринде турчу дегени. Амр ибн Ас жалгыз амир болуп туруп, согушка бара жатканда да, келе жатканда да көптөгөн роялар бар экендиги көрсөтүлгөн. Мындан белгилүү болгондой, роялар кошуун бөлүктөрүнүн амирлеринин ыктыярында болуп, алар башка-башка согуштарга башчы болгондорго тапшырышчу. Рояларды Расулуллох ﷺ өзү тапшырып, мунун ал кишиге гана таандык экендигине далалат кылуучу далил жок. Ушуга караганда, халифа кошуун командачыларына жана бөлүктөрдүн амирлерине рояларды тапшыруу укугун бериши мүмкүн. Алардын экөө тең жайиз болсо да, бирок, бул тартипке жакыныраак болот.

## Халифа – кошуундун башкы командачысы

Халифа – кошуундун башкы командачысы. Ал башкы штаб башчысын, бригада амирин жана ар бир дивизияга командачыны дайындайт. Ал эми кошуундун башка мансаптарына болсо кошуун командачылары жана бригада амирлери дайындайт. Ал эми, башкы штабга бирер адамды дайындоо анын аскерий билимине ылайык ишке ашат жана аны башкы штабдын башчысы дайындайт.

Мунун себеби, халифалык бүткүл дүйнөдөгү мусулмандарга шарият өкүмдөрүн кайрадан тикелөө жана даъватты дүйнөгө жаюу үчүн башчылык кылат. Даъватты дүйнөгө жаюу тарыйкаты болсо – жихад. Ошондуктан, халифанын жихадга башчылык кылышы шарт. Себеби, халифалык ахды анын өзүнө байланат жана бул милдетти – мейли жихадды ар бир мусулман өтөсө да – андан башка адамдын аткарышы мүмкүн эмес. Жихад кылуу бир иш, аны башкаруу болсо башка иш. Жихад ар бир мусулманга фарз, бирок, жихадга башчылык кылуу жалгыз халифанын гана укугу. Ал эми халифа аткарышы фарз болгон ишти башка адамга тапшырышы болсо, бул анын кабардар болуп турушу жана башчылыгы астында болсо, жайиз болот. Бирок, анын кабардар болуп турушунан жана башчылыгынан тышкары толук көз карандысыз абалда болушу мүмкүн эмес. Бул орунда халифанын кабардар болушу

муавиндердин ишинен кабардар болушуна окшобойт, тескерисинче, мындагы кабардар болуу анын башчылыгы жана жетекчилиги астында түздөн-түз өкүл кылынган киши аркылуу болушу керек. Кошуунду ушундай көрүнүштө башкаруу т.а. халифанын көзөмөлү жана башчылыгы астында болушунда кошуунга халифа каалаган адамын башчы кылышы жайиз. Ал эми анын башчылыгы жана көзөмөлүнөн тышкары бирер адамды башчы кылуу жайиз эмес. Себеби, халифалык ахды халифага берилген. Ошондуктан, жихад иштерине халифанын гана башчылык кылышы важиб. Ошол себептен, Исламдан башка түзүмдөрдө колдонулуп жаткан, «кошуундун башкы командачысы мамлекет жетекчиси» деп айтылып, мамлекет жетекчиси сыртынан башкы командачы катары көрүнгөнү менен, түпкүлүгүндө болсо кошуунга өзүнчө көз карандысыз командачы дайындалышы Ислам назарында туура эмес иш жана шариятка туура келбей турган сөз. Тескерисинче, кошуундун иш жүзүндөгү командачысы халифа болушун шарият важиб кылат. Ал эми командачылыкка тиешеси болбогон иштерди, мисалы илимий жана идарий иштерди аткаруу үчүн халифа өзүнө наиб кылып (валийлерди дайындаганы сыяктуу) көз карандысыз башчыларды дайындашы мүмкүн. Мында анын көзөмөлү жана башчылыгы шарт эмес. Дагы айта кете турган нерсе, Расулуллох ﷺ кошуунга түздөн-түз өзү амалий түрдө командачылык кылган жана согуштарды өзү башкарган. Өзү катышпаган согуштарга бара жаткан кошуунга командачыларды дайындаган. Андай кошуундар «сарийя» деп аталган. Расулуллох ﷺ ар бир сарийяга башчы дайындаган жана кээ бир убактарда башчы өлтүрүлсө ордун ээлей турган кишини да дайындаган. Муъта казатында ушундай болгон. Имам Бухарий риваят кылат, Абдулла ибн Умар айтат: Расулуллох ﷺ Муъта казатында Зайд ибн Харисаны амир кылды. Андан кийин: «Эгер Зайд өлтүрүлсө, Жаъфар башчы болот, эгер Жаъфар да өлтүрүлсө, Абдулла ибн Раваха болот», - деди. Демек, халифа кошуундун командачысын дайындайт, бригада амирлерин дайындайт жана аларга тууну тапшырат о.э. бөлүктөрдүн башчыларын да дайындайт. Себеби, Шам өлкөсүнө жөнөтүлүп жаткан Муъта кошууну т.а. Усаманын кошууну бригада катары болгон. Буга Расулуллох ﷺдын Усамага туу бергени далил болот. Араб жарым аралында согушуп кайта турган, Мекке тарапка жөнөтүлгөн Саъд ибн Абу Ваккостун сарийясы сыяктуу сарийялар аскерий бөлүктөр катары болчу. Булар бригадалар жана бөлүктөргө командачыны халифа дайындашына далалат кылат. Расулуллох ﷺдын белгилүү жана жөндөмдүү адамдар менен казаттарында ар дайым мамиледе болуп, алардан кошуундун абалын билип турушу да жогорудагы сөзүбүзгө ишара кылат. Кошуун амирлери жана сарийялардагы башчылардан башкаларды болсо Расулуллох ﷺдын дайындаганы сабит болбогон. Бул болсо, Расулуллох ﷺ бул иштерди казаттардын башчыларына калтыргандыгына далалат кылат. Ал эми штаб башчысына келсек, ал

аскерий тармак билимдерине жоопкер адам болгондуктан, аны кошуун башчысы катары халифа дайындайт жана аны өз ишинде көз карандысыз кылып коёт. Ал халифанын кол астында болсо да, өз иштерин түздөн-түз халифанын башкаруусусуз да аткарышы мүмкүн.

## Кошуунга аскерий жана исламий сакафат берүү

Кошуунда жогорку аскерий таалим жогорку деңгээлде камсыздалган болушу жана кошуундун пикирий деңгээли мүмкүн болушунча бийик болушу о.э. кошуундагы ар бир адамдын, мейли жалпы көрүнүштө болсо да, Исламды түшүнө ала турган даражада исламий сакафат менен тарбияланган болушу важиб.

Аскерий билим ар кандай кошуун үчүн зарыл. Кошуун эгер терең аскерий билимге ээ болбосо, согуша албайт, согуш майданына кире албайт. Ошондуктан, аскерий билимге ээ болуу «Важиб кайсы иш менен ишке ашса, ал иш да важиб» деген шаръий коидага ылайык, важибге айланат. Ал эми Исламий сакафаттан болсо аскер өз иштерин аткарышы үчүн зарыл болгон өлчөмүн үйрөнүшү фарз айн болот. Андан ашыкчасы болсо фарзы кифая. Имам Бухарий жана Муслим Муавия ибн Абу Суфяндан риваят кылат: «Расулуллох ﷺдан уктум, Аллах бирер кишиге жакышылыкты кааласа, аны динде билимдүү кылып коёт». Бул сөз ар бир мусулманга тийиштүү болгону сыяктуу эле, даъватты жаюу үчүн башка өлкөлөрдү фатх кыла турган кошуунга да тийиштүү жана зарыл болуп эсептелет. Ал эми анын пикирий деңгээлин көтөрүү аң-сезимге байланыштуу болуп, кошуун динди жана турмуштук иштерди түшүнүшү үчүн зарыл. Имам Ахмад риваят кылган ушул хадисте аң-сезимди өстүрүүгө ишара болсо ажеп эмес: «Канчадан-канча (кабар) жеткирилген адамдар бар, алар уккандарга караганда аң-сезимдүүрөөк». Аллах Тааланын:

لِقَوْمٍ يَتَفَكَّرُونَ

***«Пикир жүргүзүүчү коом үчүн...»*** **[10:24]**

فَتَكُونَ لَهُمْ قُلُوبٌ يَعْقِلُونَ بِهَا

***«Алардын акыл жүргүзө турган дилдери болот»,*** **[46:22]**
сыяктуу сөздөрү да пикирдин деңгээлине ишара кылат.

Ар бир аскерий гарнизондо жогорку аскерий билимдерге ээ болгон, карталарды түзүү жана согуштарды башкаруудан кабардар болгон штабдар болушу зарыл жана кошуунда мындай штабдар жетиштүү көлөмдө болушу керек.

Бул «Важиб кайсы иш менен ишке ашса, ал иш да важиб» деген коидадан алынган. Себеби, аскерий таалим назарий билим, амалий колдонуу жана машыгуулар менен аралаштырылбаса, согуштарга кирүү жана карталарды түзүү мүмкүнчүлүгүн бере турган даражадагы тажрыйбага ээ болуу мүмкүн эмес. Ошондуктан, кошуундун ар дайым

согушка кирүүгө жана жихад кылууга даяр болуусу үчүн жогорку аскерий билимге ээ болушу, тынымсыз издениши о.э. машыгууларды өткөрүшү фарз. Кошуунда бир нече лагерлер болуп, бул лагерлер ыкчам согушка кирүүгө даяр болушу үчүн, ар бир лагерде жетиштүү даражада аскерий штабдар болушу важиб. Бул «Важиб кайсы иш менен ишке ашса, ал иш да важиб» коидасына негизделет.

О.э. Ислам  кошууну өз милдетин өтөй алышы үчүн, кошуун жетиштүү даражада курал-жарак, аскерий даярдык жана аскерий техникага ээ болушу керек.

Аллах Тааланын төмөнкү сөзү буга далил болот:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدْوَّ اللّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِن دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللّهُ يَعْلَمُهُمْ

*«(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды о.э. алардан тышкары, силер билбей турган – Аллах биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».*** **[8:60]**

Демек, согушка даярдык көрүү фарз. Бул даярдык душмандарды жана эл ичиндеги мунафыктарды коркута турган көрүнүштө ашкере болушу керек. Аяттагы «коркутуу үчүн» деген сөз күч даярдоонун иллети болуп эсептелет. Күч даярдоонун иллети болгон иш т.а. душманды жана мунафыктарды коркутуу ишке ашса гана, чыныгы даярдык толук болгон болот. Мына ушундан куралдарга, даярдыктарга, техникага жана башка согуштук каражаттарга толук ээ болуунун фарз экендиги келип чыккан, анткени муну менен, коркутуу жүзөгө чыгат. Ислам  даъватын жаюу үчүн жихад кылуу сыяктуу өз милдетин толук өтөөгө кудуреттүү болушу үчүн кошуун бул нерселерге ээ болушу керек. Аллах Таала бизге даярдык кылгыла деп хитаб кылганда, бул даярдыктын иллетин т.а. ачык жана жашыруун душмандарды коркутууну баян кылган:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدْوَّ اللّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِن دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللّهُ يَعْلَمُهُمْ

*«(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды о.э. алардан тышкары, силер билбей турган – Аллах биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».*** **[8:60]**

Аятта Аллах Таала даярдыкты согуш үчүн эмес, тескерисинче, коркутуу үчүн буйругандагына жакшыраак көңүл буруу керек. Себеби, душмандын мусулмандардын кубатын билиши анын мусулмандарга чабуул кылышынан жана бетме-бет келишинен коркута турган негизги нерсе

болуп эсептелет. Бул болсо, согушта жеңишке жетишүүнүн эң чоң ыкмасы.

### Ислам мамлекети ар дайым жихад абалында болот

Ислам мамлекети ар дайым жихад абалында болот. Ислам үммөтү өзү менен башка элдер ортосунда ар кандай убакта согуш чыгып калышы мүмкүн экендигин билет. Ошондуктан, Ислам мамлекетинин өнөржай өндүрүш деңгээли – аскерий болобу же калк керектөөчү өндүрүшкө тиешелүү болобу – ар дайым держава мамлекеттердин өндүрүшүнөн жогоруда болушу важиб. Өндүрүш жана аскерий тармак тынымсыз өнүгүп турушу керек. О.э. анын финансылык шарты жогорку деңгээлде болуп, кошууну ар дайым согушка даяр абалда болушу керек.

Ислам мамлекети – Ислам акыйдасы негизине курулган жана Ислам өкүмдөрүн колдоно турган мамлекет. Ислам мамлекети ичкериде Ислам өкүмдөрүн толук колдонгондон кийин, эми анын негизги иши Исламды бүткүл дүйнөгө рисалат катары алып чыгуу болот. Ислам ушуну талап кылат. Демек, Ислам мамлекети бүткүл дүйнөгө жана жер шарынын бардык континенттерине Ислам рисалатын жеткирүүгө жоопкер. Себеби, Ислам рисалаты бүткүл дүйнөлүк жана бүтүндөй адамзат үчүн жөнөтүлгөн рисалат болуп эсептелет. Аллах Таала айтат:

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا كَافَّةً لِّلنَّاسِ بَشِيرًا وَنَذِيرًا

***«****(Эй Мухаммад),* ***Биз сени бардык адамдарга:*** *(момундарга бейиш жөнүндө)* ***кубанычтуу кабар жеткирүүчү,*** *(капырларды тозок азабынан)* ***эскертүүчү пайгамбар кылып жибердик».*** **[34:28]**

وَمَا أَرْسَلْنَاكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَالَمِينَ

***«****(Эй Мухаммад),* ***чындыгында, Биз сени бардык ааламдарга рахмат кылып жибердик».*** **[21:107]**

قُلْ يَا أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعًا

***«Айткын*** *(Эй Мухаммад):* ***«Эй адамдар, албетте, мен силердин баарыңарга Аллах жиберген элчимин».*** **[7:158]**

Расулуллох ﷺ: «... Пайгамбарлар өз коомуна хос кылып жиберилчү, мен болсо бүткүл адамзатка пайгамбар кылып жөнөтүлдүм», - деген. Бул хадисти Жабир ибн Абдулладан имам Бухарий жана Муслим риваят кылган. Ошондуктан, Ислам мамлекети даъватты жайышы жана аны бүтүндөй адамзатка жеткириши керек. Ислам жихадды даъватты алып чыгуунун тарыйкаты кылды, куфрду кафир жана мушриктерге каршы согушуунун себеби кылды. Аллах Таала айтат:

قَاتِلُواْ الَّذِينَ لاَ يُؤْمِنُونَ بِاللّهِ وَلاَ بِالْيَوْمِ الآخِرِ وَلاَ يُحَرِّمُونَ مَا حَرَّمَ اللّهُ وَرَسُولُهُ وَلاَ يَدِينُونَ دِينَ الْحَقِّ مِنَ الَّذِينَ أُوتُواْ الْكِتَابَ حَتَّى يُعْطُواْ الْجِزْيَةَ عَن يَدٍ وَهُمْ صَاغِرُونَ

***«Аллахка жана акырет күнүнө ишенбеген, Аллах жана Анын***

***пайгамбары арам деген нерсени арам деп билбеген, Акыйкат динге итикад кылбаган ахли китептерден болгон кишилерге каршы, тээ алар кор тутунуп, өз колдору менен** (мойнундагы) **салык төлөмөйүнчө согушкула!»*** **[9:29]**

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ جَاهِدِ الْكُفَّارَ وَالْمُنَافِقِينَ وَاغْلُظْ عَلَيْهِمْ

***«Эй Пайгамбар! Кафирлерге жана мунафыктарга каршы күрөшкүн. Аларга катаал болгун»***. **[9:73]**

فَقَاتِلُواْ أَوْلِيَاء الشَّيْطَانِ

***«Шайтандын досторуна каршы согушкула!»*** **[4:76]**

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ قَاتِلُواْ الَّذِينَ يَلُونَكُم مِّنَ الْكُفَّارِ

***«Эй момундар! Айланаңардагы кафирлерге каршы согушкула»***. **[9:123]**

وَقَاتِلُواْ الْمُشْرِكِينَ كَآفَّةً

***«Мушриктерге каршы согушкула!»*** **[9:36]**

О.э. Ислам шарияты Куран жана хадис нусустары аркылуу жихадды фарз кылды. Аллах Таала айтат:

كُتِبَ عَلَيْكُمُ الْقِتَالُ

***«Согушуу силерге фарз кылынды»***. **[2:216]**

انْفِرُواْ خِفَافًا وَثِقَالاً وَجَاهِدُواْ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَنفُسِكُمْ فِي سَبِيلِ اللّهِ

***«Жеңил же оор болгонуна карабастан** (жихадга) **чыккыла, малы-жаныңар менен Аллах жолунда жихад кылгыла»***. **[9:41]**

إِلاَّ تَنفِرُواْ يُعَذِّبْكُمْ عَذَابًا أَلِيمًا

***«Эгер жихадга чыкпасаңар, Аллах силерди ачуу азап менен азаптайт»***. **[9:39]**

Анастан риваят кылынат: «Расулуллох ﷺ: «Мушриктерге каршы малыңар, жаныңар жана тилиңер менен жихад кылгыла», - деп айткан. (Абу Давуд риваяты).

Ошол себептен улам, Ислам мамлекети ар дайым жихад абалында болот. Себеби, анын милдети – Ислам даъватын жер жүзүнө жаюу. Бул милдет андан Ислам тээ жер жүзүн камтып алганга чейин жихад кылууну талап кылат. Ибн Умардан Бухарий жана Муслим риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Адамдар «Аллахтан башка илах жок, Мухаммад Аллахтын элчиси» деп күбөлүк беришмейинче, намазды өтөп, зекетти беришмейинче, аларга каршы согушууга буюрулдум. Эгер алар ушул иштерди кылышса, кандары жана малдарын менден сактап калышат. Болгону, Исламдын акысын сактай алышпайт. Алардын эсептери Аллахка калат», - деген. Анас ибн Маликтен Абу Давуд риваят кылат, Расулуллох: «Жихад Аллах Таала мени пайгамбар кылып жиберген убактан тээ

акыркы үммөтүм Дажжалга каршы согушканга чейин уланат. Аны залимдин зулуму жана адилеттүүнүн адилеттүүлүгү бекер кыла албайт», - деген. Аллах Таала айтат:

وَقَاتِلُوهُمْ حَتَّى لاَ تَكُونَ فِتْنَةٌ وَيَكُونَ الدِّينُ كُلُّهُ لِلّه

***«Тээ фитна бүтүп, бүткүл дин Аллах үчүн болгонго чейин алар менен согушкула!»*** **[8:39]**

وَقَاتِلُواْ الْمُشْرِكِينَ كَآفَّةً كَمَا يُقَاتِلُونَكُمْ كَآفَّةً

***«Бардык мушриктер силерге каршы согушканы сыяктуу, силер да баарыңар аларга каршы согушкула!»*** **[9:36]**

Расулуллох ﷺ Мединада мамлекет тикелегенден кийин бүткүл өмүрүн жихадда өткөрдү. Аны эч токтоткон жок. Ал тургай, өлүмү жакындап, ооруп жаткан кезинде да Усаманын кошуунун кечиктирбей жөнөтүүнү талап кылды. Бул кошуунду ооруп калышынан мурда Румга жүрүш кылуу үчүн даярдап койгон болчу. Бирок, ушул нерсе ачык-айкын болушу керек: алгач Ислам даъваты кафирлерге жеткирилет жана алардан Ислам динине кирүү талап кылынат; эгер кафирлер мындан баш тартышса, алардан Ислам мамлекетине моюн сунуу жана жизя берүү талап кылынат; эгер алар Исламга кирүүнү, Ислам мамлекетине моюн сунууну жана жизя төлөөнү четке кагышса, мына ошондо гана аларга каршы жихад кылуу керек болот. Сулайман ибн Бурайда атасынан риваят кылат: Расулуллох ﷺ кошуунга бирер амирди дайындаса, анын өзүнө Аллахтан коркууну жана аны менен бирге боло турган мусулмандарга жакшылык кылууну буюрчу. Дагы: «Аллахтын аты менен согушкула. Аллахка куфр келтиргендерге каршы Аллахтын жолунда согушкула! Согушкула, кыянат кылбагыла. Кулак-мурундарды кеспегиле, жаш-балдарды өлтүрбөгүлө. Мушрик душмандарга жолугуп калсаңар, аларды үч нерсеге чакыргыла. Кайсы бирине жооп берсе, аларды кабыл алып, алардан тыйылгыла: Аларды Исламга даъват кылгыла, эгер жооп беришсе, алардан кабыл алып, алардан тыйылгыла; эгер баш тартышса, алардан жизя сурагыла, эгер ыраазы болушса, алардан кабыл алып, алардан тыйылгыла; эгер баш тартышса, Аллахтан жардам сурап, аларга каршы согушкула», - деп айткан. (Муслим риваяты). Ошондуктан, согушуудан мурда Исламга даъват кылуу жана Ислам мамлекетине моюн сунуп, жизя төлөө талап кылынышы важиб. Согушуу болсо акыркы кезекте келет.

Ушуга ылайык, Ислам мамлекети ар дайым жихад абалында болот. Ислам үммөтү – Аллах аларга даъватты дүйнөгө жаюу, кафирлерге каршы алар кафир болушканы үчүн согушуу, кафирлер «Аллахтан башка илах жок, Мухаммад Аллахтын элчиси» дегенге чейин, же өздөрүн кор тутуп жизя төлөгөнгө чейин – аларга каршы согушуу милдетин жүктөгөндүгүн билет. О.э. Ислам үммөтү куфр жана кафирлер Ислам менен Ислам үммөтүнүн душманы экендигин, алардын Исламга жана

Ислам үммөтүнө катуу душмандыкта экендигин о.э. алар мусулмандарга каршы ар кандай учурду пайдалана тургандыгын билет. Мына ушул нерседен Ислам үммөтү өзү менен башка кафир калктар жана үммөттөр ортосунда ар кандай убакта согуш башталышынын ыктымалы бар деп билет. Себеби, Ислам даъватын жаюу о.э. кафирлердин Исламга жана Ислам үммөтүнө болгон душмандыгы ортодо согуш болушун талап кылат.

Ырас, Ислам мамлекети ар дайым жихад абалында болгон соң, Ислам үммөтү өзү менен башка элдер ортосунда ар убакта согуш болушу ыктымалы бар экендигин түшүнгөн соң, мамлекет жана үммөттүн ар дайым даяр абалда болушу зарыл. Расулуллох ﷺ жана анын сахабалары, ал заттан кийинки халифалардын турмушу сыяктуу согуштук-аскерий абалда жашашы керек. Мамлекеттин аскерий жана аскерий эмес өнөржай ишканаларынын иштеп чыгаруусу ири мамлекеттердин өнөржай өндүрүшүнөн өйдө болушу зарыл. Илимий жайлардын ар бири жогорку деңгээлде болушу жана жүз миңдеген инженерлерди, ойлоп табуучуларды, илимдин докторлорун жана технологдорду даярдап берүүгө кудуреттүү болушу зарыл. Аллахтын жана өздөрүнүн ачык-айкын о.э. ыктымал кылынып жаткан душмандарын коркууга сала турган укмуштай чоң күч-кубатты даярдоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн, ар дайым өнүгүү абалында болушу зарыл. Аллах Таала айтат:

وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا اسْتَطَعْتُم مِّن قُوَّةٍ وَمِن رِّبَاطِ الْخَيْلِ تُرْهِبُونَ بِهِ عَدْوَّ اللّهِ وَعَدُوَّكُمْ وَآخَرِينَ مِن دُونِهِمْ لاَ تَعْلَمُونَهُمُ اللّهُ يَعْلَمُهُمْ

***«****(Эй момундар),* ***алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөрдүн барынча күч жана ээрленген аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душмандарыңарды о.э. алардан тышкары, силер билбей турган – Аллах биле турган башка бирөөлөрдү да коркууга саласыңар».*** **[8:60]**

Бул болсо, бүткүл дүйнө боюнча эң улуу мамлекет болууну каалап жаткан мамлекеттен – эң заманбап куралдарды иштеп чыгаруучу аскерий өнөржай талап кыла турган үлкөн каражаттарды жетиштүү түрдө камсыздоого кудуреттүү болгон – өнүккөн экономикасы жана финансы системасы болушун талап кылынат.

## ВАЛИЙЛЕР

Валий – бул халифа Халифалык мамлекети вилаяттарынан бир вилаятка аким же амир кылып дайындаган адам.

Мамлекет өкүм жүргүзө турган өлкөлөр «вахдат»тарга бөлүнөт жана ар бир вахдат вилаят деп аталат. Ар бир вилаят да өз кезегинде вахдаттарга бөлүнөт жана бул вахдаттар «умала» деп аталат. Вилаятты башкара турган адам валий же амир, умаланы башкара турган адам болсо аамил же аким деп аталат.

Валийлер, демек, акимдер (т.а. бийликтегилер) болуп эсептелет. Анткени, валийлик башкаруу. Комусул мухитте: валийлик сөзүнө амирлик, султандык маанилери берилген. Валийлер халифа же ал наиб кылып дайындаган адам тарабынан дайындалууга муктаж болушат. Ушуга ылайык, валий халифа тарабынан гана дайындалат. Валийлик же амирликтеги негиз т.а. валийлер же амирлердеги негиз Расулуллох ﷺдын кылган иштери. Расулуллох ﷺ өлкөлөргө валийлерди дайындаган жана аларга ошол өлкөлөрдү башкаруу укугун берген. Муаз ибн Жабалды Жанадга, Зайд ибн Лабидди Хазрамавтка, Абу Муса Ашъарийди болсо Забид жана Аданга валий кылып дайындаган.

Валий халифа тарабынан наиб болуп эсептелет. Ал халифа аны жардамчы кылып дайындаган иштерди аткарат. Шариятта валийлик үчүн белгилүү бир чегара жок. Тескерисинче, өкүм иштеринен бирер иште халифа өзү тарабынан наиб кылган ар бир киши, мына ушул иште халифа дайындаган лафздарга ылайык, валий деп этибар кылынат. Бирок, өлкөлөрдүн валийлиги же амирлиги жер менен чектеп коюлат. Себеби, Расулуллох ﷺ валийди дайындай турган, же амир үчүн амирлик тапшырыла турган жерди белгилеп койчу.

Валийлик эки түрдүү: умумий жана хос болот. Умумийлик вилаяттагы бардык өкүм иштерин өз ичине алат. Халифа умумий валийди дайындоодо шаар же регион амирлигин анын бардык калкы жана бардык иштерине башчы катары ага тапшырат. Ушуга ылайык, ал умумий назар болот. Хос амирликке келсек, хос амирдин амирлиги кошуунду башкаруу, жарандарды башкаруу, бир бүтүндүктү сактоо, бирер регион же шаарда коргоо зарыл болгон жайларды коргоо ж.б.у.с.ларга чектелген болот. Хос амирдин казылык иштерине о.э. хирож жана зекет өндүрүүгө аралашуусу мүмкүн эмес. Расулуллох ﷺ сахабаларды умумий валийликке дайындаган. Мисалы, Амр ибн Хазмды Яманга умумий валий кылып дайындаган. О.э. Расулуллох ﷺ хос валийликке да дайындаган. Мисалы, Али ибн Абу Талибди Яманга казы кылып дайындаган. Ал заттан кийин халифалар да мына ушуга ылайык аракет кылышкан жана алар да умумий валийликке дайындашкан. Мисалы, Умар ибн Хаттаб Муавия ибн Абу Суфянды умумий валий кылып дайындаган. О.э. алар хос валийликке да дайындашкан. Али ибн Абу Талиб Абдулла ибн Аббасты Басрага малиядан башкасына, Зиядды болсо малияга валий кылып дайындаган.

Алгачкы кылымдарда валийлик эки түрдүү: намаз валийлиги жана хирож валийлиги болгон. Мына ошондуктан, тарых китептери амирлердин валийлигин эки түрдүү сөз менен иштеткенин көрөбүз. Биринчиси намазга амирлик (имаратус-сола), экинчиси намаз жана хирожго амирлик (имаратус-солати валь-хирож). Т.а. намаз жана хирож амири, же бир гана намаз амири болушу мүмкүн. Валийлик же амирликте «намаз» сөзү колдонулушунун мааниси намазда гана адамдарга имамдык кылуу дегенди түшүндүрбөйт. Тескерисинче, анын мааниси малиядан башка бардык иштерде алардын үстүнөн башчылык кылууну түшүндүрөт. Демек, намаз сөзү малдарды жыюудан тышкары өкүм жүргүзүүнү түшүндүрөт. Эгер валий намаз жана хирожду камтыса, анын валийлиги умумий болот. Эгер валий намаз же хирожго чектеп коюлса, анын валийлиги хос болот. Булардын бардыгына караганда, хос валийлик абалын халифа аныктайт. Халифа валийликти хирожго, же казылык иштерине, же болбосо, малия, казылык жана кошуундан башка иштерге хостоп коюу укугуна ээ. Ошондуктан, халифа мамлекет же вилаятты башкаруу үчүн жакшы деп тапкан ишти кылат. Себеби, шарият валийге белгилүү бир иштерди белгилеп койгон эмес о.э. өкүм иштеринин бардыгы ал үчүн болушун да важиб кылбаган. Тескерисинче, шарият валий же амирдин милдети өкүм жүргүзүү жана султандык деп, валийди халифа тарабынан наиб деп, жана белгилүү бир жайга амир деп белгилеп берген. Мунун далили Расулуллох ﷺ кылган иштерден алынган. Шарият халифага өз райына ылайык валийди умумий жана хос валийликке дайындоо укугун берген. Бул иштер Расулуллох ﷺдын иштеринде ачык көрүнгөн. Ибн Хишамдын «Сийрат» китебинде Расулуллох ﷺ Фарва ибн Мусайкты Мурод, Забид жана Музхаж урууларына аамил кылып дайындаганы келген жана ал киши менен бирге Холид ибн Саид ибн Асты зекеттерди жыюуга амир кылып жибергендиги келген. Дагы ибн Хишамдын «Сийрат»ында келет: «Расулуллох ﷺ Зияж ибн Лагид Ансорийди Хазрамавтка жана анын зекеттерине амир кылып жиберди». О.э. Али ибн Абу Талибди Нажронго анын бардык зекет жана жизялары үчүн жиберген. Дагы Хаким айтып өткөндөй, Расулуллох ﷺ Али ؓну Яманга казы кылып жиберген. Муаз ибн Жабалды болсо Жанадга адамдарга Куран жана Ислам шариятын үйрөтүп, алардын арасында казылык кылуу үчүн жана Ямандагы аамилдерден зекеттерди кабыл алууга дайындап жөнөткөн. О.э. ибн Хишамдын сийратында Расулуллох ﷺ Ухуд казатына чыккан кезде, ибн Умму Мактумду Мединада намазга амир кылып дайындагандыгы келген.

## Валийлерди дайындоо жана кызматынан четтетүү

Валийлер халифа тарабынан дайындалат. Аамилдер болсо халифа тарабынан жана эгер ушул иш валийлерге тапшырылган болсо, валийлер тарабынан да дайындалат. Валий жана аамилдерге муавиндерге шарт кылынган нерселер шарт кылынат. Арийне, алар эркек киши, хур,

мусулман, акылы толук жана адилеттүү о.э. өздөрүнө тапшырылган иштерде жөндөмдүү кишилерден болушу шарт. О.э. алар такыба жана кубат калкынан тандап алынат.

Расулуллох ﷺ өлкөлөрдүн валий жана амирлерин өзү дайындаган. Айрым валийлерди бүткүл вилаят үчүн дайындаган. Мисалы, Амр ибн Хазмды Яман вилаятына валий кылып дайындаган. О.э. кээ бир убактарда бир вилаяттын ар башка бөлүктөрүнө башка-башка валийлерди дайындаган. Мисалы, Муаз ибн Жабал менен Абу Мусаны Ямандын өз алдынча башка-башка жерлерине жөнөткөн. Бухарийдин риваяттарында Расулуллох ﷺ аларга: «Оңой кылып бергиле, кыйын кылбагыла. Курсант кылгыла, жек көрсөтпөгүлө», - деп айткан. Башка бир риваятта «Экөөңөр келишип иш кылгыла жана бири-бириңерге мээримдүү болгула» сөздөрү кошулган. Ал эми валийге өзүнүн вилаятында аамилдерди дайындоо жайиз экендигине келсек, бул иш халифа валийди дайындоодо ага аамилдерди дайындоо укугун бериши жайиз экендигинен алынган.

Валийлерге да муавиндерге шарт кылынган нерселер шарт кылынат. Бул нерсе валий да муавин сыяктуу эле өкүм иштеринде халифа тарабынан наиб экендигинен келип чыккан. Валий да аким болуп эсептелет. Демек, ага да халифага шарт кылынган нерселер шарт кылынат. Анткени, халифага шарт кылынган нерселер муавинге да шарт кылынат. Ушуга караганда, валийдин эркек киши болушу шарт. Мунун далили Абу Бакра аркылуу Бухарий риваят кылган Расулуллох ﷺдын төмөнкү сөздөрү: «Өз иштерине аял кишини башчы кылып алган коом эч качан ийгиликке жетишпейт». Валийдин хур болушу шарт. Себеби, кул өзүнө кожоюн эмес. Демек, ал башка кишиге аким боло албайт. Валийдин мусулман болушу шарт. Мунун далили Аллах Тааланын төмөнкү сөзү:

وَلَنْ يَجْعَلَ اللَّهُ لِلْكَافِرِينَ عَلَى الْمُؤْمِنِينَ سَبِيلاً

***«Жана Аллах эч качан кафирлер үчүн момундар үстүнө жол бербейт».*** **[4:141]**

Дагы балагатка жеткен жана акылы толук болушу шарт. Буга далил төмөнкү хадис: «Калем үч тайпа адамдан көтөрүлгөн: …сабий бойго жеткенге чейин, жинди түзөлгөнгө чейин». Бул хадисти Абу Давуд риваят кылган. Кимден калем көтөрүлгөн болсо ал мукаллаф эмес. Калемдин көтөрүлүшү өкүмдүн көтөрүлүшүн түшүндүрөт. Ушуга ылайык, сабий жана жиндинин өкүмдөрдү аткарууга башчылык кылышы дурус эмес. О.э. валийдин адилеттүү болушу шарт. Себеби, Аллах Таала күбөлүктө адилеттүүлүктү шарт кылган. Демек, аны акимде шарт кылуу табигый түрдө келип чыгат. Буга Аллах Тааланын төмөнкү сөзү далил болот:

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا إِنْ جَآءَكُمْ فَاسِقٌ بِنَبَإٍ فَتَبَيَّنُوا

***«Эй момундар, эгер силерге бир фасик кабар алып келсе,*** *(ал жеткирген кабарды)* ***аныктап-текшерип көргүлө».*** **[49:6]**
Аллах Таала фасик кимсенин сөзүн текшерүүгө буйруган. Акимдин өкүмү болсо текшерилбестен кабыл алынышы важиб. Ушуга карай, аким сөзү кабыл алынбай турган жана өкүмүн текшерүү важиб боло турган кишилерден болушу мүмкүн эмес. Дагы валийдин өзүнө тапшырылган өкүм иштерин аткарууга кудуреттүү жана жөндөмдүү кишилерден болушу шарт. Анткени, Абу Зар Расулуллох ﷺдан аны валий кылып дайындашын талап кылганда, Расулуллох ﷺ ал кишиге: «Мен сенин алсыздыгыңды көрүп турам» жана башка бир риваятта болсо: «Эй Абу Зар, сен алсыз адамсың, валийлик болсо аманат», - деп айткан. Эки риваятты тең Муслим Абу Зар аркылуу риваят кылган. Бул эки хадис заиф т.а. өкүм иштерин аткарууга алсыз болгон адамдын валий болушу дурус эместигине далил болот.

Расулуллох ﷺ валийлерди өкүм иштерине жарактуу, таква менен таанылган илимдүү адамдардан о.э. аларды өздөрүнө тапшырылган иштерди жакшы аткара турган, жарандар дилине ыйманды жана мамлекеттин айбатын сиңдире ала турган адамдардан тандап алчу. Сулайман ибн Бурайда атасынан мындай риваят кылат: «Расулуллох ﷺ эгер сарийя же кошуунга амир дайындаса, ага Аллахтан коркууну жана аны менен бирге болгон мусулмандарга жакшылык кылууну насаат кылар эле». (Муслим риваяты). Валий да өз вилаятына амир болуп эсептелет. Демек, бул хадис ага да тиешелүү.

Валийди кызматтан четтетүү маселесине келсек, эгер халифа аны четтетүүнү зарыл деп эсептесе, же болбосо, вилаят калкынын көпчүлүгү же алар тарабынан өкүл кылынган адам ага наразы экендиктерин билдирсе, ал милдетинен бошотулат. Халифа анын иштен бошотулушуна башчылык кылат. Расулуллох ﷺ Муаз ибн Жабалды эч кандай себепсиз Яман валийлигинен четтеткен. Ала ибн Хазрамийди Бахрейн аамилдигинен четтеткен. Себеби, Абду Кайс уруусунун элчиси анын үстүнөн арызданган эле. Умар ибн Хаттаб валийлерди бирер себеп менен, же эч кандай себепсиз деле жумуштан бошоткон. Зияд ибн Абу Суфянды эч кандай себепсиз эле бошоткон. Саъд ибн Абу Ваккосту адамдар анын үстүнөн арыздангандыгы себептүү бошоткон жана: «Мен аны алсыздык же кыянат себептүү бошотподум», - деп айткан. Ушул иштер көрсөтүп тургандай, халифа валийди өзү каалаган убакта мансабынан четтетиши мүмкүн. Вилаят калкы валийдин үстүнөн арызданган убакта болсо, аны иштен четтетүү халифага важиб болот.

## Валийдин салахияттары

Валий халифа тарабынан наиб катары өз вилаятындагы иштерди көзөмөл кылуу жана башкаруу укуктарына ээ. Ал өз вилаятында малия, казылык жана кошуундан тышкары мамлекеттеги муавиндин бардык укуктарына ээ. Ал вилаят калкына амирлик кылуу жана ага тиешелүү

бардык иштерди карап чыгуу укугуна ээ. Бирок, шурта (миршаб) анын амирлиги астына башкаруу жагынан эмес, тескерисинче, аткаруу жагынан гана коюлат.

Себеби, валий халифа белгилеп койгон жерде анын наиби болуп эсептелет. Ошондуктан, ал халифа ээ болгон салахияттарга ээ болот. Эгер ал умумий валий болсо, ал да муавин сыяктуу, өз вилаятындагы бардык иштерди кароо укугуна ээ болот. Эгер анын валийлиги хос болсо, жалаң гана өзүнө тапшырылган иштерди карайт, андан башка иштерди көзөмөл кылуу укугуна ээ болбойт. Расулуллох ﷺ башкаруу иштеринде валийлерди валийликке өзү дайындаган. Алардын кээ бирлерин бардык иштерде умумий көрүнүштө, кээ бирлерин болсо белгилүү бир тармакка хусусий көрүнүштө валийликке дайындаган. Расулуллох ﷺ Муазды Яманга жиберип жатып, ага кандай иш кылышын да үйрөткөн. Байхакий, Ахмад жана Абу Давуддар Муаздан риваят кылышат: Расулуллох ﷺ Муазды Яманга жөнөтүп жатып, андан: «Эгер бирер көйгөйгө дуушар болсоң, кандай өкүм чыгарасың?» - деп сурады. Муаз: «Аллахтын Китеби менен өкүм кыламын», - деп жооп берди. Расулуллох ﷺ: «Эгер Аллахтын Китебинен таба албасаңчы?» - деп сурады. Ал: «Расулунун сүннөтү менен өкүм кыламын», - деп жооп берди. Расулуллох ﷺ: «Эгер Расулунун сүннөтүнөн да таба албасаңчы?» - деп сурады. Ал: «Өз райым менен ижтихад кыламын», - деп жооп берди. Ошондо Расулуллох ﷺ колдору менен далымдан таптады да: «Аллахтын Расулу ыраазы боло турган нерсеге Аллахтын Расулунун элчисин жетиштирген Затка мактоолор болсун», - деди. Расулуллох ﷺ Али ибн Абу Талибди Яманга жөнөттү. Али ؓнун мүмкүнчүлүк деңгээлинен кабардар болгондуктан жана жакшы билгендиктен, Али ؓга эч нерсе үйрөтпөдү. Муазды Яманга намаз жана зекетке валий кылып дайындады. Фарва ибн Мусайкты Мурод, Музхиж жана Забидге валий кылып дайындады. Холид ибн Саидди аны менен бирге зекетке валий кылып жөнөттү. Булардын бардыгы валий башкаруу укуктарынын бардыгына ээ экендигин көрсөтөт. Бул нерсе Муазга көрсөтмө берип, Алиге таалим бербеген абалдарында ачык-айкын жүзөгө чыккан. Бул иштер көрсөтүп тургандай, Расулуллох ﷺ валийлерди намаз жана зекетке умумий көрүнүштө о.э. намаз жана зекетке өз-өзүнчө т.а. хусусий көрүнүштө валийликке дайындаган.

Ооба, халифага валийди умумий же хусусий көрүнүштө валийликке дайындоо жайиз. Бирок, Муавиянын умумий валийликке кыянатчылык кылып, Усман ؓнун халифалыгы доорунда халифадан өз алдынча болуп алганы белгилүү. Муавиянын үстүнөн Усман ؓнун бийлиги көрүнбөгөн. Усман ؓ көз жумгандан кийин, Муавия Шам мамлекетинде бардык иштерде ээ болгон башкаруу салахияттары себептүү, баарыбызга белгилүү болгон Исламдагы ошол фитнаны чыгарган. Аббасий халифалардын алсыздык доорлорунда вилаяттардын эгемендүү болуп алуулары жүз берген. Ал тургай, халифа үчүн вилаяттарда халифанын

аты менен дуба кылуу жана анын аты менен акча басып чыгаруудан башка бирер нерсе калбаган. Мына ушундан белгилүү болгондой, умумий көрүнүштөгү валийликти берүү Исламий мамлекет үчүн зыянга себеп болору көрүнүп турат. Ошондуктан, валийдин валийлиги халифадан көз карандысыз болууга алып барбай турган иштерге хостоп коюлат. Көз карандысыздыкка мүмкүнчүлүк жаратып бере турган нерсе кошуун, малия жана казылык. Себеби, кошуун – күч-кубат, малия – жашоонун тамыры, казылык менен болсо укуктар корголот жана жаза-чаралар колдонулат. Мына ошондуктан, валийлерге казылык, кошуун жана малиядан башка иштерде хусусий көрүнүштөгү валийлик дайындалат. Буларды валийдин колуна тапшыруу өз алдынча болуп кетүү коркунучуна себеп болот жана мына ушундан мамлекет бүтүндүгүнө кооп-коркунуч жетет. Бирок, валий аким болгону себептүү, аткаруу үчүн анда кубат болушу керек. Мына ошондуктан, миршаб анын амирлиги астында болот. О.э. вилаяттагы анын амирлиги азыр гана айтып өтүлгөн үч иштен башка бардык иштерди өз ичине алганы сыяктуу эле, миршабды да өз ичине алат. Бирок, миршаб кошуундун бир бөлүгү деп этибар кылынгандыктан, башкаруу жагынан кошуун командачысынын бащкаруусу астында болот. Лекин, ал аткаруу жагынан валийдин башкаруусу астында болот.

Валийге, өзүнүн амирлиги талабына ылайык, аткарган иштеринен халифаны кабардар кылышы важиб эмес. Бирок, ыктыярдуу түрдө эскертип турушу мүмкүн. Эгер белгилүү болбогон жаңылык жүз берсе, халифаны кабардар кылат жана халифа буйруган ишти ишке ашырат. Эгер күтүү себептүү иштин бузулушунан корксо, ишти аткарат жана халифага иштин зарылдыгын о.э. ишти аткаруудан мурда аны кабардар кыла албагандыгынын себебин билдирет.

Тафвид муавин менен валийдин ортосундагы айырма төмөнкүдөй: Тафвид муавиндин өзү аткарган ар бир иштен халифаны кабардар кылышы важиб, ал эми валийге болсо бул иш важиб эмес. Тафвид муавин халифанын өзүнөн наиб жана халифа тарабынан анын иштерин аткара турган өкүл болуп эсептелет. Эгер халифа көз жумса, муавин иштен четтетилет. Себеби, өкүл кылуучунун дүйнөдөн кайтышы менен өкүл да четтетилет. Валийде болсо мындай эмес. Себеби, валий халифанын өкүлү эмес жана ал тараптан наиб да эмес. О.э. анын ишин аткарбайт. Мына ошондуктан, валий халифанын дүйнөдөн кайтышы менен четтетилбейт.

Расулуллох ﷺ валийлерди дайындаган жана аткара турган иштери жөнүндө кабардар кылууларын алардан талап кылбаган. Алар эч нерседен ал затты кабардар кылышпаган. Тескерисинче, өз иштерин толук көз карандысыз абалда аткарышкан жана алардын ар бири өз амирлигинде өз райына ылайык өкүм жүргүзүшкөн. Муаз, Аттаб ибн Усайд, Ала ибн Хазрамийлер жана булардан башка Расулуллох ﷺдын бардык валийлери ушундай болушкан. Булар валий өзүнүн иштеринен

халифаны кабардар кылбашына далил болот. Валий мына ушул жагынан муавинден айырмаланат. Аткарган ар бир ишинен халифаны кабардар кылып туруу муавинге важиб. Ал эми валийдин халифаны кабардар кылышы важиб эмес. Халифанын муавин аткарган ар бир ишти жакшылап текшериши важиб. Ал эми валийдин ар бир ишин текшерип турушу важиб эмес, мейли, халифа валийлердин иштеринен кабардар болуп, алар жөнүндөгү кабарларды терең көңүл коюу менен көзөмөлдөп барса да. Ушуга караганда, валий өз вилаятында толук башкаруу укугуна ээ. Мына ошондуктан, Муаз Расулуллох ﷺга аны Яманга жөнөтүп жатканда «өз райым менен ижтихад кыламын» деп жооп берген. Бул болсо, валийдин халифаны кабардар кылбастан туруп, өз райы менен ижтихад кылышы мүмкүн экендигине далил болот. Бирок, бул далил валийдин маанилүү маселелер жаатында халифанын райын алышына тоскоолдук кылбайт. Бирок, валий маанилүү болбогон маселелерде халифанын райын албайт. Анткени муну менен, адамдардын кызыкчылыктары этибарсыз калып кетпесин. Эгер белгилүү болбогон бирер нерсе жүз берсе, халифанын райы менен иш кылуу үчүн аны токтотот. Себеби, валийликке дайындоодо халифа белгилүү иштерди этибарга алган абалда бардык калкка башчы катары регион же шаар амирлигин валийге тапшырат. Эгер белгилүү болбогон бирер жаңы нерсе пайда болсо, халифага кайрылат. Бирок, валий иштин бузулушунан корксо, аны аткарат да, андан кийин халифага кайрылат. Себеби, бул иш белгилүү болбогон иш болуп эсептелет.

Бир адамдын бирер вилаяттагы валийлик мөөнөтү созулуп кетпеши керек. Тескерисинче, бир жерде орношуп, адамдар ага ыктап калышы коркунучу туулганда, валийликтен бошотулат.

Расулуллох ﷺ валийди белгилүү бир мөөнөткө дайындап, кийин аны бошотчу. Бирер валий Расулуллох ﷺдын тирүүлүк маалында өз вилаятында валий абалында калып кеткен эмес. Бул иш көрсөтүп тургандай, валий туруктуу валийликке дайындалбастан, тескерисинче, бирер мөөнөткө дайындалып, кийин валийликтен четтетилет. Бирок, валийлик мөөнөтү узун же кыска болушуна далил боло турган бирер хужжат Расулуллох ﷺдын иштеринде жүз берген эмес. Бул жердеги негизги этибардуу иш төмөнкүдөй, Расулуллох ﷺ тирүүлүк маалында бир валийди бир шаарда калтырбаган. Тескерисинче, валийлерди дайындап, кийин аларды четтеткен. Бирок, Умар жана Усмандардын халифалыгы заманында Муавиянын Шамдагы валийлик мөөнөтү созулуп кеткен. Мунун натыйжасында, мусулмандар мамлекетин силкинткен фитна келип чыкты. Ушуга ылайык, валийдин вилаяттагы валийлик мөөнөтү созулуп кетпеши керек.

Валий бир вилаяттан башка вилаятка көчүрүлбөйт. Анткени, анын дайындалышы умумий назар менен болгон жана белгилүү бир жерге белгиленген. Бирок, ал четтетилип, экинчи жолу кайрадан дайындалат.

Расулуллох ﷺ валийлерди четтетер эле. Ал заттан валийди бир жерден башка жерге көчүргөндүгү риваят кылынбаган. О.э. валийлик ачык сөздөр менен ишке аша турган ахддардан. Регион же шаардын валийлик ахдында валий өкүм жүргүзө турган жер белгиленет. Ырас, халифа аны четтетпеген соң, демек, ошол жерде анын башкаруу салахияты улана берет. Демек, халифа ал жерден аны четтетпесе, валий катары кала берет. Эгер башка жерге көчүрүлсө, бул көчүү менен мурунку жериндеги валийлигинен четтетилбейт жана көчүрүлгөн жерге валий кылып дайындалган болбойт. Себеби, анын мурунку жеринен ажыроосу валийликтен четтетүүнү түшүндүрө турган ачык сөздөргө муктаж болот. Көчүрүлгөн жерге анын дайындалышы мына ушул жерге хос болгон жаңы дайындалуу ахдына муктаж болот. Валийдин бир жерден башка жерге көчүрүлбөстүгү мына ушундан алынган. Тескерисинче, ал бир жерден четтетилет да, кийин башка бир жерге жаңы валий катары дайындалат.

## Валийлердин иштерин текшерип туруу халифанын мойнундагы милдет

Валийлердин иштерин текшерип туруу жана аларды күзөтүп баруу; валийлердин абалдарынан кабардар болуу жана аларды көзөмөл кылуу; маал-маалы менен алардын бардыгын же айрымдарын чогултуп туру; о.э. жарандардын алардын үстүнөн арызданууларын угуу булардын бардыгы халифанын милдети.

Муаз жана Абу Муса менен жүз бергени сыяктуу, валийлерди дайындаган маалында Расулуллох ﷺдын аларды сынап-текшерип көргөнү сабит болгон. Амр ибн Хазм менен жүз бергени сыяктуу, ишти кандай алып барууну да аларга баян кылып берген. О.э. кээ бир маанилүү иштерге алардын көңүлдөрүн бурган. Уббан ибн Саидди Бахрейнге валий кылып дайындаган маалында, ага: «Абду Кайс уруусуна жакшылык кылууну өзүңө милдет кылып ал жана алардын улууларын урматта», - деп насаат айткан. О.э. Расулуллох ﷺдын валийлерди тергеп-тескегени, алардын абалдарынан кабардар болуп, өзүнө жеткирилген алар жөнүндөгү кабарларга кулак салганы ал заттан сабит болгон. Расулуллох ﷺ киреше жана чыгаша каражаттар жаатында валийлерден эсеп-китеп алган. Имам Бухарий жана Муслим Абу Хамид Саидийден риваят кылышкан: «Пайгамбар ﷺ Ибн Лутбийяны Бану Салим уруусунун зекеттерин чогултуп келүүгө башчы кылып жөнөттү. Ал Расулуллох ﷺдын алдына кайтып келгенде, Расулуллох ﷺ андан эсеп-китеп талап кылды. Ошондо ал: «Бул силерге тийиштүүсү, мунусу болсо мага берилген белек», - деди. Ошондо, Расулуллох ﷺ: «Эгер сөзүң чын болсо, анда ата-энеңдин үйүндө ушул белектин келишин күтүп отурбайт белең?!» - деди. (Т.а. чындап эле белек болсо, үйүңө алып келип беришмек да, - деди). Кийин, Расулуллох ﷺ ордунан турду да, Аллахка хамду-сана айткандан кийин, адамдарга карата: «Амма баъд, Аллах тарабынан мага жүктөлгөн

кээ бир иштерде кээ бирөөлөрүңөрдү аткарып келүүгө жөнөтсөм, алардын бири келип, «Бунусу силердики, мунусу болсо мага берилген белек» дейт. Эгер сөзү чын болсо, ата-энесинин үйүндө отуруп, бул белеги келгенче күтүп отурса болмок экен! Аллахка ант ичип айтамын, кимде-ким бирер туура эмес жол менен ала турган болсо, кыямат күнү ошону Аллахтын алдына көтөрүп келет. Эсиңерде болсун, ал Аллахтын алдына алып келген нерсени төөнүн боздогонунан, уйдун мөөрөгөнүнөн жана койдун маараганынан билип аламын», - деди. Андан соң, Расулуллох ﷺ колдорун бийик көтөрүп (ал тургай, колтуктары көрүнүп турду): «Эсиңерде болсун, мен мойнумдагы аманатты жеткирдимби?» - деди.

Умар ؓ валийлерди катуу көзөмөлдөгөн. Мухаммад ибн Масламаны валийлердин абалдарынан кабардар болуу жана аларды текшерүү үчүн дайындаган. Валийлердин кылган иштерин көзөмөлдөө, алардын үстүнөн жарандардын даттанууларын угуу, алар менен бирге мамлекеттик иштерди талкуулоо жана абалдарын билүү үчүн, аларды ажылык мезгилинде чогултчу эле. Умардын бир күнү айланасындагы адамдарга: «Мен силердин үстүңөргө билимдүү адамдардын эң жакшысын башчы кылып дайындасам, кийин аны адилеттүү болууга буйрусам, ошондо өз мойнумдагы милдетти өтөгөн боломунбу?» - деди. Алар «Ооба» деп жооп беришти. Ошондо Умар: «Жок, мен буйруган ишке амал кылып жатабы же жокпу, анын ишин албетте көзөмөлдөп турушум керек», - деди. Умар валий жана аамилдерин катуу тергеп-тескеген. Ал тургай, аларды эсеп-китеп кылууда катуулук кылып, кээде валийлердин кээ бирлерин анык далил болбогон күмөн себептүү да  кызматынан бошоткон. Кээде күмөн даражасына жетпеген божомол себептүү да бошоткон. Бир күнү мына ушул нерсе  тууралуу сурашканда: «Бир амирдин ордуна башкасын алмаштыруу менен коомду оңдосом, бул иш эң жеңил иш», - деген. Бирок, аларга карата катуу болушуна карабастан, аларга толук эркиндик берип, башкарууда алардын сый-урматын ордуна койгон. Алардын айткандарын угуп, хужжаттарына кулак салган. Эгер хужжат канааттандырса, аамилдерин мактап, өзүнүн канааттангандыгын жашырбайт эле. Бир күнү ал кишиге Химстеги аамили Умайр ибн Саъддын Химс минбарынан туруп айткан төмөнкүдөй сөздөрү жетип келди: «Ырасында, султан катуу кол болсо, Ислам ар дайым бекем болот. Султандын катуу колдугу кылыч менен өлтүрүү же камчы менен сабоо эмес. Балким, акыйкат менен өкүм кылуу жана адилеттүүлүктү кармоо». Умар ал тууралуу: «Менде Умайр ибн Саъдга окшогон адам болушун ушунчалык каалайт элем, кана эми, андан мусулмандардын иштерине жардам алсам», - деген.

## КАЗЫЛЫК

Казылык – бул мажбурлуу түрдө аткарылышы керек болгон шаръий өкүмдү дайын кылуу. Казылык адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат; жамааттын акысына зыян жеткире турган иштерге тыюу салат; башкаруу жихазындагы адамдар менен жарандар ортосунда пайда болгон келишпөөчүлүктөрдү жок кылат, алар халифа же андан төмөнкү мансаптагы адамдар болобу, аким же башка кызматкерлер болобу, айырмасыз. Казылык жана анын шаръий экендигине негиз – Китеп жана Сүннөт. Курандагы далилдерге келсек, алар Аллах Тааланын төмөнкү сөздөрү:

وَأَنِ احْكُمْ بَيْنَهُمْ بِمَآ أَنزَلَ اللّٰهُ

***«(Эй Мухаммад), алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, ... ».* [5:49]**

وَإِذَا دُعُوٓاْ إِلَى اللهِ وَرَسُولِهِ لِيَحْكُمَ بَيْنَهُمْ

***«Алар Аллах жана Анын пайгамбарынын алдына араларында өкүм чыгаруу үчүн чакырылышканда ... ».* [24:48]**

Эми сүннөттөгү далилдерге келсек, Расулуллох ﷺдын өзү казылык иштери менен алектенип, адамдар ортосунда өкүм чыгарган. Бухарийдин «Сахих»инде төмөнкү хадис келтирилет: Расулуллох ﷺдын жубайы Айша энебизден ؓ риваят кылынат, Айша айтат: «Утба ибн Абу Ваккос иниси Саъд ибн Абу Ваккоско «Замъа күңүнүн уулу менден төрөлгөн, аны өз тарбияңа ал» деп осуят кылды. Мекке фатх болгон жылы Саъд баланы алып: «Бул агамдын уулу, аны мага осуят кылган», дейт. Ошондо Абд ибн Замъа туруп: «Бул менин иним, атамдын күңүнүн уулу, ал атамдын төшөгүндө туулган», - деди. Ошентип , алар бири-бирин түртүшүп, Расулуллох ﷺдын алдына барышты. Саъд: «Я Расулуллох, агам муну мага осуят кылган эле», - деди. Абд ибн Замъа: «Бул менин иним, атамдын күңүнүн уулу, анын төшөгүндө туулган», - деди. Расулуллох ﷺ: «Эй Абд ибн Замъа, бала сага», - деди. Кийин Расулуллох ﷺ: «Бала төшөктүкү, зинакер болсо куру калат», - деди. Расулуллох ﷺ казыларды дайындаган. Али ؓга Яман казылыгын тапшырды. Казылык жактарына көңүлүн буруп, мындай көрсөтмө берди: «Эки адам өкүм талап кылып келсе, экинчисинин да сөзүн укпай туруп, биринчисинин пайдасына өкүм чыгарба, ушинтсең кантип өкүм чыгарышты билип аласың». (Термизий жана Ахмад риваяты). Имам Ахмад бул хадистин дагы бир риваятын келтирет: «Эки доогер алдыңа келсе, биринчисинин сөздөрүн укканыңдай эле, экинчисинин да сөзүн укмайынча сүйлөбө».

Муаз ибн Жабалды Жанадга казы кылып дайындады. Мына ушулар казылыктын шаръийлигине далил болот. Айша энебизден риваят кылынган жогорудагы хадистен төмөнкүлөр белгилүү болот: Саъд менен Абд ибн Замъа ортосунда Замъанын күңүнүн уулу үстүндө келишпөөчүлүк

чыгат. Экөө тең «баланы мага бер» деп, дааба кылышат. Расулуллох ﷺ аларга шаръий өкүмдү дайын кылды т.а. Замъанын күңүнүн уулу Абд ибн Замъанын иниси болуп чечилди. Бала төшөк ээсиники. Расулуллох ﷺдын бул өкүм чыгарышы шаръий өкүмдү дайын кылуу болуп, экөөнү буга мажбурлады. Абд ибн Замъа баланы алды. Бул казылык таърифинин далили болуп, бул таъриф (аныктама) казылыктын вакыйлыгын сыпаттоо болуп эсептелет. Бул вакыйлык шаръий вакыйлык болгондуктан о.э. бул шаръий таъриф шаръий өкүм болгондуктан, демек, бул шаръий өкүмдүн иштелип чыгыла турган бир далили болушу керек. Ушуга ылайык, бул хадис казылык таърифинин далили болуп саналат.

Кээ бирөөлөр казылыкка «Адамдардын ортосундагы жаңжал жана келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылуу» деп таъриф беришкен. Бул таъриф бир тараптан толук эмес. Экинчи тараптан, Расулуллох ﷺдын кылган иштери жана сөздөрүндө келгени сыяктуу казылыктын вакыйлыгын сыпаттоо эмес. Тескерисинче, ал болгону казылыктан келип чыгышы мүмкүн болгон жана кээде келип чыкпашы да мүмкүн болгон нерсенин баяны. Айрым абалдарда казы маселени ажырым кылат да, эки доогер ортосундагы келишпөөчүлүктү жогото албайт. Ошондуктан, казылык жөнүндөгү талкуубуздун башында келтирилген жана хадистерден иштелип чыгылган аныктама толук таъриф болуп эсептелет.

Бул таъриф адамдар ортосунда өкүм чыгарууну да өз ичине алат. Бул Айша رضي الله عنها нун хадисинде келди. О.э. бул таъриф мухтасибдикти да өз ичине алат, анын аныктамасы төмөнкүдөй: «Жамааттын акысына зыян жеткире турган иштер жаатында мажбурлуу түрдө аткарылышы керек болгон шаръий өкүмдү дайын кылуу». Бул болсо, «даам үймөгү» хадисинде келген. Имам Муслимдин «Сахихинде» Абу Хурайрадан төмөнкү риваят келтирилет: «Расулуллох ﷺ сатуу үчүн үймөк кылып коюлган даамдардын (курма жана ушул сыяктуу нерселердин) жанынан өтүп бара жатып, анын ичине колун салды эле, манжалары нымга тийди. Эй даам ээси, бул эмне? – деп сурады. Ал: «Асмандан апаат келди, я Расулуллох», - деди. Расулуллох ﷺ: «Муну адамдар көрүшү үчүн үстүнө коюп койбоптурсуң да. Ким алдаса бизден эмес», - деди. О.э. жогорудагы таъриф зулум маселелерин (мазолим) көрүп чыгууну да өз ичине алат, себеби, бул да казылыктан болуп, өкүм жүргүзүүдөн эмес. Анткени, ал акимдин үстүнөн арыздануу болуп эсептелет. Мазолим казылыгынын таърифи төмөнкүдөй: «Адамдар менен халифа, же анын бирер муавини, же валийлери, же бирер кызматкерлери ортосунда жүзөгө чыккан келишпөөчүлүктөр жаатында; о.э. казылык жана чыгарылган чечим негизделип жаткан шаръий нусустардын бирөөсү жөнүндө мусулмандар арасында пайда болгон ихтилафтар жаатында мажбурлуу түрдө аткарылышы керек болгон шаръий өкүмдү дайын кылуу». Зулумдар Расулуллох ﷺдын бааны белгилеп берүү жөнүндөгү хадисинде: «... Мен Аллах Таалага бирер адам менден ага мал жана канда ага кылган зулумду талап кылбаган абалда

жолугууну үмүт кыламын», - деген. Бул хадисти имам Ахмад Анас ﷺдан риваят кылган. Демек, бирер жарандын аким, валий же бирер жооптуу кызматчы үстүнөн кылган даттануусу мазолим казысынын кароосуна көтөрүлөт. Мазолим казысы мажбурлуу түрдө аткарыла турган шаръий өкүмдү белгилүү кылат. Демек, жогорудагы таъриф Расулуллох ﷺдын кылган иштери жана сөздөрүндө келген үч түрдүү казылыкты өз ичине алат: 1) Адамдардын ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылуу. 2) Жамааттын акысына болуп жаткан зыянды жоготуу. 3) Жаран менен акимдер, же жаран менен жооптуу кызматкерлер ортосунда жүзөгө келген келишпөөчүлүктөргө чек коюу.

## Казылар

Казылар үч түрдүү болот: Биринчиси – казы, ал мамиле жана жаза-чаралар боюнча адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат. Экинчиси – мухтасиб, ал жамааттын акысына зыян жеткире турган мыйзам бузууларды карайт. Үчүнчүсү – мазолим казысы, ал адамдар менен мамлекет ортосунда жүз берген келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат.

Казылыктын түрлөрү мына ушулар. Келишпөөчүлүктөрдө адамдардын арасын ажырым кылуучу казылыктын далили Расулуллох ﷺдын кылган иштеринен алынган, мисалы, Муаз ибн Жабалды Ямандын бир тарабына казы кылып дайындоосу сыяктуу. Жамааттын акысына зыян жеткирүүчү мыйзам бузууларды ажырым кылуучу казылыктын т.а. мухтасиб деп аталган казылыктын далили да Расулуллох ﷺдын кылган иштеринен жана сөздөрүнөн алынган. Расулуллох ﷺ: «Ким алдаса бизден эмес», - деген. (Имам Ахмад риваят кылган хадистин бир бөлүгү). Расулуллох ﷺ алдамчылык жана көз боёмочулук кылып жаткандарды жемелечү. Кайс ибн Абу Гаразадан имам Ахмад риваят кылат: «Биз Мединада товар алып сатчу элек. Бизди «далдалчылар» деп аташчу. Расулуллох ﷺ келип, бул аталышыбызга караганда жакшыраак ат менен бизди атап: «Эй соодагерлер жамааты, соодада бейпайда сөз жана ант ичүүлөр болот, ага садаканы аралаштыргыла», - деди.

Имам Ахмад Абу Минхалдан риваят кылат: «Зайд ибн Аркам менен Баро ибн Аазиб шерик болчу. Алар накталай акчага жана насыяга күмүш сатып алышты. Бул кабар Расулуллох ﷺга жетип барды. Расулуллох ﷺ аларды «накма-нагын кыла бергиле, насыясын кайтаргыла» деп буйруду». Булардын бардыгы мухтасиб казылыгы болуп эсептелет. Мухтасибдик соодагер жана кол өнөрчүлөрдүн иштеринде көз боёмочулукка, алдамчылыкка, өлчөөлөрдөн уруп калууга ж.б.у.с. жамааттын акысына зыян жеткире турган башка нерселерди кылууга жол бербөө үчүн, аларды текшерип турат. Бул Баро ибн Аазибдин хадисинде эки тарапты насыя соодадан кайтарганында жүзөгө чыкканы сыяктуу, Расулуллох ﷺ баян кылып, буюруп жана өзү ажырым кылган иштин дал өзү. Ушуга ылайык, мухтасибдиктин далили сүннөттөн болду. Бирок,

Расулуллох ﷺ мухтасибдик үчүн белгилүү бир казы дайындаган эмес. О.э. Хулафаи Рошидиндер да белгилүү бир казыны дайындашкан эмес. Бирок, Умар ибн Хаттаб ؓ Сулайман ибн Абу Хатма Ансариянын энеси Шифа деген аялды базарга казы т.а. мухтасиб кылып дайындаган. О.э. Умар ؓ Расулуллох ﷺ сыяктуу жеке өзү да мухтасибдик кылган. Умар ؓ базарларды айланып жүрөр эле. Халифа Харун ар-Рашиддин заманына чейин мухтасибдикти халифанын өзү аткарып келген. Харун ар-Рашид биринчи болуп, базарларда таразаларды текшерип жүрө турган, соодагерлердин иштерин күзөтө турган мухтасиб казысын дайындаган. Ал-Махдий халифа болгондон кийин, ал мухтасибдик үчүн атайын бир жихаз түздү жана ал да казылык жихаздарынын бири болуп калды.

Мазолим казысы деп атала турган казылыктын далили болсо, Аллах Тааланын төмөнкү аяты:

فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللّهِ وَالرَّسُولِ

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө тартышып калсаңар, ал нерсени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**

Бул аят төмөнкү аяттан кийин келип жатат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ أَطِيعُواْ اللّهَ وَأَطِيعُواْ الرَّسُولَ وَأُوْلِي الأَمْرِ مِنكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон*** *(т.а. мусулман)* ***башчыларга моюн сунгула».*** **[4:59]**

Ошондуктан, калк жана бийлик башындагылар ортосундагы келишпөөчүлүк, албетте, Аллахка жана Расулуна т.а. Аллахтын өкүмүнө кайтарылышы важиб. Бул болсо, ошол келишпөөчүлүк жаатында өкүм чыгара турган мазолим казысы болушун талап кылат. Анткени, мазолим казылыгынын аныктамасы «халифа менен адамдар ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү карап чыгууну» да өз ичине алат. Мазолим казылыгынын далили да Расулуллох ﷺдын кылган иштери жана сөздөрүнөн алынган. Бирок, Расулуллох ﷺ мамлекеттин бардык тарабында мазолимдин өзүнө хос казы дайындаган эмес. Мазолим ишин өзү ажырым кылган о.э. халифалары да ушул жолдон жүрүштү. Али ؓ да ушундай кылган. Бирок, Али ؓ буга атайын убакыт бөлгөн эмес жана белгилүү бир услуб дайындаган эмес. Зулумдар жүз берген убакта, ал башка иштердин катарында каралган. Мындай абал Абдулмалик ибн Марван заманына чейин болду. Себеби, ал зулумдарды (адилетсиздиктерди) көрүп чыгуу үчүн өзүнчө убакыт бөлдү жана белгилүү бир услуб дайындады. Ал адилетсиздиктерди көрүп чыгуу үчүн белгилүү бир күндү ажыраткан. Бирер иш ага белгисиз болуп калса, анын өкүмүн чыгаруу үчүн казысына тапшырган. Кийин, халифа адамдардын адилетсиздиктер жүзөсүнөн даттануулардын көрүп чыгуу үчүн өзүнө наиб дайындай турган болду. Мазолим үчүн атайын жихаз түзүлдү. Ал «Дарул-Адл» («Адилеттүүлүк үйү») деп аталды. Бул болсо, мазолим үчүн белгилүү бир казы дайындап коюу тарабынан алып караганда жайиз.

Себеби, халифа өзүнүн бардык салахияттары үчүн аларды аткара турган наиб дайындашы жайиз. О.э. белгилүү бир убакыт жана услубду белгилеп коюшу да жайиз. Анткени, булар мубах иштерден.

## Казылардын шарттары

Казынын мусулман, азат, балагатка жеткен, акылы толук, адилеттүү, факих о.э. өкүмдөрдү вакыйга дал келтирүүнү биле турган болушу шарт. Мазолим казысы, башкы казы катары, бул шарттарга кошумча эркек киши жана мужтахид болушу шарт. Себеби, анын иши өкүм жүргүзүү жана казылык кылуу. Ал акимдин үстүнөн өкүм чыгарат жана ага карата шариятты колдонот. Ошондуктан, мазолим казысынын башка шарттарга кошумча түрдө эркек киши болушу да шарт. Мындан тышкары, анын мужтахид болушу да шарт. Себеби, ал көрүп чыгып жаткан зулум иштеринде аким Аллах түшүрбөгөн өкүм менен башкарган иштер болуп калышы да мүмкүн. Мисалы, аким шаръий далилсиз өкүм жүргүзүшү, же болбосо, далил кылып келтирген далили вакыйга дал келбеши мүмкүн. Мындай адилетсиздикти мужтахид гана ажырым кыла алат. Эгер мазолим казысы мужтахид болбосо, илимсиздик менен өкүм чыгаруучу казы болуп калат да, бул болсо арам жана жайиз эмес. Ошондуктан, ага акимдик жана казылыктын шарттарына кошумча түрдө, мужтахид болушу да шарт кылынат.

## Казылык мекемелерин түзүү

Бир мекемеде бир гана казы болот жана ал гана иштерди ажырым кылуу укугуна ээ. Аны менен бир же бир нече казынын болушу жайиз, бирок, алар өкүм чыгаруу укугуна ээ болушпайт. Аларга кеңеш берүү жана рай билдирүү укугу берилген, бирок, берген райларынын алынышы мажбурий эмес.

Расулуллох ﷺ бир маселеге эки казы дайындаган эмес. Бир маселеге бир гана казы дайындаган. Кала берсе, казылык – бул мажбурлуу түрдө аткарылчу шаръий өкүмдү дайын кылуу дегени. Мусулман үчүн шаръий өкүм бир нече эмес, бирөө гана болот. Анткени, ал Аллахтын өкүмү. Аллахтын өкүмү болсо бирөө гана болот. Туура, шаръий өкүмдү бир нече түрдүү түшүнүш мүмкүн, бирок, амал кылуу жагынан алганда мусулман үчүн шаръий өкүм бирөө гана болот, эч качан бир нече болбойт. Мусулман шаръий өкүмдү кандай түшүнсө, ошол түшүнгөн нерсеси ал үчүн Аллахтын өкүмү болот, башкасы болсо, мейли анын назарында шаръий өкүм болсо да, бирок, ал үчүн Аллахтын өкүмү эмес. Бир маселеде таклид кылса жана ушул таклиди боюнча амал кылса, бул ал үчүн Аллахтын өкүмү болуп саналат. Калгандары болсо ага карата Аллахтын өкүмү эмес. Казы бир маселеде мажбурлуу түрдө аткарылчу Аллахтын өкүмүн дайын кылган соң, дайын кылынган өкүмдүн бирөө гана болушу важиб. Себеби, казылык – мажбурлуу түрдө аткарылчу Аллахтын өкүмүн дайын кылуу. Бул Аллахтын өкүмүнө амал кылуу болуп – мейли,

Аллахтын өкүмү бир нече түрдүү түшүнүлсө да – амал кылынып жатканда ал бирөө гана болот. Ошондуктан, казынын бир нече болушу жайиз эмес. Себеби, Аллахтын өкүмү бир маселеде бир нече болушу мүмкүн эмес. Бир мекемеде каралып жаткан бир маселеге карата ушундай. Ал эми, бир шаарда бирдей окшош маселелердин ар башка мекемелерде көрүлүшү жайиз. Себеби, казылык халифага наибдик болуп, ал да өкүлдүк сыяктуу бир нече болушу мүмкүн. Демек, бир жерде казылар бир нече болушу мүмкүн. Бир жердеги эки казынын кайсынысы маселени карап чыгышы үстүндө даабалашуучулар (соттошуучулар) ортосунда тартышуу болсо, даабагер (доогер) тарап кубатталат жана ишти көрүп чыгуу укугу даабагер талап кылган казыга берилет. Себеби, даабагер акы-укугун талап кылуучу болуп саналат, бул болсо, анын жоопкер (айыпталуучу) үстүнөн артыкчылыкка ээ экендигин көрсөтөт.

Казы өкүм межлисинде гана өкүм чыгарат. Ант ичүү жана далил-хужжаттар да бир гана ошол жерде эсепке алынат.

Мунун далили Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылынган төмөнкү хадис, анда мындай деп келген: «Расулуллох ﷺ «Даабалашуучулардын экөө тең акимдин алдында отурушат», - деп өкүм чыгарды». (Абу Давуд жана Ахмад риваяты). Бул хадис өкүм чыгаруу жүзөгө келе турган абалды баян кылып жатат. Бул шаръий абал болуп эсептелет т.а. өкүм чыгаруу жүзөгө чыга турган белгилүү бир абалдын болушу зарыл. Акимдин алдында эки даабалашуучунун отурушу мына ушундай абал болуп, ал өкүм межлиси деп аталат. Өкүм сахих болушу үчүн албетте мына ошол межлис шарт кылынат т.а. өкүм өкүм болушу үчүн өкүм чыгарыла турган бир межлис болушу керек. Акимдин алдында эки даабалашуучунун отурушу мына ушул межлис болуп эсептелет. Муну Али ؓнун хадиси да тастыктайт. Расулуллох ﷺ Али ؓга: «Эки даабалашуучу алдыңда отурганда, биринчисин укканыңдай эле экинчисин да укпастан туруп өкүм чыгарба», - деген. О.э. Расулуллох ﷺ «Эки даабалашуучу алдыңда отурганда ... » деген сөзү менен өзгөчө бир абалды баяндап жатат. Демек, өкүм межлиси – өкүмдүн чыныгы өкүм болушу үчүн шарт болуп саналат. О.э. Расулуллох ﷺдын «Айыптуу ант ичет» (Бухарийдин Ибн Аббастан риваяты) деген сөздөрүнө ылайык, ант ичүү (касам) эсепке алынышы үчүн да өкүм межлиси болушу шарт. Ага айыптуу деген сыпат өкүм межлисинде берилет. Далил-хужжат да өкүм межлисинде гана этибарга алынат. Расулуллох ﷺ айтты: « ...бирок, даабагер далил-хужжат келтирет, инкар кылуучу болсо касам ичет». (Байхакий риваяты). Ага бул сыпат өкүм межлисинде гана берилет.

Карала турган иштердин түрүнө карай мекемелер бир нече болушу мүмкүн. Ушуга ылайык, кээ бир казылардын иштерди кароосу белгилүү бир иштер боюнча анык бир чегарага чектели, башка иштердин башка мекемелерге тапшырылышы жайиз болот.

Мунун себеби, казылык халифага наибдик болуп, ал вакалат (өкүлдүк)

менен бирдей, ортосунда эч кандай айырма жок. Анткени, ал да вакалаттан. Вакалат умумий да, хос да болушу мүмкүн. Ошондуктан, казы белгилүү бир маселелер боюнча казы болуп дайындалышы жана башка маселелерден тыйылышы жайиз. О.э. бул маселелер боюнча да, же буга кошумча түрдө мурунку казы дайындалган маселелер боюнча да башка казы дайындалышы жайиз, ал тургай, бул казылар бир жерде болсо да. Мындан мекемелердин даражалары ар түрдүү болушу мүмкүн экендиги келип чыгат. Мындай абал алгачкы кылымдардагы мусулмандарда да болгон. Мавардий өзүнүн «Ал-ахкомус-султания» деген эмегинде айтат, «Абу Абдулла Зубайрий мындай дейт: «Бизде, Басрада, бир убакта амирлер жамиъ мечитинде казы дайындай турган болушту. Ал «мечит казысы» деп аталчу. Ал 200 теңге, 20 динар жана андан азыраак көлөмдөгү иштер боюнча өкүм чыгарчу. Нафакаларды дайындап, өз даражасынан жана өзүнө белгиленген милдеттен нарыга өтпөйт эле». Расулуллох ﷺ бир маселеге өкүм чыгарууда өзүнө наиб дайындачу. Мисалы, Амр ибн Асты наиб кылды. Бир вилаяттагы бардык маселелер боюнча өзүнө наиб кылчу. Мисалы, Али ибн Абу Талиб ﷺну Яман вилаятынын казылыгына дайындаган. Бул болсо, казылыкты умумий же хос кылып коюуга далил болот.

Исламда апелляциялык сот жана кассациялык сот сыяктуу мекемелердин болушу жайиз эмес. Анткени, бир ишке чечүүчү өкүм чыгаруу жагынан казылык бирдей даражада болот. Казы бир өкүмдү айттыбы, демек, анын бул өкүмү – Аллахтын Китеби же Расулунун сүннөтүнө, же сахабалар ижмасынан бирер бир катъий нусуска тескери болбосо – күчүнө кирет. Башка казынын өкүмү аны эч качан жокко чыгара албайт.

Казынын өкүмү өзү тарабынан да, башка казы тарабынан да бекер кылынбайт, а түгүл, далили Куран же сүннөттөн алынган зонний далил болсо да. Казынын зонний далилден алган өкүмү бекер кылынбашынын далили – сахабалар ижмасы: Абу Бакр ﷺ бир нече маселеде өз ижтихады менен өкүм кылды. Умар ибн Хаттаб ﷺ анын ижтихадынан башкача ижтихад кылды, бирок, ал чыгарган өкүмдөрдү жокко чыгарган жок. Али ﷺ Абу Бакр жана Умар ﷺдардын ижтихадынан башкача ижтихад кылды, бирок, алар чыгарган өкүмдөрдү жокко чыгарган жок. Нажрондуктар Али ﷺнун алдына келишип: «Эй момундар амири, Китебиң колуңда, шапаатың тилиңде», - дешти. Ошондо, Али ﷺ: «Кыйрап калгырлар! Умар өз ишин жакшы билген амир болгон, ал чыгарган өкүмдү мен эч качан рад кылбаймын», - деп жооп берди. Риваят кылынышынча, Умар ﷺ мурастагы шериктиктен бир тууган ага-инини түшүрүп коюп, кийин кайрадан аларды шерик кылып: «Анысы да, мунусу да туура болду», - деди. Бул эки өкүм бири-бирине тескери болсо да, аларды ишке ашырган. Чоң ата тууралуу да бир канча ихтилафтуу өкүмдөрдү чыгарды, бирок, мурункуларын жокко чыгарбады. Дагы бир риваят бар, (бул да

мурас маселеси) Шурайх – мураскердин бир туугандарынын уулдарынын мураскорлугу – тууралуу өкүм чыгарды. Булардын бири мураскердин эжесинин уулу болчу. Өкүм анын пайдасына чечилди. Бул иш Али ﷺга ашырылды. Али: Шурайхты алып келгиле, - деди. Али андан: Муну Аллахтын Китебинин кайсы жеринен таптың? – деп сурады. Шурайх төмөнкү аятты окуп, «Аллах Таала:

وَأُوْلُواْ الأَرْحَامِ بَعْضُهُمْ أَوْلَى بِبَعْضٍ فِي كِتَابِ اللّهِ

***«Аллахтын Китебинде тууган-уруктар бири-бирине*** *(мураскор болуууга)* ***акылуураак».*** **[8:75]**

- деген», - деди. Ага жооп катары Али ﷺ Аллах Таала:

وَإِن كَانَ رَجُلٌ يُورَثُ كَلاَلَةً أَو امْرَأَةٌ وَلَهُ أَخٌ أَوْ أُخْتٌ فَلِكُلِّ وَاحِدٍ مِّنْهُمَا السُّدُسُ

***«Эгер мураскер эркек же аялдын ата-энеси болбой, бир ага же иниси, же болбосо, бир аял бир тууганы калган болсо, алардын экөөнүн ар бирине алтыдан бир тийет»*** **[4:12]**

- деген, - деди да, Шурайхтын өкүмүн жокко чыгарды». Ибн Кудама «аль-Мугни» китебинин «аль-Козо» бабында (IX бөлүм, 56-б.) бул кабар жөнүндө мындай дейт: Бизге Али анын чечимин жокко чыгаргандыгы анык белгилүү эмес. Ошенткен күндө да, Али ﷺ Шурайхтын Курандын ушул аятынката түшүнгөнүнө ишенген жана мунун натыйжасында анын чечимин жокко чыгарган». Кыскасы, анык сөз мындай, сахабалар ар кыл маселелерде өз ижтихаддары менен өкүм кылышкан. Абу Бакр ﷺ да, Умар ﷺ да, Али ﷺ да халифалык доорлорунда бири-бириникине кайчы келген өкүмдөрдү чыгарышкан, бирок, алардын бирөөсү да башкасынын өкүмүн жокко чыгарбаган. Умар ﷺ бир эле маселеде бир нече түрдүү, бири-бирине карама-каршы келген өкүмдөрдү чыгарган, аларды ишке ашырган, бирок, кийинкиси мурункусуна тескери болсо да, экинчи өкүм менен биринчисин жокко чыгарбаган. Анын бул жөнүндөгү: «Анысы да, мунусу да тура болду», - дегени белгилүү. Булар казылардын өкүмдөрү жокко чыгарылбагандыгына далил болот. Ибн Кудама «Ал-Мугний»де мындай дейт: «Ал эми, анын ижтихады бирер-бир нусуска же ижмага тескери болбогон абалда башкача болуп калса, же өзүнөн мурунку бирөөнүн ижтихадына тескери болсо, муну менен аны жокко чыгарбаган. Себеби, сахабалар буга ижма кылышкан». Бирок, өкүм чыгарылбай туруп казынын ижтихады өзгөрүп калса, анда ал жаңы ижтихады менен өкүм чыгарат.

Ушуну менен бирге, казынын бир нече болбошунун далили казынын өкүмүн бекер кылуу жайиз эместигине да далил болот. Анткени, Аллах Тааланын өкүмү бирөө гана болот, бир нече болбойт. Бир маселедеги Аллахтын өкүмү күчүнө киргизилсе, ал ишке ашырылат жана ал жокко чыгарылбайт. Казы бир маселеде өкүм чыгарса, Аллахтын өкүмүн амал кылына турган кылып койгон болот, арийне, аны аткаруу фарз болот.

Ошондуктан, ал таптакыр жокко чыгарылбайт. Себеби, аны жокко чыгаруу Аллахтын өкүмүн жокко чыгаруу болуп эсептелет. Бул болсо, мүмкүн эмес. Өкүм чыгарган казынын да өзү чыгарган өкүмдү жокко чыгарышы мүмкүн эмес. Аны башка казы да жокко чыгара албайт. Себеби, Аллахтын өкүмү бир нече болбойт. Аны жокко чыгаруу болсо Аллахтын өкүмүн жокко чыгаруу болгондугунан тышкары, Аллахтын өкүмү бир нече болушу мүмкүн дегени болуп калат. Бул болсо, таптакыр мүмкүн эмес.

Умар ибн Хаттаб ﷺнун Абу Муса ﷺга жазган катында мындай дегени риваят кылынат: «Кече бир өкүм чыгарып, кийин анын үстүндө пикирлеп, туура жолду таап алышың, сенин акыйкатка кайтышыңа тоскоолдук кылбасын. Себеби, акыйкат ар дайым талап кылынат. Акыйкат жолго кайтуу – туура эмес жолдо жүрө бергенден көрө жакшыраак». «Бул сөз туура» деп ойлонгон күндө да, ал шаръий далил эмес, ал болгону Умар ﷺнун сөзү гана. «Сахабалар буга сүкүт сакташты, демек, бул ижма болуп калат», - деп айтылбайт. Себеби, бардык адамдар үчүн өкүм болгон белгилүү бир окуядан сахабалар кабардар болуп, ага сүкүт сакташса, мына ушул ижма деп этибар кылынат. Ал эми сахабалар унчукпагандыгынын себеби, жогорудагы окуя мункар эмес болчу. Сахабалардын кайтарышы үчүн болсо, буга окшогон окуя шаръий жактан мункар болушу керек, анткени муну менен, эгер сахабалар кайтарышпаса, анда мункарга сүкүт сактаган болуп калышмак. Бул кат белгилүү бир казыга жазылган, ал умумий эмес. Бул окуя кийинчерээк белгилүү болуп кеткен болсо да, сахабалар заманында белгилүү окуялардан болгон эмес. Кала берсе, ал адатта мункар деп эсептеле турган иштерден эмес эле. Себеби, мында шарият четке каккан нерсе жок. Мындан тышкары, каттын мазмуну «кечеги чыгарган өкүмүңдү жокко чыгар» дегени эмес, тескерисинче, «анын ката экендиги сага белгилүү болуп калса, дагы бир окуяда дагы ошондой өкүм чыгаруудан кайткын, башкача өкүм чыгаргын» дегени. Ошондуктан, «акыйкатка кайтышың...» деди. Өкүмүңдөн кайтышың, - дебеди. Акыйкатка кайтуу – ката райды таштап, туурасына кайтуу дегени. Мында өкүмдү бекер кылуу мүмкүн экендигине эч кандай далил жок. Ошондуктан, Исламда «сот үлгүсү» деген нерсе болбойт (т.а. кайсы бир иш боюнча өкүм кылынган алгачкы соттун чечими башка ушуга окшогон бардык иштерге чечим кылынып алынбайт). Эгер казы тарабынан кайсы бир ишке белгилүү бир өкүм чыгарылган болсо, ушуга окшош башка ишке башка казы да сөзсүз дал ушундай өкүм чыгарышы керек эмес. Ошол эле алгачкы ишке өкүм чыгарган казы кийин так эле ушундай жаңы маселеге кезиксе, анын өзү да башкача өкүм чыгарышы жайиз. О.э. так ушуга окшош маселеде башка казы тарабынан башкача өкүм чыгарылышы да жайиз. А бирок, мына ошол биринчи иште Аллахтын өкүмү өз күчүндө калат. Казынын бул өкүмдөн кайтышы адал эмес, аны өзгөртө албайт дагы. Ушундан

келип чыккандай, Исламда кассациялык сот да, апелляциялык сот да болбойт. Токтом чыгаруу жагынан казылык бир гана даражада (инстанцияда) болот. «Бир ижтихад өзүнө окшогон башка бир ижтихадды жокко чыгарбайт», - деген шаръий коида бар. Арийне, эч бир мужтахид башка бир мужтахидге каршы хужжат боло албайт. Башка мекемелердин өкүмүн жокко чыгара турган мекемелердин болушу жайиз эмес.

Бирок, казы Ислам шарияты менен эмес, куфр өкүмү менен өкүм чыгарса; Китеп, сүннөт же ижманын бирер катъий нусусуна тескери өкүм чыгарса; вакыйлыктын акыйкатына тескери өкүм чыгарса (мисалы «атайлап адам өлтүргөн катыл» деп, бир адамдын үстүнөн «касас» б.а. өч алуу өкүмүн чыгарса, бирок, кийин чыныгы катыл белгилүү болуп калса), мындай абалдарда казынын өкүмү жокко чыгарылат. Мунун далили ушул хадис: «Кимде-ким бул ишибизде андан болбогон бирер нерсе пайда кылса, ал рад кылынат (жокко чыгарылат)». (Бухарий жана Муслим риваяты). Жабир ибн Абдулла риваят кылат: «Бир киши бир аял менен зина кылды. Расулуллох ﷺ ага дарра урууну буйруду. Кийин ал кишинин үй-бүлөлүү экендигин айтышты. Расулуллох ﷺ аны ташбараң кылууга буйруду». Малик ибн Анас риваят кылат: «Усман ибн Аффандын алдына алты айда төрөп койгон бир аялды алып келишти. Усман ؓ аны ташбараң кылууга буйруду. Ошондо, Али ибн Абу Талиб ؓ: «Ал ташбараң кылынбашы керек, себеби, Аллах Таала:

وَحَمْلُهُ وَفِصَالُهُ ثَلاَثُونَ شَهْرًا

***«Аны боюнда көтөрүү жана эмчектен чыгаруу – отуз ай».*** **[46:15]**

- деди, жана дагы:

وَالْوَالِدَاتُ يُرْضِعْنَ أَوْلاَدَهُنَّ حَوْلَيْنِ كَامِلَيْنِ لِمَنْ أَرَادَ أَن يُتِمَّ الرَّضَاعَةَ

***«Энелер балдарын толук эки жыл эмизишет.*** *(Бул өкүм)* ***эмизүүнү кемчиликсиз кылмакчы болгон адамдар үчүн».*** **[2:233]**

- деген. Демек, кошбойлуулук мөөнөтү алты ай. Буга ташбараң кылынбайт», - деди. Ошондо Усман ؓ өкүмдү жокко чыгарган. Бирок, аял ташбараң кылынып бүткөн эле». Абдурраззак имам Саврийден риваят кылат: «Эгер казы Аллахтын Китебине, же Расулунун сүннөтүнө, же сахабалар ижма кылган бир ишке тескери өкүм чыгарса, андан кийинки казы мындай өкүмдү жокко чыгарат».

Мындай өкүмдөрдү жокко чыгаруу укугуна бир гана мазолим казысы ээ болот.

## Мухтасиб

Мухтасиб – жалпынын акысы болуп эсептелген бардык иштерди көрүп чыгуучу казы. Мындай иштерде даабагер болбойт. Булар кылмыш жана жаза чөйрөсүнө кирбей турган иштерден болушу керек.

Бул мухтасиб казысынын аныктамасы. Бул аныктама «даам үймөгү» хадисинен алынды. Расулуллох ﷺ базар айланып жүрүп, жайма тактага

үйүп коюлган даам-азыктардын астына колун салып, нымдуулукту сезип калган. Адамдар көрүп-билип алуулары үчүн, сатуучуга алардын ным тартканын үстүнө чыгарып коюуну буйруган. Бул адамдардын акысы болгондуктан, Расулуллох ﷺ муну көрүп, алдоону жок кылуу үчүн, астындагы ным болон азыктарды үстүнө чыгарып коюуга өкүм кылды. Бул иш ушул сыяктуу бардык акы-укуктарды өз ичине алып, кылмыш жана жаза-чараларды өз ичине албайт. Себеби, булар андан эмес. Кылмыш жана жаза-чаралар адамдардын ортосундагы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылат.

## Мухтасибдин салахияттары

Мухтасиб бирер мыйзам бузуу белгилүү болуп калса, эч кандай «өкүм межлиси»сиз ошол жердин өзүндө өкүм чыгаруу укугуна ээ. Мухтасибдин кол астында анын буйруктарын аткаруу үчүн миршабдар болот. Мухтасибдин өкүмү дароо аткарылат.

Мухтасиб бир ишти карап чыгышы үчүн өкүм межлисинин зарылдыгы жок. Жүз бергендиги анык болору менен эле мыйзам бузуунун үстүнөн өкүм чыгарат. Ал базардабы, үйдөбү, ат үстүндөбү, автомобилдеби, күндүзбү, түнкүсүнбү, кайда болбосун, качан болбосун, өкүм чыгаруу укугуна ээ. Бир ишти карап чыгуу үчүн өкүм межлисинин шарт экендиги келген хадисте мындай деп келет: «Акимдин алдында эки даабалашуучу отурат», «Эгер эки даабагер сенин алдыңда отурушса». Мындай абал мухтасиб казысында жок. Себеби, мында даабагер да, айыпталуучу да жок. Мында жалпынын акысына кол салуу же шариятка карата мыйзам бузуу бар. Расулуллох ﷺ базарда жүрүп, соодага коюлган даам үймөгүндөгү алдамчылыкты көргөндө, сатуучуну чакырып отурбады, мыйзам бузууну көрөрү менен аны ошол жердин өзүндө чечти. Бул болсо, мухтасиб казылыгында өкүм межлисинин бар болушу шарт эместигине далил болот.

Мухтасиб мухтасибдик шарттары толук табылган адамдардан өзүнө наибдерди тандап алышы мүмкүн. Аларды түрдүү тараптарга дайындайт. Бул наибдер да өздөрүнө белгиленген регион же айылдарда өздөрүнө тапшырылган иштер боюнча мухтасибдикти аткаруу укугуна ээ болушат.

Бул болсо, мухтасиб халифа тарабынан дайындалган болсо, ушул дайындоо менен бирге мухтасибдин өзүнө наиб дайындоо укугу берилгени көрсөтүлүп коюлушуна байланыштуу болот. Эгер мухтасиб башкы казы тарабынан дайындалган болсо, ага ушундай укук берилгени көрсөтүп коюлушу шарт. Буга кошумча, башкы казынын дайындалышы менен бирге, анын өзү дайындап жаткан казыга өзү үчүн наиб дайындоо укугун бериш вакалаты бар экендиги көрсөтүп коюлган болушу шарт кылынат. Башкы казынын дайындалышы келишиминде бул нерсе көрсөтүлбөсө, ал өзү дайындап жаткан казыга өзү үчүн наиб дайындоо укугун бере албайт. Т.а. мухтасиб өзүнө наиб дайындоо укугуна ээ болбойт. Мухтасиб же казыбы, же мазолим казысыбы – баары өзүнө наиб

дайындоо укугуна халифа казыны дайындоо келишиминде көрсөтүп койгон болсо гана ээ болот, же башкы казыга казыларды дайындоо укугу жана өзү дайындаган казыга өзү үчүн наиб дайындоого уруксат берүү укугу берилген болушу керек. Буга себеп, казы мухтасибдик сыяктуу белгилүү бир казылыкка дайындалды, эми анын өзүнө наиб дайындоо укугуна ээ экендиги көрсөтүлбөгөн болсо, демек, дайындоо укугуна ээ болбойт. Казы да, мазолим казысы да бул жаатта бирдей. Алардын бардыгы тең дайындоо келишиминин текстинде көрсөтүлгөнү боюнча өкүм кылууга дайындалган. Мындан башкасына ээ эмес т.а. казылар ушул дайындоо укугуна дайындоо токтомунда көрсөтүлгөн болсо гана ээ болот. Мухтасибге анын иштерин аткаруучу наиб дайындоо укугу казы дайындоо текстинде белгиленген болсо гана берилет. Башкы казы да так ушундай. Казынын өзүнө наиб дайындоосу жайиз экендигине келсек, Расулуллох ﷺга бир маселе алып келингенде, аны чечүү үчүн ордуна бирөөнү дайындаган. Мисалы, Расулуллох ﷺдын алдына келип, уулун бир адамга кызматкер кылып бергенин, уулу болсо анын аялы менен зина кылгандыгын айткан аъробий окуясын алып көрөлү. Ал адам мунун өкүмүн сурайт. Бул окуя жөнүндө Расулуллох ﷺ: «Эй Унайс, ошол аялдын алдына бар, эгер тан алса, ташбараң кыл ... », - деп буйруду. (Бухарий менен Муслимдин Абу Хурайра жана Зайд ибн Холид Жуханийден риваяты). Бул далалат кылган нерсе, казы өзү белгилеп берген бир ишке өзүнөн наиб жөнөтүшү мүмкүн. Мухтасиб да так ушундай. Себеби, ал да казы болуп эсептелет. Казынын бул дайындоосу мыйзамдуу болушу үчүн ал өз наибине өкүм чыгарууну толук тапшырышы керек т.а. ишти өзү карап чыгышы жана өзү өкүм чыгара турган болушу керек. Себеби, казылык – мажбурлуу түрдө аткарылчу шаръий өкүмдү дайын кылуу дегени. Мына ушул мааниде казылык бөлүнгүс иш болуп эсептелет т.а. ишти карап чыгуу үчүн дайындап, ал эми өкүм чыгаруу үчүн дайындабай коюу жайиз эмес. Дайындоо толук болушу керек, анткени муну менен, ал казы болот жана анын иш процесси да туура болот. Анын өзү өкүм кылбаган күндө да, амалы мыйзамдуу болот. Себеби, өкүм ал тарабынан гана болушу шарт эмес. Анткени, бир казы бир ишти көрүп бүтпөй калышы, өкүм чыгарбай туруп казылыктан четтетилиши жана ишти башка бир казы карап чыгып, өкүм кылышы жайиз. О.э. казынын наибинин да бир гана өзү өкүм чыгарышы шарт эмес Бирок, аны дайындоо маалында ага ишти карап чыгуу жана өкүм чыгаруу укугу берилиши шарт. Т.а. ал дайындалган иште казынын бардык укуктары менен казы болуп дайындалышы шарт. О.э. мухтасиб да, эгер анын дайындалышында өзүнө наиб кылуу укугу берилгени көрсөтүлгөн болсо, өзүнө наибдерди дайындап, аларды кайсы иш үчүн жана кайсы жерге дайындаган болсо, аларда ошол жерде ошол ишти карап чыгуу жана өкүм чыгаруу укуктары бар болот. Дайындалып жаткан наиб мусулман, азат, адилеттүү, балагатка жеткен о.э. өзү көрүп жаткан иштерде факих

болушу шарт. Мухтасибдик шарттары ал дайындаган наибге да коюлат. Себеби, наиб да ал сыяктуу эле казы болуп эсептелет.

## Мазолим казысы

Мазолим казысы – мамлекетте жүз берген, же мамлекет тарабынан мамлекет ичинде жашап жаткан өзүнүн же башка мамлекеттин жарандарына карата боло турган зулумдарды жок кылуу үчүн дайындала турган казы. Бул зулум халифа тарабын болобу, же андан төмөнкү акимдер же кызматкерлер тарабын болобу, мунун баарын мазолим казысы карап чыгат.

Мына ушул мазолим казысынын аныктамасы. Расулуллох ﷺдан кылынган риваят мазолим казысына негиз болуп эсептелет. Расулуллох ﷺ акимдин өкүм жүргүзүүсүүндө өз жаранына карата кылып жаткан негизсиз ишин зулум деп көрсөттү. Анас ؓдан риваят кылынат, Расулуллох ﷺдын заманында баалар көтөрүлүп кетти. «Я Расулуллох, бааны белгилеп койбойсузбу», - дешти. Ошондо Расулуллох ﷺ: «Жаратуучу, алуучу, мол кылуучу, ырыскы берүүчү жана бааны белгилөөчү – Аллах Таала. Мен Аллахка бирер адам менден мал же канда жеткирген зулумду талап кылбаган абалда жолугууну үмүт кыламын», - деп жооп берди. (Ахмад риваят кылган). Бааны белгилеп коюуну зулум деп атады. Эгер бааны белгилеп койгондо өзү акылуу болбогон ишти кылган болот эле. О.э. адамдар үчүн мамлекет белгилеп-тартиптештирип бере турган умумий акы-укуктарда пайда боло турган иштерди карап чыгууну мазолим мекемесинин иштеринен кылып белгиледи. Мисалы, умумий суудан бардык адамдардын өз короосун сугарышы. Расулуллох ﷺ Зубайр ибн Аввам менен ансарлардан бир кишинин суу талашканын карап чыкты. Ал жерде өзү туруп: «Эй Зубайр, сен сугарып бүтүп, кошунаңа өткөрүп жибер», - деди. (Бухарий жана Муслим риваяты). Бул эки хадистен түшүнүлгөндөй, аким тарабынан же мамлекеттик мекемелердин бирер буйругу тарабынан кайсы бир адамга карата жүз берген мыйзам бузуу – зулум деп этибар кылынат. Муну карап чыгуу боюнча халифага, же ал өзүнө наиб кылган мазолим казысына даттанылат.

## Мазолим казыларын дайындоо жана иштен бошотуу

Мазолим казысы халифа же башкы казы тарабынан дайындалат. Ал эми аны бошотуу, мухасаба кылуу, тартипке чакыруу же башка ишке которуу болсо халифа тарабынан, же халифа мындай укукту берген болсо мазолим мекемеси тарабынан ишке ашырылат. Бул нерсе төмөнкүдөн келип чыгат. Зулумдарды карап чыгуу башкарууга тиешелүү, ал эми башкаруу укугуна болсо халифа гана ээ. Демек, мазолим жетекчисин дайындоо халифа тарабынан болот. Кала берсе, зулумдарды карап чыгуу да казылыктан болуп эсептелет. Себеби, бул да мажбурлуу түрдө аткарылчу шаръий өкүмдү дайын кылуу болуп эсептелет.

Расулуллох ﷺ өзү казыларды дайындаганы себептүү, казыны халифа дайындайт. Булардын бардыгы мазолим казысын халифа гана дайындоосу мүмкүн экендигине далил болот. О.э. эгер халифа башкы казыны дайындоо буйругунда көрсөтүп койгон болсо, аны башкы казы да дайындайт.

Мазолим казысын четтетүүгө келсек, түпкүлүгүндө, аны дайындоо укугу халифада болгону сыяктуу эле, четтетүү укугу да аныкы. Расулуллох ﷺ мазолим казылыгын өзү аткарган. Мазолим казылыгына умумий дайындоо менен казы дайындаганы риваят кылынган эмес. Хулафаи рошидиндер да мазолимге эч кимди дайындашкан эмес. Али ﷺ мазолим казылыгын өзү аткарган. Бир канча зулум иштерин өзү көрүп чыккан. Абдулмалик ибн Марван халифа болгондон кийин, ал зулумдар үчүн атайын күн белгилеп, жарандардын арыздарын көңүл коюу менен менен карап чыккан. Муну түздөн-түз өзү кылбаган, кайсы бир проблемада чечимге муктаж болуп калса, аны казысы Абу Идрис Аздийге сунуштаган. Абу Идрис мазолим казылыгынын казысы болгон. Момундар амири Умар ибн Абдулазиз халифа болгондон кийин, мазолим казылыгын өзү аткарды. Умавийлерден зулум көргөн мазлумдардын акысын өз ээлерине кайтарды. Аббасийлер доорунун ортолоруна келип, халифалар мазолим ишин көрүп чыгууну атайын дайындалган мазолим казысына тапшыра турган болушту. Мына ошондон тартып, мазолим казылыгы халифадан бөлүнүп өз алдынча болуп калды. Мурда аны халифанын өзү аткарчу. Халифанын зулумдарды карап чыгууга акысы бар. Ал бул укуктун ээси болуп эсептелет. О.э. анын зулумдар үчүн атайын казы дайындоого да акысы бар. Бир казыны бошотуп, ордуна башкасын коюу укугуна да ээ. Бул иштер халифа үчүн жайиз т.а. мубах иштерден болуп эсептелет.

Халифа о.э. мазолим казысын тергеп-тескеши, тартипке чакырышы, алып ташташы да мүмкүн. Себеби, халифа зулумдар үчүн да, зулумдарды карап чыгууда өзүнө наиб кылган казы үчүн да жоопкер. Халифа мазолим казыларын бошотуу, эсеп-китеп кылуу, тартипке чакыруу же алмаштыруу укугун мазолим казыларынын өздөрүнө же башкы казыга тапшырышы мүмкүн. Ошондой кылса, алар да мазолим казыларын четтетүү, эсеп-китеп кылуу, тартипке чакыруу укугуна ээ болушат.

Мазолим казылары бир же бир нече адамга чектелбейт. Халифа зулумдарды жоюу үчүн канча казы керек болсо, ошончо казы дайындайт. Бирок, түздөн-түз өкүм чыгарылып жатканда, өкүм чыгаруу укугу бир гана казыда болот. Өкүм чыгаруу межлиси маалында аны менен бирге мазолим казыларынын бир тобу отурушу жайиз. Бирок, алар кеңеш берүү укугуна гана ээ болушат. Казы болсо алардын райын алууга мажбур эмес.

Буга себеп, халифа өзүнө наиб боло турган адамдарды бир же бир нече кылып дайындашы мүмкүн. Бирок, мазолим казылары бир нече болсо да, зулумдарды кароо салахияты бөлүнбөйт, алардын ар бири

зулум ишин көрүп чыгуу салахиятына ээ. Халифанын болсо бир вилаяттагы зулумдарды карап чыгуу үчүн мына ошол вилаятка бир казыны дайындап коюшу жайиз, айрым бир маселелерди карап чыгууга дайындап коюшу да жайиз. Халифа казыны зулумдар үстүнөн умумий же хос көзөмөлдөөчү кылып жана бүтүндөй мамлекетке, же бир шаар же регионго көзөмөлдөөчү кылып дайындашы мүмкүн. Ал эми түздөн-түз бир ишти карап жатканда мазолим казысы бир нече болбошуна келсек, буга себеп жогоруда айтып өткөнүбүздөй, бир маселени карап чыгууда казынын бир нече болушу жайиз эмес. Бир жерде болсо бир нече казылардын бар болушу жайиз. Бирок, аны менен бирге мазолим казыларынан бир тобунун – болгону кеңеш берүү үчүн – отурушу жайиз, бирок, райда ага шерик боло алышпайт. Бул да казынын ыраазылыгы жана ыктыярына байланыштуу. Эгер ал каалабаса жана бирге отурушуна каршылык билдирсе, бирге отурушпайт. Себеби, ага тапшырылган ишти карап чыгуудан алаксыта турган кимдир бирөөнүн отурушу мүмкүн эмес. Бирок, өкүм межлисинен чыккандан кийин ушул иш тууралуу алар менен кеңеше берет.

## Мазолим казысынын салахияттары

Мазолим казысы халифаны иштен бошотуу укугуна ээ болгону сыяктуу эле, ар кандай аким жана кызматкерди да иштен бошотуу укугуна ээ.

Арийне, мазолим казысы акимдерди иштен алуу укугуна ээ болот. Анткени, аким акимдикке дайындоо келишими менен коюлган. Буга себеп, өкүм жүргүзүү укугу да, дайындоо укугу да халифаныкы экендиги. Дайындоо келишим болуп, ал ачык сөздөр менен болушу керек. Демек, халифа дайындаган акимди иштен бошотуу мына ушул келишимди жокко чыгаруу болуп эсептелет. Албетте, халифа мындай укукка ээ. Себеби, Расулуллох ﷺ валийлерди дайындаган жана бошоткон, хулафаи рошидиндер да валийлерди ишке коюп, иштен алган. О.э. халифа ишке дайындоо жана бошотуу үчүн өзү дайындаган адамды өзүнө наиб кылууга акылуу. Бирок, мазолим мекемеси халифага наиб катары акимдерди бошотуу укугуна ээ болбойт. Себеби, бул мекеме ишке дайындоо жана бошотууда халифага наиб эмес, ал зулумдарды көрүп чыгууда гана наиб болуп эсептелет. Эгер бирер акимдин өз милдетинде турушу зулум боло турган болсо, мазолим мекемеси бул зулумду жоюу укугуна т.а. бул акимди иштен алуу укугуна ээ болот. Б.а. мындай абалдарда акимди иштен бошотуудагы салахияты халифага наибдик эмес, зулумду жоюу болуп саналат. Ошондуктан, мазолим мекемеси кимге иштен бошотуу өкүмүн чыгарса – халифа буга ыраазы болбосо да – ал иштен алынат. Себеби, мындай абалда анын иштен бошотулушу зулумду жоюу үчүн чыгарылган өкүм болуп эсептелет. Бул абал бардыгына – халифага да – тийиштүү. Себеби, казынын өкүмү элдин баарына бирдей. О.э. мазолим мекемесинин халифаны бошотуудагы укугу да анын зулумду жоюу үчүн чыгарган өкүмү. Себеби, эгер халифа

иштен четтетиле турган абалга түшүп калса, же алып таштоо важиб боло турган абалга түшүп калса, анын ушул абалда да халифа болуп кала бериши зулум болот. Мазолим мекемеси болсо зулумду жоюуга т.а. халифаны иштен четтетүүгө өкүм кылат. Мына ушундан мазолим мекемесинин халифаны бошотуу жөнүндөгү өкүмү зулумду кетирүү өкүмү экендиги келип чыгат.

Мазолим мекемеси ар кандай зулумду карап чыгуу укугуна ээ болот. Бул зулум мамлекеттик жихаздагы адамдарга тиешелүү болобу, же халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери иш кылышына тиешелүү болобу, же халифанын табанний кылуу алкагындагы дустур, мыйзам жана башка шаръий өкүмдөрдөгү мыйзамдын тексти маанилерине тиешелүү болобу, же салык салуу жана башкаларга тиешелүү болобу, айырмасы жок.

Мунун далили, сахабалар бааны белгилеп коюуну талап кылышканда, Расулуллох ﷺдын муну четке кагып, баа белгилеп коюуну зулум деп санагандыгы о.э. акимдин сугатта адамдардын кезегин туура эмес тартипке салып коюшун да зулум деп эсептегендиги. Булар көрсөтүп тургандай, эгер акимдин иши акыйкатка тескери же шарият өкүмдөрүнө тескери болсо, зулум болот. Акыйкатта болсо, Расулуллох ﷺ мусулмандардын акими жана алардын мамлекет жетекчиси болчу.

О.э. мамлекет жихазындагы бир адам жихаз иштеринин кайсы бирин эгер акыйкатка тескери жана шариятка тескери кылып аткарса, ал зулум деп этибар кылынат. Себеби, ал жихазда халифа наиб кылган иште халифага наиб болуп эсептелет.

Бул аркылуу бааны белгилөө темасындагы хадис халифанын мыйзам бузуусу зулум экендигине далил болот. Мазолим мекемеси зулумдарды карап чыгууда салахият ээси болуп эсептелет.

Дустур же мыйзам тексттеринин бирин карап чыгуу маселесине келсек, дустур – бул негизги мыйзам, мыйзам болсо – султандын буйругу. Аны карап чыгуу султандын ишин карап чыгуу болуп эсептелет. Бул баа белгилөө темасындагы хадистин ичине кирет. Себеби, бул халифанын иштерин карап чыгуу болуп саналат. Мындан тышкары, Аллах Таала мындай дейт:

فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللّهِ وَالرَّسُولِ

***«Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө тартышып калсаңар, ал нерсени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**

Т.а. силер иш ээлери (жетекчилер) менен бирер маселеде тартышып калсаңар. Дустур же мыйзам беренелеринин биринде тартышуу шарият өкүмдөрүнүн биринде жаран менен жетекчилер ортосундагы тартышуу болуп, бул албетте Аллах жана Расулуна кайтарылат. Бул болсо, мазолим мекемесине кайтаруу менен болот т.а. Аллах жана Расулунун өкүмүнө кайтаруу ушул болот.

Мазолим казысынын бирер салыкты салуу маселесин карап чыгуудагы

салахияты болсо, Расулуллох ﷺдын төмөнкү хадисинен келип чыккан: ««Мен мал жана жанда туура эмес өкүм кылуу менен кылып алган зулумду бирер киши менден талап кылбаган абалда Аллахка жолугууну үмүт кыламын» (Ахмаддын Анастан риваяты). Халифанын туура эмес жол менен жарандардан мал-мүлк жыйып алышы зулум болот. Шарият жарандын үстүнө важиб кылбаган малды алуу зулум болуп эсептелет. Ошондуктан, мазолим мекемеси салыктарды карап чыгууга акылуу, себеби, бул жарандан жыйып алына турган мал. Салык бакырларды тамактандыруу үчүн алына турган мал сыяктуу шарият мусулмандардын үстүнө важиб кылган мал болсо, бул салык зулум болбойт; ал эми, өтө муктаждык болбогон, мисалы, тосмо куруу үчүн алына турган мал сыяктуу, шарият жарандын үстүнө важиб кылбаган салык болсо, бул жоюлушу важиб болгон зулум болот. Ушундан улам, мазолим мекемеси – салыктын зулум же зулум эместигин экендигин аныктоо үчүн – салыктарды карап чыгуу укугуна ээ.

Мамлекет жихазындагы адамдарга тиешелүүбү, же халифанын шарият өкүмдөрүнө тескери иш кылганына тиешелүүбү, же халифанын табанний кылуу алкагындагы мыйзам же дустур тексттеринин биринин маанисине тиешелүүбү, же бирер салык салууга тиешелүүбү, же мал жыйып алууда мамлекеттин жарандарга жабыр көрсөтүшүнө, же жумушчу жана аскерийлердин айлык акыларын кыскартышына, же аларга бөлүнө турган каражаттарды кечиктиришине тиешелүүбү – ар кандай зулумдарга өкүм чыгарууда өкүм межлиси шарт кылынбайт. Жоопкердин катышуусу же даабагердин бар болушу да шарт эмес, тескерисинче,  эч ким дааба кылбаса да, мазолим мекемеси зулумду көрүп чыгуу укугуна ээ.

Себеби, даабагердин жоктугу себептүү кылмыш ишин карап чыгууда өкүм межлиси шарт экендиги баян кылынган далил мазолим мекемесине туура келбейт. Анткени, мында даабагердин да, айыпталуучунун да болушуна муктаждык жок. Себеби, ал зулум болгон же болбогондугун аныктайт. Ушуга ылайык, өкүм межлисинин шарт экендиги баян кылынган далил мазолим мекемесине туура келбейт. Абу Давуд жана Ахмад Абдулла ибн Зубайрдан риваят кылат, Абдулла айтат: «Расулуллох ﷺ акимдин алдында эки даабалашуучу отурат, - деп өкүм чыгарды». О.э. Али ؓга: «Эки даабалашуучу сенин алдыңда отурса», - деди. Ушуга ылайык, мазолим мекемеси зулум пайда болушу менен эч нерсеге карабастан (жерге да, убакытка же өкүм межлисине да) аны көрүп чыгуу укугуна ээ. Бирок, мазолим мекемеси салахияттары жагынан туткан ордуна карай ага айбаттуулук жана улуулук тартуулай турган нерсе менен курчалган болсо зыяны жок. Мисир жана Шамда султандар заманында зулумдарды көрүп чыга турган султан межлиси болуп, ал «Дарул-адл» деп аталган. Ал межлиске султан өзүнөн наибдерди дайындачу, анда казылар жана факихтер катышчу. Мукризий өзүнүн «Шахтар мамлекеттерин билүүгө жол» деп аталган чыгармасында

төмөнкүлөрдү келтирет: «Султан Айюб ибн Мухаммад «Дарул-адл»га өзүнөн наибдерди дайындаган, алар зулумду жоюу үчүн отурушкан. Алар менен бирге күбөлөр, казылар жана факихтер да болор эле». Мазолим мекемеси үчүн заңгыраган имарат куруп алышынын зыяны жок, айрыкча, бул аркылуу адилеттүүлүктүн айбаты көрүнүп турса. Бул мубах иштерден.

## ИДАРИЙ ЖИХАЗ

Мамлекеттин иштерин жана адамдардын кызыкчылыктарын идара кылууну масолих (башкармалык), даваир (бөлүм) жана идаралар өз мойнуна алышат. Алар мамлекеттик иштерди өнүктүрүү жана адамдардын кызыкчылыктарын ишке ашыруу иштерин аткарышат. Ар бир масолих, ар бир даваир жана идарага анын ишин башкара турган жана андан түздөн-түз жоопкер болгон мүдүрлөр дайындалат. Бул мүдүрлөр өз иштери боюнча өз жетекчиликтери алдында жоопкер болушат. Шаръий өкүмдөргө жана коомдук тартиптерге моюн сунууда валий жана аамилдин алдында жоопкер болушат.

### Идарий жихаз башкаруу эмес, башкаруунун услубу болуп эсептелет

Идарий жихаз – бул ишти аткаруу услубдарынын жана каражаттарынын бири. Бул өз алдынча далилге муктаж эмес, ал үчүн анын негизине далалат кыла турган умумий далил жетиштүү болот. «Бул услубдар пенденин кылган иштери, алар шаръий өкүмдөргө ылайык болушу керек» деп айтылбайт. Себеби, бул иштердин негизине жалпы көрүнүштө шаръий далил келген жана ал андан тармакталып чыга турган ар бир ишти өз ичине алат. Бирок, тармакталып чыгуучу иштерге атайын далил келген болсо, анда ошол далилге ылайык жүргүзүлөт. Мисалы, Аллах Таала:

وَآتُواْ الزَّكَاةَ

***«Зекетти бергиле»***

- деген. Бул умумий далил. Эми андан тармакталып чыга турган иштерге т.а. зекет нисабы, зекет жыюучулар жана зекет алынуучу тайпалар үчүн далил келген. Булардын бардыгы *«Зекетти бергиле»* аятынан тармакталып чыгуучу иштер. Зекет жыюучулардын зекетти кандай жыюулары үчүн далил келбеген: Алар бул ишти атчан аткарышабы же жөөбү? Бул ишке жардамга адам жалдашабы же жокпу? Дептерлерге жазып эсептешеби? Аны чогултуу үчүн бирер жай даярдап коюшабы? Чогулган нерселерди сактоо үчүн казына кылып алышабы? Бул казыналары жер астында болобу же кампаларга окшоп жер бетинде болобу? Накталай акча зекеттерди каптарда сакташабы же сандыктардабы? Бул жана ушул сыяктуу иштер да *«Зекетти бергиле»* аятынан тармакталып чыга турган иштер болуп, умумий далил булардын бардыгын өз ичине алат. Себеби, аларга өзүнө хос болгон атайын далил келген эмес. Бардык услуб жана каражаттарда ушундай. Умумий далил келген «асл иш»тин тармагы болгон иш-аракет «услуб» деп аталат. Ага далил келтирүүнүн зарылчылыгы жок, негиздин умумий далили ал үчүн да далил болот.

Ал эми идарий башкаруу ишин жолго коюу т.а. жарандардын кызыкчылыктарын идара кыла турган бир адамды дайындоо болсо

фаръий (тармакталып чыккан) иш эмес, асл иш болуп, ал далилге муктаж. Анын далили болсо, Расулуллох ﷺдын иштери. Расулуллох ﷺ өзү өкүм кылып, өзү идара кылган. Расулуллох ﷺ өзү рисалатты жеткирүүчү, аткаруучу о.э. мусулмандардын кызыкчылыктарын ишке ашыруучу болгон. Жеткирүүчү болгону ачык-айкын. Ал эми аткаруучу болгонуна келсек, аткарууга буйруп вахий келчү: садака алуу, уурунун колун кесүү, зина кылуучуну ташбараң кылуу, дооматчыны дарралоо, согушуп жаткан душманды өлтүрүү – булардын бардыгы аткаруу эле. Буттарды өз колу менен жок кылар эле, же жок кылуу үчүн адам жикберет эле, мушриктерди өлтүрүп, туткунга алар эле – булардын бардыгы аткаруу болчу. Адамдарды адилеттүүлүккө буюруп, адилеттүүлүктү орнотор эле, түрдүү козголоңчуларга козголоңдорунун түрүнө карай хаддарды белгилейт эле, адамдарды өзү алып келген бардык нерсеге мажбур кылчу эле – булар да аткаруу болгон.

Кызыкчылыктарды жүзөгө чыгарууга келсек, Расулуллох ﷺ жогоруда айтылгандардын катарында кызыкчылыктарды да идара кылган. Кызыкчылыктарды идара үчүн катчыларды дайындаган. Расулуллох ﷺ Мединада адамдардын кызыкчылыктарын идара кылган жана бул иштерди аткаруучу адамдарды дайындаган. Мисалы, Расулуллох ﷺ келишимдерди түзгөндө, Али ибн Абу Талиб رضي الله عنه катчылык кылчу: сулх түзсө, сулхтун матнин жазчу. Бул болсо, өкүм жүргүзүү эмес, идара кылуу болуп эсептелет. Муъайкиб ибн Абу Фатима мөөр басуучу эле. Бул да өкүм жүргүзүү эмес, идара кылуу. Бухарий «Тарых» китебинде Ияс ибн Хариса чоң атасы Муъайкибден кылган бир риваятты келтирген: «Расулуллох ﷺдын күмүш капталган темир шакеги бар эле. Ал көбүнчө менде турчу. Муъайкиб Расулуллох ﷺдын шакеги (мөөрү) үчүн жооптуу эле». Муъайкиб ибн Абу Фатима олжолор боюнча да катчы болгон. Бул да идара кылуу болуп, өкүм жүргүзүүгө кирбейт. Хузайфа ибн Яман Хижаз түшүмдөрүн чамалап жаза турган катчы болгон. Бул да өкүм жүргүзүү эмес, идара кылууга кирет. Абдулла ибн Аркам уруулар жана сугат жерлерде жашап жаткан адамдар боюнча катчы болгон ж.б… Булардын бардыгы Расулуллох ﷺдын өкүм да жүргүзүп, ошол эле учурда, идара да кылгандыгына далил болот. Бирок, Расулуллох ﷺ мүдүрлөргө аткаруу үчүн дайындалган иштерди белгилеп берген т.а. олжолордун эсеп-китеби, же мөмөлөрдүн болжолдуу өлчөмүн белгилөө ж.б... Бирок, Расулуллох ﷺ ал иштерди аткаруу үчүн колдонула турган фаръий иштерди белгилеп бербеген. Бул болсо, ушул иштер негизден келип чыгуучу фаръий иштер экендигин көрсөтөт. Демек, кимге бир ишти аткаруу буйрулган болсо, ал ошол ишти аткарууга жардам бере турган ар кандай услубду тандашы мүмкүн. Бул аркылуу кызыкчылыктар эң оңой жол менен жүзөгө чыгарылат.

### Кызыкчылыктарды жүзөгө чыгаруу иштерди башкарууга кирет

Кызыкчылыктарды жүзөгө чыгаруу иштерди башкаруу түркүмүнөн болгондуктан – иштерди башкаруу болсо халифанын укугу – халифа өзү каалаган идарий услубду тандап алышы жана ага амал кылууга буйрушу мүмкүн. Ал бардык идарий мыйзамдарды чыгаруу жана аларга амал кылууга буюруу укугуна ээ. Себеби, булар фаръий иштер болуп, халифанын алардын бирине буюрушу, башкасын коюп, ага гана мажбурлашы жайиз. Бул убакта ага итаат кылуу важиб болот. Себеби, бул халифа табанний кылган өкүм алкагындагы иштерге мажбурлоо болуп эсептелет. Бул болсо, башкасын таштоону т.а. башкасына тыюу салууну талап кылат. Бул шаръий өкүмдөрдү табанний кылуу менен бирдей, ошондуктан, мында шаръий өкүмдөрдөн тышкарыга чыгылбайт. Бул жерде: «Бул услубдар мубах амалдар. Ар бир адам өзү көздөгөн услубду колдонушу мүмкүн. Эгер халифа бир мубах ишке мажбурласа, башкасынан кайтарса, мубахты арам кылган болуп калат», - деп айтылбайт. Себеби, халифа белгилүү бир бир услубду табанний кылса, бир мубахты важиб кылып, башкасын арам кылган болбойт. Тескерисинче, шарият ага берген өкүмдөрдү табанний кылуу укугун аткарууга алып бара турган васиталарды тандап алууну ишке ашырган болот. Демек, халифанын өкүмдөрдү табанний кылуу укугу – ошол өкүмдөрдү ишке ашырууга алып баруучу васиталарды табанний кылуу укугу да болот. Ошондуктан, халифа услубду да табанний кылуу укугуна ээ. Жарандардын милдети – ал табанний кылган нерселерди аткаруу. Эгер бир услубдан башкасынан кайтарса, жарандын аны кылышы жайиз эмес. Көңүл бурушубуз керек болгон нерсе, бул мубах нерсе иштерди башкаруу үчүн иштетиле турган мубах болуп, ага ылайык түрдө башкаруу үчүн халифага мубах. Себеби, башкаруу – анын укугу. Башкаруу бардыгына тең мубах эмес. Себеби, башкаруу укугуна бардыгы эле ээ болбойт. Ошондуктан, халифа табанний кылган өкүмдү аткаруунун важибдиги итаат кылуунун важиб экендигине кирет. Ал мубахты фарзга айландыруудан эмес.

## Идарий тафсилаттар

Идара кылуунун өзүн алып караганда ушундай. Эми анын тафсилаттарына келсек, алар идара кылуунун вакыйлыгынан алынган. Анткени, анын вакыйлыгын терең үйрөнүү менен белгилүү болгондой, бул жерде халифанын өзү же муавиндери аткара турган иштер бар болуп, алар өкүм жүргүзүүдөн т.а. шариятты аткаруудан, же болбосо, идара кылуудан т.а. адамдар үчүн фаръий кызыкчылыктарды жүзөгө чыгарып берүүдөн турган болушу мүмкүн. Бул кийинкиси болсо, услуб жана васиталарга муктаж болот. Мына ушундан, халифа халифалык жоопкерчиликтерин аткарууда муктаж боло турган иштерди идара кылышы үчүн халифага караштуу бир жихаз болушу керек. Дагы белгилүү болгондой, бул жерде адамдардын өздөрү жүзөгө чыгарууну каалай турган кызыкчылыктар болот. Булар жаранга тиешелүү иштер

болуп, аларды аткаруу үчүн да услуб жана васиталарга муктаж болунат. Мына ушундан, адамдардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн атайын жихаз болушу керек экендиги келип чыгат.

Бул жихаз масолих, даваир жана идаралардан турат. Масолих – бул мамлекеттин таалим, саламаттыкты сактоо, дыйканчылык, өнөржай жана башка тармактарын идара кылуучу эң жогорку уюму. Ал өзүн жана өзүнө караштуу төмөнкү даваир жана идараларды башкарат. Даваир: бул да өзү жана өзүнө караштуу идараларды башкарат. Идара: бул өз идара иштерин о.э. өзүнө караштуу бөлүм жана бөлүктөрдү башкарат.

Бул масолих, даваир жана идаралар мамлекеттин иштерин жүзөгө ашыруу, адамдардын кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн түзүлөт.

Бул масолих, даваир жана идаралар бир калыпта иштеши үчүн аларга жооптуу адам дайындалышы керек. Ар бир масолихке анын иштерин түздөн-түз башкаруу үчүн башкы мүдүр дайындалат. Бул мүдүр масолихке караштуу даваир жана идараларды башкарат. Ар бир даваир жана идара үчүн мүдүр дайындалат жана ал түздөн-түз өз идарасынын иши жана ага караштуу бөлүм жана бөлүктөр үчүн жооптуу болот.

Бул мамлекеттик идаралар вакыйлыгынын т.а. ал бүткүл жарандар жана Ислам мамлекети көлөкөсүндө жашаган бардык адамдар үчүн умумий жихаз экендигинин баяны. Кээ бир убактарда ал «Диван» деп да аталган. Бул идара же диван Расулуллох ﷺ заманында атайын бир тартипте болбогон. Ар бир тармакка катчы дайындалган жана ал мүдүр да, катчы да о.э. бардык идарий иштерге жооптуу да болгон.

Исламда биринчи болуп диван түзгөн адам Умар ибн Хаттаб ؓ болду. Диван түзүүнүн себеби мындайча болгон. Бир жолу ал өкүлдөрдү жөнөттү. Ошондо Умардын жанында Хурмузан бар эле. Ал Умар ؓга: «Бул өкүлдөргө акча бердиңиз. Алардын бирөөсү жоголуп кетсе же кечиксе, муну кайдан билесиз? Ошондуктан, аларга диван түзүңүз», - деди. Умар ؓ диван жөнүндө сурады. Хурмузан түшүндүрүп берди. Хариса ибн Нуфайлдан Аабид ибн Яхя риваят кылат: «Умар ؓ диван түзүү жөнүндө мусулмандар менен кеңешти. Али ибн Абу Талиб ؓ: «Ар жылы сизге чогулган мал-мүлктү бөлүштүрүп жибериңиз. Андан эч нерсени алып калбаңыз», - деди. Усман ибн Аффан ؓ: «Мал-мүлк абдан көп, адамдарга жетишерлик. Ким алды, ким албады, муну билүү үчүн эсеп-китеп кылынбаса, иш чачырап кетеби деп коркомун», - деп кеңеш берди. Валид ибн Хишам ибн Мугийра: «Шамда болгонумда, ал жердеги королдордун диван түзүшкөнүн жана кошуун кураганын көргөнмүн. Сиз диван түзүңүз, кошуун кураңыз, - деди. Умар ؓ анын сөзүн алды жана Укайл ибн Абу Талиб, Махрама ибн Навфал жана Жубайр ибн Мутъимдерди чакырып – булар Курайш жигиттеринен эле – аларга: «Адамдарды жашаган жайларына карай тизмеге жазгыла», - деп буйрук берди.

Иракта Ислам үстөм болгондон кийин, мурда болгону сыяктуу, мал-

мүлк жыйып алуу диваны түзүлдү. Шамда диван иштери рум тилинде жазылчу. Себеби, ал жерлер румдуктардын жерлеринен болчу. Иракта болсо фарс тилинде жазылчу. Себеби, ал жер фарстардын жери болчу. Абдулмалик ибн Марван 81-хижрий жылы Шам диванын арабчага айландырды. Кийин дивандар муктаждыкка карай жана калктардын кызыкчылыктары талап кылгандай түзүлө турган болду. Кошуун диваны жоокерлерди тактоо жана аларга маяна берүү эсебин жүргүздү. О.э. төлөмдөр, аамилдер жана валийлер диваны дайындоо жана бошотуу иштерин, байтулмал диваны киреше-чыгаша иштерин жүргүзө турган болду ж.б… Диван түзүү мына ушул диванга болгон муктаждыкка байланыштуу болгон. Услуб жана васиталардын өзгөрүшүнө карай, диван түзүү услубу замандан-заманга өзгөрүп турган.

Диван үчүн жетекчи жана кызматчылар дайындалган. Кызматчыларды дайындоо укугу кээде жетекчиге берилсе, кээде кызматчылар түздөн-түз халифа тарабынан дайындалышкан.

Ушуга ылайык, масолих идарасын же диванды түзүүдө муктаждыкка каралат. Ушул муктаждык жүгүн көтөрө ала турган иш услубдары жана аткаруу васиталары алынат. Бул услуб жана васиталар ар башка замандарда, ар түрдүү вилаяттарда жана шаарларда ар кыл болушу жайиз.

Масолих идарасы же диван түзүү тарабынан каралганда ушундай. Ал эми кызматкерлердин жоопкерчилиги тарабынан алып каралганда болсо, алар жалданма жумушчулар болуп эсептелишет, ошол эле убакта, жарандар да болуп эсептелишет. Алар жалданма жумушчулук жагынан т.а. иштерди аткаруу жагынан идараларында өз мүдүрлөрү алдында жоопкер болушат. Жарандыктары жагынан болсо акимдер: валийлер жана аамилдер алдында о.э. халифа алдында жоопкер болушат, шарият өкүмдөрү жана идарий мыйзамдарга чектелген болушат.

## Масолихтерди идара кылуу саясаты

Масолихтерди идара кылуу саясаты түзүмдө жөнөкөйлүк, иштерди аткарууда тездик, идараны башкарып жаткан адамдарда жөндөмдүүлүк негизине курулат. Бул кызыкчылыкты жүзөгө чыгаруунун вакыйлыгынан алынган. Анткени, кызыкчылык ээси кызыкчылыгы тез аткарылышын жана аткаруу кемчиликсиз көрүнүштө болушун каалайт. Расулуллох ﷺ: «Албетте, Аллах Таала бардык нерседе жакшы аткарылышты (ихсан) буйруду. Эгер өлтүрсөң, эң жакшы жол менен өлтүр, мал сойсоң, эң жакшы жол менен сой...», - деген. (Муслим Шаддад ибн Аустан риваят кылган). Демек, иштерди аткарууда жакшылык кылуу шарият тарабынан буюрулган. Кызыкчылыктарды жүзөгө чыгарууда мына ушул жакшылыкка жетишүү үчүн үч сыпат толук болушу керек. 1-Түзүмдө жөнөкөйлүк. Себеби, бул жеңилдик жана ыңгайлуулукту жаратат. Татаалдык болсо машакатты пайда кылат. 2-Ишти аткаруудагы тездик. Себеби, бул кызыкчылык ээси үчүн жеңилдик жаратат. 3-Иш тапшырылып жаткан

адамда жөндөм жана кесипкөйлүк болушу керек. Муну иштерди аткаруунун өзү талап кылгандай эле, иштерди жакшылап аткаруу да талап кылат.

### Кимдер мамлекеттик жихазда иштөө укугуна ээ болушат

Кимде-ким мамлекеттин жараны болуп, кесипкөй болсо, ал эркекпи-аялбы, мусулманбы же башкабы, идаралардан бирер бөлүмдү башкаруу үчүн мүдүр кылып дайындалуу же анда кызматкер болуу укугуна ээ.

Бул ижара өкүмдөрүнөн алынган. Ижара өкүмдөрү умумий болгондуктан, мусулманбы-башкабы, ар кандай адамды ижарага алуу жайиз. Аллах Таала айтат:

فَإِنْ أَرْضَعْنَ لَكُمْ فَآتُوهُنَّ أُجُورَهُنَّ

***«Эгер** (талак кылган аялдарыңар) **силердин балдарыңарды эмизишсе** (т.а. өздөрүнүн силерден болгон балдарын эмизишсе), **анда алардын акыларын төлөп бергиле!»*** **[65:6]**

Бул өкүм умумий. Бухарий Абу Хурайрадан, ал Расулуллох ﷺдан риваят кылат: Аллах Таала айтат: «Кыямат күнүндө үч адамдын даабагери боломун: ...жана бир адам жумушчу жалдап иштетсе, жумушчу акысын сураганда ал бербесе, мен анын даабагери боломун». Бул да умумий. Расулуллох ﷺ Бану Дийл уруусунан өз коомунун дининде болгон бир кишини жалдап иштетти. Бул болсо мусулманды жалдоо мүмкүн болгондой эле, кайрымусулманды да жалдоо жайиз экендигин көрсөтөт. Дагы далилдин умумийлигине ылайык, эркек киши сыяктуу эле аял кишини да жалдап иштетүүгө болот. Аял киши мамлекеттик идаралардын биринде мүдүр же кызматкер болуп иштеши, кайрымусулман адам да мамлекеттик идаралардын биринде мүдүр же кызматкер болуп иштеши мүмкүн. Себеби, булар ижарачылар болуп эсептелишет, ижара далили болсо умумий. Матнда «мамлекеттин жараны болуп... », деп хостоп коюлушуна себеп, өкүмдөр ага карата колдонулат. Мамлекеттин жараны болбогон т.а. Дарул Исламда жашабаган адамга карата – мейли, ал мусулман болсо да – өкүмдөр колдонулбайт. Мунун далили, Расулуллох ﷺ кошуун амирине буйрук берип, мындай деген: «Кийин, аларды өз өлкөлөрүнөн мухажирлер өлкөсүнө (Ислам өлкөсүнө) көчүп өтүүгө чакыр, эгер ушундай кылышса, мухажирлердин укугу алардын укугу, мухажирлердин милдети алардын милдети болот». (Муслимдин Бурайдадан риваяты). Мунун мазмуну: «эгер көчүп өтүшпөсө, мейли мусулман болушса да, биз пайдалана турган укуктан пайдалана алышпайт, мойнубуздагы милдеттер аларга жүктөлбөйт» дегени. Жогоруда айтып өтүлгөндөр шаръий өкүмдөр колдонула турган адамдарга хос. Эгер алар шаръий өкүмдөр колдонула турган адамдарга хос делинбесе, анда ижаранын далилдери умумийлиги себептүү, шаръий өкүмгө ылайык, жаран болбогон адамдарды да жалдап иштетүү жайиз болот.

## Мамлекеттик кызматкерлер ижарачылар болуп эсептелишет

Мамлекеттеги мүдүр жана кызматкерлер ижара өкүмдөрүнө ылайык, жалданма жумушчулар болуп эсептелишет. Аларды дайындоо жана бошотуу өз масолих, же даваир, же идараларынын жогорку жетекчилигиндеги жоoптуу адам тарабынан идарий мыйзамдарга ылайык ишке ашырылат.

Бул өкүм ижарачы (жалданма жумушчу) жөнүндөгү шаръий өкүмдөрдөн алынган. Анткени, ижарачынын келишимдеги шарттарга амал кылышы важиб болгону сыяктуу эле, ага да келишимдин талабы боюнча мамиле кылынышы керек. Себеби, келишимдеги келишүү эки тарапка тең мажбурий болот. Жумушчу белгилүү бир мөөнөткө ишке алынса, ошол мөөнөт ичинде анын иштен бошотулушу туура эмес.

Идарий мыйзамдарга амал кылуу ижара шарттары ордунда болуп, ал сөзсүз аткарылышы керек. Расулуллох ﷺ: «Мусулмандар шарттарында турушат», - деген. (Абу Давуд Абу Хурайрадан риваят кылган). Кызматкерлерди бир иштен башкасына которуу болсо, ижара келишимине карай болот. Анда дайындоо шарттарына ылайык мамиле кылынат.

Кызматкерлерди дайындоо, которуу, чара көрүү жана бошотуу боюнча ар бир масолих, даваир, же идаранын жогорку жетекчилигинин башчысы жоопкер болот. Себеби, ал өздөрү иштеп жаткан бул идара үчүн жоопкер. Ал өзүнө берилген жоопкерчилик талабы менен укук ээси болуп эсептелет.

## ҮММӨТ МЕЖЛИСИ

Иштерде кеңешүү максатында халифа кайрылуусу үчүн рай билдирүүдө мусулмандардын өкүлдөрүнөн түзүлгөн межлис «Үммөт Межлиси» (Мажлис-уль-Умма) деп аталат. Булар акимдерди мухасаба кылууда үммөткө наиб болуп эсептелишет. Мунун далили Расулуллох ﷺдын иштер боюнча кеңешүүдө кайрылуу үчүн мухажир жана ансарлардан 14 өкүлдү хостоп койгондугунан о.э. Абу Бакр ﵁нун мухажир жана ансарлардан бир нече кишини иш түшкөндө райын алуу үчүн кайрылганы хостоп коюшунан алынды. Абу Бакр ﵁ доорунда кеңешчилер аалымдар жана фатва ээлери болушкан. Ибн Саъд Косимден келтирет: «Абу Бакр бирер иш боюнча пикирдүү факих адамдар менен кеңешмекчи болсо, мухажир жана ансарлардын бир нечесин: Умар, Усман, Али, Абдуррахман ибн Ауф, Убай ибн Каъб, Зайд ибн Сабиттерди чакырар эле. Абу Бакр ﵁нун халифалыгы доорунда булардын бардыгы фатва беришер эле. Буларга адамдар фатва сурап кайрылышат эле. Абу Бакр ﵁ ушундай өттү. Кийин Умар ﵁ халифа болду. Ал да мына ушул сахабаларды кеңешүү үчүн чакырар эле. Анын халифалыгы доорунда фатва берүү Усман, Убай жана Зайддарга тапшырылган. Бул болсо, акимдерди тергеп-тескөө о.э. Куран жана Сүннөттө келген кеңеште (шуро) үммөткө наиб болгон хос межлис түзүү мубах иш экендигин көрсөтөт. Бул «Үммөт Межлиси» деп аталат. Анткени, ал мухасаба кылуу жана шуродо үммөткө наиб болуп саналат.

Бул межлиске мусулман болбогон жарандардын да мүчө болушу жайиз. Алар өкүмдарлардын зулуму жана аларга карата Ислам туура эмес колдонулуп жатканы жаатында арызданyy үчүн катышышат.

### Шуро укугу

Шуро (кеңеш) – бул бардык мусулмандардын халифа үстүндөгү акысы. Иштерде кеңешүү үчүн халифа аларга кайрылат. Аллах Таала айтат:

وَشَاوِرْهُمْ فِي الأَمْرِ فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللّهِ

***«Жана ишиңде алар менен кеңешкин! Эми*** *(кеңешкенден кийин бир ишти)* ***ниет кылсаң, Аллахка тобокел кыл!».*** **[3:159]**

Расулуллох ﷺ кеңешүү үчүн адамдарга кайрылар эле. Бадр күнү согуш майданын белгилөөдө кеңешти. О.э. Ухуд күнү Мединанын ичинде же тышкарысында согушуу туурасында кеңешти. Биринчи окуяда Хаббаб ибн Мунзирдин райына кошулган, себеби, бул адистикке таандык пикир болуп, ал иштин адиси тарабынан айтылган. Ал эми Ухуд казатында өз райына тескери болсо да, көпчүлүктүн райына кошулган.

Умар ﵁ Ирак жери маселесинде мусулмандарга кайрылды. Олжо болгону үчүн мусулмандарга бөлүп бериш керекпи, же хирож берип туруу акысына өз ээлеринде калтырып, жер мусулмандардын «Байтул малы» үчүн мүлк болуп кала береби? Бул иште өз ижтиходы боюнча иш кылды. Көпчүлүк сахабалар буга кошулушту. Жер хирож төлөп туруу

акысына өз ээлеринин колунда калтырылды. Жана дагы, бир гана арыз үчүн Саъд ибн Абу Ваккосту валийлик милдетинен алып таштады жана: «Мен аны кыянат же алсыздыгы себептүү бошотподум», - деди.

Мусулмандардын халифа үстүндө кеңеш берүү укугу бар. Алардын акимдерди иштери жана кылып жаткан башкаруулары боюнча мухасаба кылышы важиб.

Аллах Таала акимдерди мухасаба кылууну мусулмандарга фарз кылды. Эгер акимдер жарандардын укуктарын тебелесе, эл алдындагы милдеттеринде кемчилик кетиришсе, алардын бирер ишине текебердик менен карашса, Ислам өкүмдөрүнө тескери иш жүргүзүшсө же Аллах түшүрбөгөн бирер өкүм менен өкүм кылышса, аларды мухасаба кылууга жана өзгөртүүгө катъий буйруду. Имам Муслим Умму Саламадан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амри маъруф жана нахий мункар кыласыңар. Кимде-ким амри маъруф кылса, таза болот, кимде-ким нахий мункар кылса, саламат калат. Бирок, ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе… (аларга кыйроо болсун)», - деди. «Аларга каршы согушабызбы», - деп сурашты. Расулуллох ﷺ: «Жок, эгер araңарда намаз окуп жатышса», - деп жооп берди.

Сахабалар да Расулуллох ﷺга каршы чыгышкан. Умар ؓ Худайбия келишиминин ушул: «Кимде-ким Курайштан кожоюнунун уруксатысыз Мухаммадга качып келсе, аны кайтарып жиберет. Кимде-ким Мухаммаддан Курайшка качып барса, алар аны кайтарып беришпейт», - деген жерине катуу каршылык көрсөткөн. (Ибн Хишам «Сийрат» китебинде Зухрийден риваят кылган). Бир ирет Умар ؓ башчылыгында мусулмандар Абу Бакр ؓнун муртаддарга каршы согушуу жөнүндөгү чечимине каршы экендиктерин билдиришкен. О.э. Абу Бакр ؓ өзүнөн кийин халифалык ишин башкарууну Умар ؓга осуят кыларын билишкенде, Талха жана Зубайрлар каршылыгын билдиришкен.

Умар ؓнун Ирак жерлерин жоокерлерге бөлүштүрүп бербөө чечимине Билал ибн Рабах, Зубайр жана башкалар каршылык кылышкан. Дагы, Умар ؓнун «махрдын көлөмү 400 дирхамдан ашпасын» деп чыгарган токтомуна бир аял каршылык кылып: «Эй Умар, буга акың жок. Аллах Тааланын:

وَآتَيْتُمْ إِحْدَاهُنَّ قِنطَارًا فَلاَ تَأْخُذُواْ مِنْهُ شَيْئًا

***«Абалкысына эсепсиз мал-дүйнөнү*** *(махр кылып)* ***берген болсоңор да, андан бирер нерсени кайтарып албагыла».*** **[4:20]**

- деген сөзүн уккан эмессиңби», - деди. Умар ؓ: «Бул аял туура айтты, Умар ката кылды», - деди.

Жогорудагы далилдердин бардыгынан белгилүү болгондой, Үммөт Межлиси кеңеш берүү укугуна ээ жана ага мухасаба кылуу иштерин алып баруу важиб.

## Шуронун өкүмү

Шуро – «шавара» феълинин масдары. Бул кеңешүү т.а. рай суроо. «Кеңешти» дегени «андан кеңеш берүүнү талап кылды» дегени.

«Шуро», «машуро» сөздөрү бирдей мааниде. «Шин» харфы үстүнө сүкүн коюлуп, «машваро» деп да айтылат. Араб тилинин тил илими аалымдарынан Фарро: «Машуро» түпкүлүгүндө «машваро» болгон, жеңилдик үчүн «машуро» көрүнүшүнө көчүрүлгөн», - дейт. Лайс айтат: «Машваро» «мафъала» вазнында болуп, «ишаро» сөзүнөн алынган. «Шин»дин үстүнө замма коюлуп «машуро» деп айтылат, бул «шуро» маанисинде. «Машваро» да ушундай. «Шаварту» жана «Исташарту» феълдери бирдей мааниде». «Мухтарус-сихах» китебинде мындай келет: «Машваро» бул «шуро» дегени, «машуро» дагы ушундай. «Шаваро» жана «исташаро» бирдей мааниде.

Шуронун мыйзамдуулугуна негиз Аллах Таала өз пайгамбарына:

وَشَاوِرْهُمْ فِي الأَمْرِ

***«Жана ишиңде алар менен кеңешкин!».*** **[3:159]**

- деп, момундар менен кеңешүүгө буйруган буйругу. Кеңешүүгө буйруган буйрук мутлак талап үчүн болгон буйрук болуп, анын важиб, сүннөт же мубах экендигин карийналар белгилейт.

Кеңешүү жөнүндөгү буйрук жазм жана важибди түшүндүрө турган карийна менен келбеген, тескерисинче, важибдик жана жазмдан буруп жибере турган карийналарда келген. Мисалы:

1. Жогорудагы аяттагы Аллах Тааланын «ишиңде» сөзү, түрүнө карабастан, ар кандай иште кеңешүүнү түшүндүрөт. Бирок, шарият баян кылып, анык бир көрүнүштө нусустарды келтирген важибдер, арамдар жана шаръий өкүмдөрдө адамдын райына орун жок. Т.а. булар жөнүндө кеңешүүгө да орун жок. Себеби, Аллах Таала гана шарият чыгаруучу, Ал гана аким, өкүм да бир гана Ага таандык. Аллах Таала айтат:

إِنِ الْحُكْمُ إِلاَّ لِلّهِ

***«Өкүм кылуу Аллахка гана таандык».*** **[6:57]**

اِتَّبِعُواْ مَا أُنزِلَ إِلَيْكُم مِّن رَّبِّكُمْ

***«(Эй адамдар), силерге Роббиңерден түшүрүлгөн нерсеге (Китепке) ээрчигиле!»*** **[7:3]**

وَمَا آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانتَهُوا

***«Пайгамбар силерге тартуу эткен нерсени алгыла, силерди кайтарган нерседен кайткыла!»*** **[59:7]**

ж.б. ушулар сыяктуу аяттар жогоруда айтып өтүлгөн шарият мыйзамдарында адамдын кеңешин орунсуз жана маанисиз кылып коёт. Бул аяттар «*ишиңде алар менен кеңешкин*» аятындагы «иш» сөзүнүн умумийлигин хостоп коёт о.э. кеңешүү башка мубах иштерде болушун

көрсөтөт. Бул аяттар шуродон жазм жана важибдикти буруп жибере турган карийна болуп саналат жана мындан кеңешүү фарз эмес мубах экендиги түшүнүлөт.

2. Ошол аяттын өзүндөгү Аллах Тааланын:

فَإِذَا عَزَمْتَ فَتَوَكَّلْ عَلَى اللّهِ

***«Эми** (кеңешкенден кийин бир ишти) **ниет кылсаң, Аллахка тобокел кыл!»*** **[3:159]**

- деген сөзү максатты акырына жеткирүү жана чечүүчү токтомго келүүнү – кеңеш берүүчүлөргө эмес – Расулуллох ﷺга сунуштаган өкүм болот. Бул болсо, кеңешүү жөнүндөгү буйруктун важиб эместигине экинчи карийна болот.

3. Расулуллох ﷺдын сахабалар менен кеңешпей эле бир канча иштерди аткарышы, валийлерди, казыларды, катчы жана аскер башчыларды дайындашы, келишимдерди түзүшү, элчилерди жана өкүлдөрдү жөнөтүшү сыяктуу иштерди ишке ашыргандыгы, кеңешүү талабы жазм жана важибдикти түшүндүрбөшүнө үчүнчү карийна болот. Эгер талап жазм жана важиб болгондо, Расулуллох ﷺ ишке ашырган ушул иштеринде да сахабалар менен кеңешкен болор эле.

Ырас, шуро важиб болбогон соң, демек, ал мубах же мандуб болуп калат. Далилдерге кайрылуу менен, албетте, мандуб же мустахаб өкүм экендигин көрөбүз. Төмөнкү далилдер шуронун мандуб экендигин көрсөтөт:

1. Аллах Таала:

وَأَمْرُهُمْ شُورَى بَيْنَهُمْ

***«Алардын иштери** (ар дайым) **өз ара шуро-кеңеш менен болот»,*** **[42:38]**

- деп момундарды мактаганы – бул шурону мактаганы.

2. Расулуллох ﷺдын иштерде сахабалар менен көп кеңешкендиги. Бул болсо, Расулуллох ﷺдын кеңешүүгө канчалык даражада катуу умтулгандыгын, ага жана анын абзелдигине канчалык катуу көңүл бургандыгын о.э. өзүнөн кийин да мусулмандарды да ага умтулууга үйрөтүүгө көңүл бургандыгын көрсөтөт. Термизий Абу Хурайрадан риваят кылат: «Расулуллох ﷺга караганда сахабалары менен көбүрөөк кеңеше турган адамды көрбөдүм».

3. Аллах Тааланын төмөнкү сөзү аркылуу Өз Расулун момундарга карата жумшак болууга, аларды кечирүүгө, алар үчүн кечирим суроого буйруп, ошол эле катарда алар менен кеңешүүгө буйрушу. Аллах Таала айтат:

فَبِمَا رَحْمَةٍ مِّنَ اللّهِ لِنتَ لَهُمْ وَلَوْ كُنتَ فَظًّا غَلِيظَ الْقَلْبِ لاَنفَضُّواْ مِنْ حَوْلِكَ فَاعْفُ عَنْهُمْ وَاسْتَغْفِرْ لَهُمْ وَشَاوِرْهُمْ فِي الأَمْرِ

*«(Эй Мухаммад),* ***Аллах тарабынан болгон бир мээрим себептүү аларга*** *(сахабаларыңа)* ***жумшак сөздүү болдуң. Эгер одоно, дили катуу болгонуңда, албетте, алар айланаңдан таркап кетишкен болор эле. Демек, аларды кечиргин, алар үчүн Аллахтан магфират сурагын жана ишиңде алар менен кеңешкин!»*** **[3:159]**
Бул карийналар кеңешүүнүн мандуб экендигин көрсөтөт.

Мандуб кеңешүү мубах иштерде болушу менен бирге төмөнкү иштерде да болот: Аллахтын Китеби жана Расулунун сүннөтүндө ачык нусус келбеген, терең назар жана талкууга муктаж болуна турган шаръий өкүмдөрдө, акыйкатты аныктоодо жана талкууларда; терең назар жана талкууга муктаж болуна турган пикир жана илимге тиешелүү иштерде; о.э. рай, согуш жана тактика түркүмүнөн болгон иштерде – булардын бардыгында аалымдарга, адистерге жана тармактардын билимдүү адамдарына кайрылынат. Мында көпчүлүк азчылыкка каралбайт. Кеңеш берүүчүлөрдүн райы алынышы мажбурий эмес. Мунун далили Расулуллох ﷺ жана анын сахабаларынын кылган иштеринен алынган. Мисалы, Расулуллох ﷺ Бадр согушунун майданын тандоодо Хаббаб ибн Мунзирдин райына кошулган. Жана дагы, туткундардын өкүмү туурасында вахий түшө элегинде, Бадр туткундары жөнүндө Расулуллох ﷺ сахабаларга кайрылган. О.э. Абу Бакр ؓ да, Умар ؓ да халифа болуп турган маалдарында – бир маселе чыгып, анын чечимин Куран же хадистен таба албай калганда – улуу сахабаларга жана уламаларга кайрылган.

Кеңешүү мубах иштерде мандуб болсо да, лекин бардык иште же кээ бир иштерде халифанын кеңешүүнү өзүнө милдет кылып алышы жайиз. Эгер бир же нече иште өзүнө кеңешүүнү милдет кылып алган болсо, анда алынган кеңешке амал кылуу ага важиб болуп калат. Мунун далили төмөнкүдөй. Усман ибн Аффан ؓга халифалык сунушталганда, ал өзүнө сунушталган иште алгачкы эки шейх Абу Бакр ؓ жана Умар ؓлардын жолу менен жүрүүнү милдет кылып алууну кабыл алган. Бул иш бардык сахабалардын көз алдында болуп, аны бири да инкар кылбаган.

Халифа Үммөт Межлиси менен кеңешип жатканда башкаруу, таалим, саламаттыкты сактоо, соода, айыл чарбачылыгы жана башка ушундай мамлекеттин ички иштери сыяктуу – терең назар жана талкууга муктаж болунбай турган – амалий иш жана маселелерде көпчүлүктүн райын алышы керек. Жогоруда аталган иштердин аткарылышы боюнча Үммөт Межлиси халифаны дал ушул өңүттөн туруп мухасаба кылат. Мунун далилдери төмөнкүлөр: Расулуллох ﷺ Ухуд казаты алдында мушриктер кошуунуна каршы согушуу үчүн Мединадан сыртка чыгуу туурасында көпчүлүктүн пикирине макул болгон. Негизи, Расулуллох ﷺ да, башка улуу сахабалар да Медина ичкерисинде калуу пикиринде болчу, тышкарыга чыкпоону жакташар эле. О.э. Расулуллох ﷺ Абу Бакр ؓ жана Умар ؓга минтип айткан: «Эгер силер (экөөңөр) бир кеңешке келсеңер,

силерге каршылык кылбаймын». (Ибн Гонам Ашъарийден имам Ахмад риваят кылган).

Эми халифа булардан башка, терең назар жана талкууга муктаж болуна турган пикирий иштерде, илимий маселелерде же согуштук иштерде, рай жана тактика (айлакердик) сыяктууларда кеңешсе, мындай иштерде көпчүлүктүн райы алынышы мажбурий болбойт, чечим кабыл алуучу халифанын өзү болот. Бул нерсе төмөнкү далилдерден алынды: Бадр согушуна жай тандаганда Расулуллох ﷺ Хаббаб ибн Мунзирдин райын кабыл алды, башка сахабалардын райына караган жок, а түгүл, алар менен кеңешип да отурбады. О.э. алгачкы халифалык күндөрүндө Абу Бакр ؓ бардык сахабалардын – зекеттен баш тартуучулар жана муртаддар менен согушпоо – жөнүндө берген кеңештерин албаган. Демек, мындай иштерде көпчүлүктүн райын алууга халифа милдеттүү эмес. Мына ушул иштердин аткарылышы боюнча да Үммөт Межлиси халифаны ушул өңүттөн туруп мухасаба кылат.

Ал эми, халифа табанний кылмакчы болгон шаръий өкүм жана мыйзамдарга келсек, халифанын рай алуу үчүн межлиске кайрылышы жайиз. Бирок, мында да межлистин райын алууга халифа милдеттүү эмес. Мында көпчүлүк же азчылыктын этибары жок. Чечим чыгаруу бир гана халифаныкы. Себеби, шаръий өкүм жана мыйзамдарды табанний кылуу укугу бир гана халифаныкы. Табанний кылуу халифанын укугу экендигинин далили төмөнкү ижмадан алынды: Умар ؓ фатх кылынган Савад жерлери жөнүндө мусулмандарга кеңеш сурап кайрылганда, алар сүкүт сакташкан.

## Үммөт Межлиси мүчөлөрүн шайлоо

Үммөт межлисинин мүчөлөрү дайындалышпайт, шайлоо жолу менен шайланышат. Себеби, алар адамдардын райын халифага жеткирүүдө алардан вакилдер болуп эсептелишет, ал эми вакилди вакалат берүүчүнүн өзү тандайт. Вакалат берүүчү эч качан өзүнөн бирөөнү вакил (өкүл) кылууга мажбурланбайт. Үммөт межлисинин мүчөлөрү рай билдирүүдө адамдардын – алар жеке адамдар жана жамааттар болобу, айырмасыз – өкүлдөрү болуп эсептелишет. Акыйкатта болсо, чоң регион жана таанылбаган коом ичинде өкүлдү аны өкүл кылып тандагандар гана таанышат. Расулуллох ﷺ да рай билдирүүдө кайрылып жаткан адамдарды алардын жөндөмү жана жекече сапаттарына карап тандабаган, аларды эки негизде тандаган: биринчиси, өз коому ичинде накыйб (жетекчи) болушу; экинчиси, мухажир жана ансарлардан өкүлдөр болушу. Кеңеш мүчөлөрүнүн болушунан максат: аларды адамдар үчүн өкүл кылуу (бул жетекчилерди өкүл кылып тандап алууда болгон); о.э. жамааттар үчүн өкүл тандоо (бул мухажир жана ансарлардан өкүл тандап алууда болуп өткөн). Таанылбаган эл жана жамааттар үчүн адамдарды өкүл кылуу, албетте, шайлоо жолу менен болот. Ушуга караганда, Үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлоо важиб болуп калат. Эми Расулуллох ﷺдын кеңеше

турган адамдарды өзү шайлап алышына келсек, ал кезде аймак кичине болчу т.а. Мединанын өзү гана болчу. Бардык мусулмандар ал затка тааныш болгон. Ал эми экинчи Акаба байъатында байъат кылган мусулмандар болсо, Расулуллох ﷺга бейтааныш эле. Ошондуктан, накыйб шайлоону алардын өздөрүнө калтырды жана: «Алдыма он эки накыйб жибергиле, алар өз коомдорунан өкүл болсун», - деп буйруду. (Ибн Хишам «Сийрат» китебинде Каъб ибн Маликтен риваят кылган).

Ушуга ылайык, Үммөт межлисинин мүчөлөрү райда (пикир билдирүүдө) өкүл экендиктеринен, Үммөт межлиси түзүлүшүнүн себеби рай жана мусахабада адамдар жана жамааттардын өкүлү болушунан о.э. бул иллет бейтааныш адамдарда жалпы шайлоо аркылуу гана жүзөгө чыгышы мүмкүндүгүнөн: «Үммөт Межлисинин мүчөлөрү дайындалышпайт, алар шайлоо жолу менен келишет», - деген нерсе истинбат кылынат.

## Үммөт межлисине мүчө болуу мөөнөтү

Үммөт межлисине мүчө болуу мөөнөтү чектелген. Мунун далили мындай: Кеңешүүдө Абу Бакр ﵁ Расулуллох ﷺ кеңешкен адамдарга гана чектелип калбаган. О.э. Умар ибн Хаттаб ﵁ да кеңешүүдө Абу Бакр ﵁ кайрылган адамдарга гана чектелип калбаган. Умар ﵁ халифалыгынын акыркы мезгилдеринде кеңешүү үчүн халифалыгынын башында кайрылынбаган адамдарга кайрылган. Демек, булар Үммөт межлисине мүчө болуу белгилүү бир мөөнөткө чектелген болушуна далалат кылат.

## Үммөт межлисине мүчө болуу

Ислам мамлекетинин жараны болгон ар бир адам эгер акылы толук, балагат жашына жеткен болсо, Үммөт межлисине мүчө болуу укугуна ээ болот. О.э. бул жаран эркекпи же аялбы, мусулманбы же мусулман эмеспи буга карабастан, Үммөт межлиси мүчөлөрүн шайлоо укугуна да ээ болот. Себеби, Үммөт межлиси өкүм жүргүзүү, мыйзамчылык жаатында эч кандай салахиятка ээ болбой, болгону рай билдирүүдө гана адамдардан өкүл болуп эсептелет. Демек, Үммөт межлиси рай билдирүүдө адамдардан өкүл болгон соң, Исламий мамлекеттеги бардык адамдар өкүлдүккө татыктуу болгон каалаган адамдарын өкүл кылууга шаръий жактан акылуу болушат. Мусулман адам кеңеш берүүгө акылуу болгону сыяктуу эле, мусулман болбогон адам да өзүнүн үстүнөн колдонулуп жаткан Исламий өкүмдөрдүн ишке ашырылышы жөнүндө, ага акимдер тарабынан кылынып жаткан зулум жөнүндө өз райын билдирүүгө акылуу болот. Ошол себептен улам, ар бир адам рай билдирүүдө өзү тарабынан каалаган адамды өкүл кылууга жана өзү да каалаган адамы тарабынан өкүл болууга акылуу. Өкүл кылуучунун да, өкүл болуучунун да мусулман болушу шарт кылынбайт. Өкүл кылуучу жана өкүл болуучу мусулман болушу да, болбошу да мүмкүн. Ушундан белгилүү болгондой, мусулмандарга жайиз болгону сыяктуу эле,

мусулман эместердин да өз өкүлдөрүн – алардын мусулман болушу же мусулман болбошуна карабастан, ырас Исламий мамлекеттин жараны болушкан соң – Үммөт межлисине шайлашы жайиз.

О.э. Ислам өз өкүмү астындагы калктарга – алардын динине, улутуна, жынысына карабастан – аларга инсаний көз караштан туруп карайт. Өкүм жүргүзүү адамзаттын кызыкчылыгы үчүн, аны зулматтан нурга алып чыгуу максатында болушу үчүн, алардын үстүнөн жүргүзүлүп жаткан башкаруу саясаты «алар – адамдар» деген көз караашта алып барылат. Ошондуктан, Ислам мамлекетинин жарандары – шаръий өкүмдөр бардыгына колдонулушу жагынан – адам деген этибарда адамга тиешелүү бардык укук жана милдеттерде бирдей болот. Казы келишпөөчүлүктөрдү ажырым кылып жаткан убакта, аким өкүм жүргүзүп жаткан убакта, адамдардын ортосун эч бир айырмалабастан, алардын ар кандай сыпаттарына карабастан, Ислам мамлекетинин жараны деген сыпатта аларга бирдей мамиледе болот. Ошол себептен улам, ар бир адам мамлекеттин жараны деген сыпатта өз райын өзү түшүндүрүп берүүгө о.э. өз райын жана шайлоочулардын райын түшүндүрүп берүүсү үчүн өз өкүлүн тандоого акылуу. Себеби, Аллах Таала бардык адамдарды «адам» деген сыпатта Исламга чакырып, мындай дейт:

يَا أَيُّهَا النَّاسُ قَدْ جَآءَكُم بُرْهَانٌ مِّن رَّبِّكُمْ وَأَنزَلْنَآ إِلَيْكُمْ نُورًا مُّبِينًا

***«Эй адамдар, силерге Роббиңерден хужжат келди. Дагы биз силерге ачык Нурду түшүрдүк».*** **[4:174]**

قُلْ يَآ أَيُّهَا النَّاسُ إِنِّي رَسُولُ اللّهِ إِلَيْكُمْ جَمِيعًا

***«Айткын*** *(эй Мухаммад):* ***«Эй адамдар, албетте, мен силердин баарыңарга Аллах жиберген элчимин».*** **[7:158]**

Мусулман аалымдар, айрыкча усул аалымдары: «Өкүмдөргө хитаб кылынгандар (чакырылгандар) – эркек же аял, мусулман же мусулман эместигине карабастан, хитабды түшүнө турган ар бир акылы толук адам», - деп келишишкен.

Бул айтылгандар кайрымусулмандар туурасында эле. Эми аялдарга келсек, Үммөт межлиси өкүм жүргүзүү түрүнөн эмес жана бул аялдардын өкүм жүргүзүүсүнө тиешелүү болгон хадистин астына кирбейт. Себеби, Саййидибиз Умар ﵁дан сабит болгондой, эгер бирер окуя жүз берип, бул тууралуу ал киши мусулмандардын райын алууну кааласа – бул окуя шаръий өкүмдөргө тиешелүү болобу, же башкарууга, же мамлекеттик иштердин бирине тиешелүү болобу буга карабастан – мусулмандарды мечитке чакырган. Аялдар жана эркектерди чакырып, бардыгынын райларын алган. Махрды чектеп коюу иши боюнча бир аял ага каршы чыкканда, Умар ﵁ өз райынан кайткан. Буга башка дагы бир мисал: Расулуллох ﷺдын алдына пайгамбарлыгынын он үчүнчү жылы т.а. хижрат жылы 75 мусулман келди, алар: 73 эркек жана эки аял эле. Алардын бардыгы «Экинчи Акаба байъаты» деп аталган саясий о.э. согуш байъаты

үчүн ахддашкан. Байъаттан кийин алардын баарына: «Коомуңардын иштеринен жоопкер болушу үчүн араңардан 12 өкүл чыгаргыла», - деп, баарына кайрылды. Бул жерде Расулуллох ﷺ шайлоочуларда да, шайлануучуларда да эркекти хостоп, аялды истисна кылбады. Мутлак (өкүм) – эгерде кайд кылуучу далил келбесе – мутлак бойдон калат. Умумий (өкүм) да – эгерде аны хостоочу далил келбесе – умумий бойдон калат. Демек, бул орундагы кеп умумий жана мутлак кеп болуп, бирер бир хостоочу жана кайд кылуучу далил келбеген. Демек, бул нерсе Расулуллох ﷺ эки аялды өкүлдөрдү шайлоого буйругандыгына о.э. бул эки аялга мусулмандар тарабынан өкүл болуп шайланууга укук бергендигине далил болот.

Күндөрдүн биринде Расулуллох ﷺ адамдардан байъат алыш үчүн Абу Бакр ﵁ жана Умар ﵁лар менен бирге отурду. Ал кишиге эркектер да, аялдар да байъат кылышты. Бул байъат – Исламга эмес, башкарууга болгон байъат эле. Себеби, байъат кылган бул аялдар мусулман аялдардан эле. Худайбиядагы «Ризван байъаты»нан кийин Расулуллох ﷺга аялдар да байъат кылышты. Бул жөнүндө Аллах Таала мындай дейт:

يَا أَيُّهَا النَّبِيُّ إِذَا جَاءَكَ الْمُؤْمِنَاتُ يُبَايِعْنَكَ عَلَى أَن لاَّ يُشْرِكْنَ بِاللَّهِ شَيْئًا وَلاَ يَسْرِقْنَ وَلاَ يَزْنِينَ وَلاَ يَقْتُلْنَ أَوْلاَدَهُنَّ وَلاَ يَأْتِينَ بِبُهْتَانٍ يَفْتَرِينَهُ بَيْنَ أَيْدِيهِنَّ وَأَرْجُلِهِنَّ وَلاَ يَعْصِينَكَ فِي مَعْرُوفٍ فَبَايِعْهُنَّ وَاسْتَغْفِرْ لَهُنَّ اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ غَفُورٌ رَّحِيمٌ

***«Эй пайгамбар, эгер сенин алдыңа муминалар келишип, Аллахка бөлөк нерсени шерик кылбоого, уурулук кылбоого, зина кылбоого,*** *(кембагалдык же шерменде болуудан коркуп)* ***өз балдарын өлтүрбөөгө, жана кол-буттарыбыздын алдында болду деп жалган айтпоого о.э. маъруф иште сага итаатсыздык кылбоого байъат кылышса, сен да аларга байъат кылгын. Алар үчүн Аллахтан кечирим сура. Албетте, Аллах кечиримдүү, мээримдүү».*** **[60:12]**

Бул байъат да башкарууга болгон т.а. маъруф иштерде Расулуллох ﷺга күнөөкөр болбостукка болгон байъат болуп, Курани Карим ал аялдардын мумина экендиктерине ишара кылган.

Мындан тышкары, аял киши рай билдирүүдө өзүнөн өкүл дайындоого да, башка адам тарабынан өкүл болуп дайындалууга да акылуу. Себеби, аял рай билдирүүгө акылуу жана рай билдирүүдө өкүл кылынууга да акылуу. Себеби, өкүл болууда эркек болуу шарт кылынбаган.

Бирок, мусулман болбогон жарандар мыйзамчылык жаатында рай билдирүү укугуна ээ эмес. Себеби, исламий мыйзамчылык исламий акыйдадан келип чыгат жана ал өзүнүн тафсилий далилдеринен (Куран, Сүннөт, ижма жана кыястан) иштелип чыгылган амалий шаръий өкүмдөр болот. Исламий мыйзамчылык адам проблемаларын Исламий акыйда белгилеп берген белгилүү бир көз караш негизинде чечип берет. Кайрымусулман болсо Исламий акыйдага тескери акыйданы кабыл алган,

анын турмуш жөнүндөгү көз карашы Ислам көз карашына тескери болгондуктан, анын мыйзамчылык жаатындагы райы алынбайт.

О.э. мусулман болбогон жарандын халифа шайлоодо да, халифа тандап алына турган талапкерлерди белгилөөдө да катышууга акысы жок. Себеби, мусулман болбогон адамдын өкүм жүргүзүү жаатында аралашууга акысы жок. Ал эми Үммөт межлисинин салахияттарынан болуп эсептелген нерселерде болсо, мусулман сыяктуу эле, ал да өз райын билдирүүгө акылуу болот.

## Үммөт межлисинин салахияттары

Үммөт межлиси төмөнкү салахияттарга ээ:

1. а) Башкаруу, таалим, саламаттыкты сактоо, экономика, соода, өнөржай, айыл чарбачылык ж.б.у.с терең назар жана талкууга муктаж болунбай турган амалий иштерде халифа кеңеш сурайт жана Үммөт межлиси халифага кеңеш берет. Мындай иштерде Үммөт межлисинин райы милдеттүү түрдө алынат.

б) Ал эми илимий тармактагы иштер, малия иштери, аскерий иштер жана тышкы саясат иштери сыяктуу терең назар жана талкууга муктаж болуна турган пикирий иштерде болсо халифа Үммөт межлисиннен кеңеш сурашы жана бул жаатта анын райын билүү үчүн кайрылышы мүмкүн. Мындай иштерде халифа Үммөт межлисинин райын алууга милдеттүү эмес.

2. Халифа табанний кылмакчы болгон мыйзам жана өкүмдөрдү Үммөт межлисине сунуштоого акылуу. Үммөт межлисинин мүчөлөрүнөн болгон мусулмандар болсо аларды талкуулоого о.э. алардын ката жана туура жактарын баян кылууга укуктуу. Бул жаатта халифа алардын райын алууга милдеттүү эмес.

3. Үммөт межлиси халифаны – ички иштердеби, же тышкы иштердеби, аскерий же малия иштериндеби, же башка иштердеби – айтор, мамлекетте жүз берип жаткан бардык иштер үстүнөн мухасаба кылууга акылуу. Мындай абалда, көпчүлүктүн райы алынышы мажбурий болгон орундарда, Үммөт межлисинин райы милдеттүү түрдө алынат. Көпчүлүктүн райы мажбурий болбогон орундарда, халифа анын райын алууга милдеттүү болбойт.

Эгер Үммөт межлиси халифа менен бүткөн бир иштин шаръий экендиги тууралуу ихтилаф кылып калса, бул иштин шаръий же шаръий эместигин толук чечип бериши үчүн мазолим мекемесине кайрылат. Мында мекеменин райы милдеттүү түрдө алынат.

4. Үммөт межлиси муавин, валий жана аамилдер тууралуу наразылык билдирүүгө акылуу. Бул жаатта анын райы мажбурий болуп, халифа милдеттүү түрдө аларды иштен бошотушу керек.

5. Үммөт межлисинин мүчөлөрүнөн болгон мусулмандар халифалыкка талапкерлерди көрсөтүү укугуна ээ болушат. Бул жаатта алардын райы алынышы мажбурий. Үммөт межлиси көрсөткөн талапкерлерден

башкалардын талапкерлиги кабыл алынбайт.

Булар Үммөт межлисинин салахияттары болду.

Биринчи берененин а) бөлүгүнүн далили ушул аяттар:

وَشَاوِرْهُمْ فِي الأَمْرِ

***«Жана ишиңде алар менен кеңешкин!».*** **[3:159]**

وَأَمْرُهُمْ شُورَى بَيْنَهُمْ

***«Алардын иштери өз ара шуро-кеңеш менен болот».*** **[42:38]**

Демек, аяттагы Аллах Тааланын «иш» сөзүнөн келип чыгып, кеңеш бардык ишке тиешелүү. Анткени, «иш» (аль-амр) сөзү умумийликти түшүндүрүүчү исми жинс. Экинчи аяттагы «иштери» (амрухум) сөзү да музоф сөз болуп, умумийликти түшүндүрүүчү исми жинс. Экөө тең умумий сөздөрдөн болуп, бардык ишти өз ичине алат. Бирок, бул умумийлик шаръий өкүмдөрдөн башкаларга хос. Себеби, шаръий өкүмдөр Аллах Субханаху ва Таала тарабынан вахий болуп, Аллахтын жалгыз Өзү гана мыйзам түзүүчү жана аким болгондуктан, вахий түшүрүлгөн оруңдарда адамдардын райына орун жок.

Ал эми, терең назар жана талкууга муктаж болуна турган амалий иштерде Үммөт межлисинин райы милдеттүү түрдө алынышына келсек, б) анын далили мындай: Расулуллох ﷺ Бадр согушунун ордун – сахабалардын райын кабыл алуу биякта турсун, бул жаатта алардан кеңеш да сурабастан – Хаббаб ибн Мунзирдин сунушуна ылайык тандаган. Демек, пикирий жана илимий иштерде, малия, аскерий жана тышкы саясат иштеринде, адамдардын райынын көпчүлүк же азчылык экендигине карабастан, адис, билимдүү адамдардын райына гана кулак салынат.

Кеңешүүнүн асли мубах иштерге кирет, бул анын мандуб амал экендигине ишара болот. Мисалы, Расулуллох ﷺ сахабаларга көп иштерде алардан кеңеш суроо жана райларын алуу үчүн кайрылган. Имам Ахмад Анастан келтирген риваятта: «Расулуллох ﷺ Абу Суфяндын мусулмандар тарапка келе жаткандыгынан кабардар болгондон кийин, алар менен кеңешти». Имам Ахмад төмөнкү хадисти да Анастан риваят кылган: «Расулуллох ﷺ Бадрга чыгуу жөнүндө кеңеш сурады. Абу Бакр ؓ кеңешин берди. Кийин Умар ؓдан кеңеш сурады. Умар да өз оюн айтты. Кийин, бардыгынан кеңеш сурады. Ошондо кээ бир ансарлар: «Эй ансарлар жамааты, Расулуллох ﷺ силерди назарда тутуп жатат», - дешти. Ошондо ансарлардын бири: «Эй Аллахтын элчиси, бизден кеңеш сурап жатасызбы? Биз Бану Исраил Муса алайхис-саламга айткан «Сен Кудайың экөөң барып согуша бергиле, биз ушул жерде күтүп отурабыз» деген сөздү эч качан айтпайбыз. Бирок, сизди акыйкат менен жөнөткөн Затка ант болсун, эгер төөлөрдө Баркул-Гомадга жөнөсөңүз, артыңыздан биз да ээрчип барабыз», - деди. Имам Ахмад Бадрдагы туткундар жөнүндө Умар ؓнун хадисинен келтирет: «Расулуллох ﷺ Абу Бакр, Али жана Умардан

кеңеш сурады». Ибн Исхак Зухрийден келтирет: «Адамдарга мусибат катуулашып кеткенден кийин, Расулуллох ﷺ Гатфандын эки аскер башчысы Уяйна ибн Хисн жана Хариса ибн Ауф Муррийлерге элчи жиберди жана экөөнө – Расулуллох ﷺ жана сахабалары менен согушпастан, аскерлерин алып кайтып кетүүнүн акысына – Медина мөмөлөрүнүн үчтөн бирин бермекчи болду жана Расулуллох ﷺ менен жогорудагы эки аскер башчынын ортосунда келишим жазып коюлду. Бирок, келишимге кол коюлбастан, ага кызыктыруулар гана болду. Расулуллох ﷺ муну ишке ашырууну каалаганда, Саъд ибн Муаз жана Саъд ибн Убадага элчи жиберип, бул ишин аларга билдирип, кеңеш сурады». О.э. Расулуллох ﷺ Ухуд казатында Мединадан тышкарыга чыгабы же Мединада калабы, бул жөнүндө сахабаларынан кеңеш сурады. О.э. Абу Бакр ؓ да ансар жана мухажирлердин улууларына, уламаларына кеңеш сурап кайрылчу эле. Мисалы, Абу Бакр ؓ алардан динден кайткандарга жана зекет берүүдөн баш тарткандарга каршы согушуу жөнүндө, Румга каршы согушуу жөнүндө ж.б. кеңеш сураган. О.э. Умар ؓ да, андан кийинки халифалар да адамдарга кеңешүү жана райларын алуу максатында кайрылышкан.

Кээде адамдар иштер тууралуу халифага өздөрү алдын ала кеңеш беришкен. Мисалы, Абу Бакр ؓ халифа болгондон кийин, Усама башчылыгындагы кошуунду казатка жиберүүнү каалаганда – ал кезде арабдардын көпчүлүгү муртад болуп кетишкен эле – Абу Бакрдын алдына Умар, Усман, Абу Убайда, Саъд ибн Абу Ваккос, Саид ибн Зайддар киришти жана Усама кошуунун жөнөтпөөнү кеңеш беришти. Бирок, Абу Бакр ؓ бул кеңешти кабыл албады. Расулуллох ﷺ тарабынан жана ал кишиден кийинки Хулафаи Рошидиндер тарабынан сахабалар көз алдында болуп өткөн мындай окуялар кеңеш алуу үчүн адамдарга кайрылуу жана алардын райларын алуу мандуб иш экендигине далалат кылат. Ошондуктан, халифанын да ар түрдүү иштерде кеңеш суроо жана райларын алуу үчүн Үммөт межлисине кайрылышы мандуб болот.

Халифа амалий маселе жана иштерде Үммөт межлисинин райын алуу үчүн кайрылган кезде, бул жааттагы иштерде көпчүлүктүн райын кабыл алышы важиб болот. Себеби, Расулуллох ﷺ Ухуд казатында, өзүнүн жана улуу сахабалардын райына тескери келсе да, көпчүлүктүн райын алды. Өз райы менен улуу сахабалардын райын таштады. Бул абал мына ушундай терең назар жана талкууга муктаж болуна турган иштерде көпчүлүк мусулмандардын райы алынышына далалат кылат. О.э. буга Расулуллох ﷺдын Абу Бакр жана Умарга «Эгер экөөңөр бир кеңешке келсеңер, мен ага каршы чыкпаймын» деп айткан сөздөрү да далил болот.

Булар биринчи берененин а) бөлүгүнө тиешелүү болду. Эми б) бөлүгүнө келсек, халифа эгер ушул бөлүк өз ичине алган иштер боюнча Үммөт межлисинин райын алуу үчүн кайрыла турган болсо, бул жаатта

Үммөт межлисинин райы алынышы мажбурий болбойт. Негизи, бул бөлүк өз ичине алган иштер тууралуу халифа тажрыйба ээлери, адистер жана аалымдардын райын алышы керек. Расулуллох ﷺ Бадр согушу үчүн жай тандоодо Хаббаб ибн Мунзирдин райын алды. Ибн Хишамдын «Сийрат»ында мындай келет: «Расулуллох ﷺ Бадрдын сууга жакын жерине түшүп орношкон кезде, Хубаб ибн Мунзир бул жайга ыраазы болбоду жана Расулуллох ﷺга: «Я Расулуллох, бул жай биз сөзсүз түшүшүбүз керек болгон, Аллах сизди түшүргөн жерби, же бул рай жана согуштук айлабы?» - деп сурады. Расулуллох ﷺ: «Бул рай, согуштук айла», - деп жооп берди. Ошондо Хаббаб: «Я Расулуллох, биер ылайыктуу жай эмес. Адамдарды козгоңуз. Суу жакыныраак болгон жерге барып түшөлү, кийин артыбыздагы бардык кудуктарды көмүп таштайлы, андан кийин өзүбүзгө бир көлмө жасайбыз да, ага суу толтурабыз. Андан соң, ал коом менен согушабыз. Биз суу иче алабыз, алар иче алышпайт», - деди. Ошондо, Расулуллох ﷺ: «Чындыгында жакшы рай билдирдиң», - деди жана сахабалары менен аттанып, сууга жакыныраак болгон жерге келип түштү. Кудуктарды көмүп таштоого буйруду. Кийин алар түшкөн жерге көлмөк курулуп, ага суу толтурулуп, идиштерди ага салышты». Демек, Расулуллох ﷺ Хубабдын сөзүнө кулак салып, анын райын алды.

Мына ушул сыяктуу согуш, айла жана рай түрүнө кирүүчү окуяларда ушул тармактан кабардар адамдын райы алынат, аны белгилөөдө адамдар райынын эч кандай орду жок. Терең назар жана талкууга муктаж болуна турган пикирий жана илимий иштер да ушуларга кирет. О.э. акыйкатты аныктоодо да адамдардын райына эмес, ушул тармактын адистери жана тажрыйба ээлерине кайрылынат. Себеби, бул сыяктуу иштерде көпчүлүктүн эч кандай мааниси жок, тескерисинче, адистик, тажрыйба жана илим этибарга алынат.

Малия иштери да мына ушулардын катарына кирет. Себеби, шарият жыйып алына турган мал-мүлктүн түрлөрүн жана аны сарптоо жолдорун о.э. качан салыктар салынышын белгилеп берген. Ошол себептен улам, мал-мүлктү топтоо жана сарптоодо адамдардын райы мааниге ээ эмес. Кошуун да ушундай, анткени, анын иштерин тадбир кылууну шарият халифага берген. Шарият жихад өкүмдөрүн дайындап берген. Арийне, шарият белгилеп берген иштерде адамдардын райы этибарга алынбайт. О.э. Исламий мамлекеттин башка мамлекеттер менен болгон мамилесине тиешелүү иштер да терең назар жана талкууга муктаж болуна турган иштерден болуп, ал жихадга тиешелүү. Ошону менен бирге, бул иштер рай, согуш жана айла түрүндөгү иштерден болуп, бул жаатта адамдардын райы көптүгү же аздыгы жагынан мааниге ээ эмес. Ошол эле учурда, халифанын бул иштерде кеңеш алуу үчүн Үммөт межлисине кайрылышы жана алардын райларын алышы да жайиз. Себеби, кеңешүү үчүн ортого таштоонун өзү мубах иштерден. Бул жааттагы иштерде Үммөт межлисинин райы, Бадр окуясында болгону сыяктуу, алынышы

мажбурий эмес.

Эми экинчи беренеге келсек, халифанын өзү каалаган мыйзам жана өкүмдөрдү табанний кылышы анын укуктарынан болуп, Үммөт межлисинин райы бул жаатта алынышы мажбурий болбосо да, бирок, халифа табанний кылмакчы болгон шаръий өкүм жана мыйзамдарда – Умар ибн Хаттаб ﷺ шаръий өкүмдөрдө мусулмандарга кайрылганы сыяктуу жана анын бул ишинде бир да сахаба каршы чыкпаганы сыяктуу – Үммөт межлисинин райын билүү үчүн аларга кайрылышы жайиз болот. Умар ﷺнун мусулмандарга кайрылышына келсек, бул окуя Ирактагы фатх кылынган жерлер тууралуу болуп, мусулмандар Умардан бул жерлер аларды фатх кылган жоокерлерге бөлүштүрүп берилишин талап кылышкан. Умар ﷺ адамдардан бул жаатта кеңеш сурап, кийин ал бул жерлерди өз ээлери колунда – алар жизяга кошумча, бул жерлер үчүн да белгилүү хирожду төлөшү акысына – калтырууга токтом кылды. Демек, Умар ﷺнун жана андан мурда Абу Бакр ﷺнун шаръий өкүмдөрдө сахабалардан сурап, алардын райларын алуу үчүн кайрылганы жана бул абалды сахабалардын четке какпагандыгы – сахабалар ижмасы болуп эсептелет. Демек, халифа Аллахтын Китеби же Расулунун сүннөтүнөн шаръий өкүм үчүн нусус таба албаган учурда, же халифа өкүм табанний кылмакчы болгон убакта, же өкүмдү түшүнүү халифага кыйын болуп калганда – булардын бардыгында мусулмандардын райын билүү үчүн аларга кайрылышы жайиз экен. Мунун далили жогорудагы сахабалар ижмасы. Бирок, бул жааттагы иштерде Үммөт межлисинин райы халифа үчүн мажбурий эмес.

Үммөт межлисинин мүчөлөрүнөн болгон кайры мусулмандардын халифа табанний кылмакчы болгон мыйзам жана өкүмдөр жаатында рай билдирүүгө акысы жок. Буга себеп, алардын Исламга ыйман келтирбегендиктери. Алар шаръий өкүм жана мыйзамдарда рай билдире алышпайт, алардын рай билдирүүдөгү укуктары акимдин зулуму тууралуу даттанууга гана чектелген.

Үчүнчү берененин далили болсо, акимдерди мухасаба кылуу жөнүндө келген умумий нусустар. Ибн Умардан имам Ахмад риваят кылып айтат, Расулуллох ﷺ: «Тез арада силерди өздөрү кылбай турган ишке буюра турган амирлер башкарышат. Ким алардын жалгандарын туура десе жана алардын зулумдарына жардам берсе, андай адам менден эмес, мен болсо андан эмесмин жана ал Хаузи Каусарга эч качан жакындашпайт», - деген. Имам Ахмад Абу Саид Худрийден риваят кылып айтат, Расулуллох ﷺ: «Эң абзел жихад – залим султан алдында акыйкат сөздү айтуу», - деген. Хаким Жабирден, Жабир Расулуллох ﷺдан риваят кылып айтат, Расулуллох ﷺ: «Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдулмутталиб; жана залим имамдын алдында туруп, акыйкатты ачык айткан, натыйжада имам аны өлтүрүп жиберген киши», - деген. Ауф ибн Малик Ашжаъийден имам Муслим риваят кылат, «Расулуллох ﷺ айтты: «Эсиңерде болсун, кимге

бир валий жетекчи кылып дайындалса жана ал валий Аллахка күнөө кылып жатканын көрсө, мындай абалда валий кылып жаткан күнөөнү жаман көрсүн, бирок, ага итаат кылуудан колун тартпасын». Имам Муслим Умму Саламадан риваят кылат, Расулуллох ﷺ айтты: «Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амру-маъруф, нахий-мункар кыласыңар. Кимде-ким амру-маъруф кылса таза болот, кимде-ким нахий-мункар кылса саламат калат. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе...». Бул нусустар умумий болуп, мухасаба кылуу ар бир иш үстүндө болушуна далалат кылат. Худайбия келишиминде сахабалар каршы чыгып, бул ишти макулдашпаса да, Расулуллох ﷺ аларды бул иштери үчүн жемелеген жок. Болгону, алардын райларын албастан, келишим түздү. Себеби, Расулуллох ﷺдын кылганы Аллах Таала тарабынан вахий болуп, бул жаатта адамдардын райы мааниге ээ эмес болчу. Расулуллох ﷺдын капа болушу болсо – аларды курмандыктарын союп, чачтарын алдырып, ихрамдарын чечүүгө буйруганда – алардын буга итаат кылбагандыктары үчүн болгон. О.э. Расулуллох ﷺ Бадрда Хаббаб ибн Мунзир Расулуллох ﷺ түшкөн жерге каршылык билдиргенде, ага капа болбостон, анын райын алды. Үммөт межлиси халифаны, же муавинди, же валийди, же аамилди ар бир амалий иш жүзөсүнөн мухасаба кылат: иш шаръий өкүмгө тескериби же катабы, мусулмандарга зыяндуубу, калкка зулум болуп жатабы, мамлекеттик иштерди аткарууда кайдыгерлик болуп жатабы ж.б. Үммөт межлиси халифанын иштери туура бара жатканына канааттанышы үчүн, халифа аткарылган иштерге байланыштуу далилдерин жана көз карашын баян кылып, Үммөт межлисинин мухасабасына жооп бериши важиб. Эгер Үммөт межлиси халифанын көз карашын кабыл албаса, анын далилдерин четке какса, анда каралат: мындай абал көпчүлүктүн райы алынышы мажбурий болгон орунда болсо, Үммөт межлисинин райы алынышы мажбурий болот, мындай болбосо, Үммөт межлисинин райы мажбурий болбойт.

Мухасаба кылуу иш жүзүндө милдет жүктөбөгөн соң, халифаны мухасаба кылып туруудан эмне пайда? – деп айтылбайт. Себеби, мухасаба кылып туруу – аткаруу шарт болгон шаръий өкүм. О.э. ал фарзи кифая. Мындан сырткары, мухасаба кылуунун вакыйлыгы зор: ал пикирлерди ачып, айкындаштырып берет жана калктын пикирин ойготуп, аң-сезимдүү кылат. Ал кошуундардан да кудуреттүү күч болуп эсептелет. Андан бардык акимдер коркушат. Ушул себептен улам, мухасаба кылуунун пайдасы өтө чоң.

Эгер мухасаба кылуучулар кандайдыр бир иште шаръий тараптан акимдер менен ихтилаф кыла турган болушса, Межлистин талабы менен мазолим казысына кайрылышат. Аллах Таала айтат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ أَطِيعُواْ اللّهَ وَأَطِيعُواْ الرَّسُولَ وَأُوْلِي الأَمْرِ مِنكُمْ فَإِن تَنَازَعْتُمْ فِي شَيْءٍ فَرُدُّوهُ إِلَى اللّهِ وَالرَّسُولِ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон** (т.а. мусулман) **башчыларга моюн сунгула! Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө тартышып калсаңар, ал нерсени Аллахка жана Пайгамбарына кайтаргыла!»*** **[4:59]**
Бул аяттын мааниси: эй мусулмандар, силер өз жетекчилериңер менен бирер нерседе талашып калсаңар, аны Аллахка жана Расулуна кайтаргыла т.а. шарияттан өкүм сурагыла, - дегени. Шарияттан өкүм суроо дегени – казыга кайрылуу дегени. Ошондуктан, мазолим казысына кайрылынат. Бул жаатта анын райы алынышы мажбурий болот.

Төртүнчү берененин далили төмөнкүдөн алынган: Расулуллох ﷺ Бахрейндеги аамили Ала ибн Хазрамийди Абду Кайс уруусунун элчилери анын үстүнөн арызданганы үчүн бошотуп жиберген. Мухаммад ибн Умардан Ибн Саъд риваят кылат: «Расулуллох ﷺ Ала ибн Хазрамийге Абду Кайс уруусунан 20 киши менен алдына келишин айтып, кат жиберди. Алардын башчысы Абдулла ибн Ауф Ашажж эле. Ала ибн Хазрамий Мунзир ибн Савийди өз ордуна Бахрейнге коюп келди. Элчилер Ала ибн Хазрамийдин үстүнөн арызданышты. Ошондо, Расулуллох ﷺ аны аамилдиктен бошотуп, ордуна Абан ибн Саид ибн Асты дайындап: «Абду Кайс уруусуна жакшы мамиле кыл жана алардын улууларын урматта», - деди. О.э. Умар ибн Хаттаб да Саъд ибн Абу Ваккосту адамдар арызданганы үчүн валийликтен бошоткон жана: «Мен Саъдды кыянаты же алсыздыгы үчүн бошоткон жокмун», - деген. Булар: вилаяттардын калктары валий же амирлерине наразылыктарын билдирүүгө акылуу экендигине, халифанын мына ушул себептүү аларды бошотушу важиб экендигине далалат кылат. Ошол себептен, Үммөт межлиси да – вилаяттагы бардык мусулмандардан өкүл катары – валий же аамилдерге наразы экендиктерин билдирүүгө акылуу болушат. Халифага болсо, аларды дароо кызматынан бошотуу важиб.

Бешинчи берененин далили мындай: Мусулмандар Умар ؓ жарадар болуп, анын жашап кетишинен үмүт үзүлгөн убакта, андан өз ордуна халифа шайлап беришин талап кылышты. Умар мындан баш тартты. Бул талаптарын экинчи жолу кайталашканда, ал алты кишини белгилеп берди. Бул абал сүкүт сактоо ижмасы болуп, ал Үммөт межлиси мүчөлөрүнөн болгон мусулмандардын халифалыкка талапкерлерди белгилөө укугу бар экендигине жана бул жаатта алардын райларынын алынышы мажбурий экендигине далил болот. Умар ؓ мына ушул алты талапкерге элүү адамды өкүл кылып, алардын ичинен каршы чыгуучуларды өлтүрүүгө буйруду жана алты талапкер үчүн үч күндү белгилеп койду. Мындан болсо, анын мажбурий экендиги түшүнүлөт. Ал эми мусулман эместердин талапкерлерди белгилөөдө укуктары жок. Себеби, байъат мусулмандарга гана хос.

## Тартынбастан сүйлөө жана рай билдирүү укугу

Үммөт межлисинин ар бир мүчөсү шарият адал кылып койгон

чегарада эч тартынбастан каалагандай рай билдирүү жана сүйлөө укугуна ээ. Себеби, межлис мүчөсү – рай билдирүүдө жана мухасаба кылууда мусулмандардан өкүл. Анын иши: халифа, же аким, же мамлекет жихазынын кызматкери кылып жаткан ишти күзөтөт; жана алардын бардыгын мухасаба кылат; буга кошумча, аларга насаат кылат, сунуштар киргизет, мамлекет тараптан боло турган туура эмес иштерге каршылык билдирет. Бул иштерди алар мусулмандарга наиб катары аткарышат. Муну менен алар амру-маъруф, нахий-мункар кылуу; акимдерди мухасаба кылуу; аларга жакшы насаат айтуу; аларга кеңеш берүү сыяктуу мусулмандар мойнундагы важиб амалдарды аткарган болушат. Себеби, бул иштер мусулмандарга важиб. Аллах Таала айтат:

كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَتُؤْمِنُونَ بِاللّهِ

*«(Эй Мухаммаддын үммөтү),* ***адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар».*** **[3:110]**

الَّذِينَ إِن مَّكَّنَّاهُمْ فِي الْأَرْضِ أَقَامُوا الصَّلَاةَ وَآتَوُا الزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِالْمَعْرُوفِ وَنَهَوْا عَنِ الْمُنكَرِ

***«Аларды*** *(т.а. мусулмандарды)* ***жер жүзүндө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти*** *(тийиштүүлөргө)* ***беришет, маъруф иштерге буйрушат, мункар иштерден кайтарышат».*** **[22:41]**

وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ

***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***чакыра турган, маъруф иштерге буюра турган жана мункар иштерден кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**

О.э. маъруфка буйруп, мункардан кайтарууга көптөгөн хадистер келген. Расулуллох ﷺ: «Аллахка ант болсун, силер маъруф ишке буюрасыңар, мункар иштерден кайтарасыңар, же Аллах силерге жакын арада Өзү тараптан азап жиберет. Кийин дуба кыласыңар, бирок, дубаларыңар кабыл кылынбайт», - деген. (Имам Ахмад Хузайфадан риваят кылган). Имам Муслим Абу Саидден риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Силерден ким бир мункарды көрсө, аны колу менен өзгөртсүн. Анте албаса тили менен, минте да албаса дили менен өзгөртсүн. Мунусу эң алсыз ыйман», - деген.

Бул сыяктуу аят жана хадистер мусулмандарды маъруф ишке буйрууга, мункар иштен кайтарууга буюрат. Акимдерди мухасаба кылуу да маъруф ишке буйруп, мункар иштен кайтаруу болуп эсептелет. Буга кошумча түрдө, акимдерди мухасаба кылууга чакырган көптөгөн хадистер келген. Алар акимдерди маъруф ишке буйруп, мункар иштен кайтарууну жүзөгө ашырууда абдан зор мааниге ээ. Умми Атийя Абу Саидден риваят кылып айтат, «Расулуллох ﷺ: «Эң абзел жихад – залим султан алдында акыйкат сөздү айтуу», деди. Бул акимдерди мухасаба кылуу жана алардын алдында акыйкат сөздү айтуу важиб экендиги жөнүндөгү өкүм. Бул акыйкат сөздү айтуу эң абзел жихадга

теңештирилип, жада калса, акыйкат сөз өлүмгө алып барса да, ага чакырылууда. Буга Расулуллох ﷺдан риваят кылынган: «Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдулмутталиб; жана залим имамдын алдында туруп, акыйкатты ачык айткан, натыйжада имам аны өлтүрүп жиберген киши», - деген хадис да далил болот.

Сахабалар Расулуллох ﷺга да каршы чыгышкан жана ал кишиден кийинки халифаларды да мухасаба кылышкан. Бирок, Расулуллох ﷺ аларды жемелеген эмес о.э. Хулафаи Рошидиндер да аларды жемелеген эмес. Расулуллох ﷺ Бадр казатында Хаббаб каршылык билдирген кезде, анын райына кошулган. Ухуд казатында болсо, Курайш менен беттешүүгө Медина тышкарысына чыгуу туурасында, өзүнүн райына тескери болсо да, көпчүлүктүн райына кошулган. Худайбия күнү мусулмандар Расулуллох ﷺга катуу каршылык билдиришти. Эң катуу каршылык билдирген Умар ибн Хаттаб ؓ болду. Хунайнда болсо ансарлар аларга (олжолордон) эч нерсе берилбей, баары дилдери Исламга кирүүгө кызыгып тургандар үчүн берилгенине ачууланышты.

Умар ибн Хаттаб ؓну да минбарда турганда Яман чепкендерин бөлүштүргөнү тууралуу мухасаба кылышты. О.э. ал махрдын көбөйүп кетишинен кайтарганда, бир аял ага каршылык билдирди. О.э. Мисир, Ирак жана Шам жерлери фатх кылынгандан кийин, аларды бөлүштүрбөгөнү үчүн ага каршылык билдирип, мухасаба кылышты. Бул жаатта ага Билал менен Зубайр катуу каршы туруштү. Умар ؓ экөө менен тең талкуулашып, сахабалар менен кеңешти, ал тургай, аларды өз райына канааттандырды.

Ошондуктан, Үммөт межлисинин ар бир мүчөсү, «мусулмандардын өкүлү» деген этибарда, межлисте каалагандай сүйлөшү, тартынбастан, эч бир чектөөсүз өз райын билдириши жайиз. Анын халифаны, муавинди, валийди, мамлекет жихазындагы ар кандай кызматкерди мухасаба кылышы жайиз. Ырас, Үммөт межлиси рай билдирүү жана мухасаба кылууда шаръий өкүмдөргө амал кылып жаткан соң, бул акимдердин Үммөт межлисине жооп бериши важиб болот.

## ИСЛАМДЫ БИР УЧУРДА ТОЛУГУ МЕНЕН ИШКЕ АШЫРУУ ВАЖИБ, АНЫН ӨКҮМДӨРҮН БАСКЫЧМА-БАСКЫЧ КОЛДОНУУ АРАМ

Курани Карим Расулуллох ﷺга окуяларга ылайык, бөлүк-бөлүк болуп түшкөн. Расулуллох ﷺ ар бир аят түшүрүлгөн кезде аны жеткирүүгө шашылар эле. Эгер аят бирер буйрукту өз ичине алып түшүрүлгөн болсо, Расулуллох ﷺ жана мусулмандар аны аткарууга шашылышчу. Эгер бирер кайтарууну өз ичине алган болсо, Набий ﷺ жана мусулмандар андан алыс болууга шашылышчу. Ар бир өкүм түшүрүлөр замат, эч убакыт өткөрүлбөстөн, эч кечиктирилбестен толук ишке ашырылар эле. Түшүрүлгөн өкүм кандай болушуна карабастан, түшөрү менен ишке ашыруу важиб болгон. Аллах Таала бул динди толук кылып, төмөнкү аятты түшүргөнгө чейин ушундай болду:

الْيَوْمَ أَكْمَلْتُ لَكُمْ دِينَكُمْ وَأَتْمَمْتُ عَلَيْكُمْ نِعْمَتِي وَرَضِيتُ لَكُمُ الإِسْلاَمَ دِينًا

***«Бүгүн силерге диниңерди толук кылдым, неъматымды кемчиликсиз, түгөл кылып бердим жана силер үчүн Исламды гана дин кылып тандадым».*** **[5:3]**

Бул аят түшүрүлгөндөн кийин мусулмандар Исламдын бардык өкүмдөрүн: акыйдага тиешелүүбү; ибадатка тиешелүүбү; же адеп-ахлакка тиешелүүбү; же мамилеге тиешелүүбү, бул мамилелер мусулмандардын өз ара мамилесиби, же мусулмандар менен алардын үстүнөн өкүм жүргүзүп жаткан акимдердин ортосундагы мамилелерби, же бул мамилелер мусулмандар менен башка калк, улут жана мамлекеттер ортосундагы мамилелерби; о.э. бул өкүмдөр башкарууга тиешелүүбү; же экономикага тиешелүүбү; же ижтимаий жакка тиешелүүбү; тынчтык абалындагы тышкы саясатка тиешелүүбү же согуш абалындагы тышкы саясатка тиешелүүбү – булардын бардыгын б.а. Исламдын бардык өкүмдөрүн ишке ашырууга жоопкер болуп калышты. Аллах Таала айтат:

وَمَآ آتَاكُمُ الرَّسُولُ فَخُذُوهُ وَمَا نَهَاكُمْ عَنْهُ فَانتَهُوا وَاتَّقُوا اللَّهَ إِنَّ اللَّهَ شَدِيدُ الْعِقَابِ

***«Пайгамбар өзү силерге алып келген нерсени алгыла жана ал зат силерди кайтарган нерседен кайткыла жана Аллахтан корккула! Албетте, Аллахтын жазасы катуу».*** **[59:7]**

Т.а. Расулуллох ﷺ алып келген бардык нерсени алып, амал кылгыла. Ал кайтарган бардык нерседен кайтып, алыс болгула. Себеби, бул аяттагы «маа» сөзү умумийликти түшүндүрүүчү сөз болуп, бардык буйруктарга амал кылуу жана бардык кайтаруулардан кайтуу важиб экендигин өз ичине алат. Бул аятта келген «Расулуллох ﷺ алып келген нерселерди алууга жана кайтарган нерселерден кайтууга» болгон талап катъий талап болуп эсептелет. Бул жазм талап аяттын соңунда келген – Аллахтан коркууга буюруу жана Расулуллох ﷺ алып келген бардык буйруктарды албаган, ал кайтарган бардык кайтаруулардан кайтпаган киши үчүн катуу азаптар болушу менен коркутуу – мааниси менен важиб

талап болот. Аллах Таала айтат:

وَأَنِ احْكُم بَيْنَهُم بِمَآ أَنزَلَ اللّهُ وَلاَ تَتَّبِعْ أَهْوَآءَهُمْ وَاحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَن بَعْضِ مَآ أَنزَلَ اللّهُ إِلَيْكَ

***«**(Эй Мухаммад), **алардын арасында Аллах түшүргөн нерсе менен өкүм кылгын, алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе. Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!».*** **[5:49]**

Бул буйрук Аллах Тааланын Расулуна жана андан кийинки мусулман акимдерге Аллах түшүргөн бардык өкүмдөр менен – буйрукпу же кайтаруубу – өкүм жүргүзүү важиб экендигин түшүндүрүүчү жазм буйрук болуп эсептелет. Себеби, бул аятта келген «маа» лафзи умумийликти түшүндүрүүчү сөз болуп, ал Аллах тарабынан түшүрүлгөн бардык өкүмдөрдү өз ичине алат.

Аллах Таала Өз Расулун жана андан кийинки мусулман акимдерди *«Алардын көңүл кушу каалаган нерселерине ээрчибе»* деп эскертип, адамдардын көңүл-каалоосуна ээрчүүдөн жана таасирленип калуудан кайтарган.

О.э. Аллах Таала Өз Расулун жана андан кийинки мусулман акимдерди адамдар фитнага салып коюшунан о.э. Аллах түшүргөн кээ бир өкүмдөрдү колдонуудан буруп жиберишинен эскерткен. Демек, Расулуллох ﷺ – буйрукпу же кайтаруубу – Аллах түшүргөн бардык өкүмдөрдү, бул жаатта адамдардын каалоосуна көңүл бурбастан колдонушу важиб. Аллах Таала:

وَاحْذَرْهُمْ أَن يَفْتِنُوكَ عَن بَعْضِ مَآ أَنزَلَ اللّهُ إِلَيْكَ

***«Аллах сага түшүргөн өкүмдөрдүн айрымдарынан сени буруп фитнага салып коюуларынан этият бол!»*** **[5:49]**

وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ اللّهُ فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْكَافِرُونَ

***«Кимде-ким Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар кафирлер».*** **[5:44]**

Дагы бир аятта:

فَأُوْلَئِكَ هُمُ الظَّالِمُون

***«…алар залимдер»*** **[5:45]**

Дагы бир аятта:

فَأُوْلَئِكَ هُمُ الْفَاسِقُونَ

***«…алар фасиктер»*** **[5:47]**

- дейт. Ушул үч аятта Аллах Таала – буйрукпу же кайтаруубу, айырмасыз – Өзү түшүргөн бардык өкүмдөр менен өкүм жүргүзбөгөн адамды кафир, залим, фасик деп өкүм чыгарат. Себеби, бул үч аятта келген «маа» умумийликти түшүндүрүүчү сөз болуп, буйрук же кайтаруу болобу, бардык шаръий өкүмдөрдү өз ичине алат.

Жогорудагылардын бардыгынан анык болгондой, бардык мусулмандар – алар жеке адам болобу, жамаат же мамлекет болобу – Ислам өкүмдөрүн Аллах Таала талап кылгандай эч кечиктирбестен, кийинкиге калтырбастан, баскычма-баскыч алып барбастан толук колдонуулары важиб болот. Аны колдонбоодо жеке адам, же жамаат, же мамлекет үчүн эч кандай үзүр жок.

Бул колдонуунун баскычма-баскыч эмес, тескерисинче, бир учурда толугу менен болушу важиб. Өкүмдөрдү баскычма-баскыч колдонуу Ислам өкүмдөрүнө бүтүндөй тескери келип, Ислам өкүмдөрүнүн кээ бирлерин аткарып, кээ бирлерин таштап коюучулар – жеке адам, же жамаат, же мамлекет болсун – Аллах Тааланын алдында күнөөкөр болушат.

Важиб деген важиб, ал важиб бойдон калат жана аны аткаруу важиб болот. Арам деген арам, ал арам бойдон калат жана андан алыс болуу важиб болот. Сакыйф элчилери «кудайы» Латка үч жыл тийбестикти жана Исламга киргендиктери акысына намаздан аларды азат кылууну сурап келишкенде, Расулуллох ﷺ бул талаптарды кабыл албай, мындан бүтүндөй баш таркан. Бутту («кудайын») тезинен сындырууга жана намазды эч кечиктирбестен окушуна катуу турган.

Аллах Таала Исламдын бардык өкүмдөрүн колдонбой турган, же кээ бирин колдонуп, башкасын колдонбой турган акимдерди – эгер Исламдын жарактуу экенине итикад кылбай турган болсо, же өзү колдонбой жаткан кээ бир шаръий өкүмдөрдү жараксыз деп итикад кылса – андай акимдерди кафир деп эсептеди. Эгер Исламдын бардык өкүмдөрүн колдонбосо, бирок, Ислам өкүмдөрү колдонууга жарактуу деп итикад кылса – мындай акимдерди фасик жана залим деп өкүм чыгарды.

Эгер аким – бизде Аллах тарабынан хужжат болгон – ачык куфрду ашкере кылса, Расулуллох ﷺ бул акимге каршы кылыч көтөрүп, согушууну важиб кылды. Т.а. азбы-көппү, айырмасыз, куфр өкүмү экендигине күмөн болбогон куфр өкүмү менен өкүм жүргүзсө, ага каршы согушуу важиб болот. Убада ибн Сомиттин хадисинде келет: «Ишти өз ээлеринен талашпоого ахд кылдык. Расулуллох ﷺ: «Болгону, силерде Аллах тарабынан ал жөнүндө хужжат болгон ачык куфрду көрсөңөр гана (бул иш мүмкүн)», - деди. (Муслим риваяты).

Шарият өкүмдөрүн колдонууда кайдыгерлик кылуу жана Ислам өкүмдөрүн колдонууда баскычма-баскычтыкка жол берүү мүмкүн эмес. Себеби, бир важиб менен башка бир важибдин, бир арам менен башка бир арамдын, бир өкүм менен башка бир өкүмдүн ортосунда эч кандай айырма жок. Аллах Тааланын өкүмдөрү бардыгы бирдей болуп, аларды эч кечиктирбестен, баскычма-баскычтыкка жол бербей аткаруу важиб. Болбосо, Аллах Тааланын ушул аяты бизге туура келип калат:

أَفَتُؤْمِنُونَ بِبَعْضِ الْكِتَابِ وَتَكْفُرُونَ بِبَعْضٍ فَمَا جَزَآءُ مَن يَفْعَلُ ذَلِكَ مِنكُمْ إِلاَّ خِزْيٌ فِي الْحَيَاةِ الدُّنْيَا وَيَوْمَ الْقِيَامَةِ يُرَدُّونَ إِلَى أَشَدِّ الْعَذَابِ

***«Же китептин бир бөлүгүнө ишенип, бир бөлүгүн танасыңарбы? Араңардан ким бул ишти кылса, анын жазасы бул дүйнөдө шерменде болуу жана ал кыямат күнү катуу азапка дуушар кылынат».*** **[2:85]**

Ушуга ылайык, бүгүнкү күндө Исламий дүйнөдөгү мамлекеттер Ислам өкүмдөрүн колдонбой жатканына ар кандай шылтоолорун келтиришпесин, баары бир аларга үзүр жок. Алар: Исламды колдонууга кудуреттүү эмеспиз дейт; же Исламды колдонууга шарт туура келбейт дейт; же болбосо, дүйнөлүк коомчулук Исламды колдонуу пикирин кабыл албай жатат дейт; же дүйнөдөгү чоң мамлекеттер Исламды колдонууга жол бербей жатат дейт ж.б. булардын бардыгы актоо боло албайт жана алардын эч кандай мааниси жок. Кимде-ким бул жогорудагыларды шылтоо кылса, Аллах Таала андан эч нерсесин кабыл кылбайт.

## ИСЛАМ БИЙЛИКТИН ПОЛИЦИЯГА АЙЛАНЫП КАЛЫШЫН АРАМ КЫЛАТ

Исламда бийлик (салтанат), башкаруу (хукм) – бул адамдардын иштерин шарият өкүмдөрү менен башкаруу дегени. Ал күч-кубаттан башка нерсе. Мамлекетте адамдардын иштери күч менен башкарылбайт. Күч-кубаттын болушу, анын түзүлүшү, аны башкаруу, даярдоо бийликсиз ишке ашпайт. Бирок, ошентсе да, ал бийлик болуп эсептелбейт. Күч-кубат кошуун жана шуртада көрүнөт. Анын жардамында султан өкүмдөрдү ишке ашырат; фасик жана күнөөкөрлөрдү мыйзамга моюн сундурат; Исламга каршы чыгуучуларды бастырат; сырткы баскынчынын жолун тосот; бийлик негизделген пикир менен түшүнүктөрдү коргоо үчүн о.э. аларды тышкарыга жаюу үчүн бийлик аны васита кылып алат.

Мындан белгилүү болгондой, бийлик, мейли күч-кубатсыз жашашы мүмкүн болбосо да, ал күч-кубаттан башка нерсе. Күч-кубат болсо бийликсиз жүзөгө келиши мүмкүн болбосо да, ал бийликтен башка нерсе.

Ошондуктан, бийлик күч-кубат болуп калбашы керек. Себеби, эгер бийлик күч-кубатка айланып калса, анда анын адамдар иштерин башкаруусу бузулат. Анткени, мында күч-кубат түшүнүгү жана өлчөөлөрү адамдардын иштерин башкаруу түшүнүктөрү жана өлчөөлөрү эмес, тескерисинче, зордук-зомбулук түшүнүктөрү жана өлчөөлөрүнө айланып калат. Мындай абалда бийлик коркутуп-үркүтүү, зордук-зомбулук көрсөтүү жана кан төгүүлөрдү ишке ашыра турган полициялык бийликке айланып калат.

Бийлик күч-кубатка айланып калышы жайиз болбогону сыяктуу эле, күч-кубат да бийликке айланып калбашы керек. Анткени, андайда адамдар күч менен башкарылып калат. Адамдардын иштери аскерий түшүнүк жана мыйзамдарга ылайык башкарылып калат. Бул эки абал тең кыйроого себеп болот, дүрбөлөң жана коркунучту келтирип чыгарат, үммөттү жоголуп кетүү коркунучуна алып барып коёт. Бүгүнкү күндөгү араб мамлекеттери жана башка Исламий өлкөлөрдө турган аскердик диктатуралар буга ачык далил болот.

## ИСЛАМ МУСУЛМАНДАРДЫ КЫЙНООГО АЛУУНУ ЖАНА АЛАРДЫН ҮСТҮНӨН ТЫҢЧЫЛЫК КЫЛУУНУ АРАМ КЫЛАТ

Ислам акимге адамдарды азаптоону жана аларга азар берүүнү арам кылган. Имам Муслим Хишам ибн Хакиймден риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Бул дүйнөдө адамдарды азаптагандарды, Аллах албетте азаптайт» дегенин уктум.

Расулуллох ﷺ айтты: «Тозок калкынын мен мурун көрбөгөн эки түрү болот. Бири колдорунда уйдун куйругундай адамдарды урган камчылары бар коом... ». (Муслим Абу Хурайрадан риваят кылган). О.э. Ислам мусулмандардын кол тийгистигине: ар-намысына, кадыр-баркына, мал-мүлкүнө жана үй-бүлөсүнүн абийирине кол салууну арам кылды. Расулуллох ﷺ айтты: «Ар бир мусулмандын башка мусулманга каны, малы жана кадыры арам». (Бул сөздөр Муслим Абу Хурайрадан риваят кылган хадистин бир бөлүгү). О.э. Ибн Мажа Убайдулла ибн Амр тарабынан риваят кылган хадисте келтирилет, Расулуллох ﷺ Каъбаны айланып жүрүп: «Сен жана сенин жытың кандай сонун, сен жана сенин урматың кандай улуу. Мухаммаддын жаны Анын колунда болгон Затка ант болсун, Аллахтын алдында момундун кол тийгистиги, анын малы жана канынын урматы сенин урматыңдан улуураак». Расулуллох ﷺ айтты: «Мусулманды сөгүү – фасиктик, ага каршы согушуу – кафирлик». (Бухарий жана Муслим Абдулла ибн Масъуддан риваят кылган). Расулуллох ﷺ үйдүн урматы жөнүндө мындай дейт: «Эгер бир киши үйүңө уруксатсыз караса, таш менен уруп көзүн чыгара койсоң, сага эч кандай күнөө жок». (Муслим Абу Хурайрадан риваят кылган). Сахл ибн Саъддан риваят кылынат: «Бир киши Набий ﷺдын хужраларынын бирине тешиктен карады. Расулуллох ﷺ тарак менен таранып жаткан эле. Ошондо: «Эгер сенин карап турганыңды билгенимде, көзүңө ушул таракты тыгып алган болот элем. Себеби, уруксат суроо – көрүүнүн себептеринен», - деди. (Бухарий жана Муслим риваят кылган). Расулуллох ﷺ: «Ким бир коомдун үйүнө алардын уруксатысыз караса, коом үчүн анын көзүн оюп алуу адал болот», - деген. (Имам Ахмад Абу Хурайрадан риваят кылган).

О.э. Ислам мусулмандарга тыңчылык кылууну, аларды аңдып жүрүүнү, текшерүүнү жана алардын өздөрүнө тийиштүү болгон жашыруун сырларын ачуунуарам кылды. Ислам бир мусулмандын башка мусулмандар артынан тыңчылык кылышын арам кылды. Аллах Таала айтат:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا اجْتَنِبُوا كَثِيراً مِّنَ الظَّنِّ إِنَّ بَعْضَ الظَّنِّ إِثْمٌ وَلاَ تَجَسَّسُوا

***«Эй момундар, көп күмөндөрдөн алыс болгула! Себеби, айрым күмөндөр күнөө!*** *(Башка бирөөлөрдүн айыптары артынан)* ***тыңчылык кылып жүрбөгүлө».*** **[49:12]**

Расулуллох ﷺ: «Силер күмөндөн алыс болгула, себеби, күмөн – бул

сөздөрдүн эң жалганы. Бирөөнү күзөтпөгүлө, тыңчылык кылбагыла, бири-бириңерге көрө албастык кылбагыла, уруш-жаңжал кылбагыла, бири-бириңерге ачууланбагыла. Аллахтын бири-бирине боордош пенделеринен болгула», - деген (Бухарий жана Муслим Абу Хурайрадан риваят кылган). Расулуллох ﷺ: «Эй тили менен ыйман келтирип, дилине ыйман кирбегендер жамааты, мусулмандарды гыйбат кылбагыла, алардын ката-кемчиликтерин (табам деп) артынан түшпөгүлө. Кимде-ким мусулмандын ката-кемчиликтеринин артынан түшсө, Аллах анын ката-кемчиликтеринин артынан түшөт. Аллах кимдин ката-кемчиликтеринин артынан түшсө, аны өз үйүндө шерменде кылат», - деген. (Имам Ахмад Абу Барза Асламийден риваят кылган).

Жогорудагы аят-хадистер мусулмандардын артынан тыңчылык кылууну жана алардын ката-кемчиликтерин издөөнү мусулмандарга арам кылат. Мусулман эгер мусулмандын ката-кемчиликтеринин артынан түшсө, Аллах анын ката-кемчиликтеринин артынан түшүп, аны шерменде кылышы менен коркутат. Төмөнкү хадисте мусулмандарды аңдуу жана алардын үстүнөн тыңчылык кылуу үчүн разведка аппараттарында иштөө да арам кылынган: Мисвар Набий ﷺдын мындай дегенин риваят кылат: «Кимде-ким мусулмандын үстүнөн бир жемишти жей турган болсо, Аллах да так ушундай нерсени ага тозоктон жедирет. Кимде-ким бир мусулмандын үстүнөн бир кийим кийсе, Аллах так ушундай кийимди ага тозокто кийгизет». (Абу Давуд жана Ахмад риваяты).

Мусулмандар үстүнөн тыңчылык кылуу арам кылынганы сыяктуу эле, Исламий мамлекеттин жараны болгон зиммийлер үстүнөн тыңчылык кылуу да арам кылынат. Себеби, мусулмандар үчүн кылынган адилеттүүлүк алар үчүн да кылынат, мусулмандардан талап кылынган адилеттүүлүктү жүзөгө чыгаруу алардан да талап кылынат. «Хирож» китебинде Яхя ибн Адам ушул хадисти риваят кылат, Расулуллох ﷺ зиммийлерге жакшы мамиледе болууну буйруп, аларга азар берүүдөн кайтарып: «Кимде-ким муахидге зулум кылса, же ага такаатынан тышкары нерсени жүктөсө, менин хужжатым анын үстүнөн тээ кыямат күнүнө чейин үстөм болот», - деди. Умар ﵁ айтты: «Мен өзүмдөн кийинки халифаларга Расулуллох ﷺ доорунда зиммий болгон кишилерге жакшы мамиледе болууну, аларга берген убадаларына турууну, аларга алардын такаатынан ашыкча нерсени жүктөбөөнү насаат кыламын». (Яхя ибн Адам риваяты). Жогорудагы аят-хадистер тыңчылык кылуу арам экендигинде умумий болуп келсе да, бирок, мусулмандар менен согуш абалындагы кафирлер үстүнөн тыңчылык кылуу – алар хакикий согуш абалындабы же хукмий согуш абалындабы, буга карабастан – аят жана хадистердин умумий маанисинен тышкарыда. Себеби, башка бир хадисте тыңчылык кылуунун арамдыгы согуш абалындагы кафирлерден башкаларга хостолгон. Ал эми мусулмандар менен согуш абалындагы кафирлерге келсек, алардын үстүнөн тыңчылык кылуу арам эмес,

тескерисинче,  важиб болот. Исламий мамлекеттин бул ишти кылышы шарт. Себеби, Расулуллох ﷺ Абдулла ибн Жахш жана мухажирлерден сегиз кишини Тоиф менен Меккенин ортосундагы «Нахла» деген жерге Курайштын кабарларын текшерип, билип келүү үчүн жөнөткөн. кафир душмандардын үстүнөн тыңчылык кылуу мусулмандар кошууну жана Исламий мамлекет үчүн абдан да зарыл болгон иштерден.

Капыр душмандардын үстүнөн тыңчылык кылуу Исламий мамлекетке важиб болгону сыяктуу эле, Исламий мамлекеттин зыянына кафир душмандар тарабынан кылына турган тыңчылык иштерине каршы күрөшө турган Исламий мамлекеттин өзүнө хос жихазы болушу да важиб. Бухарий Салама ибн Акубадан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ сапарда жүргөндө анын алдына бир мушрик тыңчы келди. Ал Расулуллох ﷺдын сахабалалары менен сүйлөшүп отуруп, кийин кайтып кетти. Расулуллох ﷺ: «Аны таап өлтүргүлө», - деди. Салама аны өлтүрдү. Расулуллох ﷺ мушриктин буюмдарын ага олжо катары берди». Имам Ахмад Фурот ибн Хаяндан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ аны өлтүрүүгө буйруду. Ал Абу Суфяндын тыңчысы жана аны менен келишим түзгөн адам эле. Ал ансарлар жамаатынын алдынан өтүп бара жатып, «мен мусулманмын» деди. Алар: «Я Расулуллох, ал мусулманмын деп жатат», - дешти. Расулуллох ﷺ: «Силердин араңарда биз ишене турган адамдар бар. Алардын бири – Фурот ибн Хаян», - деди.

Бухарий Али ؓдан риваят кылат: «Мени, Зубайрды жана Микдад ибн Асвадды Расулуллох ﷺ жөнөтүп жатып: «Шабдалы багына жеткенге чейин кете бергиле. Ал жерде бир аял бар. Андан катты алып келгиле», - деди. Биз учкан бойдон ошол бакка жетип бардык жана ал жерден ошол аялды таптык. Ага «катты бер» десек, ал «менде кат жок» деди. Биз ага «катты чыгарасыңбы же кийимиңди тартып алайлыбы» дедик эле, ал катты чач өрүмүнүн арасынан алып берди. Аны Расулуллох ﷺга алып келдик».

Булардын бардыгынан анык болгондой, Исламдагы бийлик полициялык режим эмес. Мындай болушу мүмкүн да эмес. Себеби, полициялык режим мусулмандарга чоң зыян жеткирет жана шаръий өкүмдөргө о.э. «зыян да жок, зыян жеткирүү да жок» деген шаръий коидага тескери келет.

О.э. Исламий мамлекетке өз калкынын үстүнөн тыңчылык кыла турган жихазды тикелешинин арам экендиги жана аларга азар жеткирүүнүн арам экендиги да белгилүү болот.

О.э. Исламий мамлекеттин өзүнө каршы кылынып жаткан тыңчылык иштерин текшерүү, кафир душмандардын кабарларын билүү жана алардын үстүнөн тыңчылык кылуу үчүн атайын жихаз түзүшү важиб экендиги белгилүү болот.

## ИСЛАМ МЕНЕН ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮП ЖАТКАН МУСУЛМАН АКИМГЕ МОЮН СУНУУ ФАРЗ

Мусулмандардын өз өкүмүндө Ислам өкүмдөрүн колдоно турган мусулман акимге – мейли ал зулум кылса да, акыларын жесе да, ырас, күнөө ишке буйрубаса жана ачык куфрду көрсөтпөсө – итаат кылуулары (моюн сунуулары) фарз.

Итааттын фарздыгына далил ушул жаатта келген аят-хадистер. Аллах Таала айтат:

يَآ أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُواْ أَطِيعُواْ اللّهَ وَأَطِيعُواْ الرَّسُولَ وَأُوْلِي الأَمْرِ مِنكُمْ

***«Эй момундар, Аллахка, Пайгамбарга жана өзүңөрдөн болгон** (т.а. мусулман) **башчыларга моюн сунгула».*** **[4:59]**

Бухарий Абу Салама ибн Абдуррахмандан, ал Абу Хурайрадан Расулуллох ﷺдын мындай дегенин риваят кылат: «Кимде-ким мага итаат кылса, Аллахка итаат кылганы. Ким мага итаат кылбаса, Аллахка итаат кылбаганы. Кимде-ким амириме итаат кылса, мага итаат кылганы. Ким амириме асий болсо, мага асий болгону». Башка риваятта: «... Ким амирге итаат кылса, мага итаат кылганы... » - делет. Бухарий Анас ибн Маликтен риваят кылат: «Расулуллох ﷺ: «Эгер силердин үстүңөргө башы мейиздей кара хабаш кул башчы кылып дайындалган болсо да, ага кулак салып, итаат кылгыла», - деген. Муслим Амр ибн Астан риваят кылат: «Набий ﷺ: «Кимде-ким бир имамга колу жана жүрөгү менен байъат кылса, күчү жетишинче ага итаат кылсын. Эгер башчылыкты талашып башкасы келсе, аны өлтүргүлө!», - деген.

Булар итааттын важиб экендигине ачык далилдер. Себеби, Аллах Таала башчыга, амирге, имамга (халифага) итаат кылууга буйруган жана бул буйрук жазмга далалат кылуучу маани менен келген. Расулуллох ﷺ амирге асий болууну Расулга жана Аллахка асий болуу менен теңештирип о.э. аким эгер хабаш кул болсо да, ага итаат кылууну катуу буйуруу менен бул маанини дагы да күчөтүп жатат. Бул мааниде келтирилген хадистердин баары талап жазм талап экендигине далалат кылат жана акимге итаат кылуу фарз болуп калат.

Бул орунда итаат мутлак мааниде келген, белгилүү бир акимге, белгилүү бир иштерге чектелбеген. Демек, мусулман аким болсо – ал залимби, фасикпи, адамдардын малын жей турганбы, буга карабастан – ага итаат кылуу важиб. Себеби, далилдер чектелбестен мутлак абалда келген жана мутлак бойдон калат.

Аким залим болсо да, фажир болсо да, ага итаат кылуу важиб экендигине далалат кылуучу хадистер келген. Бухарий Абдулладан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ бизге: «Силер жакын арада өзүмчүлдүктү жана өзүңөр жаман көргөн иштерди көрөсүңөр», - деди. Сахабалар: «Андай абалда бизди эмне кылууга буюрасыз», - деп сурашты. Расулуллох: «Алардын акыларын бергиле жана Аллахтан өз акыңарды

сурагыла», - деп жооп берди. Бухарий Абу Ражадан ал киши Ибн Аббастан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким өз амиринен жаман көргөн бирер нерсени көрсө, ага сабыр кылсын. Себеби, ким жамаатынан бир карыш тышкарыга чыгып өлсө, ал жахилият өлүмүндө өлгөн болот», - деди.

Бул хадистер, аким кандай ишти кылган болбосун, ага итаат кылуу важиб экендигине ачык далил болот. Расулуллох ﷺ итаат кылууну жазм түрүндө таъкиддеп (баса белгилеп) өткөн. Муслим Нафиъден, ал Абдулла ибн Амрдан риваят кылып айтат: Набий ﷺдын мындай дегенин уктум: «Ким итаат кылуудан кол тартса, кыямат күнүндө Аллахка хужжатсыз абалда жолугат. Ким мойнунда байъат болбогон абалда өлсө, ал жахилият өлүмү менен өлүптүр». Ибн Умардан риваят кылынат: Набий ﷺ: «Кимде-ким жамааттан бир карыш тышкарыга чыкса, тээ ушул жамаатка кайтмайынча, мойнунан Ислам боосун (ахдын) чечип койгон болот. Ким үстүндө жамааттын имамы (халифа) болбогон абалда өлсө, анын өлүмү жахилият өлүмү болуп эсептелет», - деген.

Аким кандай иш кылбасын, ага асий болуу адал эмес. Акимге каршы чыгуу арам иш жана ал кандай иш кылбасын ага каршы согушуу арам. Бухарий Абдулла ибн Амрдан риваят кылат: «Расулуллох ﷺ: «Кимде-ким бизге каршы кылыч көтөрсө, ал бизден эмес», - деген. Демек, башчылыкты талашуу адал эмес, болгону ал ачык куфрду көрсөткөндүгүнө далил болсо гана, талашуу туура болот.

Акимдер мункар иш кылышса да, аларга каршы согушуу ачык кайтарылган. Имам Муслим Умму Саламадан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амру-маъруф жана нахий-мункар кыласыңар. Кимде-ким амру-маъруф кылса таза болот, кимде-ким нахий-мункар кылса саламат болот. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе…», - деди. Сахабалар: «Аларга каршы согушабызбы», - деп сураشты. Расулуллох ﷺ: «Жок, эгер намаз окуп жатышкан болсо», - деп жооп берди. Муслим Ауф ибн Маликтен риваят кылган хадисте мындай келет: «Я Расулуллох, аларга каршы кылыч көтөрүп чыкпайбызбы?» - деп сурашты. Расулуллох ﷺ: «Жок, эгер араңарда намазды өтөшсө... », - деп жооп берди. Муслим риваят кылган байъат жөнүндөгү Убада ибн Сомиттин хадисинде мындай деп келет: «Ишти анын ээлеринен талашпастыкка ахд беребиз. Айтты: «Бирок, силерде Аллах тарабынан хужжат болгон ачык куфрду алардан көрсөңөр, талашышыңар мүмкүн».

Булардын бардыгы акимге каршы чыкпоого, ага каршы согушпастыкка жана андан башчылыкты талашпастыкка далилдер. Ушуну менен бир катарда, дагы башка хадистер аким канчалык залим, мункар иштерди кылуучу болсо да, аларга итаат кылуу важиб экендигине далалат кылат. Булардын бардыгы акимге толук итаат кылууга чакырат. Маъруф иштерге буюруу, мункар иштерден кайтаруу жана мункар иштерди кол менен

кетирүүгө буйруган умумий хадис жана аяттар келген болсо, бул хадистер ушул иштерди хостоп, аким алардан сырткары болот. Ошол себептен улам, мусулмандардын өз акимдерине итаат кылуулары – истисна кылынган орундардан башка орундарда – эч кандай чегара менен чектелбеген мутлак итаат кылуу болот.

### Күнөө иште итаат кылынбайт

Акимге итаат кылуунун важибдигинен болгону бир гана абал истисна кылынган: ал күнөөгө буйруган абал. Эгер аким күнөө ишке буйруса, мында ага итаат кылынбайт. Себеби, шариятта мындай абалда итаат кылуу истисна кылынган. Нафиъ Ибн Умардан, ал Набий ﷺдан мындай дегенин риваят кылат: «Мусулман кишинин жакшы-жаман көргөн орунда да кулак салышы жана итаат кылышы важиб. Болгону күнөө ишке буйрулганда гана кулак салбайт, итаат кылбайт». (Муслим риваяты). Бул хадистен акимдин өзүнүн күнөө ишти кылышы эмес, башканы күнөө ишти кылууга буйрушу назарда тутулуп жатат. Эгер аким сиздин көз алдыңызда күнөө иш кылса, бирок, сизди ага буйрубаса, ага итаат кылуу важиб болот. Муслим Ауф ибн Малик Ашжаъийден риваят кылат: «Мен Расулуллох ﷺ: «Имамдарыңардын жакшылары – силер аларды жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө тургандары; силер аларды мактай турган жана алар да силерди мактай тургандары. Имамдарыңардын жамандары – силер аларды жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө тургандары; силер аларды наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай тургандары», - деди. Ошондо биз: «Я Расулуллох, андай абалда биз аларга каршы чыкпайбызбы?» - деп сурадык. Расулуллох: «Жок, эгер силердин араңарда намазды өтөп жатышкан болсо (каршы чыкпайсыңар). Эсиңерде болсун, кимге бир валий башчы кылып дайындалса, жана ал валийдин Аллахтын күнөө иштеринен бирер ишти кылып жатканын көрсө, кылып жаткан күнөө ишин жаман көрсүн, бирок, итаат кылуудан колун тартпасын», - деди. Бул хадисте күнөө кылуу эмес, күнөө ишке буйруу назарда тутулган. А бирок, эгер акимдин күнөө ишти кылып жатканын көрсөңүз, ага итаат кылбастык сизге арам болот. Ал эми сизди Аллахка күнөөкөр болууга буйруса, ага итаат кылбаңыз. Себеби, Жаратуучуга асий болууга буйруса, махлукка итаат кылынбайт.

Итаат кылуудан мустасна кылынган жалгыз абал – күнөө ишке буйруу. Бул орундагы айтылып жаткан күнөө, анын күнөө экендигине эч күмөн болбогон күнөө. Мисалы, акимдин сизди сүткордукка буюрушу сыяктуу. Ал эми ал сизди өзү адал деп билген нерсеге буйруса, сиз болсо аны арам деп билсеңиз, бул абал күнөө ишке буйруу эмес, адал ишке буйруу болуп, мында ага итаат кылуу важиб болот. Мисалы, сиз фото сүрөттү арам деп билсеңиз, аким болсо адал деп билсе жана сизге расмий мамилелер үчүн фото сүрөткө түшүүгө буйруса, сиздин итаат кылышыңыз важиб, ал эми ага асий болушуңуз болсо арам болот. Себеби, ал «Ибн

Аббас риваят кылган хадисте кайтарылган сүрөт – кол менен тартылган сүрөт, ал эми фото сүрөт болсо бул хадиске дал келбейт» деп билет. Бул болсо, анын күнөө эместигине далил же күмөндүү далил болуп эсептелет. Ошол себептен улам, акимдин расмий мамилелер үчүн фото сүрөткө түшүүгө буйрушу күнөөгө буйруу болбойт, бул жаатта ага итаат кылуу важиб, ал эми итаат кылбай коюу болсо арам болот.

## АКИМДЕРДИ МУХАСАБА КЫЛУУ МУСУЛМАНДАРГА ФАРЗ

Акимдерди мухасаба кылуу мусулмандарга фарз. Аларга итаат кылуунун важибдиги, «алар адамдардын акыларын жешсе да, зулум кылышса да, аларга унчукпай сүкүт сактап туруу» дегени эмес. Тескерисинче, аларга итаат кылуунун важибдиги менен бир катарда, алардын иштери жана башкарууларын мухасаба кылып туруу да фарз. Аллах Таала мусулмандарга акимдерин мухасаба кылууну жана эгер алар калктын акы-укуктарын тебелеп-тепсеп жатышкан болсо, же калктын иштерин этибарсыз калтырышса, же Ислам өкүмдөрүнө тескери иш жүргүзүп, Аллахтын өкүмү менен өкүм жүргүзүшпөсө, аларды өзгөртүүнү жазм буйрук менен буйруган. Имам Муслим Умму Саламадан риваят кылат: Расулуллох ﷺ: «Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амру-маъруф жана нахий-мункар кыласыңар. Кимде-ким амру-маъруф кылса таза болот, кимде-ким нахий-мункар кылса саламат калат. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе…», - деди. «Аларга каршы согушабызбы», - деп сурашты. Расулуллох ﷺ: «Жок, эгер намаз окуп жатышса», - деп жооп берди». Муслимдин дагы бир риваятында мындай келет: «Демек ким жаман көрсө таза болот, ким инкар кылса саламат болот. Бирок, ким ыраазы болсо жана ээрчисе...» Бул риваят мурунку риваятты тафсирлеп келген. Расулуллох ﷺ бул орунда акимди мункар иштен кайтарууга буюруп жатат жана бул ишти мүмкүн болгон каражаттар аркылуу согушсуз болушу шарты негизинде кол менен болушун, тил менен т.а. сөз менен болушун, эгер тил жана кол менен кайтарууга алсыздык кылса, дил менен болушун важиб кылды. О.э. акимди мункардан кайтарбаган адамды акимге күнөөдө шерик болот деди. Анткени, ким алар кылган ишке ыраазы болсо жана ага ээрчисе, күнөөдөн таза да, саламат да болбойт деди.

Маъруф ишке буюруу, мункар иштен кайтаруунун далили акимдерди мухасаба кылуу важибдигине болгон далилдин дал өзү. Бул далил акимди да, башкаларды да өз ичине алат. Аллах Таала маъруф ишке буйруу жана мункар иштен кайтарууга катъий буйруган. Аллах Таала айтат:

وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ وَأُوْلَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ

***«Силерден жакшылыкка*** *(Исламга)* ***даъват кыла турган, маъруф иштерге буюра турган жана мункар иштерден кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**

كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ أُخْرِجَتْ لِلنَّاسِ تَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَتَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ

***«****(Эй Мухаммаддын үммөтү),* ***адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени, силер маъруфка буюрасыңар, мункардан кайтарасыңар».*** **[3:110]**

ٱلَّذِينَ يَتَّبِعُونَ الرَّسُولَ النَّبِيَّ الأُمِّيَّ الَّذِي يَجِدُونَهُ مَكْتُوبًا عِندَهُمْ فِي التَّوْرَاةِ وَالإِنْجِيلِ يَأْمُرُهُم بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَاهُمْ عَنِ الْمُنكَرِ

***«Алар Тооротто жана Инжилде жазылганын табышып, сабатсыз пайгамбарыбызды ээрчиген кишилер. Ал Пайгамбар аларды маъруф иштерге буйруйт, мункар иштерден кайтарат».*** **[7:157]**

التَّآئِبُونَ الْعَابِدُونَ الْحَامِدُونَ السَّآئِحُونَ الرَّاكِعُونَ السَّاجِدونَ الآمِرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَالنَّاهُونَ عَنِ الْمُنكَرِ وَالْحَافِظُونَ لِحُدُودِ اللّهِ وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ

***«Алар – тообо кылуучулар, Аллахка гана ибадат кылуучулар, орозо тутуучулар, рукуъ-сажда кылуучулар, шүгүр кылуучулар, маъруф иштерге буйруучулар, мункар иштерден кайтаруучулар, Аллах белгилеп койгон чектерди ар дайым сактоочу*** *(момундар). (Эй Мухаммад),* ***бул момундарга бейиш кушкабарын жеткиргин».*** **[9:112]**

الَّذِينَ إِن مَّكَّنَّاهُمْ فِي ٱلْأَرْضِ أَقَامُوا الصَّلاَةَوَآتَوُا الزَّكَاةَ وَأَمَرُوا بِالْمَعْرُوفِ وَنَهَوْا عَنِ الْمُنكَرِ

***«Аларды*** *(т.а. мусулмандарды)* ***жер жүзүндө үстөм кылсак, алар намазды толук аткарышат, зекетти*** *(тийиштүүлөргө)* ***беришет, маъруф иштерге буйрушат, мункар иштерден кайтарышат».*** **[22:41]**

Бул аяттардын бардыгында Аллах Таала маъруф иштерге буйрууну, мункар иштерден кайтарууну талап кылган. Бул талап жазмга далалат кылуучу маанидеги сөздөр менен келтирилген. Бул сөздөр аяттарда Аллах Таала:

وَأُوْلَئِكَ هُمُ الْمُفْلِحُونَ

***«Мына ошолор ийгиликке жетишүүчүлөр»,*** **[3:104]**

كُنتُمْ خَيْرَ أُمَّةٍ

***«Үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар»,*** **[3:110]**

وَبَشِّرِ الْمُؤْمِنِينَ

***«Момундарга бейиш кушкабарын жеткиргин»,*** **[9:112]**

- деп келтирген мактоолор. Бул болсо, талаптын жазм талап экендигине карийна т.а. анын фарз экендигинин белгиси. Акимди мухасаба кылуу – аны маъруф ишке буюруп, мункар иштен кайтаруу болгону себептүү да фарз. О.э. маъруф ишке буйруу, мункар иштен кайтарууга далалат кылуучу көптөгөн хадистер келген. Хузайфа ибн Ямандан риваят кылынат, Расулуллох ﷺ айтты: «Аллахка ант ичип айтам, албетте маъруф ишке буюрасыңар, мункар иштен кайтарасыңар, же тез арада Аллах силерге Өзү тараптан бир азапты жиберет. Кийин дуба кыласыңар, бирок, дубаңар кабыл кылынбайт». (Ахмад жана Термизий риваяты). Абу Саид Худрийден риваят кылынат, Расулуллох ﷺ айтты: «Силерден ким бир мункарды көрсө, аны колу менен өзгөртсүн. Анте албаса тили менен,

минте да албаса дили менен өзгөртсүн. Мунусу эң алсыз ыйман». (Муслим риваяты). Ахмад Адий ибн Адийден риваят кылат, Расулуллох ﷺдын мындай дегенин уктум: «Албетте, Аллах Азза ва ЖАллах хоссанын (жеке адамдын) иши үчүн омманы (жалпы элди) азаптабайт (эгер мункардан кайтарып турушса). Эгер алар ортосундагы (калк ичиндеги) мункарды көрүп турушса жана аны кайтарууга кудуреттүү болушса да, бирок, аны кайтарышпаса, Аллах Таала хоссаны да, омманы да азаптайт».

Бул хадистердин бардыгы маъруф ишке буюруу, мункар иштен кайтаруу важиб экендигине далалат кылат. О.э. акимди да маъруф ишке буюруу, мункар иштен кайтаруу важиб экендигине далалат кылат. Шек-күмөнсүз бул нерсе акимди иштерине ылайык мухасаба кылуу болуп эсептелет. Бул орунда акимдерди маъруф ишке буйруу, мункар иштен кайтаруу ушунчалык маанилүү болгондуктан, мухасаба кылуунунун маанисин күчөтүүчү акимге тийиштүү көп хадистер келген: Ахмад Абу Саидден риваят кылат, Расулуллох ﷺ айтты: «Эң абзел жихад – залим султандын алдында акыйкат сөздү айтуу». Абу Умамадан риваят кылынат: Расулуллох ﷺга «Жамратул-увла»да (Минадагы шайтанга таш ыргытыла турган жердин биринчиси) бир киши бетме-бет келип калып: «Я Расулуллох, кайсы жихад абзел?» - деп сурады. Расулуллох ﷺ унчукпады. «Жамратус-сания»да (экинчи жер) ташты ыргытып бүткөндө да ушул суроону берди. Дагы унчупады. Расулуллох ﷺ «Жамратул-акаба»да ташты ыргытып бүткөндөн кийин, буттарын үзөңгүгө салып жатып: «Сураган адам кана?» - деди. Ал адам «Менмин, я Расулуллох» деди. Расулуллох ﷺ: «Эң абзел жихад – залим султан алдында акыйкат сөздү айтуу», - деди. (Ибн Мажа жана Ахмад риваяты).

Бул аким жөнүндөгү, анын алдында акыйкат сөздү айтуу т.а. мухасаба кылуу важибдиги жөнүндөгү нусус. Калктын укугун тебелеп жаткан, же калк алдындагы милдеттерине кайдыгерлик кылып жаткан, калк иштеринен бирер иште этибарсыздык кылып жаткан акимдерге каршы күрөшүү фарз. Себеби, муну Аллах Таала фарз кылып, жихад деп, болгондо да эң абзел жихад деп эсептеди. Т.а. Аллахтын алдындагы эң абзел жихад – залим акимдерге каршы күрөшүү. Бул далилдин өзү акимдерди мухасаба кылуу фарз экендигине жетиштүү болот.

Расулуллох ﷺ залим акимдерге – бул жолдо канчалык кыйынчылык жетпесин, ал тургай бул иш өлүмгө алып барса да – каршы туруугa чакырган. Хаким Жабирден, ал киши Пайгамбарыбыздан риваят кылып айтат, Расулуллох ﷺ айтты: «Шейиттердин саййиди – Хамза ибн Абдулмутталиб; жана залим имамдын алдында туруп, акыйкатты ачык айткан, натыйжада имам аны өлтүрүп жиберген киши». Бул хадис залим акимдерге каршы туруп, аларды мухасаба кылуу жолунда бардык кыйынчылыктарды көтөрүүгө ыраазы болууга чакырууну ачык-айкын жеткиликтүү чагылдырган хадис.

## Аким эгер ачык куфрду көрсөтсө, ага каршы согушуу важиб болот

Итаат кылуудан бир гана абал т.а. күнөөгө буйруу абалы истисна кылынганы сыяктуу, акимге каршы чыгуу жана ага каршы курал көтөрүү арам экендигинен бир гана абал истисна кылынат. Бул абал акимдин куфрду көрсөтүүсү. Эгер ал ачык куфрду көрсөтсө, мына ушул абал жөнүндө далил келгени үчүн, ага каршы согушуу важиб болот. Бул истисна кылынган абал Ауф ибн Малик Ашжаъийден риваят кылынган хадисте баян кылынган, ал айтат: «Мен Расулуллох ﷺдын мындай дегенин уктум: «Жетекчилериңердин жакшылары – силер жакшы көрө турган жана алар да силерди жакшы көрө турган, алар силерге рахмат айта турган жана силер да аларга рахмат айта турган жетекчилер. Жетекчилериңердин жамандары – силер жаман көрө турган жана алар да силерди жаман көрө турган, силер наалаттай турган жана алар да силерди наалаттай турган жетекчилер». Ошондо биз: «Я Расулуллох, ошондой абалда биз аларга каршы чыкпайбызбы?» - деп сурадык. Расулуллох: «Жок, эгер силердин араңарда намазды өтөшсө (каршы чыкпайсыңар)», - деди. (Муслим риваяты). Бул хадистеги намазды өтөөнүн мааниси – Ислам менен өкүм жүргүзүү, шарият өкүмдөрүн колдонуу. Бул Аллах Тааланын: *«Бир моюнду азат кылуу»*, - деген аятынан бир эле моюнду эмес, тескерисинче, бир бүтүн кулду азат кылуу түшүнүлгөнү сыяктуу, бүтүн нерсени анын бир бөлүгү менен атоо туркүмүнөн. Ушул себептен улам, «эгер силердин араңарда намазды өтөшсө» деген сөздөн максат, намазды эле өтөө эмес, тескерисинче, бардык шаръий өкүмдөрдү аткаруу назарда тутулган. Бул болсо, мажаз туркүмүнөн (өтмө маанинин бир түрү) болуп, бир бөлүктү айтуу менен бүтүндүктү түшүндүрүү дегени. Имам Муслим Умму Саламадан риваят кылат, Расулуллох ﷺ: «Жакында ушундай бир амирлер болот, силер аларга амру-маъруф жана нахий-мункар кыласыңар. Кимде-ким амру-маъруф кылса таза болот, кимде-ким нахий-мункар кылса саламат калат. Бирок, кимде-ким ыраазы болуп ээрчип кете берсе (аларга кыйроо болсун)», - деди. «Аларга каршы согушабызбы», - деп сурашты. Расулуллох: «Жок, эгер намаз окуп жатышса», - деп жооп берди». Т.а. шарият өкүмдөрүн өтөп жатышса деди. Намаз да шарият өкүмдөрүнөн болуп, бул «бир бөлүгүн айтып, бүтүндү назарда тутуу» коидасына кирет. Убада ибн Сомиттен риваят кылынган хадисте анын мындай дегени келтирилет: «Расулуллох ﷺ бизди чакырды. Биз ал кишиге жакшы көргөн, жаман көргөн оруундарыбызда, жеңил жана кыйынчылык убактарыбызда да кулак салып, итаат кылууга, ишти өз ээлеринен талашпоого байъат кылдык. Расулуллох ﷺ: «Бирок, силерде Аллах тарабынан хужжат болгон ачык куфрду алардан көрсөңөр талашышыңар мүмкүн», - деди. (Муслим риваяты).

Бул үч хадис – Ауф ибн Малик, Умму Салама жана Убада ибн

Сомиттердин хадистери – имамга каршы чыгуу темасы жөнүндө болуп, алар имамга каршы чыгуудан катъий кайтарат:

1. «Ошондой абалда биз аларга каршы чыкпайбызбы?» - деп сурашканда. «Жок», - деп жооп берди».

2. «Аларга каршы согушпайбызбы?» - деп сурашканда: «Жок», - деп жооп берди».

3. «Ишти өз ээлеринен талашпоого».

Демек, бул хадистердин бардыгы акимге каршы чыгуудан катъий кайтарат. Себеби, бул нахий болуп, эгер нахий (кайтаруу) каршы чыгуу өтө эле жаман иш экенин билдирүү менен бирге келсе, бул кайтаруу катъий кайтаруу болот. Мисалы, Расулуллох ﷺ: «Ким жамааттан чыгып жана андан ажыралып өлсө, жахилият өлүмү менен өлүптүр», - деди. Имамга каршы чыккан кишинин өлүмүн жахилият өлүмүнө теңештирүү – бул кайтаруу катъий кайтаруу экендигине карийна. Ошондуктан, бул хадистер акимге каршы чыгуу арам экендигине далил болот.

Бирок, мындан бир абал истисна кылынып, аны өткөн эки хадис «намазды өтөбөө» деп, үчүнчү хадис болсо «ачык куфр» деп баяндаган. Анткени, намазды өтөбөө – бул Аллахтын өкүмү менен өкүм кылбоо жана куфр өкүмдөрү менен өкүм кылуу болуп, бул эч кандай шексиз куфрду көрсөтүү дегени. Хадисте келген «ачык куфр» сөзү накра мавсуф болуп, ачык куфрга туура келе турган бардык нерсеге далалат кылат. Эгер ал жөнүндө биз үчүн Аллах Таала тарабынан хужжат болгон ачык куфр жүз берсе, ага каршы чыгуу важиб болот. Мындай абал Аллах Тааланын өкүмүнөн башка өкүм менен өкүм жүргүзүү сыяктуу куфр өкүмдөрү менен өкүм жүргүзүү болобу, же Исламдан кайтып муртад болууга жана муртаддардын өз кафирликтерин ачык-айкын көрсөтүүлөрүнө каршы эч нерсе кылбай коюу сыяктуу куфр өкүмдөрүнөн башка өкүмдөр болобу – булардын баарына каршы чыгуу важиб болот. Булардын бардыгы ачык куфр болуп, бардык ачык куфрларды өз ичине алат. Мына ошентип, демек, ушул истисна кылынган абалда гана т.а. ачык куфр жүз бергенде гана акимдерге каршы чыгуу важиб болот.

Бул хадистердеги мына ушул абалда акимге каршы чыгуу важиб экендигине болгон далалаттын негизи мындай: Расулуллох ﷺ акимдерге каршы чыгуудан, аларга каршы согушуудан, алардан башчылыкты талашуудан кайтарды, ошол эле учурда, бул кайтаруудан ушул абалды истисна кылды. Демек, бул абалдын истисна кылынышы анын нахийден (кайтаруудан) чыгарып жиберилиши болот. Башкача айтканда, каршы чыгууга буйруу болуп эсептелет. Хадистердин мааниси – эгер ушул абал жүзөгө келсе, акимдерге каршы чыгууга, аларга каршы согушууга жана алардан бийлик талашууга болгон буйрукка далалат кылат. Маани далалат кылган нерсе сөз менен айтуу далалат кылган нерсе менен бирдей. Демек, эгер акимдер ачык куфрду жүзөгө чыгарышса, Шариъ аларга каршы туруп согушууга, алардан бийлик талашууга

буйругандыгына бул хадистер далил болот.

Ал эми бул талаптын жазм талапка карийна экендигине келсек, бул мавзу – шарият таъкиддеп келген мавзу. Ислам менен өкүм жүргүзүүнү шарият мандуб эмес, фарз кылган. Ачык куфрду көрсөтүүнү шарият макрух эмес, арам кылган. Демек, бул мавзудагы талап талаптын жазм экенине ишара болот. Демек, жогорудагы истисна кылынган абалда акимге каршы чыгуу мусулмандарга фарз болот.

Дагы билип коюшубуз керек болгон нерсе, бул жерде ачык куфрду көрсөтүү дегенде назарда тутулуп жаткан нерсе, анын куфр экендигине катъий далил келген куфр. Себеби, Расулуллох ﷺ **«ачык куфр»** деп айтуу менен чектелип калбастан, анын артынан **«ал жөнүндө силер үчүн Аллах тарабынан бурхан болгон куфр»** деп кошумча кылды. Бул хадистеги **«бурхан»** (хужжат) сөзү жалаң гана катъий далилге иштетилет. Ошондуктан, куфр экендигине катъий далилдин бар болушу каршы чыгуунун шарттарынан. Эгер бул орунда анын куфр экенине күмөн болсо же анын куфр экенине, мейли сахих болсо да, зонний далил болсо, ага каршы чыгуу арам. Себеби, каршы чыгуу анын куфр экендигине катъий далил болсо гана адал болот.

Ошондуктан, ачык куфрдан максат – анын куфр экендигине күмөн болбогон куфр. Эгер аким куфр экендигинде күмөн болгон бирер ишке буюрса, ага каршы чыгуу арам болот. Мисалы, аким университеттерде диалектикалык теория таалимин же куфр итикаддарын сабак кылып окутууну буйруса, сиз «куфр итикаддарынан таалим берүү куфрга алып барат» деп ойлосоңуз да, ага итаат кылып, куфр итикаддарын сабак кылып окутушуңуз керек. Сиздин «аким ачык куфрду көрсөттү» деген хужжат менен ага каршы чыгышыңыз арам болот. Себеби, акимдин – Куранда Аллах куфр итикаддарын келтирип, кийин аларды жокко чыгаргандыгы үчүн – куфр итикаддарын билүү жайиз экендигине далили бар.

Бардык иштердин далили ушундай. Эгер куфр экендигине күмөндүү далили болсо, ошол эле учурда Исламдан экенине далили же күмөндүү далили болсо, аким ага буйруса же өзү аны кылса, ал куфр өкүмдөрүнөн деп эсептелбейт. О.э. ачык куфрду жүзөгө чыгаруу деп да эсептелбейт. Ал истисна кылынган абалга да түшпөйт. Ошондуктан, бул акимге каршы чыгуу арам болот. Ага итаат кылуу болсо, важиб болот.

## САЯСИЙ ХИЗБДЕРДИ ТҮЗҮҮ ФАРЗИ КИФАЯ

Аллах Таала мусулмандарга буйруган акимдерди мухасаба кылуу иши, жеке адам деген сыпатта жеке адамдар тарабынан, уюм жана хизб деген сыпатта уюм жана хизбдер тарабынан алып барылат.

Аллах Таала мусулмандарды жакшылыкка чакырууга, маъруф ишке буйруп, мункар иштен кайтарууга жана акимдерди мухасаба кылып турууга буйругандай эле, аларды өз араларында Исламга даъват кылуучу; маъруфка буйруп, мункардан кайтаруучу; акимдерди мухасаба кылуучу саясий уюм түзүүгө буйруп айтат:

وَلْتَكُن مِّنكُمْ أُمَّةٌ يَدْعُونَ إِلَى الْخَيْرِ وَيَأْمُرُونَ بِالْمَعْرُوفِ وَيَنْهَوْنَ عَنِ الْمُنكَرِ

***«Силерден жакшылыкка** (т.а. Исламга) **даъват кыла турган, маъруф иштерге буюра турган жана мункар иштерден кайтара турган бир жамаат болсун».*** **[3:104]**

Т.а. «эй мусулмандар, араңарда жамаат сыпатына ээ болгон, эки ишти алып бара турган т.а. Исламга даъват кыла турган о.э. маъруфка буюруп, мункардан кайтара турган жамаат түзгүлө» деген мазмунда.

Жамаатты түзүү талабы жазм талап. Себеби, жогорудагы жамаат аткарышы үчүн баян кылган иш фарз амалы болуп, мусулмандардын аны аткарышы шарт. Бул тууралуу көптөгөн аят жана хадистерде айтылгандыгы жамаатты түзүүнүн талабы жазм талап экендигине далил болот. Ушул себептен улам, аятта келген ишти аткаруу шарт болуп калат. Бул иш фарзи айн эмес, тескерисинче, мусулмандардын бир бөлүгү аткарса, калган мусулмандардан сакыт боло турган фарзи кифая. Себеби, Аллах Таала мусулмандардан Исламга даъват кылып, маъруф иштерге буюра турган, мункар иштерден кайтара турган жамаатты түзүүнү талап кылып жатат. Аятта бул ишти бардыгынын аткарышы талап кылынган жок. Тескерисинче, алардан бул фарзды аткаруу үчүн жамаат түзүүнү талап кылып жатат. Демек, аят жогорудагы эки ишти аткарууну эмес, тескерисинче, эки ишти аткара турган жамаатты түзүүнү буйруп жатат. Бул эки иш, түзүлүшү талап кылынып жаткан жамаат кыла турган иштердин баяны болуп, жамааттын сыпатын түшүндүрөт.

Жамаат жамаат катары иш алып барууга кудуреттүү болушу о.э. иш алып барып жаткан жамаат болуп калышы үчүн анда бир нече иштердин болушу зарыл. Жамаатты жамаат кыла турган нерсе – анын мүчөлөрү бир бүтүн дене т.а. бир бүтүн уюм болушу үчүн аларды бири-бирине байланыштыра турган робитанын бар болушу. Эгер мындай робита болбосо, тикелөө талап кылынып жаткан жамаат жүзөгө келбейт. Ал жамаат катары иш-аракет алып барып жаткан жамаат болуп калышы үчүн анын итаат кылуу важиб болгон амири болуш керек. Себеби, шарият саны үч жана андан ашык адамдан турган жамаатты өзүнө амир дайындоого буйруган. Расулуллох ﷺ: «Чөлдө болгон үч киши арасынан бирөөнү амир кылып алышсын», - деген (Ахмад Абдулла ибн Амрдан

риваят кылган).

Бул эки сыпат т.а. жамааттын робитасы жана итаат кылына турган амири болушу – Аллах Тааланын «Силерден бир жамаат болсун» деген аяты «Силерден бир жамаат болуп, анын мүчөлөрүнүн ортосун байланыштырып туруучу робитасы жана итаат кылуу важиб болгон амири болсун» – деген маанини түшүндүрүшүнө далалат кылат. Мына ушул сыпаттарга ээ болгон жамаатта, ал кандай ат менен аталышына карабастан – уюм, хизб, же коом деп аталабы, айырмасыз – анда жамаат болуу жана иш алып барып жаткан жамаат болуп калуу шарттары табылган болот. Ушундан белгилүү болгондой, аят хизбдерди, уюмдарды, коомдорду жана ушул сыяктуу топторду түзүүгө буйруган.

Аяттагы жамаатты түзүү жөнүндөгү буйрук саясий хизбдерди түзүү жөнүндөгү буйрук болуп эсептелет. Себеби, аят бул жамааттын кыла турган ишин дайындап берген, ал иштер: Исламга даъват кылуу; маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтаруу. Маъруф иштерге буйруу, мункар иштерден кайтаруу умумий мааниде келип, акимдерди маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтаруу ишин да өз ичине алат. Бул болсо, аларды мухасаба кылуу шарт экендигин билдирет. Акимдерди мухасаба кылуу саясий иш болуп эсептелет жана бул ишти саясий хизбдер аткарат. Саясий хизбдердин эң маанилүү иштеринин бири да ушул.

Ушуга караганда, аят – Исламга даъват кыла турган; маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтара турган; акимдерди кылып жаткан иштери жана башкаруулары жүзөсүнөн мухасаба кыла турган – саясий хизбдерди тикелөөгө далил болуп жатат. Аяттын далалатына караганда, бул хизбдер Ислам акыйдасына негизделген болушу керек; Ислам өкүмдөрүн табанний кылган болушу керек; социалисттик, коммунисттик, капиталисттик, улутчулдук же мекенчилдик партиялары болбошу керек; илманийликке, масондукка же демократияга чакырбашы керек; Ислам акыйдасынан башка акыйдага негизделген, Ислам өкүмдөрүнөн башка өкүмдөрдү табанний кылган партиялар (хизбдер) болбошу керек. Себеби, аяттын өзү бул хизбдерди алар аткара турган иштер менен сыпаттап берген. Бул иштер болсо Исламга даъват кылуудан жана маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтаруудан турат. Ким бул иштерди аткара турган болсо, ал Исламды жаюучу болушу керек, Ислам негизине негизделген болушу керек, Ислам өкүмдөрүн табанний кылган болушу керек. Коммунисттик, социалисттик, капиталистик, демократиялык, илманийлик, масондук, улутчулдук, мекенчилдик же аймактык негизинде уюшкан адамдар Исламга негизделген, Исламды жайып жаткан, Ислам өкүмдөрүн табанний кылган болушпайт. Тескерисинче, алар куфрга негизделген, куфр пикирлери негизинде уюшкан болушат.

Ошондуктан, мусулмандардын коммунистик, социалистик, капиталисттик, демократиялык, илманийлик, масондук, улутчулдук же

мекенчилдик негизинде, же Ислам негизинен башка негизде уюшуулары арам болот.

Бул хизбдердин жашыруун эмес ачык болушу зарыл. Себеби, жакшылыкка даъват кылуу, маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтаруу, акимдерди мухасаба кылуу, үммөт аркылуу бийликке жетишүү – ушул иштерден көздөлгөн максат ишке ашышы үчүн, бул иштер жашыруун кылынбайт, тескерисинче,  ачык-ашкере кылынат.

Бул хизбдердин иштери маддий болбошу керек. Алардын иши – сөз. Алар сөз менен Исламга даъват кылышат, сөз менен маъруфка буйруп, мункардан кайтарышат. Ошондуктан, алар тынчтык жолдорун иштетиши, таптакыр курал иштетпеши, зордук-зомбулукту васита кылып албашы керек. Себеби, акимге каршы курал көтөрүүдөн кайтарган хадистердин бар экендиги үчүн да бул иш жайиз эмес. Ушуга караганда, маъруф иштерге буйруп, мункар иштерден кайтаруу, акимдерди мухасаба кылуу аларга каршы курал иштетпестен ишке ашырылышы керек. Ошондуктан, тынч жолдорду колдонуп, маддий васиталарды колдонууга тыюу салуу керек. Бир гана абалдан башка абалда акимге каршы курал иштетүү арам. Ал абал Аллахтан бизде хужжат болгон ачык куфрду көрсөтүү абалы. Убада ибн Сомиттин хадисинде келген: «Ишти өз ээлеринен талашпоого байъат кылдык. Расулуллох ﷺ айтты: «Бирок, силерде Аллах тарабынан ал жөнүндө хужжат болгон ачык куфрду көрсөңөр талашышыңар мүмкүн». (Муслим риваяты).

## ИСЛАМДЫН ТУРМУШТА КОЛДОНУЛУШУНА КЕПИЛДИК

Исламдын турмушта колдонулушу үчүн, анын дайымий колдонулушу үчүн, ал эң сонун колдонулушу үчүн о.э. даъатты жаюу үчүн – булардын бардыгы үчүн табийгый кепилдик бар. Бул кепилдик – акимдин таквасы жана таквадарлыктын анда топтолушу. Анткени, таквалык акимди Исламын коргоого – дүйнө матасы биякта турсун – ал тургай, өз жанынан да артык коргоого шыктандырат. Таквалык ага ар бир ирмемде, ар бир иште Аллахты эстетип турат, ошондуктан, ал ар бир тасарруфун Аллахтан коркуу менен аткарат. Эгер аким таквасын жоготсо, анда ал бардыгы: Исламдын турмушта колдонулушу, анын дайымий колдонулушу, ал эң сонун колдонулушу о.э. даъатты жаюу – булардын бардыгы үчүн болгон табийгый кепилдикти жоготот. Ошондуктан, эгер аким таквалыгын жоготсо, кайрадан аны Исламды колдонууга мажбур кыла турган, ага да болбосо, анын ордуна Исламды колдонуучу, даъватты жаюучу башка акимди алып келип коё турган маддий васита керек. Бул амалий васита – Үммөт. Эгер аким арамга жол берсе, Аллахка берген убадасына кыянат кылса жана Расулуллох ﷺдын Сүннөтүн бузса, адамдарга күнөөкөрлүк жана душмандык менен мамиле кылса – анда Үммөткө аны сөз менен же иш менен, же болбосо экөөсү менен өзгөртүшү важиб. Үммөт бул важибди аткара алышы үчүн анын өзү да таквалык менен сыпаттанышы керек. Анткени, таквалык Үммөттө Исламга болгон сүйүүнү, Исламдын колдонулушуна болгон талпынууну пайда кылат. Бул сезимдер өз кезегинде Үммөттөн акимди мухасаба кылууну талап кылат. Натыйжада, эгер аким ишинде ката кетирсе, же Аллахтын өкүмдөрүнөн бурула баштаса, бул өкүмдөрдүн турмушка ашуусуна кайдыгер болсо, анда Үммөт аким менен талкуулашып, ар дайым аны мухасаба кылып турат. Мына ушуну менен Үммөт Исламдын турмушта колдонулушунда туруктуу жана эң маанилүү орун ээлейт.

Үммөт акимдерди көзөмөлдөө жана мухасаба кылуу менен Исламдын колдонулушу үчүн амалий васита болуп берет дедик. Эми ал амалий васита боло алышы үчүн, анда туура уюшулган, Исламга негизделген, терең аң-сезимдүү, күчтүү таквалуу уюм болушу керек. Бул уюм Ислам акыйдасына гана негизделет, ал адамдарга борборлошкон Ислам сакафатынан билим берет, муну менен элдин аң-сезими өсүп, алар пикирин сезимдери менен айкалыштырган таза адамдарга айланышат. О.э. бул сакафат адамда аклия менен нафсиянын шайкештигин жаратат. Муну менен мусулман адам исламий шахсияга айланат. Эгер уюм ушундай шахсиялар негизине курулса, анда ал Үммөттү тазалоочу каражат болуп калат. Анткени, ал Үммөттүн пикирлерин тазалап-тунукташтырып, бир максатка карай жетелейт. Ал максат: Үммөт ал үчүн жашаган жана ага даъват кылган – Ислам. Ушул максатка багыт алганда гана, Үммөт өзүнүн туура аң-сезимге ээ болгон мабдасына карата мамилесинде сергектигин

жоготпойт. Үмөттү мына ушул – мабда үчүн, анын даъваты үчүн жана анын турмушта колдонулушу үчүн жашаган – уюм гана ойгото алат.

Мындай уюм Үммөт ичиндеги мабдаий хизб болуп саналат. Бул хизб пикирий жетекчилигинде Исламга негизделет. Адамдар Исламды аң-сезимдүү түрдө түшүнүшү үчүн жана аны кабыл алышы үчүн, бул уюм ушул пикирий жетекчилиги менен аларды бардык жерде Исламга чакырат. Ошондуктан, бул хизб даъват менен гана алектенет, даъваттан башка иштер менен шугулданбайт. Мындан башка иштерди жүргүзүү хизбдин эмес, мамлекеттин милдети болуп саналат.

Хизб уюшулуп, Үммөт жетекчилигин колго алган кезде, ал мамлекет үстүнөн көзөмөлдөөчү болуп калат. Анткени, ал – Үммөт т.а. Үммөттүн өкүлү. Үммөт өз мойнундагы важиб-милдетин өтөшү үчүн, Хизб аны жетектейт, ушул үчүн иштейт. Ал акимдер менен талкуулашат, аларды мухасаба кылат, сөз же иш менен өзгөртөт. Эгер бийлик тарабынан Исламга карата кооп-коркунуч туулса, аны алмаштырат.

Үммөттүн мамлекет менен болгон мамилесин хизб жетектейт. Хизбсиз мамлекет менен талкуулашуу жана аны мухасаба кылуу Үммөт үчүн өтө оор болот. Бул кыйынчылыктарды бир жетекчилик алдында уюшулган уюм гана жеңип өтө алат, ал бир же бир нече жеке адамдардын колунан келбейт. Ошондуктан, үммөт ичинде – иши даъватты жаюу болгон жана ага саясий жолду тарыйкат кылып алган – саясий мабдаий хизб болушу керек. Мындай хизбдин болуу зарылдыгы төмөнкүдөй түшүндүрүлөт. Ал үммөттү жетектөө менен – даъватты жаюу, Исламды турмушта дайымий колдонуу, колдонуудагы кайдыгерликти жоюу иштеринде – мамлекеттин өз милдеттерин эң сонун аткарышына кепил болуп берет.

Расулуллох ﷺ Аркамдын үйүндө мусулмандарды Ислам айланасында уюштурду. Кийинчерээк ал уюм бардык сахабаларды камтыды. Исламдын толук колдонулушу жаатында бардык мусулмандар жоопкер болушса да, негизи, жогорудагы сахабалар жамааты бул жоопкерчиликти иш жүзүндө өз моюндарына алышкан. Расулуллох ﷺ дүйнөдөн кайтканда анын артында алтымыш миң сахабасы калгандыгы риваят кылынат. Алар Исламдын колдонулуш жоопкерчилигин амалий түрдө өз моюндарына алышкан исламий жамаат б.а. исламий хизб болушкан. Расулуллох ﷺ дүйнөдөн кайткандан кийин, мусулмандардын саны дагы көп эсеге көбөйдү. Сахабалар доорунан кийин, табийиндер жана табаа табийиндер доорунда хизб таркап кетти. Акимдерге көзөмөл жүргүзө турган, алар менен талашып-тартыша турган жана аларды мухасаба кыла турган жана бул иштерде Үммөттү жетектей турган хизб жок болуп калгандыктан, акимдердин жүрөгүн алсыздык ээлеп алды. Ошентип олтуруп, акыры барып Ислам туура эмес колдонула турган болуп калды. Демек, Исламды турмушта колдонуунун жана даъватты жаюунун чыныгы кепилдиги – бул исламий саясий хизб.